# Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу-

## XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролунар



II бөлүк • 11-класс

# Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу

### XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептери үчүн окуу куралы

**Экинчи бөлүк**

**11-класс**

Бишкек – 2005

УДК 373.167.1
ББК 74.263.8
Ж 34

***ЕККУнун, Германия өкмөтүнүн, Япониянын Кыргызстандагы элчилигинин жана ЮСАИДдин каржылык колдоосу менен IFES басмага даярдаган.***

Ж 34 *Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу – XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар: 2-бөлүк: Окуучулар үчүн окуу куралы: 11-кл. – Б.: 2005. – 176 б.*
ISBN 9967-22-904-7

*Эки бөлүктөн турган бул окуу куралында тийиштүү маалыматтар жана практикалык көнүгүүлөр камтылган. Ага карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо да иштелип чыккан. Окуу куралы кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде жарык көрдү.*

*IFES сынактан өткөрүүнүн натыйжаларын жана мугалимдер менен окуучулардын сунуш-пикирлерин эске алып, окуу куралынын пилоттук вариантын кыйла өзгөрттү. Мында аялдар жана демократия маселесине арналган мурунку эки бап бириктирилип, азыркы доордун глобалдуу маселелери жөнүндөгү жаңы бап кошулду. Шайлоо системалары жөнүндөгү баптын жаңы вариантында шайлоо процессиндеги негизги учурлар жөнөкөйлөтүлүп түшүндүрүлдү. Конституциялык кеңешменин иши аяктап, Шайлоо кодекси жаңыртылгандан кийин IFES бул бап боюнча атайын китепчени чыгармакчы.*

*Окуу куралын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлиги жактырган (2003-жыл, 23-майдагы №426/1 буйрук), ал эми Кыргыз билим берүү академиясы колдонууга сунуш кылган (2005-жыл, 29-сентябрь, КБАнын окумуштуулар кеңешинин № 5 чечими).*

*Бул китеп сатылбайт, бекер таратылат.*

*Китептин англисчесин* **Саймон Женкинс**, *кыргызчасын* **Таалай Абдиев** *жана* **Жолдош Турдубаев** *редакциялашты.*
*Корректорлор:* **Аида Эгембердиева** *жана* **Бактыгүл Чыныбаева**
*Котормочулар:*
*Жолдош Турдубаев*
*Бүрүл Шамбаева*
*Дилбар Асамидинова*

**Авторлору:**
*Жулиана Пилон*
*Лестер Саламон*
*Тони Боуэр*
Чедомир Флего
Ламар Крейвенс
Крис Щупп
Владислав Потоцкий
Юрий Подкуйко
Болот Малабаев
Алтынай Карасаева
Ирина Ячник
Анатолий Макаров
Акжол Бердиев
Канат Сыдыков
Светлана Осауленко
Элеонора Прояева
Наталья Кузнецова

*Дайыма колдоо көрсөтүп келгендиги үчүн IFES* Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлигине, Кыргыз билим берүү академиясына терең ыраазычылыгын билдирет.

*IFES ошондой эле* Америкалык Юристтер Ассоциациясына – Борбордук Европа жана Евразия өлкөлөрү үчүн укуктук демилге программасына, АРД/Чекки – Коммерциялык укукту өнүктүрүү долбооруна, Улуттук демократиялык институтка, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрли-гине, Үрбан институтуна, Кыргыз Республикасынын Айылдардагы жана кыштактардагы жергилик-түү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациясына өзгөчө ыраазычылыгын билдирет. IFES бул окуу куралын сынактан өткөрүүгө катышкан бардык мугалимдерге, окуучуларга жана практиканттарга да алкыш айтат.

Ж 4306020700-05
ISBN 9967-22-904-7

УДК 373.167.1
ББК 74.263.8
© «IFES – Кыргызстан», 2005

# Мазмуну

XIII бап Кыргызстандагы жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгү жергиликтүү бийлик органдары ..... 7
XIV бап Шайлоо системалары жана демократия ..... 25
XV бап Аялдар жана демократия ..... 46
XVI бап Жарандык коом ..... 59
XVII бап Кыргыз Республикасындагы бейөкмөт уюмдар (БӨУ) ..... 73
XVIII бап Коомдук пикир жана массалык маалымат каражаттары мамлекеттеги «төртүнчү бийлик» катары ..... 85
XIX бап Коррупция ..... 96
XX бап Глобалдуу маселелер жана бүткүл дүйнө жараны ..... 110
XXI бап Активдүү жаран болуу ..... 120

**Тиркеме**

Кыргыз Республикасынын жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндөгү мыйзамы ..... 134
Кыргыз Республикасындагы муниципалитеттин болжолдуу уставы ..... 139
2005-жылда Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо боюнча участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана байкоочулар үчүн кыскача колдонмо ..... 148
Библиография ..... 174
Терминдердин жана айрым сөздөрдүн көрсөткүчү ..... 175

**Китептин биринчи бөлүгү төмөнкү темаларды камтыйт:**

I бап Жарандык билим, жарандар жана социалдык процесстер
II бап Үйбүлө жана коом
III бап Адам укуктары
IV бап Экономикалык концепциялар: менчик жана экономикалык өсүш
V бап Саясий жана экономикалык укуктардын өз ара байланышы
VI бап Мамлекеттин пайда болушу жана улутчулдук
VII бап Мамлекет жана саясий бийлик
VIII бап Мыйзам үстөмдүгү
IX бап Кыргыз Республикасында мамлекеттүүлүктүн түзүлүшү жана мыйзам үстөмдүгүнүн орнотулушу
X бап Мамлекеттик бийликтин структурасы
XI бап Кыргыз Республикасындагы бийликтин түзүлүшү
XII бап Ар түрдүү өлкөлөрдүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу органдары

**Тиркеме**

Жергиликтүү жамааттын уставы
Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы
Участкалык шайлоо комиссиялары үчүн практикалык жардам

***Кымбаттуу мугалимдер жана окуучулар!***



*Сиздер IFES эларалык фонду даярдаган жара*
*билим берүү боюнча окуу куралын алдыңыздар*
*курстун материалдары менен сиздер 10-кла*
*таанышa баштагансыздар. Азыркы жаштар*
*бул курс канчалык маанилүү экенин айтып отур*
*зарылчылыгы жок болсо керек. Өлкөбүздүн эконом*
*лык, саясий жана социалдык турмушунда абдан*
*өзгөрүүлөр болууда. Бирок бул жаңылануунун ойдог*
*жүрүшү үчүн, өлкөбүздүн гүлдөп өнүгүшү үчүн ба*
*быз узак убакыт бою, талыкпастан иштөөгө тийиш*
*Болуп жаткан өзгөрүүлөрдү терең түшүнбөй т*
*ишти туура жүргүзүү мүмкүн эмес. Сиздер, бүгү*
*окуучулар, келечекте толук укуктуу жарандар кат*
*өлкөбүздү башкарасыздар. Өлкө үчүн, анын келечеги үчүн сиздердин жоопкерчилигиңиздер*
*болот, андыктан азыртан эле коомдогу өз ролун мыкты билген жаран болууга даярданышыңыз*
*керек. Бул жагынан ушул курстун, окуу куралынын сиздер үчүн пайдасы чоң болору анык. Курс*
*11-класстагы бөлүгүндө сиздер жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы менен таанык*
*бүтүндөй өлкөнүн өркүндөп өнүгүшү ар бир жергиликтүү коомдоштуктагы жашоо тартиби*
*жөнгө салынышына жараша болорун көрөсүздөр. Мында сиздер шайлоо системалары, эр*
*жана акыйкат шайлоонун негизги принциптери менен таанышасыздар. Ошондой эле бы*
*сиздер күчтүү жарандык коомдун калыптанышынын башкы эрежелерин, азыркы мезгил*
*глобалдуу маселелерди жана көптөгөн башка маанилүү темаларды окуп үйрөнөсүздөр.*

*Бул курсту окуп үйрөнүүдө жаңы билимдерди өздөштүрүү эле эмес, зарыл көндүмдөрдү өнүктү*
*да керек болот. "Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу – XXI кылымдын жаран*
*коомундагы силердин ролуңар" курсу өз коомдоштугундагы да, бүтүндөй өлкөдөгү да маселеле*
*чече билген жарандарды тарбиялоо максатында түзүлгөн. Демократиялык, эркин жана гүл*
*өнүккөн коомду курууга зор салым кошо алышыңыздар үчүн бул курсту окуп үйрөнүүдө сизде*
*чоң ийгиликтерди каалайм.*

*Сиздерге ак жол тилеп,*



*Досбол Нур уулу*
*Кыргыз Республикасынын билим берүү,*
*илим жана жаштар саясаты министри*

***Кымбаттуу достор!***



*Биздин биргелешип баштаган долбоорубуз жүзөгө ашып, ал аркылуу Кыргыз Республикасында демократиянын өнүгүү процессине салым кошо алганыбыз үчүн кубанычтабыз.*

*Демократия - бул ар бир жарандын өз өлкөсүнүн башкарылышына жооптуу болушу жана мамлекеттин туруктуулугунун негизи.*

*Кыргызстан эгемендикке жетишкен күндөн бери Япония бул республиканын демократия жолуна түшүп, базар реформаларын жүргүзүү үчүн жасаган аракеттерин дайыма колдоп келет жана мындан ары да колдой берет.*

*Бул долбоордун дагы бир өзгөчөлүгү - ал бир нече донорлордун күч аракетин бириктирди. Биз IFES жана башка донор өлкөлөр, ошондой эле эларалык уюмдар менен кызматташ болгондугубузга ыраазыбыз. "Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу – XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар" деп аталышы эле айтып тургандай, бул китеп коом жана демократия жөнүндөгү негизги билимдерди калыптандырат, окуучуларды өз алдынча ойлонууга үйрөтөт жана өлкөдө болуп жаткан окуяларга карата жекече пикир айтууга көнүктүрөт. Ошентип, бул китеп коомдун толук кандуу жаранын тарбиялайт. Ал окуучулардын эле эмес, алардан улуу курактагы адамдардын да дайыма колдонушуна ылайыктуу түзүлгөн. Менимче, бул окуу куралы кыргызстандыктардын чыныгы демократияны курууда колдоно турган абдан пайдалуу каражаты болот. Бул китеп жарык көргөндөн кийин кыргызстандык жаштар жарандык коомдогу жашоо жөнүндө билим алууга эң сонун мүмкүнчүлүк алышты деп ойлойм.*

*Сиздерди урматтап,*

*Япониянын Кыргыз Республикасындагы*
*убактылуу ишенимдүү өкүлү*
*КАСАЙ Тацухико*

*Кымбаттуу достор!*



*Жарандар өздөрүнүн укуктарын коргоочу жана күндөлүк турмуштагы маселелерин чече турган институттарды түзүүгө катышууга тийиш экендигин канчалык туура түшүнсө, демократия ошончолук жакшы өнүгөт.*

*Ушул жагынан алганда, бул окуу китебинин жарык көрүшүн биз Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүндө жаштар активдүү роль ойношу үчүн аларга таалим берүүгө кошулган зор салым деп баалайбыз.*

*Европанын коопсуздук жана кызматташуу уюму (ЕККУ, орусча – ОБСЕ) жарантаануу сабагынын Кыргызстандагы орто мектептердин программасына киргизилишин колдоп, эки жылдан бери ушул окуу китебин бастырып чыгарууга көмөктөшүп келет. Биз бул сабак-тын кандай окутулуп жатканына да көз салып жүрөбүз. Андыктан бул сабак киргизилгенден бери ага мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер өтө кызыгып калганын, окуучулар аны абдан жакшы көрө турганын билебиз.*

*Канчалык өркүндөтүлгөн болсо да, эгер өлкөнү демократиялык башкарууга коомдун келечеги үчүн өздөрү жоопту экендигин сезген, өз укуктарын билген жана коргой алган, коомдун башка мүчөлөрүнүн укуктарын сыйлаган адамдар катышпаса, мындай система ийгиликтүү иштей албайт. Бул окуу китеби демократиялык башкаруунун дал ушул принциптерин өздөштүрүүгө жардам берет. Окуучулар менен мугалимдердин пикирлерин билгенден кийин бул окуу китеби максатка толук шайкеш келээрине көзүм жетти.*

*Бул сабакты мыкты окутууга умтулуп, анын өзгөчөлүктөрүн жакшы билип алууга аракеттенген мугалимдерге чын ыкластан ыраазылык билдиргим келет. Жаңы курстун ийгиликтүү окутулушу эң оболу өз окуучуларынын келечеги үчүн жоопту экендигин билген, элге пайдалуу ишти жан дили менен аткарган мугалимдерге байланыштуу. Өз мамлекетиңиздердин келечегине кошуп жаткан салымыңыздар жемиштүү болсун. Арыбаңыздар!*

*Бул китепти түзүүгө катышкандардын баарына жана мугалимдерге методикалык жактан жардам берип жаткандарга да чыгармачыл ийгиликтерди каалайм.*

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги жана Шайлоо системаларынын эларалык фонду менен биздин жүргүзгөн кызматташуубуз мындан ары да жемиштүү болот, бүтүндөй кыргыз коомуна пайда келтирет жана демократиялык жолдо гүлдөп өнүккөн Кыргызстанды курууга биргелешип салым кошо алабыз деп үмүттөнөм.*

*Баарыңыздарга ийгилик каалайм!*

*Элчи Маркус МЮЛЛЕР,*
*ЕККУнун Бишкектеги Борборунун башчысы*

# XIII бап

# Кыргызстандагы жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгү жергиликтүү бийлик органдары

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

### 01-тапшырма. Терминдер жана аныктамалар 15 мүн.

Шеригиңер менен терминдерге туура келген аныктамаларды бергиле.

**А таблицасы**

| Термин | Аныктама |
|---|---|
| 1. Шаардык башкармалык | а) Жергиликтүү *коомдоштук** өкүлдөрүнүн жалпы жашоочуларды кызыктырган маселелерди талкуулоо үчүн өткөрүлүүчү жыйыны. |
| 2. Мэр | б) Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы. |
| 3. Аким | в) Кичи райондордун кеңештери жана комитеттери, үй, көчө, квартал, кыштак, айыл комитеттери. |
| 4. Жергиликтүү кеңеш | г) Шаардык аткаруучу-тескөөчү органдын шайланма башчысы. |
| 5. Тике шайлоо | д) Жергиликтүү кеңештин чечими. |
| 6. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары | е) Өкүлдүн бийлик органдарына түздөн-түз эл тарабынан шайланышы. |
| 7. Курултай | ж) Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдүк органы. |
| 8. Токтом | з) Райондук мамлекеттик администрациянын дайындалуучу башчысы. |

**Коомдоштук – жашаган аймагынын же кызыкчылыктарынын жалпылыгы боюнча байланышкан адамдардын бирикмеси.*

**Б таблицасы**

| Термин | Аныктама |
|---|---|
| 1. Квалификациялык талаптар | а) Жергиликтүү коомдоштукка таандык жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын карамагында турган нерселер (мисалы, шаардын, айылдын жерлери, туракжай-коммуналдык чарбанын мүлкү). |
| 2. Жергиликтүү бюджет | б) Шайлануучунун билимине, тажрыйбасына коюлган талаптар. |
| 3. Дотациялар | в) Чечимдерди кабыл алуу боюнча алардын таасири тие турган адамдар менен чогуу өткөрүлүүчү кеңешме. |
| 4. *Муниципалдык*[1] менчик | г) Мамлекеттик бюджеттен ишканаларга, уюмдарга берилүүчү, кайтарылып алынбай турган акча каражаттары. |
| 5. Жыйналыш, чогулуш | д) Айылдагы, кыштактагы жана шаардагы жергиликтүү коомдоштуктун бюджети. |

### 02-тапшырма. Айланаңды кара 15 мүн.

Эки-экиден болуп төмөнкүгө окшош тизме түзгүлө, анда силер мектепке келе жатканда жолдон көргөнүңөрдүн бардыгы жазылышы керек. Силер атүгүл айылдын схемасын чийип, ар кандай жергиликтүү бийлик органдары тарабынан көрсөтүлүүчү тейлөөнүн бардык түрлөрүн жазсаңар да болот. (Айылдын же райондун аймагын топтор бөлүштүрүп алса да болот).

| | | |
|---|---|---|
| *Жол* | *Почта* | *Автобус аялдамасы* |
| *Дүкөндөр* | *Менин үйүм* | *Машиналар* |

Силер көргөн тейлөө кызматтарынын кайсыларын мамлекеттик бийлик органдары аткарат жана алардын менчиги болуп саналат? Кайсылары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же айрым

[1]*Муниципалдык – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына тиешелүү.*

уюмдардын, жеке адамдардын карамагына кирет жана менчиги болуп эсептелет? Аларды төмөнкүдөй белгилегиле:

***Ж*** – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары; ***М*** – мамлекеттик бийлик органдары; ***Б*** (башка) – адамдар жана уюмдар (бул кызматты ким көрсөтөрүн анык белгилөөгө аракет кылгыла).

Силер турган жердеги мамлекеттик бийлик же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башка объектилерин тизмелерге кошкула.

## Окуу үчүн текст

### 1.0 Киришүү

Бул бапта Кыргыз Республикасындагы жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндөгү жергиликтүү башкаруунун формалары, анын милдеттери менен иштөө өзгөчөлүктөрү каралат.

"Жергиликтүү" дегенде облустарга, чоң же чакан шаарлар менен айылдарга тиешелүүлөрдү түшүнөбүз. Бирок штаттар же, мисалы, Россиядагыдай федерация субъектилери бир топ чоң болгондуктан, адатта "жергиликтүү" өз алдынча башкаруу органдарына кирбейт.

Кээ бир өлкөлөрдө жергиликтүү башкаруу органдары жалпы мамлекеттик башкаруу системасындагы муун же бөлүк гана болгондуктан, алардын ортосундагы айырманы байкоо кыйын. Бирок башка өлкөлөрдө жергиликтүү башкаруу органдары көп жагынан кыйла өз алдынчалыкка ээ. Дегинкиси алардын өз алдынчалыгы канчалык экенин төмөндөгүдөй критерийлер менен аныктоого болот:

1) аткаруу органынын жетекчилери шайланабы же жокпу, шайланса – ким тарабынан?
2) жалпы мамлекеттик саясаттын турмушка ашырылышы үчүн алар канчалык жооптуу?
3) жергиликтүү башкаруу органдары өлкөнүн борбордук бийлигине канчалык көз каранды?
4) өздөрүнүн жөнгө салуучу нормаларын чыгарууга, өз алдынча каржылык (финансылык) киреше алууга жана өздөрү туура көргөндөй сарптоого алар канчалык укуктуу?

Шаар башкармалыктары жана жергиликтүү кеңештер сыяктуу башкаруу органдары мамлекеттик мыйзамдардын негизинде түзүлөт. Алар айыл тургундарынын жыйыны сыяктуу башкаруунун *расмий* (официалдуу) эмес формаларынан кыйла даана айырмаланат ("расмий эмес" мыйзамсыз дегенди билдирбейт). Бирок булардын баары эле абдан маанилүү функцияларды аткарат. Бийликтин борбордук органы мындай органдарга өз аныктамасын бергенде бул айырмачылык андан бетер татаалдашат. Анткени борбордук бийлик бул органдарга таандык расмий ыйгарымдар менен милдеттердин көлөмүн так аныктоого тийиш.

Айрым өлкөлөрдө райондор менен шаарларды шайланма кеңештер башкарат. Мындай кеңештин башында демейде тургундар тарабынан тике шайлануучу же кеңеш мүчөлөрү шайлаган төрага (же мэр) турат. Ошол аймактын жашы тийиштүү куракка жеткен ар бир тургуну шайлоодо добуш бергенге, кеңеш мүчөлүгүнө же мэрликке (кеңеш төрагалыгына) талапкер болуп көрсөтүлгөнгө укуктуу. Кээ бир өлкөлөрдө мэрди мамлекет башчысы кеңеш сунуштаган талапкерлердин ичинен тандап дайындашы мүмкүн. Төмөн турган органдарга демейде туруктуу иштеген кызматкерлер кирет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү Европа *хартиясында*[1] жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик иштердин кыйла көп бөлүгүн жөнгө салуу жана башкаруу мүмкүндүгүнө ээ болушу керек деп баса белгиленген. Мындай укукту эркин, жашыруун, бирдей, түз жана бүт жалпы добуш берүү жолу менен шайланган кеңештер жана жыйындар жүзөгө ашырат.

> Бүгүнкү күндө өлкөбүздө 6 минге жакын жамаат, 3,5 миң өз ара жардамдашуу топтору жана 4,4 миң коомдук бирикме түзүлүп, иштеп жатат. Катары улам кеңейип бара жаткан бул топтор социалдык жактан өнүгүүгө абдан зор таасир тийгизүүдө. Айыл өкмөттөрүнүн түзүмүнө кирген жамаат формалары жергиликтүү маселелерди чечүүдө, мектептерди, мончолорду, суу түтүктөрүн, жолдорду, көпүрөлөрдү куруу жана оңдоо сыяктуу чакан долбоорлор боюнча натыйжалуу иштей алаарын далилдеп жатат. Дал ушул жамааттар ар түрдүү жергиликтүү өнүгүү фонддорун, кредиттик союздарды, өз ара көмөктөшүү фонддорун түзүүгө көмөктөштү. Эми биздин алдыбызда ушундай жамааттардын санын арттырып, алар үчүн ар кандай убарачылыктарсыз жана бюрократиялык тоскоолдуктарсыз эле кредит, грант жана башка ресурстарды алуу мүмкүндүгүн жаратып берүү маселеси турат.
>
> *(А. Акаевдин "Миң жылдык өнүгүү максаттары: жакырчылыкты кыскартуу жана социалдык мобилизациялоо" деген темада 2004-жылы 13-майда өткөн Улуттук форумда чыгып сүйлөгөн сөзүнөн).*

[1]***Хартия*** *– кайсы бир маанилүү жоболор же керектүү маалыматтар камтылган расмий документтин аталышы.*

Жергиликтүү бийликти уюштуруунун кыйла демократиялуу үлгүсүн тандаганда адатта төмөндөгүдөй жүйөлөрдү келтиришет:

1. Бул ошол аймакта жашап, жергиликтүү шарттарды бардыгынан жакшы билген жана башкаруу чечимдеринин таасири бардыгынан көбүрөөк тие турган адамдарга эң туура чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн берет.
2. Бул тургундарга өздөрү жакшы билген талапкерлердин ичинен татыктуусун тандоо мүмкүндүгүн берет.
3. Бул тургундарга өздөрү жашаган коомдоштукту башкаруу ыкмаларына түздөн-түз таасир этүү мүмкүнчүлүгүн берет. Адамдардын добуштары өз коомдоштугун башкаруу маселелеринде эске алынса, алар буга чындап кызыгып, башкарууну өркүндөтүүгө катышат.

Бирок кээ бир демократиялуу өлкөлөрдө жергиликтүү жетекчилер шайланбай, дайындалат да, ошол жерлердеги дээрлик дайыма болуучу шайланма өкүлчүлүктүү органдарга отчёт берип турат. Бул жетекчилерди көбүнчө жергиликтүү кеңештердин көрсөтүүсү же макулдугу менен же өлкөнүн президенти, же парламент, же бийликтин ушул эки бутагы макулдашып дайындайт.

Жергиликтүү жетекчинин дайындалганы көбүнчө кыйла алгылыктуу деп эсептелет, анткени:

а) аткаруу органынын башчысы жергиликтүү башкаруу ишинде тажрыйбалуу болушу керек, ал эми катардагы жарандар адатта талапкерлердин кесиптик даярдыгына туура баа бергенге мүмкүнчүлүгү болбойт;

б) бул өлкөнү өнүктүрүү саясатын ырааттуу жүргүзгөнгө мүмкүндүк берет да, ар кайсы региондордун атаандашуусуна жол койбойт;

в) кантсе да, бул деле демократиялуу жол деп эсептелет, анткени, эгер адамдар тике шайлоодо өлкө президенти менен парламент мүчөлөрүн жаңыдан шайласа, бийликтин жергиликтүү аткаруу органдарынын башчылары алмашуусу ыктымал;

г) бул арзан болот, анткени шайлоо уюштурууга каражат талап кылынбайт.

## 2.0 Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар

Кыргызстанда жергиликтүү (облустардын, райондордун деңгээлиндеги) мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын (айылдардын, кыштактардын, шаарлардын деңгээлиндегилерди) айырмалай билүү керек. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына жергиликтүү кеңештер, алардын аткаруучу-тескөөчү органдары (мэриялар, шаар башкармалыктары жана айыл өкмөттөрү), аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары (АКӨ – ТОС), калк тарабынан түзүлүүчү башка органдар, ошондой эле жарандардын жыйналыштары (же чогулуштары) кирет. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар облустун жана райондун аймагындагы мамлекеттик аткаруу бийлигинин органдары болуп саналат. Алар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кирбейт.

Кыргыз Республикасында төмөндөгүдөй жергиликтүү кеңештер иш жүргүзөт:

- айыл кеңештери
- кыштак кеңештери
- шаардык кеңештер

Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынып 2005-жылы февралда Президент кол койгон мыйзамга ылайык буга чейинки облустук жана райондук кеңештер жоюлган.

Кеңештин чечимдери токтомдор түрүндө чыгарылат. Жергиликтүү кеңештердин курамында түзүлүүчү депутаттык комиссиялар сессияларда каралуучу маселелерди тактап, кеңештин чечимдеринин аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Туруктуу депутаттык комиссиялар негизинен тийиштүү аймактагы экономикалык, социалдык, улуттук-маданий өнүгүүгө байланышкан маселелерди тактоого катышат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү жаңы мыйзамга

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ассоциациясынын жергиликтүү кеңештерге шайлоо боюнча анализинин жыйынтыктары**

Бул анализге ылайык шайлоодо депутаттыкка 6 миң талапкер көрсөтүлгөн, алардын 60%ы 30-40 жаштардагы куракта экендиги аныкталган.

Ассоциациянын төрагасы К. Дыйканбаев айткандай, шайлоочулар добуш берүүгө Бишкектегиге караганда аймактарда көбүрөөк катышкан. Ал муну айыл жериндеги жашоо деңгээлинин төмөндүгү жана айылдыктардын мындай абалды өзгөртүүнү каалагандыгы менен түшүндүрөт. "Бишкек шаардык кеңешинин депутаттыгына талапкерлердин пайыздык катышын караганда, алардын 75%ы өз бизнесин коргогусу келген ишкерлер экендиги аныкталды. Ал эми айыл жериндеги талапкерлердин максаты - элеттеги түзүлгөн жагдайды жакшыртуу", - деди К. Дыйканбаев.

*(АКИpress, 2004-жыл, 25-октябрь)*

ылайык облустардын губернаторлору жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдүк органдарынын чечимдеринин аткарылышын токтотуп коюуга акысы жок. Бирок эгер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келсе, токтотууга тийиш.

Жергиликтүү мамлекеттик администрация органдары менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосунда мындай олуттуу айырмачылык бар: иш жүзүндө жергиликтүү мамлекеттик администрация "жогору жактан" дайындалат да, борбордук бийликтин саясатын жүзөгө ашырат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайланат жана тийиштүү аймактын калкынын таламдарын коргойт. 2001-жылдагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү мыйзам боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги милдети калктын үстүнөн бийлик жүргүзүү эмес, ага кызмат көрсөтүү болуп саналат. Алар элдин жашоосундагы олуттуу маселелерди айкындап, элдин зарыл тейлөөлөргө болгон талаптарын өз милдеттеринин чегинде аткарууга тийиш.

Мурдагы, советтик системада бийликтин жергиликтүү органдарындагы жетекчи кызматкерлер демократиялык жол менен дайындалчу эмес. Анткени көбүнчө ар бир кызматка бирден гана талапкер көрсөтүлүп, анын талапкерлигин да адегенде коммунисттик партия карап бекитчү. Азыр акырындык менен бул системадан жаңы системага өтүү жүрүп жатат. Ага ылайык мыйзам боюнча эл мамлекеттик бийликтин борбордук органдары дайындаган чиновниктердин бийлигин теңдештирүүчү жергиликтүү өкүлдүк органдарын шайлайт. 1991-жылдан кийин айрым өзгөрүүлөр болуп өтсө да, мындагы негизги бурулуш 2001-жылы Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" жаңы мыйзамынын кабыл алынышы менен гана ишке ашты. Жаңы мыйзамга таянып, эл айрым шаарлардагы жана бардык айылдардагы дайындалуучу жетекчилерди шайлануучулар менен алмаштырган эле.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасы алгач ирет реформаланып жаткандыктан, укуктар менен милдеттерди бөлүштүрүүдө карама-каршылыктар жана биринин ишин бири кайталоочулук жоюла элек.

**Кыргызстандагы мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын административдик түзүмү**




*Бул схема 2001-жылдын декабрында кабыл алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамга ылайык башкаруунун жергиликтүү органдарынын түзүлүшүн чагылдырат.*

*Аймактык коомдук өз алдынча башкарууга төмөнкүлөр кирет:*
- *кичи райондордун комитеттери жана кеңештери*
- *көчө комитеттери*
- *кварталдык комитеттер*
- *башка органдар*

*(Түштүктөгү айрым шаарларда жана айылдарда, өзбек жамааттарында* ***маале*** *сыяктуу өз алдынча уюштуруунун салттуу формалары бар, алар да аймактык коомдук өз алдынча башкаруу системасынын бөлүгү болуп эсептелет).*

*Эскертүү: ЖӨО, Кыргыз республикасынын мыйзамдарында каралгандай, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын билдирет, ал эми тырмакчага алынган "ЖӨО" ушундай статус алынса да, административдик жактан Президентке көз карандылыгы сакталгандыгын туюнтат.*

**Ош республикалык маанидеги шаар статусуна, ал эми Токмок жана Каракол облустук борбор статусуна 2003-жылы ээ болду, бирок бул алардын финансылык статусуна кандай таасир этээри али аныктала элек.*

## 3.0 Облустук мамлекеттик администрациялар

Жети облустун ар биринин башында республиканын Президенти тарабынан төрт жылдык мөөнөткө дайындалган губернатор турат. Губернатор өзүнүн мамлекеттик администрациясын түзөт. Ал түздөн-түз Президентке жана премьер-министрге баш иет да, аларга отчёт берет.

Облустук мамлекеттик администрациядагы бардык кызматкерлерге толук өлчөмдөгү айлык акы республикалык бюджеттен төлөнөт. Облустук мамлекеттик администрациялар өз аймагында мамлекеттик саясатты турмушка ашырууга жооп берет. Буга саламаттык сактоо, билим берүү, байланыш жана социалдык чөйрөнүн башка кызматтары, мамлекеттик менчикти башкаруу жана облустун аймагында тартипти камсыз кылуу кирет. Облуста тартипти сактоодогу алардын жоопкерчилиги чектелүү, анткени бул үчүн жалпысынан укук коргоо органдарынын иштерин көзөмөлдөөчү Ички иштер министрлиги жооп берет.

Көп өлкөлөрдөгү жергиликтүү кеңештердин администрация башчысы жана кызматкерлери түздөн-түз шайланат. Кеңеш мүчөлөрүнүн көпчүлүгү администрация башчысынын сунушун жактап добуш бергенде гана ал чечим кабыл ала алат. Бул өлкөлөрдөгү жергиликтүү кеңештердин ролу абдан маанилүү. Алардын карамагына жол куруу, табигый ресурстарды пайдалануу жана башка көптөгөн маселелер кирет.

> **Силер билесиңерби?**
>
> Башка көп өлкөлөрдө мэрлер толук өлчөмдө айлык акы алышат. Бирок кеңештин башка шайланма мүчөлөрүнө адатта кеңеш жыйындары жүргөн мезгилдерде гана жөлөкпул (пособие) берилет. Ошентсе да ар кайсы кеңештерде бул маселе ар түрдүүчө чечилет, мында алар башкарган аймактагы калктын саны, жалпы аянт, байлык эске алынат.

## 3.1 Райондук администрациялар (Бишкектин шаардык райондорунан тышкары)

Кырк райондун ар биринин (шаардык райондор буга кошулбайт) мамлекеттик администрациясын Президент тарабынан дайындалган аким башкарат.

Райондук мамлекеттик администрация, (облустук администрациядай эле) мамлекеттик саясатты турмушка ашырууга жооп берет. Андыктан облустуку сыяктуу эле структуралык бөлүмчөлөрү болот. Райондун акими түздөн-түз Президентке, премьер-министрге, ошондой эле облустун губернаторуна баш иет. Жергиликтүү администрациянын башчысы буйруктарды жана ченемдик-укуктук (нормативдик-укуктук) актыларды чыгара алат. Райондук администрациянын кызматкерлеринин ишмердиги республикалык бюджеттен каржыланат.

Көптөгөн өлкөлөрдө райондук жана шаардык жергиликтүү бийлик органдары бар, аларда шайланма кеңештер региондорду башкаруу органдарындагыдай эле бийликке ээ болушат. Бул кеңештер жогору турган органдар кабыл алган ченемдик жоболор боюнча иштөөгө тийиш, бирок алар региондук кеңештердин түздөн-түз башкаруусунда болбойт. Иш жүзүндө райондук жана шаардык кеңештер региондук кеңештерге караганда бир топ кеңири укуктарга жана көп сандагы кызматкерлердин штатына ээ болот. Адатта аларда проблемалуу маселелерди аныктоо үчүн же долбоорлордун жүзөгө ашырылышын көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн комитеттер иштейт.

## 3.2 Кыргызстандагы жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын негизги милдеттери

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын негизги милдеттерине төмөнкүлөр кирет:

а) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын долбоорун түзүү, жергиликтүү кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышын камсыздоо;

б) жергиликтүү бюджетти аткаруу;

в) өзгөчө кырдаалдардын, табигый кырсыктардын алдын алуу жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча иш-чараларды *координациялап* (жалпы багыттап), жүзөгө ашыруу;

г) жарандардын, алардын ичинен жашы жете электердин укуктарын сактоого көзөмөл жүргүзүү.

Райондук мамлекеттик администрациялар бул саналгандардан тышкары төмөндөгүдөй милдеттерди аткарат:

- калкты укуктук, социалдык-маданий, чарба жана тиричилик жактан тейлөөнү уюштурат;
- жергиликтүү байланыш түйүндөрүнүн бардык түрлөрүн, көчөлөрдү, жолдорду жана башка объекттерди тийиштүү абалда кармап туруу боюнча иш-чаралар менен программаларды иштеп чыгып, жүзөгө ашырат.

Көпчүлүк өлкөлөрдө айрым жергиликтүү органдар жалпы мамлекеттик программаларды толуктоочу кошумча кызматтарды түзүшү мүмкүн болсо да, негизинен бул органдарга саламаттык сактоо, билим берүү жана социалдык төлөмдөр үчүн жоопкерчилик жүктөлбөйт. Бул кызматтарды демейде борбордук министрликтердин бөлүмдөрү башкарат. Мындан тышкары, көпчүлүк өлкөлөрдөгү кеңештер жерди пайдалануунун (башкача айтканда, турак жай курууга же өндүрүштүк максатка иштетүүнүн) жалпы эрежелерин иштеп чыга алат.

## 4.0 Республикалык, облустук жана райондук маанидеги шаарлар

Бишкек жана Ош республикалык маанидеги шаар деген статуска ээ. Облустук маанидеги 10 шаар жана райондук маанидеги 13 шаар бар. (Шаардын статусу башынан эле анын чоңдугуна же калкынын санына карай эмес, андагы маанилүү өнөр жай ишканаларынын болушуна жараша аныкталып келген).

Бишкекте, Ошто жана облустук маанидеги шаарларда аткаруучу-тескөөчү органдын башчысы мэр деп аталат. Аны Президент сунуштаган талапкерлердин ичинен шаардык кеңештин депутаттары шайлайт. (Бул депутаттарды өз кезегинде шаардын тургундары тике шайлайт). Мэр бир эле учурда кеңештин депутаты боло албайт.

Мэрлер Президенттин жана Өкмөттүн, шаар кеңешинин алдында жооп берет. Эгерде шаардык кеңештин жалпы депутаттарынын 2/3си ага ишеним көрсөтпөсө, Президент мэрди иштен алышы жана шаардык кеңеш жаңы мэрди шайлаганга чейин мэрдин милдетин аткаруучуну дайындашы мүмкүн.

Мэр шаардык кеңеште шаардык бюджетти тааныштырышы, өз ишинин башка пландарын жүзөгө ашырууга анын макулдугун алышы, ал эми финансылык жылдын акырында кеңешке отчёт бериши керек. Бишкек шаардык кеңеши кыйла жогорку деңгээлдеги өз алдынчалыкты көрсөтө алган: мисалы, 2002-жылы ал мэр сунуш кылган бюджетти бекитүүдөн баш тарткан.

Бишкек шаары төрт районго бөлүнөт. Бул райондук администрациялардын башчылары Бишкек шаардык кеңешинин макулдугу боюнча дайындалат да, Бишкектин мэрине баш иет. Шаардын райондорунда өздөрүнүн кеңештери жок, калктын таламдарын шаардык кеңеш коргойт.

Райондук маанидеги шаарларда, мисалы, Өзгөндө, мэр түздөн-түз шаардын калкы тарабынан шайланат жана ошол эле учурда шаардык кеңештин төрагасы да болот. Шаардык кеңештин курамына 11ден 21ге чейинки сандагы депутат кирет. Шаардык өз алдынча башкаруу органдарынын айрымдары жергиликтүү ченемдик-укуктук актыларды чыгаруу жагынан кыйла өз алдынча иш жүргүзөт. Шаарларда жана кыштактарда азыркы кезде бюджет боюнча *коомдук угуулар* уюштурула баштады. Анда аткаруучу-тескөөчү органдын башчысы алдыда кандай иштер жасала тургандыгын түшүндүрүп берет.

## 4.1 Айылдар жана кыштактар



*Айыл өкмөтүнүн башчысы элге бюджет боюнча отчет берүүдө*

Айылдарда жана кыштактарда бийликтин аткаруучу-тескөөчү органы айыл өкмөтү болуп саналат. 2004-жылы алардын саны 472 болгон. Айылдагы, кыштактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы мурункудай дайындалбастан, ар төрт жылда айылдын тургундары тарабынан тике шайлоолордо шайланат. (Айыл өкмөтүнүн башчылыгына талапкердин жашы 25тен кичүү же 65тен улуу болбошу керек. 2001-жылдагы шайлоолордо мурда дайындалган айыл өкмөт башчыларынын 40%ы шайлоочулар шайлабай койгондуктан кызматтарынан кетишти. Жергиликтүү өз





алдынча башкаруу органынын башчысы жергиликтүү бюджеттен толук ставкада айлык алып иштеген штаттык кызматкер болуп саналат.

**Облустук маанидеги шаарлар:**
Балыкчы, Жалалабат, Каракол, Каракөл, Кызылкыя, Майлысуу, Сүлүктү, Талас, Ташкөмүр, Токмок.

**Райондук маанидеги шаарлар:**
Баткен, Исфана, Кант, Карабалта, Карасуу, Көкжангак, Кербен, Кочкората, Нарын, Ноокат, Өзгөн, Чолпоната, Шопоков.

Айыл өкмөтүнүн негизги милдеттерине төмөндөгүлөр кирет:

1. Калкка социалдык жана маданий тейлөө кызматтарын көрсөтүү
2. Аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо
3. Бюджетти иштеп чыгуу жана аны тийиштүү кеңеш бекиткенден кийин аткаруу
4. Жерди сарамжалдуу пайдалануу боюнча иш-чараларды даярдап, жүзөгө ашыруу.

Айыл өкмөтүнүн башчысы жергиликтүү кеңешке жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча сунуш жасай алат. Айылдык кеңеш 9дан 21ге чейинки сандагы депутаттан турат. Ал жылына төрттөн кем эмес ирет сессияга чогулат. Айыл, кыштак кеңештеринин милдетине жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндөгү отчётту бекитүү, жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды, салыктан тышкаркы төлөмдөрдү киргизүү, муниципалдык менчикти пайдалануу тартибин аныктоо, айылдын, кыштактын уставын бекитүү кирет. Жергиликтүү кеңештин чечимдери шайланган бардык депутаттардын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат да, токтом түрүндө чыгарылат. Айылдын, кыштактын бюджетине төмөнкүдөй багыттар камтылышы мүмкүн:

1) муниципалдык менчик объектилерин сатуу же ижарага (арендага) берүү;
2) айылдарды көрктөндүрүү;
3) өтө жакыр үйбүлөлөргө колдоо көрсөтүү;
4) мектеп же спорттук курулмаларды куруу ж.у.с.

*Айылдардын, кыштактардын негизги проблемалары*

*Айыл тургундарынын пикири боюнча:*
Суу жеткирүү - муну жашоочулардын 40,8%ы белгилеген.
Электр кубаттуулугу менен камсыздоо - 20,4%
Социалдык маселелер (пенсия, жумушсуздук, жардыларга жардам) - 20%
Жер маселеси (салык, айыл чарба техникасы ж.у.с.) - 16,3%
Абаттандыруу - 13,8%
Жакырчылыкты жоюу - 13,8%
Башка маселелер - 11,7%

*Айыл өкмөт башчыларынын пикири боюнча:*
Финансы каражаттарынын жетишсиздиги - 42,9%
Жер салыгын чогултуу - 42,9%
Жолдорду оңдоо зарылдыгы - 42,9%
Таза суу - 14,3%.

*(Урбан институту жүргүзгөн сурамжылоонун натыйжалары боюнча. - Бишкек, 2003).*

Айыл өкмөтү мамлекеттик бийлик органдары берген функцияларды да аткарат. Бул функциялар менен бирге аларды аткаруу үчүн зарыл акча каражаттар да өткөрүлүп берилет. Мындай каржылоо жана жергиликтүү салыктан түшкөн башка каражаттар алардын калкка зарыл болгон кызматтарды көрсөтүшүнө жана айыл өкмөтүнүн штаттагы кызматкерлерине айлык төлөөгө мүмкүндүк берет. Айыл өкмөтүнүн башчысы мыйзамдуу статусу бар, айлык алып иштөөчү айыл башчысын дайындайт. Алар айылдын ар кайсы бөлүктөрүндө, ошондой эле мындай орган болбогон жана бир айыл өкмөтү бир нече айылды башкарган жерлерде айыл өкмөтүнүн атынан чыгат. Адатта айыл башчысы жергиликтүү тургундардын сунушу боюнча дайындалат. Ал айыл өкмөтүнүн өткөрүлүп берилген милдеттерди аткарат (б.а. социалдык, турак-жай ж.б. маселелерди чечүүгө элди катыштырат).

Кыргыз Республикасынын 2003-жылы кабыл алынган “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык-экономикалык негиздери жөнүндө” мыйзамы боюнча жергиликтүү бюджеттин жергиликтүү салыктардан, жыйымдардан жана салык эмес төлөмдөрдөн алынган кирешелери республикалык бюджетке алынбайт.

Мыйзам боюнча айыл өкмөтүнүн жетекчиси айыл, кыштак кеңешине, ал эми мамлекет берген ыйгарымдары боюнча райондук администрациянын жетекчисинин жана шаардын мэрине отчёт берет.

Айыл өкмөтүнүн башчысы айыл кеңешинин төрагасы да болуп эсептелет. Айыл өкмөтүнүн башчысы айыл кеңешинин сессиясына төрагалык кылган учурда, ал кабыл алынган эрежелерди жана талкуу жүргүзүү жол-жоболорун сактоого көз салуучу координатор катары иштейт. Ар бир айыл, кыштак кеңеши өзүнүн иштөө эрежесин (регламентин) белгилей алат.

Эгерде айыл кеңешинин бардык депутаттарынын үчтөн экиси каршы добуш берип, ишеним көрсөтүүдөн баш тартса, айыл өкмөтүнүн башчысы кызматынан алынышы мүмкүн. Мисалы, 2000-жылы Талас районунун Долоно айылында айыл кеңеши ишеним көргөзбөгөндүгүн билдирүү менен айыл өкмөтүнүн башчысын кызматтан алган. Мындайда кызмат орду бошогондон кийин бир айдын ичинде

өткөрүлүүгө тийиш болгон кийинки шайлоого чейин айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин анын орун басары убактылуу аткарат.

**Айылдагы, кыштактагы өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмү**




Кээ бир өлкөлөрдө айыл тургундарынын райондук кеңеште жана шаар башкармалыгында тике шайлаган өкүлдөрү (депутаттар, мэр) бар болгону үчүн айылдык башкаруу органдары түзүлбөйт.

> **Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨО) башчылары кимдер эле жана эми кимдер болот?**
>
> Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылыгына жакында жүргүзүлгөн шайлоонун натыйжасында бардык шайланма кызматтардын дээрлик төрттөн бир бөлүгүн педагогикалык билими бар адамдар, жарымынан саал азыраагын техникалык интеллигенциянын өкүлдөрү, 15%га жакынын экономика жана финансы чөйрөсүндө иштегендер, 2%га жакынын врачтар ээлеген. Бирок айылдардагы жана кыштактардагы ЖӨО ассоциациясы азыр орто мектептик билими барларды да талапкер кылып көрсөтүүнү жактайт. "Жер-жерлерде, - дейт ассоциация төрагасы К.Дыйканбаев, - жогорку окуу жайын же атайын орто окуу жайын бүтүргөнү тууралуу дипломү жок болсо да, иш билги, тажрыйбалуу жана акылдуу адамдар көп. Алардын көбү өз алдынча билим алышкан, жердештеринин алдында сабаттуу адамдар катары кадыр-баркка ээ. Бул адамдарга шайлоодо талапкер болуу мүмкүндүгүн берүү керек".
>
> *Данияр Каримов, "Вечерний Бишкек", 3-октябрь, 2003-ж.*

## 4.2 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу кантип иштейт?

1996-жылдан бери айылдардын, кыштактардын жана шаарлардын конституцияга окшогон уставдары бар, алар жергиликтүү коомдоштуктун ишмердигинин негизги эрежелерин аныктайт. (Ушул китептин аягынан силер мындай уставдын үлгүсүн таба аласыңар). Устав коомдоштуктагы өзгөрүүлөргө жараша өркүндөтүлүп туруучу документ болууга тийиш. Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор тийиштүү аймактагы жарандар менен ачык талкуу өткөрүп, мындай чечимди жергиликтүү кеңеш бекиткенден кийин гана киргизилиши мүмкүн.



*Айыл өкмөтүнүн бюджети талкууга алынып жатат.*

Мэр, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы көбүнчө атайын түзүлүүчү комитеттерде чечилүүчү маселелер боюнча иштердин жүрүшүн кароо үчүн өз кызматкерлери менен жумасына бир жолудан кем эмес кеңешме өткөрөт. Келечектеги иш-чаралардын пландары тиешелүү кеңештин сессиясынын бекитүүсүнө сунуш кылынат. Сессияда мэр, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы сунуш кылынуучу иш-чаралардын планын көрсөтүп, аны талкуулоону уюштурат. Адатта кеңеш бул планды дароо эле добушка салбастан, бир пикирге келмейинче талкуулай берет. Талкуу бүткөндөн кийин кабыл алынган чечимди мыйзамдаштыруу үчүн добуш берүү жүргүзүлөт. Бирок жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы тургундардын ишенимине таянууга тийиш болгондуктан, ал тургундардын өкүлдөрүнүн пикирлери менен эсептешүүгө көбүрөөк ыктайт. Кеңештин депутаттары зор бийликти пайдаланып жатканын түшүнүшөт, ошондуктан алар кабыл алуучу чечимдер үчүн жоопкерчиликтин да чоң экенин сезишет.

[1]*Аппарат – 1) техникалык аспап, прибор; 2) башкаруу мекемеси; 3) кызматкерлер курамы.*

Чечим кабыл алынган соң башкармалык планды жүзөгө ашыра берсе болот. Пландалган иш-чаралар аткарылгандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы бүтүрүлгөн иштер жана сарпталган каражат (салык төлөөчү жарандардын бул иштерге жумшалган акчасы) тууралуу кеңештин алдында отчёт берүүгө тийиш. Жергиликтүү кеңештин чечимдерин бул аймактагы бардык жарандар жана уюмдар аткарууга милдеттүү.

**Айыл өкмөтүндө негизинен төмөнкү адистер иштейт:**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы
Жооптуу катчы
Социалдык коргоо боюнча жетектөөчү адис
Жер жана турак жай маселелери боюнча биринчи категориядагы адис
Каржы-экономика бөлүмүнүн жетекчиси – бухгалтер
Кирешелер боюнча адис – салык боюнча улук инспектор
Сарптоолор боюнча жетектөөчү адис – эсеп бухгалтери
Салык инспектору
Экономист-статист
Мал чарбачылыгы боюнча инспектор
Аскердик каттоо столунун инспектору
Иш кагаздарын жүргүзүүчү катчы

Турмушта айрым башкармалыктар ушул тартипти кыйла бекем карманып, башкаларга караганда кыйла майнаптуу иштейт.

## 5.0 Жергиликтүү коомдоштуктардын ыктыярдуу бирикмелери

Жергиликтүү коомдоштуктардын мүчөлөрү өздөрүнүн жалпы маселелерин натыйжалуу чечүү үчүн ыктыярдуу түрдө ар кандай уюмдарга биригиши мүмкүн. Мындай бирикмелер ар ким жеке өзү жасай албай турган иштерди бүтүрө алат. Дал ошол себептен адамдар жамааттарга же аймактык өз алдынча башкаруу органдарына кошулушат.

**Жамаат (община)** – жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун бир формасы. Ага жергиликтүү маанидеги иштерди өз демилгеси менен бүтүрүү үчүн ыктыярдуу бириккен айылдын же шаардын бир көчөсүндө, кварталында же башкача бөлүгүндө жашаган жергиликтүү коомдоштуктардын мүчөлөрү кирет. Жамаатты 10 түтүндөн кем эмес чарбалардын өкүлдөрү түзө алат. Жалпы чогулушта алар өз ишмердигин жөнгө салуучу уставды кабыл алып, жамааттын төрагасын шайлоого тийиш. Жамаат мүчөлөрү тарабынан иштелип чыгып кабыл алынган устав айылдык, кыштактык, шаардык кеңеште каттоодон өткөрүлөт.

2005-жылы кабыл алынган *"Жамааттар жөнүндө"* мыйзамга ылайык, жамаат:

- өз мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында коргойт;
- жамааттардын ишмердигине тиешелүү иштерди талкуулоодо жергиликтүү кеңештердин ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катышат;
- жергиликтүү кеңештердин, алардын аткаруучу-тескөөчү органдарынын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жамааттар ишмердиги боюнча кабыл алган чечимдеринин аткарылышына көмөктөшөт;
- айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештердин пландоо, территорияны абаттандыруу (көрктөндүрүү, жакшыртуу), социалдык-маданий, тиричилик жана чарбалык жайларын куруу жаатындагы ишмердигине катышат;
- жамааттын уставында көрсөтүлгөн максаттарга жана милдеттерге ылайык башка функцияларды да аткарат.

**Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары** (АКӨ; орусча – ТОС: территориальное общественное самоуправление) – бул ошол аймакта жашаган жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн ыктыярдуу бирикмелери. Алардын айрымдары 1991-жылга чейин эле уюшулуп, абдан демократиялуу иштеген. Көптөгөн белгилери боюнча булар коомдук бирикмелерге окшош. Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы деген статус аны жергиликтүү кеңеште каттоого алгандан кийин берилет. Бул – негизинен шаарларда түзүлүүчү кичи райондордун комитеттери, кеңештери, үй, көчө жана квартал комитеттери. Алардын жардамы менен кичи райондордун тургундары жашаган жерлерин жакшыртууга өз каражаттарын жумшай алат.

Аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары мыйзамда белгиленген тартипте юридикалык тарап катары катталышы мүмкүн.

Мындай органдар адатта шаар башкармалыгынан, мэриядан же айыл өкмөтүнөн чакан айлык акы алып иштөөчү төраганы жыл сайын шайлап турушат. Эгер төрага өз милдеттерин жакшы аткара албаса, бирикменин мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн каалоосу боюнча кызматынан түшүрүлүшү мүмкүн.

АКӨ органдары социалдык чөйрөнүн объекттерин абаттандыруу, оңдоо, аймакты санитардык тазалоо иштерин кабыл алууга катышат. Алар жергиликтүү кеңештердин, аткаруучу-тескөөчү органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациянын чечимдеринин аткарылышына көмөктөшөт. Жергиликтүү кеңештер, алардын аткаруучу-тескөөчү органдар жана жергиликтүү мамлекеттик администрация келишим негизинде АКӨ органдарына өз функцияларын өткөрүп, алардын менчигине чарба объекттерин, турак жай жана турак жай эмес фонддорун, финансылык каражаттарды бериши мүмкүн.

## 5.1 Курултай

*Курултай* – бул коомдук маселелерди талкуулоонун кыргыздардагы салттуу формасы. Бир дагы чоң коомдоштук, өзгөчө райондук жана андан жогорку деңгээлде ачык талкуу жүргүзүү үчүн өзүнүн бардык мүчөлөрүн бир жерге бир мезгилде чогулта албагандыктан, ар төрт жылда ачык тикелей добуш берүү менен курултайга өкүлдөр шайланат. Алар коомдук негизде, б. а. бекер иштейт. Мында шайлоочулардын тизмеси түзүлбөйт жана делегаттыкка талапкерлерге эч кандай квалификациялык талаптар коюлбайт. Курултайдын делегаттары ошол эле учурда кеңештердин да депутаттары болушу мүмкүн.

Курултай жалпы мамлекеттик маселелерди талкуулоо үчүн чакырылганда, ал кысым көрсөтүү тобу (*лоббилөө тобу*[1]) сыяктуу иш жүргүзүшү мүмкүн. Делегаттар калктын көпчүлүк бөлүгү бул маселеге бирдей көз карашта экендигин көрсөтүү менен мамлекеттин саясатынын өзгөрүшүнө таасир этүүгө умтулушат. Ошондуктан курултайды жергиликтүү өз алдынча башкаруунун формасы катары гана кароого болбойт.



*Элдик курултай ("Замандаш" журналынан алынды)*

Курултайлар убактылуу органдар болуп эсептелет, алар жыйналыш бүткөнгө чейин гана өкүм сүрөт. Курултайлар зарылдыгына жараша шайланган делегаттардын жыйналышы катары өткөрүлөт. Эгер курултайда жалпы макулдашууга жетишилбесе, анда чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынат. Жергиликтүү кеңештер жана алардын аткаруучу-тескөөчү органдары үчүн бул чечим сунуш кылуу мүнөзүндө гана болот.

Курултайлар жамааттын уставы кабыл алынар алдында аны талкуулоодо, ошондой эле көптөгөн башка маселелер боюнча сунуштарды иштеп чыгууда чоң роль ойнойт. Мисалы, ар эки жылда жок дегенде бир жолу өткөрүлүүчү жыйналыштарда алар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын же мэрдин сунуштарын жана иш багыттарын расмий эмес түрдө жактырат же жактырбай коёт.

## 5.2 Жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун бөлөк формалары



Жогоруда баяндалган жергиликтүү уюмдардын ар кандай түрлөрү менен катар эле Кыргыз Республикасынын *"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө"* мыйзамында аталбаган, бирок жерги-

*[1]**Лоббилөө тобу** – кайсы бир саясий кызыкчылыкты коргоо үчүн мыйзам чыгаруучуларга таасир этүү, аларды өз тарабына тартууга аракеттенүүчү топ.*

ликтүү коомдоштуктардын иштерине активдүү катышкан башка органдар да бар. Өлкөнүн түштүгүндөгү айылдарда жана кыштактарда көчөлөрдү бириктирген *"маале"* деп аталуучу комитеттер уюштурулган.

## 6.0 Келечекте

2001-жылы "Кыргыз Республикасынын 2010-жылга чейинки өнүгүүсүнүн комплекстүү негиздери" деп аталган реформалардын жалпы улуттук *стратегиясы* (узак мөөнөттүк план) кабыл алынган. Бул документтин алкагында Мамлекеттик бийликти борбордон оолактатуу (*децентралдоо*) жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча улуттук стратегиянын долбоору иштелип чыга баштаган эле. Республикалык курултайда талкуулангандан кийин бул документке Кыргыз Республикасынын Президенти 2002-жылдын декабрында кол койду.

Стратегиянын төмөндөгүдөй бөлүмдөрү бар:

- Эффективдүү (натыйжалуу) укуктук негизди түзүү
- Саясий, административдик реформаларды жүргүзүү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик колдоо көрсөтүү
- Экономикалык жана финансылык жактан *децентралдоону* (б. а. борбордук өкмөттүн ыйгарымдарын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берүүнү) жүргүзүү
- Муниципалдык кызматты калыптандыруу жана кадрлар менен иштөөнү өркүндөтүү
- Социалдык мобилизациялоо жана адам көрөңгөсүн (потенциалын, мүмкүнчүлүгүн) өркүндөтүү
- Жарандык коомдун биримдигин камсыздоо.

Азыркы учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик бийлик (ички иштер башкармалыгы, прокуратура жана башка) органдарынын функцияларын так бөлүштүрүү боюнча иш жүргүзүлүүдө. Мунун натыйжасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү бюджетти түзүүдө, орундатууда, өздөрүнө караштуу тейлөө кызматтарын көрсөтүү үчүн зарыл болгон чечимдерди кабыл алууда көбүрөөк өз алдынчалыкка ээ болууга тийиш.

## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

### 03-тапшырма. *Жергиликтүү милдетпи же республикалык милдетпи?* 15 мүн.

Шеригиңер менен төмөндөгү көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмесин карап чыккыла. Аларды кимдер: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик бийлик органдары же менчик компаниялар – көрсөтөрүн чечкиле. Айрым учурларда аларды бир нече уюм аткарышы да мүмкүн.

| | Милдеттер | Менчик сектор | Республикалык органдар | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Башка өлкөлөрдөгү элчиликтер аркылуу өкүлчүлүк ишин жүргүзөт. | | ✓ | |
| 2. | Силердин айылда (шаарда) көчөнү жарыктандырууга көз салат. | | | |
| 3. | Милицияны түзөт жана ага айлык берет. | | | |
| 4. | Таштандыны алып кетет. | | | |
| 5. | Ооруканалардын жана бейтапканалардын ишин каржылайт. | | | |
| 6. | Салык чогултат. | | | |
| 7. | Силердин үйдү суу менен камсыз кылат. | | | |
| 8. | Телерадио берүүнү камсыз кылат. | | | |
| 9. | Мугалимдерге эмгек акы төлөйт. | | | |
| 10. | Жолдорду курат жана оңдоп турат. | | | |
| 11. | Нан бышырат. | | | |

Библиотека Китепкана город Бишкек шаары

### 04-тапшырма. Айырмасы эмнеде? 20 мүн.

Шеригиңер менен төмөнкү таблицага көз жүгүрткүлө. Мында ойдон чыгарылган Нур өлкөсүнүн райондорунун бириндеги жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштеринин тизмеси берилген.

Эгер силердин коомдоштугунардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул сыяктуу иштесе, жөн гана "ОШОНДОЙ ЭЛЕ" деп жазгыла. Эгерде башкача болсо, анда айырмасын жазгыла.

| | Берекет районунун жергиликтүү бийлик органдары | Биздин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарыбыз |
|---|---|---|
| 1. | Шайлоо төрт жылда бир жолу өткөрүлүп турат. | |
| 2. | Жергиликтүү кеңешке шайлоодо колунда барлар гана добуш берүү укугуна ээ. | |
| 3. | Өз курамынан аким шайлоого жана аны кызматтан алууга укуктуу шайланма кеңеши бар. | |
| 4. | Кан (магистрал) жолдорду кошпогондо, бардык жолдордун салынышы жана оңдолуп турушу үчүн жооп берет. | |
| 5. | Бардык үйлөрдү, мектептерди жана ооруканаларды бекер суу менен камсыз кылат. Ишканалар сууга акы төлөшөт. | |
| 6. | Жылуулук жана электр менен камсыздоого жооп бербейт. | |
| 7. | Борбордук өкмөттөн дотация алат. | |
| 8. | Канализация кызматын көрсөтүүгө жооп берет. | |
| 9. | Мугалимдерге жана врачтарга эмгек акы төлөбөйт. | |
| 10. | Үй жаныбарларынын, мисалы, иттердин санын көзөмөлдөйт. | |
| 11. | Ресторандарга жана тамак-аш азыктарын сатуучу дүкөндөргө медициналык-санитардык сертификат берет. | |
| 12. | Ишкерлерге патент бергендиги үчүн салык алат. | |
| 13. | Балдардын милдеттүү түрдө мектепке барышына жооп бербейт. | |
| 14. | Дайындалуучу кызмат адамдарынын бири дагы кеңештин депутаты болууга тийиш эмес. | |
| 15. | Жерди менчикке же арендага берүүгө жооптуу эмес. | |
| 16. | Жер ээлеринен анын баалуулугуна жараша салык чогултат. | |
| 17. | Ар бир үйдөн акыр-чикирди жума сайын бекер ташып кетет. | |
| 18. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын имараттарына кызмат адамы же борбордук министрлик менен ведомстволордун мекемеси жайгашпайт. | |

### 05-тапшырма. Райондук жана айылдык бийлик органдары бирдейби? 10 мүн.

Шеригиңер менен төмөндө келтирилген ырастоолорду карап чыгып, алар айылдагы (кыштактагы) өз алдынча башкаруу органдарына же райондук мамлекеттик администрацияга, же болбосо булардын экөөнө тең бирдей тиешелүү экенин аныктагыла.

| Ырастоолор | Айылдагы, кыштактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Райондук мамлекеттик администрациялар |
|---|---|---|
| 1. Мамлекеттик аткаруу бийлик органынын башчысы бир нече айылды көзөмөлдөйт, бирок анын мекемеси бул айылдардын биринде гана жайгашкан. | | |
| 2. Аткаруучу-тескөөчү органдын башында шайланган жетекчи болот. | | |
| 3. Өкүлдүк орган тике добуш берүү жолу менен шайланат. | | |
| 4. Бийлик органдары мамлекеттик бийликтин облустук органдары өткөрүп берген ыйгарымдарга ээ. | | |
| 5. Бийлик органдары комитеттердин жана комиссиялардын иш-аракеттерин багыттайт. | | |
| 6. Милдеттүү, ачык бюджеттик угууларды жүргүзөт. | | |

### 06-тапшырма. Биздин коомдоштуктагы адамдар менен уюмдардын өз ара мамилелери 30 мүн.

Башкарууну жана зарыл кызматтарды камсыз кылуу үчүн силердин коомдоштугуңар кандайча өз алдынча уюшаарын көрсөткүлө. Схема түзгөндө шеригиңер менен төмөнкү төрт бурчтуктарды пайдалангыла. Силерге кошумча төрт бурчтуктар керек болушу да мүмкүн. (Эгер силер шаарда же кыштакта жашасаңар, төрт бурчтуктардагы жазууларды өзгөрткүлө). Ыйгарымдар кандайча берилерин көрсөтүү үчүн төрт бурчтуктарды төмөндө көрсөтүлгөндөй жебелер менен бириктиргиле.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Айыл, кыштак кеңеши | Айыл өкмөтү | Жашы жеткен жарандар | Курултай | Айыл башчысы |
| БӨУ | Диний уюмдар | Расмий эмес уюмдар | Райондун акими | Окуучулар |

**Мамилелердин түрлөрү:**

1. Абсолюттук бийлик ————→
2. Кеңеш берүү ыйгарымы – – – – –→
3. Тике шайлоо ыйгарымы ————→
4. Кыйыр шайлоо ыйгарымы – – – – –→
5. Дайындоо же түзүү ыйгарымы ————o
6. Иш-аракеттерди жактыруу ыйгарымы ————o

### 07-тапшырма. Алар эмне иш кылышат? 40 мүн.

Төмөндө мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы кызматтардын тизмеси келтирилген. Ушундай таблица түзүп, тиешелүү кызмат адамдары кандай иштээрин көрсөткүлө.

| Кызмат | Дайындалабы же шайланабы? | Каржылоо булагы | Кимге баш иет? | Ал эмне иш кылат? |
|---|---|---|---|---|
| 1. Аким | | | | |
| 2. Райондун бухгалтери | | | *Акимге* | |
| 3. Айыл башчысы | | | | |
| 4. Айыл, кыштак кеңешинин депутаты | | | | |
| 5. Айыл өкмөтүнүн башчысы | | | | |
| 6. Мэр | | | | |
| 7. Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы | | | | |
| 8. Салык инспектору | | | | |
| 9. Саламаттык сактоо бөлүмүнүн башчысы | | | | |
| 10. Медсестра | | | | |
| 11. Милиционер | | | | *Коомдук тартипти сактоо* |
| 12. Базарком | | | | |

### 08-тапшырма. Алардан эмне үчүн суроо керек? 10 мүн.

Эки-экиден болуп төмөнкү маселени талкуулагыла. Андан кийин бардык класс менен өз жообуңарды талкуулаганга даярдангыла.

*Айрым шаарларда мэрия же шаар башкармалыгы бюджеттик угууларды жүргүзөт. Анда аткаруу органынын башчысы бюджеттин долбоорун сунуш кылат жана өз пландары тууралуу айтып берет. Анан ал угуучулардан бул боюнча ой-пикирлерин айтуусун өтүнөт. Бул угуулар эмнеге жүргүзүлөт жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын пландоо менен иш жүргүзгөн кызматкерлерине алардын кандай пайдасы бар деп ойлойсуңар?*

13-бап

### 09-тапшырма. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштерин пландоо боюнча көнүгүү — 30 мүн.

1. Силер 35 миң кишиден турган калкы бар районго жаңыдан аким болуп дайындалдык деп элестеткиле. Силердин оюңарча, коомдоштугуңардын алдында турган кандай негизги проблемалар бар?
2. Бир демөөрчү районуңар үчүн 10 000 $ өлчөмүндө акча бөлдү деп элестеткиле.
3. Төмөндөгү таблицаны пайдалануу менен коомдоштугуңардын алдында турган эки негизги проблеманы чечүү үчүн бул акчаны кандайча сарптаарыңарды пландагыла. Биринчи проблема үлгү катары берилген.

| Суроолор | № 1 проблема | № 2 проблема | № 3 проблема |
|---|---|---|---|
| Проблеманын маңызы эмнеде? | *Жолдо үңкүр-чуңкурлар өтө көп.* | | |
| Силердин максатыңар кандай? | *Жолду оңдоо керек.* | | |
| Кандайча? | *Үңкүр-чуңкурларды толтуруп, жолду тегиздеш керек.* | | |
| Чектөөлөр | *Почта бөлүмү менен райондук билим берүү бөлүмүнүн ортосун гана.* | | |
| Ушул иш-чарадан ким пайда табат? | *Автомашиналардын ээлери жана жүргүнчүлөр* | | |
| Бул иш-чаранын кандай пайдасы бар? | *Автомашиналар аз бузулат. Жол жүрүүгө убакыт аз кетет.* | | |
| Бул үчүн кандай кадамдарды жасоо зарыл? | *1. Үңкүр-чуңкурларды белгилөө.<br>2. Ремонт үчүн эмне зарыл экендигин аныктап, наркын эсептөө.<br>3. Иш аткаруучуну аныктоо.<br>4. Ремонт иштерин жүргүзүү.* | | |
| Кандай ресурстар зарыл? | *Асфальт, шагыл, жүк машине, жумушчулар.* | | |
| Бул канча турат? | *$ 8.000* | | |

### 10-тапшырма. Эмнеден баштоо керек? — 10 мүн.

Шеригиңер менен төмөндө баяндалган проблеманы чечүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жасай турган кадамдарды карагыла жана талкуулагыла. Андагы иш-аракеттерди логикалык тартипте жайгаштыргыла.

*Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын алдында турган проблема:* *<u>дарыядагы көпүрө авариялык абалда.</u>*

1. Капиталдык курулуш башкармалыгы тапшырыкчыны (заказчыны) жана ушул долбоорду каржылоо булактарын аныктайт (акча каражаттарын райондук же шаардык финансы башкармалыгы бөлөт).
2. Депутат акимиятка кайрылат, ал өз кезегинде көпүрөнү реконструкциялоого каражат бөлүү зарылдыгы жөнүндө мэрияга жазуу жүзүндө билдирүү жиберет.
3. Подрядчылардын (подрядчы – келишим боюнча белгилүү ишти аткарууга милдеттенген адам же мекеме) арасынан авариялык-калыбына келтирүү ишин сапаттуу жана аз чыгым менен аткаруучу уюмду тандап, тапшырыкчы иштин сметалык наркы тууралуу сатып алуулар боюнча мамлекеттик агентство менен макулдашат (Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык).
4. Мэрия бул проблеманы чечүү үчүн капиталдык курулуш башкармалыгына (ККБ) кат жиберет.
5. Мамлекеттик комиссия көпүрөнү пайдаланууга берүү жөнүндө чечим кабыл алат.
6. Капиталдык курулуш башкармалыгы төмөнкү адистерди чакырат:
   - жарандык коргонуу штабынын төрагасын;
   - долбоордун башкы инженерин (ДБИ);
   - башкы архитектуранын адисин;
   - акимияттын өкүлүн.

   Комиссия иш аткарылган жерге барып, көпүрөнүн авариялык абалын текшерүү актысын

түзөт. ДБИнин окуулдөрү көпүрөнүн реконструкциялоонун долбоорун түзөт жана авариялык-калыбына келтирүү иштеринин баасын эсептеп чыгат.
7. Авариялык-калыбына келтирүү иштери аяктагандан кийин көпүрөнү кабыл алуу боюнча жумушчу комиссия түзүлөт. Тапшырыкчы курулган объектини пайдаланууга берүү боюнча мамлекеттик комиссия түзүү жөнүндө буйрук даярдайт.
8. Жарандар жергиликтүү кеңештин депутатына кат жазат, анда көпүрө кыйрай турган абалга жеткендиги айтылат.
9. Тапшырыкчы авариялык-калыбына келтирүү иштерине техникалык көзөмөл жүргүзөт, аткарылган иштердин көлөмүн текшерет, ушундан кийин подрядчыга аткарылган иш үчүн акча которот.


*Эски көпүрө кыйрап калды. Эмне кылуу керек?*
*http://www.trekearth.com/gallery/Asia/India/photo169528.htm*

### 11-тапшырма. Каражатты эмнеге сарптоо керек? 20 мүн.

Жыл сайын райондук акимият өтө зарыл проблемаларды аныктап, аларды чечүүнүн жолдорун издейт. Таблицада проблемалардын тизмеси берилген. Үч-төрттөн болуп, жумуш дептерине бул тизмени маанилүүлүгүнө карай кайра көчүрүп жазгыла. Келтирилген 15 проблеманын ичинен жетөө гана каржыланышы мүмкүн. Калгандарын чечүүнү кийинки жылга калтыруу керек. Ар бир проблема менен бирге ал жөнүндө кошумча маалымат берилет. (Эгер шаарда жашасаңар, бул маселелерди шаардык бийликтердин маселелери менен салыштыргыла).

| Эмне кылуу керек? | Эскертүү |
|---|---|
| 1. Айыл өкмөтү (мэрия) үчүн жаңы автомашина сатып алуу | Мурдагы машинага 5 жыл болду. |
| 2. Ишканалардан жергиликтүү салыктарды чогултуу | Азыркы учурда иштеп жаткан ишканалардын 5%ы гана салык төлөйт. |
| 3. Мектептерди оңдоо | Мектептердин 35%ына жаңы суу түтүктөрүн орнотуу керек. |
| 4. Жергиликтүү маанидеги жолдорду оңдоо | Жолдордун көп жерлеринен жазында өтүүгө мүмкүн болбой калат. |
| 5. Китепкананын жаңы имаратын куруу | Китепкананын эски имараты өрттөнүп кеткен. |
| 6. Телефон тармагын оңдоо | Офистердин 60%ында жана үйлөр менен квартиралардын 85%ында телефон иштебейт. |
| 7. Райондук оорукананын айланасына жаңы бак тигүү | Бак тигүү боюнча финансылык сметаны турмуш-тиричилик жактан тейлөө комбинатына берүү керек. |
| 8. Электр менен жабдуу системасын оңдоо | Үйлөрдүн жана квартиралардын 55%ына электр күнүнө үч сааттан берилбейт. Турак-жай аянттарынын 12 %ы электр менен таптакыр жабдылган эмес. |
| 9. Айыл өкмөтүнүн (мэриянын) имаратын кайра сырдоо | Аны акыркы жолу 25 жыл мурда сырдашкан. |
| 10. Демөөрчү катары жергиликтүү ТВ-станция үчүн жаңы телекамераларды сатып берүү | Колдо болгон төртөөнүн бирөө бузулган, ал эми экинчиси жакшы иштебейт. |
| 11. Муниципалдык (жергиликтүү) менчиктеги стадионду оңдоо | Азыркы учурда аны пайдаланууга мүмкүн эмес. |
| 12. Жолбун иттерди атуу | Өткөн жылы ит каап алган адам каза болгон. |
| 13. Шаардык канализация системасын оңдоо | Өткөн жайда жугуштуу оорулардын жайылып кеткен учурлары болгон. |
| 14. Ушул жерде төрөлгөн белгилүү спортчуга эстелик коюу | Ал футбол боюнча улуттук курама команданын капитаны болгон. |

**12-тапшырма. Жамаатымдын уставында эмнелер айтылган? 30 мүн.**

Эгер шаарда, кыштакта же айылда жашасаңар, силердин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органыңардын уставы бар. Ушул уставды чогуу талкуулоо үчүн жергиликтүү кеңештин депутатын мектепке чакыргыла. Силер талкуулануучу суроолордун тизмесин депутатка күн мурунтан беришиңер керек. (Ушул китептин аягында уставдын үлгүсү берилген).

Төмөнкү суроолорду бергиле:

1. Сиз аткарып жаткан ишке устав кандай таасир этет?
2. Мэрия, шаар башкармалыгы же айыл өкмөтү уставга карама-каршы келген кандайдыр бир иш-аракетти сунуш кылган учур болду беле? Эгер болсо, ал учурда эмне жасалган?
3. Уставга качан өзгөртүү киргизилгенин айта аласызбы? Бул эмне үчүн жана кандайча жасалган?
4. Устав боюнча тургундардын кандай укуктары жана милдеттери бар экенин айтып бериңизчи?
5. Эгерде биз устав менен таанышкыбыз келсе, анын нускасын кайдан алсак болот?
6. Эгер биз жарандар катары уставды өзгөрткүбүз келсе, ал үчүн эмне кылышыбыз керек?

**13-тапшырма. Жамаатыңардын уставына оңдоолорду киргизүү жөнүндө сунуш даярдагыла. 30 мүн.**

Жамаатыңардын уставын окуп чыккыла. Үч-төрттөн болуп топторго бөлүнгүлө. Ар бир топ жаштарга тиешелүү маселелер боюнча уставга өзгөртүү киргизүү жөнүндө сунуш иштеп чыгышы керек. Андан кийин сунушуңарды башка топтогулар менен талкуулагыла жана эки же үч мыкты сунуш үчүн добуш бергиле. Анан бул сунушту талкуулоо жана мүмкүн болсо кабыл алуу үчүн жергиликтүү кеңештин депутатына бергиле.

**14-тапшырма. Ошентип, сиз эмне иш кыласыз? 45 мүн.**

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкери менен (аким, же анын орун басары, же шаар башчысы, же айыл өкмөтүнүн башчысы болсо, баарынан жакшы) жолугушуу жөнүндө макулдашкыла же ал адамды класска чакыргыла. Бере турган суроолоруңардын тизмесин алдын ала жибергиле (кийин силер башка суроолорду да берсеңер болот, бирок суроолордун негизги тизмеси ал адамдын даярдануусуна мүмкүндүк берет).

Жолугушкан күнү төмөндөгү суроолордон бергиле. Бардык айтылгандарды эстеп калышыңар мүмкүн эмес болгондуктан, керектүү жерлерин жазып алгыла. Коногуңар бир суроого жооп берип жатып башка суроону да айта кетиши мүмкүн. Көңүл коюп угуп, жооп бергендерин кайта сурабаш керек, анткени ал коногуңардын сөзүн укпаганыңарды көрсөтөт.

1. Сиз кайсы кызматта иштейсиз?
2. Сиздин кызматтык милдеттериңиз кайсылар?
3. Милдеттериңизди өтө эле көп деп эсептебейсизби?
4. Сиз жөнөкөй жумуш күнүңүздү баяндап бере аласызбы?
5. Сиз өз милдеттериңизди аткарыш үчүн кандай ресурстарды пайдалана аласыз?
6. Сиз аларды жетиштүү деп ойлойсузбу?
7. Өз милдеттериңизди аткарыш үчүн Сиз кандай ыйгарымдарга ээсиз?
8. Өз милдеттериңизди аткарыш үчүн Сизде бийлик жетиштүү деп ойлойсузбу?
9. Сиздин ыйгарымдарыңыз кандайча чектелген?
10. Сиз өз ыйгарымдарыңызга кандайча ээ болосуз?
11. Кайсы документтерде Сиздин милдеттериңиз, бийлигиңиз жана ыйгарымдарыңыз баяндалган?
12. Ушул кызматка байланыштуу кандай артыкчылыктардан пайдаланасыз?
13. Сиз кимге баш иесиз?
14. Сиз өз иштериңиздин жыйынтыктары жана пайдаланылган ресурстар боюнча кандайча отчёт бересиз?
15. Ишиңиздин канчалык жакшы аткарылгандыгына жетекчилик же өзүңүз кайсы көрсөткүчтөр боюнча баа бересиз?

16. Милдеттериңизди аткарууда Сиздин мүмкүнчүлүгүңүздү кайсы факторлор баарынан көп чектейт?
17. Калктын кеңири катмары Сиз менен кандайча байланышат?
18. Сиз коомчулук менен кандайча байланышасыз?
19. Сиз иштеген уюмда чечим кандай кабыл алынат (добуш берүү, бардыгынын макулдугу, тануулоо менен)?
20. Сиз акыркы 20 жылда жергиликтүү бийлик органдарында жана алардын иш формаларында кандай өзгөрүүлөр болгонун айтып бере аласызбы?

**Бийликтин жергиликтүү органдарына кайсы бир маселени чечүү өтүнүчү же талабы менен кайрылып кат жаза алам деп ойлойсузбу?**
*(2003-ж. ЮСАИД жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгы)*




21. Сиздин кызматыңыз жөнүндө дагы башка нерселерди билсек болобу?

Жолугушуудан кийин жоопторду толук жазгыла жана аларды класста талкуулоого, ошондой эле силер интервью алган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өкүлүнө жоопторду көчүрмөсүн берүүгө даяр болгула. Бул нускада силерге бөлгөн убактысы үчүн ага ыраазычылык билдирилиши керек.

### 15-тапшырма. Силердин оюңар кандай? 30 мүн.

Шеригиңер менен жергиликтүү башкарууну демократиялаштыруу жөнүндөгү талкууну окуп чыккыла. Андан кийин төмөнкү ырастоого канчалык даражада макул же макул эмес экендигиңерди аныктагыла:

***"Аткаруу органдарынын бардык башчылары эл тарабынан тике шайланышы керек."***

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| толугу менен макулмун | макулмун | билбейм | макул эмесмин | таптакыр макул эмесмин |

**Айнура** *Мен бул аткарылбайт го деп ойлойм. Кыргызстандагы адамдар демократиянын мындай системасына али даяр эмес. Анда бүтүндөй мамлекеттин таламын ким жактайт? Эгер калкынын көбү тажик улуту болгон райондо кеңешке тажиктер гана шайланса жана андан кийин бул кеңеш районду Тажикстанга кошуу жөнүндө чечим кабыл алса, эмне болорун элестетип көргүлөчү.*

**Кеңеш** *Мен буга таптакыр макул эмесмин. Эгерде салыштырмалуу начар өнүккөн Африка өлкөлөрүндөгү адамдар жергиликтүү бийлик органдарынын жетекчилерин шайлап жатышса, биз эмне үчүн шайлай албайбыз? Мамлекет дайым эле туура иш жүргүзүп же элдин таламын коргобой тургандыгы бизге тарыхтан маалым, ошондуктан биз элдин укуктарын жана бийлигин кеңейтишибиз керек. Андан сырткары, мамлекеттин таламдары ансыз деле жакшы корголгон, анткени ал бөлүнгөн акча каражаттарын жергиликтүү органдардан туура сарптоону жана алар боюнча ар дайым отчёт берип турууну талап кыла алат.*

**Курманбек** *Ооба, бирок этностук топтор жөнүндө маселе козголгонда Айнураныкы туура. Мындайда улуттук көпчүлүк басымдуулук кылган жерлердеги кеңештин иштеринин натыйжалары жана чечимдери менен улуттук азчылык макул болбошу мүмкүн. Бирок ал башка өлкөгө кошулуу жөнүндө райондук кеңеш чечим кабыл алат деп бекер эле чочулап жатат. Республиканын Конституциясы буга тыюу салат.*

**Гүлнара** *Мен адамдар практика жүзүндө гана демократияга көнүгөт жана добуш берүүнүн маанилүүлүгүн түшүнө алат деп ойлойм. Мен бардык деңгээлдеги жетекчилерди, бирок, адегенде бир облуста, андан кийин ар жолу бирден облусту кошуу менен шайлоону киргизүүнү сунуш кылат элем. Мен дагы адегенде жергиликтүү бийлик органдарынын*

*башчыларын тике шайлоодогу проблемаларды түшүндүрүү үчүн шайлоочулардын арасында кандайдыр бир иштерди уюштуруу керек деп ойлойм.*

**Айгерим** *Менин оюмча, өз аймагын башкарууга адамдардын көбүрөөк катышуусу үчүн жетекчи органдарда шайланма кызматтар көбүрөөк болушу керек. Ошондо адамдар маалымат алып, башкаруу органдарында бюджет чектелүү экендигин түшүнөт. Бул башкарууга жөндөмсүз адамдарды эл кызматтан кетире алат дегенди да билдирет.*

**Тимур** *Биз эмне үчүн муну Президенттин ыктыярына койбойбуз? Эгер ал бардык жетекчилерди дайындаса, анда бир райондун же облустун ишинин натыйжасын башкалар менен салыштыра алмак. Мен талапкерлердин кимиси кандай экендигин добуш бергенге чейин эле билиш үчүн адамдар иш жүзүндө анча деле аракеттенишпейт деп ойлойм. Бул тек гана башаламандыкка алып келиши мүмкүн.*

**Мээрим** *Ооба, бирок мунун бардыгы мамлекеттик бийлик системасында күчтөрдүн теңделишине жараша болот. Бийликте жакшы президент турганда бардыгы ойдогудай болушу мүмкүн. Бирок андай эмес болсо, мамлекеттик бийлик элдин бийлигине карама-каршы келип калат. Адамдар толук маалымат албай туруп эле, өз тандоосун жетишээрлик негиздебестен, болжолдоп туруп эле өз добуштарын берет дегенге макулмун. Мен биздин система кыйла ачык-айкын болушу керек деп ойлойм. Ошентип, адамдар бюджет кандай бөлүштүрүлүп жатканын билүүгө жана эч болбосо райондук деңгээлде бюджеттик акчаны биринчи кезекте тигил же бул муктаждыктарга жумшоо зарыл деп өз пикирин айтууга мүмкүнчүлүк алышы керек.*

**Чынара** *Эгер адамдар компетентсиз (иш билбеген) жетекчини шайлап алса эмне болот? Ар бир ишти өз устасы аткарганы жакшы эмеспи. "Бөдөнөнү сойсо да, касапчы сойсун".*

**Айдана** *Ооба, бирок мэр же аким мындай адистерди жалдап алышы мүмкүн. Мэр сөзсүз эле, мисалы, канализация боюнча адис болушу керек эмес. Эгерде шайлоочулар колунан иш келбеген адамды шайлап алса, анын азабын өздөрү тартышарын тез эле баамдап калат. Буга адегенде анча маани бербесе деле, бирөө үчүн добуш берүү канчалык жооптуу кадам болоорун кийинчерээк түшүнүшөт.*



*Өз алдынча башкаруу органынын бюджети пландалып жатат.*

*шайлоодо жеңип чыккан талапкерге биз учурунда добуш бербеген болсок да, ал парламентте өз округундагы бардык шайлоочулардын таламын жактоого милдеттүү. Бирок бул өкүл биздин көз карашыбызга макул болушу керек деген сөз эмес).*

4. Өкүлүбүз катары шайланууга далалаттанып (умтулуп) жаткандар бизге отчёт берип турушун камсыз кылабыз. Шайлоо мезгилинин дал өзүндө жарандар катары силер өз милдеттерин жакшы аткарган саясатчыларды сыйлап (б.а. ал үчүн добуш берип), начар иштегендерин жазалай (б.а. андайларга каршы добуш бере) аласыңар.
5. Учурдагы мамлекеттик бийлик органдары жүргүзүп жаткан иш-аракеттин натыйжалуулугу жана тууралыгы жөнүндө пикирибизди билдиребиз.
6. Белгилүү бир мезгилден кийин өз өкүлдөрүбүзгө кайрадан ушундай эле жол менен баа бере тургандыгыбызды тастыктайбыз. Демократиялык өлкөлөрдө эч ким эч качан "өмүр бою" шайланбайт – ар бир саясатчы маал-маалы менен өз шайлоочуларынын колдоосуна жетишип турууга тийиш.

Өз өкүлдөрүбүздү шайлап жатканда биз аларга өз убадаларын аткарышы үчүн ыйгарымдарды беребиз. Мындай мандатты шайлоо болгон сайын шайлоочулар өздөрү тастыктайт же кайра алып коёт.

## 3.0 Демократиялык шайлоо

Шайлоо жарыяланчу күндөн алда канча мурда эле борбордук (эгер ал туруктуу иштебесе) жана жергиликтүү (округдук, участкалык) шайлоо комиссиялары түзүлүшү керек. Шайлоочулардын тизмесин жаңылап, тактап турууга демейде жергиликтүү шайлоо комиссиялары же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоопту болот. Демейде шайлоо комиссиясы бул *өнөктүктү* (кампанияны) маалымат каражаттары аркылуу жүргүзүп, жашаган жерин которгондорду же шайлоо курагына жеткендерди катталууга үндөйт. Мындан соң шайлоо округунан сырткары жакка кеткендер жана каза болгондор тизмеден чийилет. (Сот аркылуу камакка алынган жарандардын добуш берүү укугу ар кайсы өлкөлөрдө ар башкача камсыздалат. Көпчүлүк өлкөлөрдө иши тергелип жаткан жарандардын күнөөсү далилдене электери гана добуш берүүгө укуктуу, ал эми соттолгондордун, б.а. сот аркылуу күнөөсү аныкталгандардын мындай укугу болбойт. Кыргызстанда да ушундай эреже колдонулат). Ушул маалыматтын негизинде кээде шайлоо участкаларынын чеги өзгөртүлөт. Шайлоо участкаларынын формасы жана чоңдугу өткөрүлчү шайлоонун жыйынтыгы кандай болорун, өкмөттү кимдер курарын же парламентте кимдер үстөмдүк кыларын алдын ала аныктап коюшу мүмкүн. Ошондуктан көбүнчө участкалардын чегарасына жана аларды аныктоо процессине байланыштуу талаш-тартыш чыгат. Президенттик шайлоодо бүтүндөй өлкө бир округ болот, анткени бүткүл мамлекеттин атынан жалгыз киши шайланат.



*Добуш берүүдө колдонулуучу тунук сандык*

Шайлоо качан болору кезектеги эки шайлоонун ортосундагы максималдуу мезгил чегинде аныкталат. Зарылчылык түзүлгөн кырдаалдарда, мисалы, мөөнөтүнөн мурда президент отставкага кетсе же парламент таркатылса, шайлоо мөөнөтүнөн эрте жарыяланышы мүмкүн. Мындай жагдайлар ден соолугуна, башка ишке өткөндүгүнө же өлүмүнө байланыштуу кайсы бир депутаттын ыйгарымы күтүүсүздөн токтотулганда да пайда болушу мүмкүн. Жооптуу орган (кээ бир өлкөлөрдө борбордук шайлоо комиссиясы, башкаларында – президент) шайлоонун датасын расмий түрдө жарыялашы керек. Бул – шайлоо процессиндеги биринчи кадам.

Андан соң шайлоо комиссиясынын кароосуна талапкерлердин катталуу арыздары берилет. Кээ бир өлкөлөрдө шайлоочулар саясий партиялар үчүн гана добуш бергендиктен, партиялар каттоодон өткөрүүгө өз талапкерлеринин тизмелерин даярдашы керек. Демейде эгер бул адамдар тиешелүү мамлекеттин жараны деп эсептелсе, эч кандай оор кылмыш жасабаган, шайлоо курагына жеткен болсо, аларды комиссия каттоодон өткөрөт. Бирок көп өлкөлөрдө талапкерлер же партиялар өздөрүн жактагандардын белгилүү сандагы колун топтошу жана каттоо акысын төлөшү керек. Бул талапкерлердин шайлоодо ат салышууга чындап ниеттенгенин тастыктоо үчүн жасалат. Мындай болбосо өтө эле көп талапкерлер катталып, шайлоо процесси абдан создугуп кетиши жана шайлоочулар кимди тандоону билбей кыйналышы мүмкүн.



Көпчүлүк өлкөлөрдө парламенттик шайлоого жакын калганда парламент таркатылат. Бул мындан ары депутаттардын өкүлдүк укугу болбой тургандыгын, ал эми парламенттин мыйзамдуу бийлиги толугу

менен токтотуларын билдирет.

Эң жогорку даражадагы шайлоо комиссиясы бул мезгилде шайлоо участкаларынын штаттык курамын аныктап, шайлоо участкаларында бардык зарыл жабдуулардын жетиштүү болушун текшерет. Мында шайлоо комиссиялары шайлоочулардын бардыгына жеткидей санда бюллетендерди басып чыгарышы да абдан зор мааниге ээ. Бирок бюллетендер өтө ашыкча чыгарылбашы керек, болбосо алар добуш берүүнүн жыйынтыктарын бурмалоо үчүн пайдаланылып кетиши мүмкүн. Ар бир бюллетенде тиешелүү шайлоо округундагы талапкерлердин аты-жөнү жазылган тизме болот. Шайлоо комиссиясы адатта талапкерлердин тизмесине өзгөртүү киргизүүнү шайлоо башталчу күнгө бир нече жума калганда токтотот; анткени ал жүздөгөн, миңдеген шайлоо участкаларына зарыл сандагы бюллетендерди бастырып, таратканга үлгүрүшү керек. Мындан тышкары шайлоо комиссиясы шайлоо участкаларынын кайда жайгашканы, добуш берилүүчү күн тууралуу элге кабар берет.

**Бүгүнкү күндөгү шайлоо**

2004-жылы дүйнө жүзү кыйла демократиялуу болуп өзгөрдү: 680 миллион шайлоочусу, 543 шайлоо округу бар Индияда парламенттик шайлоо болуп өттү. "Индия улуттук конгресси" партиясы буга чейин бийлик жүргүзүп келген "Бхаратия джаната партиин" жеңип чыкты. Жеңген партиянын башында теги италиялык аял, 1991-жылы атып өлтүрүлгөн мурдагы премьер-министрдин жесири Соня Ганди турат.

Бул мезгилде саясий партиялар менен көзкарандысыз талапкерлер шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүп, өз саясатын ачык үгүттөйт жана башка партиялардын саясатын сындап чыгат. Өкмөттүн иши да бул учурда өзгөчө анализге жана курч сынга алынат. Талапкерлер өз округунда мүмкүн болушунча көбүрөөк шайлоочулар менен жолугушуп, аларды добуш берүүгө үгүттөөгө аракеттенет. Алар ошондой эле ММКга да маалыматтарды жарыялайт. Көпчүлүк өлкөлөрдө үгүт кампаниясын (өнөктүгүн) өткөрүү эрежелери аныкталып, ага ар бир талапкер же партия канча акча сарптай ала тургандыгы чектелет. Бул эрежелер талапкерлердин статусуна же байлыгына карабай, баары үчүн бирдей милдеш шартын түзүү үчүн зарыл.


*Добуш берүү бардык жарандар үчүн маанилүү*

Добуш берүү процессине тоскоолдук болбошу үчүн шайлоо күнү же анын алдында шайлоого байланыштуу үгүт токтотулушу керек. Шайлоочулар шайлоо участкасына жөнөшөт, ал жерде шайлоо комиссиясынын мүчөсү ошол округ боюнча тизмеде шайлоочунун фамилиясы бар-жогун, ошондой эле шайлоочу мурда добуш берген-бербегенин текшерет. Эгерде жаран добуш берүүгө укуктуу болсо, фамилиясы тизмеде белгиленип, ага шайлоо бюллетени берилет. Андан кийин шайлоочу добуш берүү кабинасына кирип, кимге добуш берүүнү туура көрсө, бюллетенде ошону белгилейт. Мында кабинага кошо кирүүгө, шайлоочу кимге добуш берип жатканын карап турууга эч кимдин укугу жок. Добуштун *купуялыгын* (жашыруундугун) камсыздоо үчүн бюллетенде шайлоочунун аты-жөнү көрсөтүлбөйт. Буга кошумча көпчүлүк өлкөлөрдө кайталап добуш берүүгө жол койбоо үчүн шайлоочуга бюллетень берүү учурунда анын бармагына ультрафиолет жарыгына салып караганда көрүнүүчү сыя сүртүлөт.

Андан кийин шайлоочу белги койгон бюллетенин бүктөп, добуш берүү сандыгына салат. Акыркы шайлоочу добуш берип, шайлоо участкасы жабылган соң участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү сандыктарын ачып, ар бир талапкерге берилген добуштардын санын эсептеп чыгат. Бул боюнча протокол толтурулуп, анын көчүрмөлөрү мөөр менен тастыкталат да, бардык каалаган байкоочуларга жана кызыккан расмий адамдарга берилет. Бардык байкоочулар – талапкерлер менен партиялардын өкүлдөрү да, көз карандысыз байкоочулар да бүтүндөй шайлоо процессин көрүп турушу зарыл. Мындан соң эсептин жыйынтыктары ошол округдун шайлоо комиссиясына берилет. Адатта бир нече күндөн кийин шайлоо комиссиясы бардык маалыматтарды топтоп бүтүп, шайлоонун жыйынтыктарын жарыялайт. (Эреже катары бул маалымат гезиттерге жарыяланат же телеберүүлөрдө уктурулат). Эгерде кайсы бир округдар боюнча жыйынтыктар дээрлик бирдей болуп калса, талапкерлер өз округдары боюнча берилген добуштарды кайра саноону талап кыла алышат.

Байкоочулар бүтүндөй процесске – каттоонун, үгүт иштеринин, добуш берүүнүн жана жыйынтыктарды чыгаруунун жүрүшүнө – көз салып турушу абдан маанилүү! Алар бардык жарандар менен талапкерлердин "көзү жана кулагы"!

### 3.1 Шайлоо жыйынтыктарынан эмнелер билинет?

Добуш берүүнүн натыйжаларын бекиткенден кийин шайлоо комиссиясы (кээ бир өлкөлөрдө – сот) муну коомчулукка ММК аркылуу маалымдайт. Элдин жаңы өкүлдөрү ант берген учурдан тартып кийинки шайлоого чейин өз милдеттерин аткарууга кирише алат.

Парламенттик мамлекет системасында парламент гана эл тарабынан түздөн-түз шайланат. Ал өз кезегинде (көбүнчө депутаттардын макулдугу боюнча) өкмөт курамын түзө турган премьер-министрди шайлайт. Мындай системада премьер-министр парламенттеги көпчүлүк орундарды ээлеген партиянын лидери болот да, мамлекеттин аткаруу бийлигин башкарат. Президенттик системада парламент да, президент да шайланат. Демейде аткаруу бийлигин жетектеген президент өкмөттү түзөт.


Н. Мандела

Шайлоодо саясий партия же президенттикке талапкер болор-болбос, маселен, 5 % добуш артыкчылык менен жеңсе, партия же президент чабал өкмөт түзүп калат деп болжошунар мүмкүн. Бул таптакыр туура эмес, анткени мындай айырма күрөшкө эң күчтүү талапкерлер же партиялар чыкканын айгинелейт. Кээ бир демократиячыл эски мамлекеттерде атаандашын 5 %дан ашуун добуш алып уткан партия же талапкер чанда гана учурайт.

Көбүнчө шайлоого чейин эле улуттук баатыр катары таанылып калган талапкерлер чоң артыкчылык менен утуп чыгышат. Маселен, Түштүк Африканын акыйкат демократиялуу жол менен шайланган туңгуч президенти Нельсон Мандела. Ал өлкөдө калктын көпчүлүгүн түзгөн каралардын шайлоого катышуу укугун жокко чыгаруучу системаны ойрон кылган. Нельсон Мандела жеке эркиндигин курмандыкка чалып, демократиячыл *ынанымдарынан* (ишенимдеринен) баш тартпай 27 жылдан ашуун убакыт түрмөдө жаткан. Мына ушундан улам ал эл ичинде эбегейсиз кадыр-баркка ээ болгон.

### 4.0 Эркин жана акыйкат шайлоонун минималдуу нормалары

Шайлоо процессинин негизги талабы – жарандардын ишеними. Эгер элдин көпчүлүгү шайлоонун эркин жана акыйкат өткөндүгүнө ишенбесе, анда шайлоо өз максатына жетпей калат. Бул ишенимдин камсыздалышы көптөгөн факторлорго – тарыхый, саясий, маданий мүмкүнчүлүктөргө жараша болору анык. Бирок төмөндөгүдөй шарттар сакталса, каалагандай өлкөдө жарандардын басымдуу көпчүлүгү шайлоонун жыйынтыктарын текшере алат деп ишеничтүү айтууга болот.

1. Шайлоо комиссияларынын көз карандысыздыгы

Көпчүлүк өлкөлөрдө шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү саясий партиялардын (же талапкерлердин) өкүлдөрү болууга тийиш. Башка мамлекеттерде партия мүчөлөрү жана талапкерлердин өкүлдөрү шайлоо комиссияларына киргизилбейт. Шайлоо комиссияларынын курамы кандай түрдө түзүлгөнүнө карабай, андагы орундардын басымдуу бөлүгүн бир дагы партия, талапкер, коалиция (бир нече партиянын же талапкердин бириккен тобу) ээлеп калбашы керек. Шайлоо комиссиясынын иши атайын мыйзамдардын негизинде жүргүзүлөт, ушул мыйзамдарга ылайык ага шайлоо өткөрүш үчүн бюджеттик каражаттар бөлүнөт. Аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтерин кийлигиштирбөө үчүн ага эркиндик камсыз кылынат. Шайлоо комиссиясынын иши калктын кеңири катмары үчүн ачык-айкын болушу керек.

2. Алгылыктуу жана аткарылышы милдеттүү болгон шайлоо кодекси

Шайлоо кодексинин жол-жоболору так иштелип чыккан болууга тийиш. Эгерде кодекске олуттуу өзгөртүү киргизиш керек болсо, анда бул маселе жалпы элдик талкууга коюлушу керек. Башка ар кандай мыйзамдар сыяктуу эле шайлоо кодекси да калктын калың катмары үчүн түшүнүктүү, жеткиликтүү болушу зарыл. Көпчүлүк

**Саясий партиялар деген эмне жана алардын кандай кереги бар?**

Саясий партияны анын бардык мүчөлөрүнө жаккан принциптер менен саясий багытты жайылтуу жана колдоп туруу максатын көздөгөн саясий топ түзөт.

Партияга мүчө болбогон талапкерлер өз алдынча иш жүргүзгөндүктөн, өлкөнү башкаруу маселелерин ар тараптан камтыган саясий программа түзүү алар үчүн кыйынга турат.

Саясий партиялардын дагы бир артыкчылыгы бар: алар талапкерлерди элге таанытып, колдоо көрсөтүп турат. Биргелешип аракеттенүү менен, алар шайлоочуларды өз тарабына тартып, өздөрүнүн талапкеринин жеңип чыгышына жол ачат.

Көпчүлүк өлкөлөрдө саясий партияга зордоп киргизүү аракети таптакыр мыйзамсыз жорук катары айыпталат.

демократиялык өлкөлөрдө 18ге чыккан ар бир жаран добуш берүү укугуна ээ болот, андыктан шайлоо кодексин алар да окуп түшүнө алышы керек. Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарды бузган адам ээлеген кызматына карабастан өз мезгилинде жазаланууга тийиш. Эгерде мыйзамды шайлоодо женип чыккан талапкер бузган болсо, анда адатта кайра шайлоо уюштурулат.

3. Талапкерлерди эркин тандоо

Талаптарга ылайык келген ар кандай жаран талапкер катары көрсөтүлүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек. Эгер өзгөчө талаптар (мисалы, кол чогултуу талабы) киргизилген болсо, буларды аткаруу үчүн ар бир талапкерге бирдей мүмкүндүк берилиши зарыл. Мамлекет бул процесске кийлигишпеши керек. Талапкер мамлекеттик органда шайлоочулардын өкүлү боло алабы-жокпу, муну шайлоочулар өздөрү чечет. (*Кээ бир өлкөлөрдө талапкерлер үчүн билим цензи коюлат. Эгер өткөндүн жана азыркынын кээ бир чыгаан саясий лидерлери, мисалы, АКШнын мурдагы президенти Абраам Линкольн, билим цензи коюлган азыркы кээ бир өлкөлөрдүн жарандары болушса, шайлоодо талапкер боло алмак эмес*).

4. Саясий партияларга өтө катуу көзөмөлдүн жоктугу

Көпчүлүк өлкөлөрдө саясий партияларды каттоо талап кылынат. Бирок каттоонун жол-жобосу жөнөкөй жана бекер, же болбосо абдан арзан болушу керек. Бул жагдай шайлоодо кайсы саясий партиялар таймаша ала турганын шайлоочулар гана чечиши үчүн зарыл. Эгер саясий партия өзү эле мыйзамды бузбаса, каттоодон өткөндөн кийин шайлоо комиссиясы да, бийлик органдары да анын ишине кийлигишпеши керек, алардын буга акысы да жок. Талаштуу жагдайлар сот тартибинде жөнгө салынууга тийиш. Демек, оппозициячыл партиялардын өкмөттү сындашына тыюу салган мыйзамдар болбошу керек экендиги түшүнүктүү.

5. Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүш үчүн бирдей шарт түзүлүшү

Көп өлкөлөрдө шайлоо кампаниясын өткөрүү үчүн өкмөт саясий партияларга же талапкерлерге финансылык каражат бөлүп, ар бири өз саясатын шайлоочуларга тааныштырышы үчүн мамлекеттик телерадио каражаттарынан бекер пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет. Өнүккөн демократиялуу өлкөлөрдүн көбүндө шайлоо өнөктүгүн каржылоо эрежелери ачык-айкындыкты, айрыкча партия жактоочуларынын акчалай салымдарына келгенде өзгөчө так болууну, ушул акчалай каражаттар кандай чыгымдалганы тууралуу маалымат берип турууну талап кылат. Бул сыяктуу маалымат элдин саясий партияга финансылык жардамды ким берип жатканын билишине мүмкүнчүлүк түзөт. Кээ бир өлкөлөрдө саясий партиялардын фондуна айрым кишилерден же топтордон келип түшчү финансылык салымдардын өлчөмүнө, ошондой эле үгүт кампаниясын жүргүзүүдө пайдаланылуучу каражаттарга да кайсы бир даражада чек коюлат. Бирок мындай чектөө адамдын өз каражатын өзү каалагандай пайдалануу эркиндигин бузабы-жокпу деген маселенин тегерегинде талаш-тартыш чыгып келе жатат.

6. Шайлоочулардын тизмелерин жана шайлоо участкаларын ачык-айкын түзүү

Шайлоо комиссиясы добуш берүү укугуна ээ шайлоочулардын тизмелерин тактап, жаңыртып түзүшү керек. Бул тизмелер калктын калың катмары карап чыгып, тактай алышы үчүн жеткиликтүү болууга тийиш. Шайлоо комиссиясы өз ишинде ар бир шайлоочунун добушунун баалуу экенине *кепилдик* (гарантия) бериши керек. Бул шайлоо участкалары дээрлик бирдей сандагы шайлоочуларды камтыгыдай, участкалардын чегарасы бир эле саясий партиянын кызыкчылыгын көздөбөстөн, баарына тең болгудай калыс түзүлөт дегенди билдирет.

7. Жалпыга бирдей шайлоо укугу

Жынысына, ден соолугуна, диний ишенимине же улутуна карабастан, тиешелүү куракка келгенде бардык жарандар шайлоо укугуна ээ болушу керек. Көп өлкөлөрдө добуш берүү укугу жашы 18ден өткөндөрдүн бардыгына берилет.

8. Шайлоо участкасынын бирдей жеткиликтүүлүгү

Шайлоо комиссиясы шайлоо участкасын бардык зарыл материалдар менен жабдып, бардык шайлоочулар үчүн бирдей жеткиликтүү болушун камсыз кылууга тийиш. Оорукчандар, улгайгандар же майыптар үйдөн чыкпай туруп добуш берүү мүмкүнчүлүгүнөн пайдаланып калышы үчүн шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү аларга барышы керек. Көп өлкөлөрдүн башка мамлекетте жашап жаткан жарандары да добуш берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат – алар демейде почта аркылуу добуш берет.

9. Тең шайлоо укугун сактоо жана бардык добуштардын бирдей баалуу экенин таануу

Бардык жарандар өз добуштарынын баркына жетсе, алардын добуштары бирдей бааланууга тийиш. Эгерде төмөндөгүдөй тажрыйба жайылтыла турган болсо, кишилер өздөрүнүн шайлоодогу добушун барктабай калат:

а) шайлоочулар сатып алынса;
б) бюллетендер жасалма түрдө оңдолуп, түзөтүлсө;
в) шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү сатып алынса, ушундан улам кээ бир шайлоочулардын бир нече жолу добуш беришине жол ачылып калса;
г) кайсы бир талапкерге каршы добуш берип коюшу мүмкүн болгон шайлоочулар тизмеден чийилсе.

Мындай иштерге күнөөлүү адамдар дароо, болгондо да сот аркылуу, жазаланышы керек. Ошондой эле берилген добуштардын эсеби да так алынып, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн коркутуп-үркүтүүгө тыюу салынат. Алардын ар бири добуш берүүнүн жыйынтыктарын текшерүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу зарыл. Шайлоонун жергиликтүү жана жалпы улуттук жыйынтыктары шайлоо өткөрүлгөндөн кийин мүмкүн болушунча тез жарыяланышы керек. Белги коюлган шайлоо бюллетендеринин баары шайлоо өткөндөн кийин анын жыйынтыктары тууралуу талаш-тартыш чыга турган болсо кайра саноо үчүн сакталып коюлат.

**Шайлоодогу алдамчылыкка бөгөт коюу (жол бербөө)**

Кээ бир өлкөлөрдө добуш берүү учурундагы алдамчылыкты болтурбоо үчүн бардык аракеттер жасалат. Мисалы, бул максатта төмөндөгүдөй каражаттар жана ыкмалар колдонулат:

- Ар бир добуш берген адамдын манжасына белги коюу үчүн колдонулуучу сыя. Зарыл убакытка чейин өчпөй турган мындай сыя ультрафиолет жарыгына салып караганда гана көрүнөт.
- Добуш берүү үчүн тунук сандык (ага салынган бюллетендер шайлоочуларга көрүнүп турат).
- Шайлоо процессиндеги бардык жагдайларды, мисалы, шайлоочулардын тизмесинде катталган адамдардын санынын белгиленген бюллетендердин санына дал келишин текшерүү.
- Шайлоо процессине көз салып турушу үчүн БУУнун жана башка эларалык уюмдардын өкүлдөрүн катыштыруу. Өзгөчө кырдаалдарда, мисалы, чоң чыр-чатактан кийин, эларалык уюмдар атүгүл шайлоонун жүрүшүнө жетекчилик кылышы да мүмкүн.
- Добуштарды параллель түрдө эсептеп туруу үчүн бейөкмөт уюмдарды (БӨУ) катыштыруу. БӨУлардын мүчөлөрү шайлоочулардын добуш берүү сандыгына бюллетендерди кантип салып жаткандыгына байкоо жүргүзүп, добуштарды өздөрүнчө эсептеп турса болот. Алар жүргүзгөн эсептин натыйжасы кийин добуштардын расмий жарыяланган эсеби менен салыштырылат.

<u>10. Жашырын добуш берүү</u>

Демократиянын өзөгү – жашырын добуш берүү. Шайлоочулар өздөрү кимди тандаганын эч кимге билгизбей добуш берүүгө мүмкүнчүлүк алышы керек. Добуш берүү алдында, добуш берүү учурунда жана андан кийин да шайлоочуларды бирөө үчүн добуш берүүгө мажбурлап коркутуп-үркүтүүгө жол коюлбашы керек.

<u>11. Шайлоонун жүрүшүнө байкоо жүргүзүү үчүн саясий партияларга жана башка байкоочуларга берилүүчү бирдей укуктар</u>

Шайлоонун жыйынтыктары менен бардык тараптар макул болушу үчүн шайлоодо көз карандысыз байкоочулардын жана "ишенимдүү кишилер" деп аталган партия өкүлдөрүнүн эркин катышуусу камсыз кылынышы керек. Бул жагдай добуш берүүнүн жүрүшүн бүт бойдон көзөмөлдөө үчүн зарыл. Олуттуу талаш-тартыш чыккан же шайлоонун жыйынтыгы шектүү болуп калган учурларда шайлоонун жүрүшүн байкап туруу үчүн жергиликтүү байкоочулар менен ММК өкүлдөрүнө эле эмес, IFES, БУУ (Бириккен Улуттар Уюму, орусча – ООН), ЕККУ сыяктуу эларалык уюмдарга жана эларалык маалымат каражаттарына да мүмкүнчүлүк берилиши керек. Эгерде бул уюмдар шайлоону эркин жана акыйкат өттү деп эсептебесе, анда келечекте инвесторлор жана донорлор бул өлкөдө иштөөгө тиешелүү деңгээлде көңүл бөлбөй коюшу мүмкүн. Натыйжада кийинки өткөрүлчү шайлоолор бир топ демократиялуу уюштурулушу үчүн ага көбүрөөк кысым жасалат. Бирок көп сандуу болгондуктан, акыр-аягында дал шайлоочулардын өздөрү жана жергиликтүү бейөкмөт уюмдар шайлоонун туура өткөрүлүшүнө көзөмөлдү бардыгынан мыкты камсыз кыла алат.

Байкоочулар бардык шайлоо комиссияларына, Борбордук шайлоо комиссиясына да эч тоскоолдуксуз кире алууга тийиш. Аларга шайлоо комиссиялары тарабынан уюштурулуучу бардык жолугушуулар жөнүндө алдын ала билдирилип, чогулуштарга катышуусуна уруксат берилиши керек. Байкоочулар добуш берүү күнү менен эле чектелип калбай, шайлоо жарыяланган күндөн тартып анын жыйынтыктары жарыяланганга чейинки бардык иш-чараларга көз салып турушу зарыл.

Шайлоо процессинде байкоочулар жана ММК абдан маанилүү роль ойнойт. Алар шайлоо комиссияларындай эле орчундуу милдет аткарат. Эгер байкоочулар менен ММКга мындай мүмкүнчүлүк толук берилбесе, шайлоону демократиялуу өттү дегенге болбойт.

***Эсиңерде болсун:*** *Демократиялуу шайлоодо шайлоочунун бюллетенге белги койгон учуру гана*

*жашыруун болот. Шайлоого чейин, шайлоо күнү жана андан кийин боло турган башка БАРДЫК иштер байкоочулар менен ММК үчүн ачык болушу керек!*

12. Эгерде шайлоочулар өздөрүнүн шайланма өкүлдөрүн алмаштырууну чечсе, анда бул иш белгилүү бир мезгил ичинде жүргүзүлүшү керек

Көпчүлүк өлкөлөрдүн Конституциясы боюнча шайлоодо жеңип чыккандар белгилүү бир мезгил ичинде жаңы өкмөттү түзүшү керек. Шайлоодо утулуп калган өкмөт жаңы өкмөт ишке киришмейинче өз милдеттерин убактылуу аткарып турат. Бул мезгилде мурдагы өкмөт шайлоодо жеңип чыккан партиянын макулдугусуз эч бир жаңы укуктук актыларды кабыл албашы керек.

**Жерримандер*. Шайлоонун жыйынтыктары кандайча бурмаланат?**

Берилген схемаларда шайлоо округдарынын формасы жана чоңдугу шайлоонун жыйынтыгына олуттуу таасир этиши мүмкүн экендиги көрсөтүлдү. Анткени тигил же бул жердеги шайлоочулардын кимдерди жактай тургандыгы мурунку шайлоодо белгилүү болуп калат. Муну эске алуу менен алдыдагы шайлоодо өздөрү каалаган натыйжага жетишүү үчүн кызыккан адамдар округдардын чегарасын тийиштүү түрдө өзгөртүшү мүмкүн.

| Округ | Шайлоочулар | | | Жеңгендер |
|---|---|---|---|---|
| 1 | А | Б | Б | Б |
| 2 | А | Б | Б | Б |
| 3 | А | А | Б | А |
| 4 | А | А | Б | А |

1-сүрөт

Төмөндөгү жөнөкөй мисалды карап көргүлө: округдагы 12 шайлоочудан алтоо А партиясы үчүн, калган алтоо Б партиясы үчүн добуш берген эле. Шайлоочулар төрт шайлоо округуна бөлүнгөн акыйкат шайлоо системасында, төмөндөгү схемада көрсөтүлгөндөй, А партиясы эки шайлоо округунда жеңгидей, ал эми Б партиясы башка эки шайлоо округунда жеңгидей кылынып, округдардын чегарасы белгиленген *(1-сүрөт)*.



2-сүрөт

Эгерде округдардын чегарасы башкача белгиленсе, Б партиясы бир гана округда А партиясы үч шайлоо округунда жеңип чыгат *(2-сүрөт)*.

Биз да А партиясы бир гана округда, ал эми Б партиясы үч округда жеңгидей кылып округдардын чегарасын өзгөртсөк болот.

---

**Округдардын чегараларын бурмалоо дегенди билдирген бул термин АКШнын Массачусетс штатынын губернатору Жерри Элбриждин ысымынан алынган. Ал 1812-жылы шайлоо округдарынын чегараларын өз партиясынын пайдасына тууралап өзгөрткөн. Ошондо гезитке бир нече шайлоо округун саламандрага (көлөмү чоңоюп-кичирейип туруучу деңиз жаныбарына) окшотуп тарткан каррикатура чыгарылган, аны "**жерримандер**" деп коюшкан.*

## 5.0 Шайлоо системалары

Ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай саясий системалар жана шайлоо системалары бар. Көбүнчө бир өлкөнүн ичинде, маселен, президентти жана парламентти шайлоо үчүн ар кандай системалар пайдаланылат. Президенттик шайлоодо эки түрдөгү шайлоо болот:

***"Баарынан алдыда".*** Талапкерлердин ичинен эң көп добуш алган талапкер (бардык катышкан шайлоочулардын 50 %ына жетпесе да) жеңүүчү деп эсептелет.

***Эки тур системасы.*** Жеңип чыгуу үчүн талапкер добуштардын 50 %ын же андан ашуун бөлүгүн алууга тийиш. Эгер талапкерлердин бири да мынчалык добуш албай калса, шайлоонун экинчи туру өткөрүлөт да, ага эң көп добуш топтогон эки талапкер катышат.

Парламенттик шайлоо үчүн негизинен үч түрдүү системанын бири колдонулат:

***Салыштырма көпчүлүктүн мажоритардык системасы** (АКШда, Индияда, Улуу Британияда колдонулат).* Мындай система боюнча өлкө көптөгөн шайлоо округдарына бөлүнөт. Демейде бул округдар бир мандаттуу болот, б.а. бир нече талапкердин ичинен бирөө гана тандалат. Шайлоочулар партия үчүн эмес, өз округунан тандалуучу талапкер үчүн добуш берет. Айрым учурларда бирден ашуун өкүл шайланышы мүмкүн, ошондо деле бюллетенге шайлоочулар ар бир мандат боюнча бирден талапкер үчүн өзүнчө белги коёт.

Бул системанын артыкчылыгы – ар бир талапкердин өз округу менен дайыма байланышта болгондугунда. Ошентип, шайлоочулар парламенттеги өз өкүлүн тааный алат. Мындай системаны колдонгон көпчүлүк демократиялык өлкөлөрдө депутаттар шайлоочулар менен дайыма жолугушуп, парламенттеги ордун кийинки мөөнөттө да сактап калууга аракеттенет.

Мунун начар жагы – шайлоочулардын 49 %ы эске алынбай, алардын пикири парламентте чагылдырылбай калышы ыктымал экендигинде. Добуштардын 51 гана %ын алган талапкер жеңип чыкканда ушундай болот. Анын үстүнө бир мандаттуу округдарда бирден партия шайланса, натыйжада жеңип чыккан партия ээ болгон мандаттардын саны бүткүл өлкө боюнча ага берилген добуштардын санына пропорциялуу болбой калышы мүмкүн. Башкача айтканда, шайлоочулардын азчылыгынын добушун алган партия парламенттеги орундардын көпчүлүгүн ээлеп алышы ыктымал. Мисалы:

| Округдар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | Баары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| А партиясы | 20 миң | 22 миң | 22 миң | 19 миң | 5 миң | 88 миң шайлоочу |
| Б партиясы | 17 миң | 21 миң | 20 миң | 17 миң | 30 миң | 105 миң |
| Мандатка ээ болот | А партиясы | А партиясы | А партиясы | Б партиясы | Б партиясы | А партиясы 4 мандатка ээ болот<br>Б партиясы 1 мандатка ээ болот |

Мында А партиясы жалпысынан 88 миң эле шайлоочунун добушун алса да, 4 мандатка, ал эми Б партиясы 105 миң шайлоочунун добушу менен 1 гана мандатка ээ болуп калат. Демек, азчылыктын колдоосуна жетишкен партия бийликке келет.

***Пропорционалдуу өкүлчүлүк системасы** (Бразилияда, Финляндияда, Швецияда, Нидерландияда колдонулат).* Бул системада бүтүндөй өлкө бир "шайлоо округу" болот же көп мандаттуу чоң округдар түзүлөт. Шайлоочулар айрым талапкерлерге эмес, өлкө же округ боюнча топтогон добуштарынын санына жараша кийин парламенттеги орундарды бөлүштүрүп ала турган партиялар үчүн добуш берет. Округ боюнча партиялык тизмеде көрсөтүлүүчү партия мүчөлөрү адатта шайлоо күнүнө чейин эле даярдалат да, кийин бул мандаттарга ээ болот. Мисалы, 10 мандаты бар округда добуштардын 20 %ын алган партия 2 мандатка ээ болот. Эгер бүтүндөй өлкө бир округ, ал эми парламентте 150 орун болсо, анда добуштардын 20 %ын алган партия 30 мандатка ээ болот. Мыйзам боюнча демейде партиянын бир мандатка жетишүүсү үчүн партия топтоого тийиш болгон добуштардын минималдуу саны (шайлоо босогосу) аныкталат. Көбүнчө бул 3-5 %ды түзөт.

> Австралияда парламенттик шайлоодо рейтингчил добуш берүү системасы колдонулат: мында шайлоочулар шайлоо бюллетенине талапкерлерди жактыруу даражасына карай сандарды коюшу керек. Маселен, эгерде бир шайлоо участкасында беш талапкер ат салышып жатса, жактыруу даражасына ылайык алардын аты-жөндөрүнүн тушуна 1ден 5ке чейинки сандар коюлушу керек. "1-орун" белгилеринин 50 %дан ашуун бөлүгүн алган талапкер жеңүүчү катары дароо шайланат. Эгер бир дагы талапкер буга жетише албаса, анда экинчи, үчүнчү жана башка орундар эсептелип, ошого жараша эң жогорку чекке чыккан талапкерлер аныкталат. Баарынан көп добуш алган талапкер жеңүүчү деп табылат.

Бул системанын артыкчылыгы – анын бардык шайлоочулардын көпчүлүгүнүн добушун эсепке алууга мүмкүндүк бергендигинде. Мында ошондой эле парламентте ар түрдүү көп партиялар болушуна кепилдик берилет. Атүгүл өлкөнүн ар кайсы бөлүктөрүндө минималдуу добуш алган партия деле парламенттеги орундардын көпчүлүгүн ээлеп калышы мүмкүн. Бул шайлоочулардын көпчүлүгүнүн өкүлдөрү болушун жана саясий көз караштардын ар түрдүүлүгүн камсыз кылат.

Мунун кемчилиги – шайлоочулар көп учурларда өздөрүнүн парламенттеги өкүлү ким экендигин билбей калат. Анын үстүнө партиялар начар өнүккөн өлкөлөрдө үстөмдүк кылуучу партия оңой эле добуштардын көпчүлүгүн алып жеңип чыгышы мүмкүн. Бирок бул система жарандарды күчтүү саясий партия түзүүгө кызыктыруу үчүн керек деген пикир да бар. Мунун дагы бир жаман жагы өкмөттүн туруксуз болушуна байланышкан. Анткени күчтүү партиялар көп болсо, алардын бири да жеке өзү өкмөттү түзө албай, коалицияларга биригүүгө аргасыз болот. Мындай жол менен куралган өкмөт туруктуу болбой калышы мүмкүн. Бирок көп адамдар коалициялык өкмөт түзүүнү жактап, мындайда ар түрдүү саясий көз караштар чагылдырылгандыктан, демократиялык башкарууга кенен жол ачылат дешет.

***Аралаш система** (Тайванда жана Грузияда колдонулат).* Мында пропорционалдуу өкүлчүлүк жана салыштырма көпчүлүктүн мажоритардык системалары айкалышат. Шайлоочулар өз округунун өкүлү үчүн да, партиялар үчүн да добуш берет. Демек, парламентте эки түрдөгү: өз округунан тике шайланган жана партиялык тизме боюнча шайланган өкүлдөр болот.

Бул системанын негизги артыкчылыгы – эки башка системанын эң жакшы жактары айкалышканында. Ошентип, парламентте шайлоочулардын түз шайлаган өкүлдөрү болот, ошол эле учурда ар түрдүү саясий көз караштары бар анча чоң эмес партияларга да орун берилет.

Мунун кемчилиги шайлоочулардын түшүнүшү үчүн бир аз татаал экендигинде. Анткени алар эки ирет добуш берип, эки шайлоо бюллетендин ар бирине бирден белги коюшу керек болот. Анын

үстүнө парламент эки түрдүү жол менен шайланган депутаттардан түзүлгөндүктөн, жаатташуучулук күч алып кетиши мүмкүн.

**1-диаграмма**

**Силердин катышууңар ар кандай деңгээлдердеги шайлоолордун жыйынтыгына таасир этиши мүмкүнбү?**

*(2003-ж. ЮСАИД жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгы)*




## 5.1 Кайсы система жакшы?

Бул суроого бир жактуу жооп берүү мүмкүн эмес. Тарыхый, саясий жана маданий өнүгүү жолуна карай ар кайсы өлкөлөр бири-биринен абдан айырмаланып турат. Бир өлкө үчүн туруктуу өкмөткө караганда бирдей өкүлчүлүктүн камсыз болушу көбүрөөк пайдалуу болсо, башка өлкөгө мунун тескериси ылайык келиши мүмкүн. Бардык эле мыйзамдар сыяктуу, шайлоо системалары да өлкөнүн өнүгүп өзгөрүшүнө жараша өзгөрүп турушу мүмкүн экендигин жана ушундай болууга тийиш экендигин билип коюу керек.

Бирок өлкөдөгү эң маанилүү мыйзамдар – бул бизди кимдер башкарууга тийиш экендигин түздөн-түз аныктай турган мыйзамдар. Ошондуктан мыйзамдар өзгөртүлгөн бардык учурларда бул маселе коомчулукта кеңири талкууланып, бардык жарандардын, бүтүндөй жарандык коомдун жана саясий партиялардын жалпы көз караштары эске алынууга тийиш. Кайсы гана система кабыл алынбасын, өкмөт, жарандык коом жана саясий партиялар мунун маанисин бардык жарандарга жөнөкөй жана даана тил менен түшүндүрүп берүүгө милдеттүү. Ар бир жаран өзү тандаган лидердин кандайча шайланарын билүүгө жана түшүнүүгө тийиш.

## 6.0 Кыргызстандагы шайлоо системаларынын тарыхы

Россия империясынын курамына кошулганга чейин кыргыздардын саясий жана чарбалык биримдиги уруулук-уруктук түзүлүшкө негизделген. Ал мезгилдеги каада-салт укугунун нормаларына ылайык башкаруу жана сот иштерин ар бир уруунун же уруктун топ башылары тарабынан шайлануучу бийлер аткарчу. Мындай шайлоо демейде уруунун (же уруктун) жыйынында ачык түрдө өткөрүлчү.

Кыргызстандын аймагы Россия империясына кошулгандан кийин колониялык бийлик бир катар административдик реформаларды жүргүздү. Бүтүндөй Борбордук Азияда мурдагы уруулук-уруктук эрежелерге негизделген калкты административдик-аймактык жактан бөлүштүрүү жоюлду. Бул кыргыздардын тарыхында боло келген уруу-уруктук түзүлүш расмий түрдө жокко чыгарылды дегенди билдирген. Мындай кадамга, биринчиден, кыйла ири бирдик катары урууларды административдик башкаруу кыйын экендиги, экинчиден, көп адамдардан турган урууну жалгыз уруу башчысы жакшы башкара албай, чөлкөмдөгү тынчтык жана коопсуздукту камсыздоо кыйынга турары түрткү болгон.

Калкы көчмөн райондордо уруу башчыларын, ал эми отурукташкан райондордо мурдагы хан бийлигинин өкүлдөрүн бийликтен четтетүү үчүн айыл-кыштак жана волость бийлигине жүз башы, миң башыларды, болуштарды шайлоо өткөрүлө баштады. Уезддер менен облустардын жетекчилерин падышанын колониялык администрациясы дайындап турду. Уезддерди полковниктер, губернияларды генералдар башкарып, бүтүндөй Түркстан чөлкөмүндө император өзү дайындаган генерал-губернатор бийлик жүргүзгөн. Падышалык режимдин жаңы жергиликтүү жана борбордук административдик түзүмдөрү, мыйзамдары менен салыктары киргизилди. Бара-бара түпкүлүктүү калкка карата империялык мыйзамдар катаалдашты. Маселен, 1907-жылкы шайлоо мыйзамына ылайык Түркстандын калкы Мамлекеттик думага (парламентке) өкүл шайлоо укугунан кол жууган. Жергиликтүү эл волосттордун башкаруучулары (болуштар) менен элдик сотторду шайлоого гана катыша алган.

1917-жылкы Октябрь революциясы адегенде империялык колониализмден улуттук-демократиялык башкарууга цивилизациялуу жол менен өтүү мүмкүнчүлүгүн бергендей көрүнгөн эле. Тилекке каршы, мындай болгон жок. СССРдин Конституциясында адам укугунан өйдө турган эч нерсе жок деп жазылса да, бул укуктар абдан кеңири масштабда бузулуп келген. Адам укуктарын сактоону соттор да, бийликтин расмий өкүлдөрү да камсыз кылышкан эмес.

1991-жылы, Советтер Союзу кулагандан кийин, Кыргызстандын парламенти Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгү жөнүндө декларацияны кабыл алды. Ал эми 1993-жылы Конституция кабыл алынып, элге бийликти жана өз жетекчилерин шайлап алуу укугун мыйзамдуу түрдө кайрып берген демократиялык система иштей баштады.

## 7.0 2004-жылкы Кыргызстандагы шайлоо системасы

**Конституциядан карап көргүлө**

- 18 жашка чыккан адамдын шайлоодо кандай укуктары болот?
- Силер талапкер боло аласыңарбы?
- Силер үчүн ким добуш бере алат?

Шайлоо – демократиянын өзөгү. Ал элге өз өкүлдөрүн тандоо аркылуу маанилүү чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн берген усул, ыкма болуп саналат. Шайлоо бийликтин тынч жол менен өткөрүлүп берилишине өбөлгө түзөт. Ошентип, эгер улуттук жана социалдык (этностук, диний, гендерлик же идеологиялык) азчылыктардын укуктарын коргой турган конституциялык белгилүү жоболор колдонулса, мындай система адам укуктарына кепил болууга тийиш. Бирок бийлик шайлоо аркылуу бир колдон башка бир колго тынч жол менен өтүп турушу үчүн талапкерлер анын жыйынтыгына макул болушу керек. Бул процесс эркин жана адилеттүү түрдө, эларалык принциптерге жана так аныкталган нормалар менен эрежелерге ылайык өттү деп таанылган учурда гана ушундай болушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында, ошондой эле Кыргызстан *ратификациялаган* (расмий түрдө кабыл алган) бир катар эларалык документтерде бүткүл элдин (бардык жарандардын) өз өлкөсүндөгү саясий турмушка катышуу укугу таанылат. Бул укук төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- сөз эркиндиги
- биригүү укугу
- дин тутуу, өз оюн ачык айтуу жана элге жайылтуу эркиндиги
- мамлекеттик бийлик органдарына шайлоо жана шайлануу укугу.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында (1-статья, 3-пункт) "Кыргызстандын эли – эгемендүүлүктүн ээси жана Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин бирден-бир туткасы", – деп айтылган. Бул принцип мамлекеттик бийлик органдарынын түзүлүшүнө жарандардын түздөн-түз жана тең катышуусун гарантиялай турган шайлоо системасынын өнүгүшү үчүн пайдубал болуп берет.

Шайлоо кодексинде жана бул жаатагы башка мыйзамдарда шайлоо өткөрүү тартиби менен эрежелери берилген. Бул мыйзамдарда Борбордук шайлоо комиссиясын (БШК) түзүү үчүн укуктук негиз түптөлгөн, ошондой эле:

- жарандардын шайлоо укуктары түшүндүрүлгөн;
- шайлоо комиссияларын түзүү тартиби белгиленип, алардын милдеттери чечмеленген;
- талапкерлерге коюлуучу квалификациялык талаптар, ошондой эле аларды көрсөтүү жана каттоо процесси аныкталган;
- участкалык шайлоо комиссияларынын шайлоолорду уюштуруу жана өткөрүү боюнча милдеттери көрсөтүлгөн;
- шайлоочулардын тизмелерин түзүү жана тактоо тартиби берилген;
- шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү эрежелери жана шайлоо күнү добуш берүү тартиби аныкталган;
- шайлоонун жыйынтыктарын чыгаруу тартиби жана эрежелери, ошондой эле бүтүндөй шайлоо процессин өткөрүү эркиндигин гарантиялай турган механизмдер аныкталган.

Кодекс шайлоонун жалпы, тең, тике жана жашырын добуш берүү негизинде өткөрүлүшүн камсыздайт. Коомдо социалдык абалы кандай экендигине карабастан, ар бир жаран добуш берүү укугуна ээ. Мында бир шайлоочу – бир добуш деген принцип сакталат.

Кыргызстанда шайлоо АКШдагы президенттик шайлоодой бир нече этап аркылуу эмес, көбүнчө түз өтөт. Бул эл кайсы талапкерди колдосо, ошого тике добуш берет дегенди билдирет. Бирок кээ бир учурларда шайлоо укугу элдин өкүлдөрүнө берилет (мисалы, шаардын мэрин шаардык кеңештин депутаттары шайлайт).

Адамдар өздөрүнүн добуш берүү укугун

**Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы жаңы өзгөрүүлөр**

2004-жылдын октябрында Кыргыз Республикасынын Президенти маркалоо (белгилөө) жол-жобосу жөнүндөгү Жогорку Кеңеш кабыл алган мыйзамга кол койду. Ага ылайык шайлоочунун сол бармагынын үстүнө ультрафиолет жарыгында гана көрүнө турган атайын сыя сүртүлөт. Бул мыйзам шайлоо күнү бир шайлоочунун бир нече ирет добуш беришине жол койбоо үчүн иштелип чыккан.

2004-жылдагы Жогорку Кеңешке шайлоодо ичиндеги бюллетендер көрүнүп турушу үчүн тунук сандыктар жана шайлоочунун сырттан бюллетень ала кирип, участкада берилгендин ордуна пайдаланышына жол койбоо үчүн тийиштүү аралыктан байкоого ыңгайлуу жаңы кабиналар колдонулду. Бул чаралардын баары шайлоонун ачык жана таза өтүшүн камсыздоого багытталган.

башкаларга, атүгүл жакын адамдарына да бере алышпайт. Кимди жактап добуш бериште шайлоочу өзү гана чечүүгө тийиш. Кыргыз Республикасында шайлоого катышуу эркин жана ыктыярдуу түрдө жүрөт: кайсы бир талапкерди жактап добуш берүүгө же дегеле шайлоого катышууга жаранды кыстоого эч кимдин акысы жок.

Бирок шайлоо өткөрүү тартиби жакшы иштелип чыкса эле шайлоо эркин жана адилеттүү өтө бербейт. Анткени шайлоонун демократиялуу жана эркин өтүшү өлкөдөгү бүтүндөй мамлекеттик системага жана мамлекет менен жарандык коомдун ортосундагы карым-катыштын өнүгүү деңгээлине жараша болот. Мисалы, эгер соттор жана ММК (массалык маалымат каражаттары) көз карандысыз болбосо, шайлоого байланышкан талаш маселелерди чечүү өтө кыйын.



*Кыргызстанда 2005-жылдагы парламенттик шайлоодо алгач ирет добуштарды оозеки эсептөө кошумча түрдө жүргүзүлдү.*



## 8.0 Добуш берүүнүн кереги эмне?

Жарандар добуш бергенде өздөрүнүн эң маанилүү укуктарынын бири болгон өз жетекчисин шайлап алуу укугун жүзөгө ашырат. Бул укукту сактап калуунун эң жакшы жолу – аны пайдалануу, силердин добушуңардын баалуулугу да мына ушунда турат.

Кээ бир адамдар биз өзүбүз канчалык демократиялуу болсок, өкмөтүбүз да ошончолук жакшы болот деп эсептейт. Андыктан биз өкмөттүн кандай түзүлөөрүнө кам көрүп, аны түзүүгө катышуубуз керек. Ошондо гана өзүбүзгө татыктуу өкмөткө ээ болобуз.

**БЕЛГИЛӨӨ (маркалоо)**




**Сүрөт боюнча түшүндүрмө**

1. Шайлоочунун сыя менен белгиленген бармагы ультрафиолет жарыгында ушундай көрүнөт.
2. Бармакка чачылган сыя бир нече секунддун ичинде кургайт.
3. Белгилөөчү сыя көзгө көрүнбөйт, ал ультрафиолет жарыгында гана байкалат.
4. Белгилөөчү сыя да, аны текшерүүчү ультрафиолет жарыгы да ден соолукка зыян тийгизбейт.

Шайлоо бюллетендерин берген учурда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочунун сол колунун баш бармагына көрүнбөс сыя сүртөт (маркалайт). Добуш берүүчү жайдын кире беришинде участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири ар бир шайлоочунун сол колунун баш бармагына көрүнбөс сыя сүртүлгөнүн (маркаланганын) атайын жабдуу менен текшерет. Сол колунун баш бармагына көрүнбөс сыя сүртүлбөгөн (маркаланбаган) шайлоочу шайлоо бюллетенин алуучу жана добуш берүүчү жайга киргизилет. Эгерде шайлоочунун сол колунун баш бармагына көрүнбөс сыя сүртүлгөн (маркаланган) болсо, анда ал киргизилбейт.

*(Кыргыз Республикасынын Шайлоо кодексинен. 40-статья. Добуш берүү тартиби. VII бап. Добуш берүүнүн уюштурулушу жана тартиби).*

## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

### 02-тапшырма. Ким жоопкерчиликтүү? 15 мүн.

Төмөндөгү ырастоону окуп чыгып, ага канчалык даражада макул же макул эмес экениңерди аныктагыла. Өз пикириңерди бүтүндөй класс менен талкуулоого даярдангыла.

> *Өкмөттү биз шайлайбыз, демек, ага бийликти биз беребиз. Эгер өкмөтүбүз жаман болсо, анда биз жаран катары өкмөттү саясий иш-аракеттер аркылуу алмаштырууга милдеттүүбүз. Бул үчүн эң зарылы - добуш берүү укугубузду пайдаланышыбыз керек.*

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| толугу менен макулмун | макулмун | билбейм | макул эмесмин | таптакыр макул эмесмин |

### 03-тапшырма. Саясий партиялардын эмне кереги бар? 15-20 мүн.

Саясий партиялардын зарылдыгынын себептерин ар ким ар кандай түшүнөт. Тизмедеги бул себептердин жөндүү-жөнсүздүгүн шеригиңер менен чечкиле. Биринчи пункт мисал катары аткарылган.

| Саясий партиялардын зарылдыгынын себептери | Туура же туура эмес |
|---|---|
| 1. Телекөрсөтүүдөн алардын талаш-тартышын кызыгып карап отурушубуз үчүн керек. | Туура эмес |
| 2. Алар аркылуу шайлоочулар мамлекеттик кызмат орундарына талапкер болгондорго колдоо көрсөтө алат. | Туура |
| 3. Алар өкмөттөгү коррупциянын жолун бууш үчүн зарыл. | Туура |
| 4. Саясий партиялар – саясий маселелер боюнча элдин талаш-тартышын токтотуунун ишенимдүү ыкмасы. | Туура |
| 5. Алардын шайлоого кишилерди көбүрөөк катыштырууда пайдасы тиет. | Туура |
| 6. Саясий партиялар – тилектештердин бирдиктүү көз карашын бүткүл коомчулукка билдиришине, жайылтышына мүмкүндүк берчү курал. | Туура |
| 7. Алар болбосо, өкмөттү түзүү мүмкүн эмес. | Т. Э |
| 8. Алар идеяларды жалпы элге айтуунун алдында талкуулоо үчүн зарыл. | |
| 9. Саясий партиялар социалдык азчылыкты түзгөндөргө өз пикирлерин ачык айтуу мүмкүнчүлүгүн берет. | Т. Э. |
| 10. Саясий партиялар – жаштардын саясий мектеби. | |

### 04-тапшырма. Туурабы же туура эмеспи? 20 мүн.

Шеригиңер менен төмөндөгү ойлорду окуп чыгып, алардын туура-туура эмес экенин аныктагыла. Туура эмес деп ойлосоңор, оңдоп көчүрүшүңөр керек болот.

| Ойлор | Туура | Туура эмес |
|---|---|---|
| 1. Шайлоодо жеңилип калган партиянын парламентте оппозиция болуу мүмкүнчүлүгү бар. | + | + |
| 2. Шайлоодон кийин президент жана аны колдогон саясий партиялар башка партиялардын пикирине көңүл бурбай эле койсо болот. | | + |
| 3. Оппозициянын мүчөлөрү башкаруучу партиянын мүчөлөрү менен бирге комитеттерде иштесе болот. | + | |
| 4. Шайлоодо жеңилип калган талапкерлер анын жыйынтыктарына макул болууга тийиш. | + | |
| 5. Демократия бекем болушу үчүн бардык партиялар жарыяланган жыйынтыктардын так экендигине ынанышы керек. | + | |
| 6. Күчтүү өкмөткө активдүү жана күчтүү оппозиция тең салмак түзөт. | + | |
| 7. Оппозициялык партиялар бардык өлкөлөрдө эч качан өкмөт менен макул болбойт. | | + |
| 8. Парламенттеги өкмөттү колдогон фракциянын өкүлдөрү гана айлык алышат. | | + |
| 9. Оппозициячыл партияда туруп парламентке мүчө болуу – эч качан өкмөттүн курамына кире албайсың деген кеп. | | + |
| 10. Оппозициячыл партия бирөө эле болгону жакшы. | | + |





### 05-тапшырма. Шайлоо учурундагы чектен чыгуулар 20 мүн.

Таблицада көрсөтүлгөн иш-аракеттердин тизмесин шеригиңер менен окуп чыккыла. Булардын кайсыларына жол берилбеши керектигин көрсөтүү менен себебин түшүндүргүлө.

| Талапкерлердин же аларды жактоочулардын иш-аракети | Буга жол берилсе болобу? Ооба/Жок | Болбосо, себеби эмнеде? |
|---|---|---|
| 1. Жападан жалгыз жалпы улуттук мамлекеттик гезит бир талапкерди мактаган гана макалаларды жарыялап, бул шайлоодогу анын атаандаштарын каралаган материалдарды гана чыгарат. | жок | |
| 2. Шайлоого эки жума калганда талапкер өз шайлоо округундагы пенсионерлерге ун, күрүч таратат. | жок | |
| 3. Талапкердин өз үйүндө шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүлдү. | жок | |
| 4. Үй комитетинин өкүлдөрү бул үйдүн короосуна балдар аянтчасын куруп берүүгө убада берген талапкер үчүн кол чогултушат. | | |
| 5. Бийликтеги партиянын талапкери шайлоо округун кыдыруу үчүн кызмат машинасын колдонот. | | |
| 6. Талапкер шайлоочулардын чогулушунда мен гана чынчылмын деп, башка талапкерлердин бардыгын сындап чыгат. | жок | |
| 7. Сильф шаарында оппозиция үчүн добуш берип жүргөн 500.000 шайлоочу бар. Ал төрт шайлоо округуна бөлүнгөн. Шаардын жанында негизинен өкмөттү колдоп добуш берип жүрчү фермерлерден турган, ар биринде 40.000 шайлоочусу бар беш шайлоо округу жайгашкан. | | |

### 06-тапшырма. Шайлоодогу алдамчылыкка бөгөт коюу 20 мүн.

Окуу үчүн текстте ушундай аталыштагы кошумча материал алкак ичинде берилген. Анда шайлоодогу көз боёмочулукту болтурбоо үчүн колдонулуучу айрым ыкмалар санап көрсөтүлгөн. Үч-төрттөн болуп, биздин өлкөнүн шартында бул ыкмалар жана каражаттар канчалык натыйжалуу болоорун талкуулагыла.

### 07-тапшырма. Өзүңөр кандай деп ойлойсуңар? 15 мүн.

Шеригиңер менен төмөндөгү ырастоону окуп чыккыла, ага канчалык даражада макул же макул эмес экениңерди чечкиле. Ушул маселени класстагы башка окуучулар менен талкуулоого даярдангыла.

> *Кээ бир демократиялык өлкөлөрдө (маселен, Австралияда) добуш берүү милдеттүү болуп эсептелет. Силер кандай деп ойлойсуңар, добуш берүү милдеттүү болушу керекпи?*

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| толугу менен макулмун | макулмун | билбейм | макул эмесмин | таптакыр макул эмесмин |

### 08-тапшырма. Жыйынтыктар: булар эмнени туюндурат? 30 мүн.

1. Эки-экиден болуп, ар кайсы саясий партиялардын өкүлдөрү президенттик үчүн таймашка чыккан

14-БАП

шайлоонун жыйынтыктарын карап көргүлө. Төмөнкү суроолорду талкуулагыла:

а) Бекем, туруктуу өкмөт түзүлүшү үчүн шайлоочулар берген добуштун пайызы жогору болушу керекпи?
б) Силердин оюңарча, көз караштардын кескин айырмаланышы качан болгон?
в) Коалициялык өкмөт күчтүү болушу мүмкүнбү?
г) Жаңы саясий партиялардын жаралышын терс көрүнүш же өкмөттүн чабалдыгы катары кароого болобу?

Силер өзүңөрдү гезитке жазып жүргөн журналист деп элестеткиле. Төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн 2006- , 2010- жана 2014-жылдардын жыйынтыктары боюнча жалпы баяндама жазып, алардын маани-маңызын түшүндүргүлө. Мындай чакан макаланы кантип жазууну билбесеңер, таблицанын төмөн жагында берилген үлгүнү карасаңар болот.

| Шайлоо өткө-рүлгөн жылдар | Альфа партиясы | Бета партиясы | Гамма партиясы | Шайлоодон кийин өкмөттү ким түздү? |
|---|---|---|---|---|
| 2002 | Добуштардын 95 %ы | 5 % | - | Альфа партиясынын жеңип чыккан талапкери өкмөт түздү. |
| 2006 | 75 % | 25 % | - | Альфа партиясынын жеңип чыккан талапкери өкмөт түздү. |
| 2010 | 55 % | 42 % | 3 % | Альфа партиясынын жеңип чыккан талапкери өкмөт түздү. |
| 2014 | 48 % | 52 % | - | Бета жана Гамма партиялары коалиция түзүп, Бета партиясынын жеңип чыккан талапкери президент, а Гамма партиясынын өкүлү вице-президент болду. Алар биригип, *коалициялык өкмөт** түзүштү. |
| 2018 | 32 % | 54 % | 14 % | Бета партиясынын жеңип чыккан талапкери өкмөт түздү. |
| 2022 | 52 % | 32 % | 16 % | Альфа партиясынын жеңип чыккан талапкери өкмөт түздү. |

**Коалициялык өкмөт – бир нече партиянын колдоосуна таянган өкмөт.*

*Эскертүү:* Кыргызстан менен Россияда президенттин кайсы бир партияга мүчө болушуна Конституция жол бербейт. Бирок президенттик системадагы өлкөлөрдүн көбүндө мындай эреже жок.

***Республикачылардын жеңиши***

*Нур өлкөсүндөгү оппозициялык Республикачыл партия өзүнүн кенже өнөгү болгон Социалдык адилеттүүлүк партиясы менен биргелешип мурунку шайлоодогуга караганда 20 %га көп добуш алганын быйылкы президенттик шайлоо көрсөттү. Мурунку шайлоодо Республикачылар партиясына берилген добуштар 9 %га азайганын эске алсак, бул абдан чоң өзгөрүү. Быйылкы жылы Бириккен партияга берилген добуштардын үлүшү 15 %га азайган, бул мурунку президенттин байланышы бар деп жүрүшкөн чатактан улам болсо керек. Башка партиялар да 2 %дан жоготушту, бирок алар эч качан 6 %дан көп добуш алышкан эмес. Социалдык адилеттүүлүк партиясы, сыягы, Республикачыл партия менен биригүүнүн натыйжасында ийгиликке ээ болду, эми анын лидери вице-президенттин ордун алат деп күтүүгө болот. Республикачылардан шайланган жаңы президент кийинки айда өз администрациясын түзүүгө тийиш.*

### 09-тапшырма. Мен эмне үчүн ушундай добуш бердим? 30 мүн.

Жогорку Кеңештин депутаттыгына көрсөтүлгөн өз талапкерлерине шайлоочулар кандай добуш бергени тууралуу билдирүүсүн окуп чыгып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле.

**Бермет:** *Мен Айнура Молтоевага добуш бердим, анткени ал парламент депутаты катары алган өз айлыгынын эсебинен биздин мектепке жаңы класстык бөлмө куруп берем деп убада кылган.*

**Айбек:** *Мен Азаматка добуш бердим, анткени ал менин таякем, мага камкордук көрөт. Мен ага ишенем, себеби ал өз кишилерин мамлекеттик органдарга кызматка орноштурат.*

**Саша:** *Мен Азизге добуш бердим, неге дегенде өлкөбүзгө туристтерди көбүрөөк тартуу, экономиканын абалын оңдоо тууралуу дурус идеялары бар. Анын үстүнө Азиздин юрист*





*катары тажрыйбасы депутаттык милдеттерин жакшы аткарганга көмөк болот.*

**Бакыт:** *"Мени жактаган ар бир шайлоочуга 100 сомдон таратам", – дегенинен Светланага добуш бердим.*

**Шахноза:** *Азиз бай, сөзү да өтүмдүү болгондуктан, мен ошого добуш бердим. Ал Москва университетин бүтүргөн. Бизге жол көрсөтүп, камкордук кылганга ошондой кишилер керек.*

**Рустам:** *Жакын досум жана айрым шайлоочулар айтканынан Кеңеш дегенге эле добуш бердим, аны шайлоо комиссиясындагылар да жакшы жигит деп кадырлашат экен. А чынында мен аны мурда көргөн да, уккан да эмесмин.*

**Гүлнура:** *Мен эч кимге добуш берген жокмун. Баары – коррупцияга белчесинен баткан немелер. Адегенде тоону томкоруп беребиз деп убада кылышат да, шайланып алган соң ар кими өз кызыкчылыгын көздөп кетишет.*

**Рано:** *Мен Азаматка добуш бердим. Чынымды айтсам, ал мыкты талапкерби же кандай – аны деле билбейт экенмин, кыскасы, өз убада-милдеттерин аткара албаган азыркы депутаттан кутулушубузга ырас шылтоо болуп берди.*

**Адыл:** *Мен баарына каршы добуш бердим. Анткени бул жөн эле убарачылык.*

**Дмитрий:** *Эркинге добуш бердим, ал – ушул бандадагылардын түзүгүрөөгү. Чынын айтсам, булардын эч кимиси мага жакпайт.*

**Айдана:** *Мен Эркинге добуш бердим, анткени ал – кыргыз. Шайлоо округундагылардын көпчүлүгү кыргыз, демек, биздин өкүл да кыргыз болгону туура эмеспи.*

**Асанбек:** *Мен Кеңешке добуш бердим, себеби биздин шайлоо округунда кыргыздар аз. Эгерде биз башка улуттан бирөөнү шайласак, өкмөт биздин өкүлдү этибар албай коёт.*



**<u>Суроолор:</u>**

1. Силердин оюңарча, демократиялык система кандай иштеши керек экенин баарынан ким жакшы түшүнөт?
2. Жогоруда көрсөтүлгөн шайлоочулардын ар бири сыяктуу эле калктын канча проценти добуш берет деп ойлойсуңар? (Алынган катышты көрсөтүш үчүн тегерек диаграмма чийип берсеңер да болот. Ошондой эле башка айрым түшүндүрмөлөрдү кошумчалоого да жол берилет, анткени адамдар өз иш-аракетин бир нече жүйө менен да түшүндүрүшү мүмкүн).
3. Эгерде кеңири таралган көз караштарды чагылдыра турган болсо, жооптордун кайсынысы Кыргызстандагы демократиялык процесстердин негизине доо кетириши ыктымал?
4. Эмне үчүн бу көз караштар демократияга доо кетириши мүмкүн деп ойлойсуңар?
5. Эгерде эл өлкөдө демократияга доо кетире тургандай кылып добуш берсе, силердин оюңарча, бул кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн?

### 10-тапшырма. Эмне үчүн мындай? 10 мүн.

Шеригиңер менен төмөндөгү маселелерди талкуулагыла:

1. Силер кандай добуш берет элеңер: өзүңөргө баарынан көбүрөөк жаккан талапкергеби же анын программасынабы?
2. Эгерде биз программасына эмес, жөн эле адамдын өзүнө карап добуш берсек, кандай проблемалар келип чыгышы мүмкүн?

### 11-тапшырма. Мен үчүн добуш бергиле! 30 мүн.

Өзүңөрдү Кыргызстандагы бир шайлоо округунун шайлоочулары деп элестеткиле. Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлер менен жолугушууга келгенсиңер, ал жерде талапкердин ар бири кыскача сөз менен чыгып сүйлөйт. Алардын сөздөрүн окуп чыгып, андан кийин төмөндөгү суроолорго жооп бергиле. (Бул жердеги ысымдардын, партия наамдарынын баары ойдон чыгарылган)

**Данияр:** *Кутмандуу кечиңер менен! Мен "Токтоосуз иш-аракет" партиясынын өкүлүмүн. Бул жерде катышып отургандардын бардыгын экономикабыздын оор абалы тынчсыздандырат. Эгерде силерди чын эле ушул маселе тынчсыздандырса, силердин таламыңарды эң жакшы коргой турган мына менмин. Иш өндүрүшүн жана экономиканы жакшы билгениме менин бизнестеги тажрыйбам далил болуп берет. Мен мамлекеттик чыгымдарды жана ишканаларга салынчу*

2. Кеңеш депутаттыгына дагы кимдер көрсөтүлгөн эле?
3. Шайлоочулар талапкерлерди туура тандоо үчүн керектүү кандай маалымат алышкан эле?
4. Кимдер добуш бере алат?
5. Айылдык кеңеш өз сессияларына кайда чогулуп, сессиялар канча мезгил аралыгында өткөрүлүп турат?

---

1. Силердин шайлоо округунардагы калктын атынан **шаардык кеңеште** ким өкүл болгон?
2. Дагы башка кайсы калктуу конуштарда силердин шайлоо участкаңардын шайлоочулары жашайт?
3. Силердин шаардык кеңешиңерде канча депутат бар?
4. Бул кеңештин депутаттыгына дагы кимдер көрсөтүлгөн эле?
5. Туура тандоо үчүн шайлоочулар бул талапкерлер жөнүндө кандай маалыматтарды алышкан эле?
6. Кимдер добуш бере алат?
7. Акыркы шайлоонун жыйынтыктары кандай болгон эле? (Ар бир талапкер канчадан добуш алган?)

**16-тапшырма. Шайлоо бюллетендери 20 мүн.**

Шайлоо бюллетендери шайлоочуларга шайлоо учурунда берилет. Шайлоонун ар түрү үчүн ар башкача бюллетендер болот. Төмөндө үлгүсү келтирилген шайлоо бюллетенин карап көргүлө. Бул суроолорго жооп бергиле:

1. №3 шайлоо округундагы жарандардын таламдарын кимдер жактап өкүл болгусу келет?
2. Бул округда кимдер добуш берүүгө укуктуу? Муну кантип текшере алабыз?
3. Эмне үчүн бюллетенде шайлоочунун аты-жөнүн же силер сунуш кылгыңар келген башка талапкердин фамилиясын жазуу үчүн орун жок?
4. Кимге добуш бергендигин көрсөтүү үчүн шайлоочу эмне кылышы керек?
5. Эжеңер же байкеңер колу бошобой, шайлоо участогуна келе албай калса, эмне кылуу керек?
6. Силерге бир нече талапкер жакса, эмне кылышыңар керек?
7. Силерге бир дагы талапкер же бир дагы партия жакпасачы?

**ШАЙЛОО БЮЛЛЕТЕНИ**

М.О

2004-жылдын 10-октябрында Кыргыз Республикасынын
_______________________________ кеңешинин депутаттарын
(кеңештин аталышы)
шайлоо боюнча_____________________ __________ мандаттуу № 3 шайлоо округу
(округдун аталышы) (мандаттардын саны)

**БЮЛЛЕТЕНДИ ТОЛТУРУУ ТАРТИБИ**

Кайсы талапкерге добуш берсеңиз, оң жактагы ошонун тушундагы бош чакмакка же "Бардык талапкерлерге каршы" деген жердеги чакмакка тийиштүү ✓ белгисин коюңуз.

Сиз добуш беришиңиз мүмкүн болгон талапкерлердин саны шайлоо бюллетенинде көрсөтүлгөн мандаттардын санынан аз же ага барабар болушу мүмкүн, бирок ашык болбоого тийиш.

| Депутаттыкка талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты (алфавит тартибинде) | Туулган жылы | Негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери (кесиби) | Ким тарабынан көрсөтүлгөн | |
|---|---|---|---|---|
| Алферов Александр Иванович | 1961 | Редактор | "Алга, Кыргызстан!" партиясы | ☐ |
| Абасов Болотбек Кутуевич | 1958 | фермер | Кыргызстан коммунисттер партиясы | ☐ |
| Акунова Роза Рысбековна | 1969 | мугалим | "Менин өлкөм" партиясы | ☐ |
| Алиева Венера Амановна | 1980 | журналист | Кыргызстан жаштар партиясы | ☐ |
| Ганиев Фархад Фатыхович | 1966 | врач | Кыргызстан социал-демократиялык партиясы | ☐ |
| Суванбердиев Бакыт Сапарович | 1955 | ишкананын директору | "Ата Мекен" партиясы | ☐ |
| Чувакин Максим Андреевич | 1970 | юрист | Элдик партия | ☐ |
| Бардык талапкерлерге каршы | | | | ☐ |

Бюллетенди шайлоо участкасынан сыртка алып чыгууга тыюу салынат

### 17-тапшырма. Шайлоо участкасында 40 мүн.

Шайлоо участкасында эмне болгонун окуп чыккыла. Анан 2005-жылы участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана байкоочулар үчүн чыккан колдонмо (223-253-беттер) менен таанышып, бул окуялар шайлоо кодексин бузуу болуп эсептелер-эсептелбесин чечкиле, эгер бузуу болуп эсептелсе, эмне үчүн мындай экенин түшүндүргүлө.

1. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү добуш берүүчү кабинага шайлоочулар өз бюллетендерине белги коюшсун деп карандаштарды койду.
2. Расмий байкоочу да, шайлоо комиссиясынын мүчөсү да болбогон акимияттын кызматкерлеринин бири шайлоонун жүрүшүн байкоого уруксат сурады. Участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы буга макул болду.
3. Участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы оорулуу аялым үчүн добуш берейин деп сураган кишиге уруксат бербеди.
4. Добуш берүү башталганча байкоочулардын шайлоо участкасына киришине уруксат берилбейт.
5. Шайлоо участкасы расмий түрдө жабылардын алдында келген кишинин добуш берүүсүнө уруксат берилди.
6. Шайлоочу шайлоо комиссиясынын катчысынан бюллетенди туура толтурганын карап коюшун сурады. Катчы аны текшерди да, добуш берүү сандыгына салып коюңуз деп шайлоочуга кайра берди.
7. Шайлоо комиссиясынын катчысы шайлоочулардын тизмесине кирбеген бирөөгө добуш берүүгө уруксат берди.
8. Добуш берүү үчүн эч ким келбегендиктен, шайлоо участкасы күндүзгү саат үчтө жабылды.
9. Шайлоо комиссиясынын катчысы шайлоочулар жок кезде добуш берүү кабинасын текшерди.
10. Бюллетендерди санап жатканда комиссиянын катчысы санала электер менен аралашып кетпеши үчүн ар бир бюллетенге белги коюп жатты.
11. Бир аял карыган атасы добуш бериши үчүн бир бюллетенди үйгө берүүнү сурады. Ага берилген жок.
12. Шайлоо бюллетенин туура эмес толтуруп алган бир шайлоочу жаңысын сурады. Бузулган бюллетень таштандыга ыргытылды.
13. Шайлоо комиссиясынын катчысы шайлоо участогу жабылардын алдында жана жабылгандан кийин канча таза бюллетень калганын текшерүүнү каалаган байкоочуларга уруксат берген жок.
14. Ким экенин күбөлөндүргөн эч кандай документи жок бир кишиге добуш берүүгө уруксат беришти, анткени шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири аны менен бир мектепте окуган экен.

### 18-тапшырма. Үйбүлөлүк добуш берүү 20 мүн.

Көп өлкөлөр жана эларалык уюмдар үйбүлөлүк добуш берүү көнүмүшүнө тынчсыздануу менен карашат. Мындайда бир-эки адам бүтүндөй үйбүлөнүн атынан добуш берет. Шеригинер менен төмөндөгү маселелерди талкуулагыла. Жоопторуңарды башка окуучулар менен талкуулаганга даярдангыла.

1. Силердин оюңарча, үйбүлөлүк добуш берүүнүн эмнеси жаман?
2. Бирөө силердин ордуңарга добуш беришин эмне үчүн каалабас элеңер?
3. Муну жактырбашыңарга себеп болгудай кайсы олуттуу проблемалар бар деп эсептейсиңер?

### 19-тапшырма. Саясий партия түзүү 45 мүн.

Алтыдан-сегизден болуп топторго бөлүнүп, саясий партия түзүүгө даярдангыла. Чыныгы саясий партияны түзүп жаткандагыдай эле силерди бириктирип турган ишенимдер же идеялар кайсылар болорун ойлонуп көрүшүңөр керек.

Силер өзүңөрдү мындай бир өлкөдө жашап жаткандай элестеткиле. Бул өлкөдө президенттикке кайсы бир саясий партиядан көрсөтүлүп жаткан талапкер кезектеги шайлоодо жеңип чыкса, төмөндөгүдөй иш-чараларды жүргүзүүнү көздөйт:

- Адамдарды 18 жаштан тартып жыл сайын 15 доллар өлчөмүндө “жарандык салык” төлөп турууга милдеттендирген мыйзам киргизүү керек. Төлөбөгөндөрдөн салык инспекторлору баасы ушул суммага барабар материалдык мүлктөрдү тартып алса болот. Жылына 50 000 доллар иштеп тапкан жарандардан алынуучу киреше салыгы мурда 65 %ды түзсө, эми 45 %га чейин төмөндөтүлөт. Калктын 1 %ы гана ушундай жылдык кирешеге ээ.
- Наркы 500 доллардан кымбат жерге же компанияга/фирмага ээ экендигин тастыктаган документ-

тери бар адамдар гана добуш берүү укугун ала турган мыйзамды кабыл алуу.

- Бул өлкөнүн экономикалык өнүгүү деңгээли биздикиндей эле. Бирок бизнес жүргүзүүгө улам көбөйүп бараткан чектөөлөр менен салыктардын айынан өлкөнүн абалы жылдан жылга начарлоодо. Жаңыдан иш баштап жаткандар жылдык орточо кирешеден 30 % башталгыч салык төлөп, андан кийин ишкананын кирешесинен салык ченине ылайык 35 % төлөөсүн талап кылган жаңы мыйзам кабыл алуу сунуш кылынып жатат. Ошол эле учурда 400 000 доллардан жогору башталгыч капиталы бар ишканалар башталгыч салыктан жана башка ар кандай салыктардан алгачкы үч жыл бою бошотулат.
- Бул өлкөдө бийликте турган жана башка партияларды сындаганга укуктуусуңар, бирок негизсиз күнөөлөсөңөр, ири өлчөмдөгү жазапул (штраф) төлөп калышыңар ыктымал.

Өз тобуңарда (жоопторуңарды жазып туруучу катчыны шайлагандан кийин) буларды аткаргыла:

1. Кайсы негизги идеяларга ишенериңерди аныктагыла.
2. Бул кырдаалда силерге эмнелер жакпай турганын көрсөткүлө.
3. Альтернативдүү саясатты сунуш кылгыла.
4. Партияңарга ат койгула. (Кагаз бар болсо, плакат даярдасаңар да болот).
5. Партияңарды каттоодон өткөрүү үчүн керек боло турган юридикалык расмий документтердин тизмесин түзгүлө.
6. Лидериңерди кантип шайлоону чечип алгыла.
7. Лидериңерди шайлагыла.
8. Идеяларыңарды элге жайылтып түшүндүрүү планын түзгүлө.
9. Башка адамдарды өз партияңарга тартуу планын иштеп чыккыла.
10. Партияңар шайлоо алдында өтүүчү партиялар ортосундагы талкуу-талаштарга катышып калды дейли. Өкмөттүн мүчөсү төмөндө келтирилген сөзүн азыр эле сүйлөдү. Силер өкмөт өкүлүнүн көз карашына эмне үчүн макул эмес экендигиңерди түшүндүрүп жооп жазышыңар зарыл. Силер сындап эле тим болбой, турмушка аша турган өз альтернативаңарды сунуш кылышыңар керек. Чыгып сүйлөгөн сөзүңөр 500 сөздөн ашпоого тийиш.

**Өкмөт өкүлүнүн сөзү:**

*Ажайып өлкөбүздүн экономикалык абалын бир кыйла жакшыртат деген ой менен биз төмөнкү үч сунушту айтабыз.*

*Биринчиден, "жарандык салык" мамлекеттик каржы ишин бир топ чыңаарына ишенип коюңуздар, анткени бул салык базасын кеңейтип, казынага түшүүчү кирешени көбөйтүүнүн эң эле адилеттүү жолу. Бул өлкөбүздүн бай жарандары жаңы ишканаларды ачканга көбүрөөк акчасы болот дегенди да билдирет. Ошентип жумуш орундарынын саны да көбөйөт. Биз мындай салыкты адилеттүү деп эсептейбиз, анткени жарандардын баары мамлекеттик ресурстардан бирдей пайдалануу мүмкүндүгүнө ээ болушат да, ал үчүн бирдей акы төлөп турушат. Же силер буга макул эмессиңерби?*

*Экинчиден, өткөн шайлоо аябай чабал өкмөттүн түзүлүшүнө алып келди. Андыктан бизге добуш берүү укугун бай, байлыкты көбөйтүп жаткан адамдарга таандык кылган кыйла туруктуу демократия керек деп ойлойбуз. Биз ошондой эле демократиянын да, монархиянын да артыкчылыктарын пайдалана алабыз деп эсептейбиз. Көпчүлүк адамдар шайлоодон да, төрт жылда бир алмашылып турган саясатчылардан да тажап бүткөнүн жакшы билебиз. Өлкөгө туруктуулук керек экендиги баарыбызга белгилүү.*

*Үчүнчүдөн, жеке ишкердик жаатындагы эч кандай пайдасы жок эксперименттерди токтотуу керек деп эсептейбиз. Бизге базардагы майда-барат соода керек эмес. Бизге ири бизнес зарыл. Ошондуктан биз сунуштаган жаңы салыкты киргизсек, адамдар жаңы ачылып жаткан ири компанияларда иштей баштайт.*

*Биздин ДОС партиябыз өзүнүн бардык көз караштарын жакшы ойлонуштургандыгын мына өзүңүздөр да көрдүңүздөр, ДОСко добуш бериңиздер – ошондо келечекке ишенимдүү карайсыздар!*

*Көңүл бурганыңыздарга ыракмат, урматтуу айымдар жана мырзалар.*

11. Ар бир топ өз атынан сөз даярдашы керек.
12. Топтордун баары өз пландары менен шайлоого талапкерлерин көрсөткөндөн кийин мугалим талапкер болбогон айрым окуучулардын жардамы менен шайлоо өткөрөт.

**20–тапшырма. Ой жүгүртүү үчүн суроолор 45 мүн.**

Эки-экиден болуп, төмөндөгү суроолорго жооп тапкыла:

1. Силердин оюңарча, эмне үчүн айрым өлкөлөрдө шайланма органдарга көрсөтүлүүчү талапкерлердин билим деңгээлине квалификациялык талап коюлат да, башка өлкөлөрдө мындай талап жок?





2. Эмне үчүн шайлоо алдындагы үгүттү шайлоо күнү жүргүзүүгө тыюу салынат?
3. Силердин оюңарча, эмне үчүн жарандар добуш берүү учурунан башка шайлоо процессинин бардык этаптарын көрүп туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек?
4. Шайлоо алдындагы өнөктүктүктү каржылоого эч кандай чектөөлөр коюлбай калса, мунун эмнеси коркунучтуу?

**Добуш берүү жайын уюштуруу схемасы**




**УШК мүчөлөрүнүн добуш берүү күнүндөгү ролдору:**

А – Маркалоону (белгилөөнү) текшерүү үчүн жооптуу
Б – Шайлоочулардын тизмеси үчүн жооптуулар
В – Шайлоочуларга бюллетень берүү жана аларды маркалоо үчүн жооптуу
Г – Участкадагы тартип үчүн жооптуу
Д – УШК төрагасы жана катчысы
Ж – Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү

**Добуш берүү процессиндеги алты кадам:**

1 – Маркалоодон өткөн-өтпөгөндүгүн текшертүү
2 – Документтерин текшертүү жана тизмеге кол коюу
3 – Бюллетень алуу жана маркалоодон өтүү
4 – Кабинкада добуш берүү
5 – Бюллетенди сандыкка салуу
6 – Шайлоочунун участкадан кетиши

14-БАП

# XV бап

# Аялдар жана демократия

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

### 01-тапшырма. Терминдер жана аныктамалар 10 мүн.

Эки-экиден болуп, бул терминдерге аныктамаларды тандагыла:

| Терминдер | Аныктамалар |
|---|---|
| 1. Квота<br>2. Привилегия<br>3. Дискриминация<br>4. Стереотип<br>5. Демилге<br>6. Тең укуктуулук<br>7. Феминизм<br>8. Социалдык роддор<br>9. Гендерлик маселелер | а) Бир нерсеге карата өзгөчө артыкчылыктуу укук.<br>б) Кайсы бир маселени чечүүгө сөзсүз эле кимдир бирөөнүн уруксатын күтүп отурбай активдүү киришүү; жаңы идея же сунуш.<br>в) Мыйзам гарантиялаган орун же үлүш.<br>г) Жынысына, улутуна, тилине же тутунган динине карай кайсы бир топтогу жарандардын укуктарын чектөө.<br>д) Эскирген көз караштардын негизинде калыптанган түшүнүк.<br>е) Адамдын күндөлүк турмушта аткарган иш-милдеттери (функциялары).<br>ж) Укуктардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги.<br>з) Аял менен эркектин абалындагы, айрыкча коомдогу ордуна жана улуттук маданиятка байланышкан айырмачылыктарына тиешелүү маселелер.<br>и) Аялдар менен эркектердин тең укуктуулугу үчүн күрөшкөн кыймыл. |



### 02-тапшырма. Аялдардын өкүлдүгү 10 мүн.

Төмөнкү диаграммаларда айрым өлкөлөрдөгү аялдардын абалы жана башкарууга катышуусу жөнүндө маалымат берилген. Булардан кандай тенденцияларды байкоого болот (*тенденция* – өнүгүү, өзгөрүү багыты)? Кайсылары өтө өзгөчөлөнүп турат? Бул маселе боюнча бай өлкөлөрдүн ортосунда кандай жалпылык бар?

Шеригиңер менен ар бир диаграммага карата чакан дилбаян (100 сөз) жазгыла.

**1-график. Орточо киреше/ Аялдардын парламентке катышуусу**




**2-график. 2003-жылдын 1-октябрына карата Кыргызстандын башкаруу органдарындагы мамлекеттик кызматтарды ээлеген эркектер менен аялдардын саны (%)**
(КРнын Улуттук статистикалык комитети, 2004-ж.)






## Окуу үчүн текст

### 1.0 Аялдар жарандык коомдо жана саясатта

Дүйнөдөгү эркиндиктин абалы аялдардын коомдук жана мамлекеттик турмушка канчалык жакшы катышканына түздөн-түз байланыштуу болот деген пикирди көп адамдар айтып жүрүшөт.

Көп элдердин байыркы тарыхында мамлекетти башкарган, кол баштаган же өз мекенинин

эркиндиги үчүн күрөшкөн баатыр аялдар болгон. Кыз-келиндердин демократиялык укуктары XVIII кылымдагы Француз революциясынан тарта, атүгүл андан да мурдараак кеңейтиле баштаганын көрөбүз.

Бул мезгилге чейин аялдар юридикалык жактан аталарына же күйөөлөрүнө көз каранды болуп келген, б. а. алар менчикке ээлик кылууга же добуш берүүгө укуктуу болгон эмес.

> Улуттук маданиятты сактоо каада-салттардын баарын эч өзгөртүүсүз калтыруу дегенди билдирбейт. Коомдогу бардык дөөлеттер өнүгүп турууга тийиш. *(Ч. Айтматовдун "Новые известия" гезитине берген интервьюсунан, 2003.23.10.)*

1893-жылы Жаңы Зеландиянын аялдары шайлоого катышуу укугуна дүйнөдө биринчи болуп жетишти. 1903-жылы Улуу Британияда Аялдардын социалдык-саясий союзу түзүлдү. Бул уюм чү дегенде эле менчик объектилерди кыйратып, ушул сыяктуу жарандык баш ийбөө актыларын жасагандыктан, аялдар массалык түрдө камакка алынган. Түрмөгө түшкөндөн кийин алар ачкачылык жарыялашкан. Акыры 1918-жылы 30 жашка чыккан, ал эми дагы он жылдан кийин, 1928-жылы эркектер менен бирдей эле 21 жашка толгон аялдар шайлоого катышуу укугуна ээ болушкан. АКШда добуш берүү укугу аялдарга 1920-, Францияда 1944-, ал эми Швейцарияда 1971-жылдан баштап берилген.

1917-жылдагы Октябрь революциясынан кийин Советтик Россиянын Конституциясында аялдар эркектер менен тең укуктуу деп жарыяланып, 1918-жылдан тарта шайлоого катыша баштады.

1926-жылы шайлоодо добуш берүү укугуна Ливандагы, 1931-жылы Шри-Ланкадагы, 1932-жылы Таиланддагы, 1937-жылы Филиппиндеги, ал эми 2002-жылы Бахрейндеги аялдар жетишти. Африка өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө аялдар шайлоо укугун экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жана колониялар боштондукка чыккан жылдары алышты.

Аялдар көпчүлүк өлкөлөрдүн маданий турмушунда, айрыкча искусство жана башка тармактарда кылымдар бою активдүү катышып келсе да, саясий процесстерге катышкандан тартып гана алардын дүйнө таанымы кеңейип, кыйла таасирдүү күчкө айланышты.

Азыр көп өлкөлөрдө экономикада да, мамлекеттик органдарда да жогорку жетекчи кызматтарды ээлеген аялдарды кездештирүүгө болот. Бирок аялдар эмгек базарында дагы эле эркектерге салыштырмалуу көбүрөөк кыйынчылыктарга туш келишет: аларга аз эмгек акы төлөнөт, кадыр-барктуу жумуш берилбейт. Салттуу түрдө арзан, төмөн бааланып келген айрым кесиптер көбүнчө аялдардын энчисинде калууда. Азыркы учурда көпчүлүк өлкөлөрдө аялдар эркектер менен жок эле дегенде мыйзам жүзүндө бирдей укуктарга ээ. Алар добуш бергенге, иштегенге, менчикке ээлик кылганга жана саясий лидер болгонго акылуу. Тилекке каршы, мыйзамдарда жазылган нерселер дайым эле күндөлүк турмушта ишке аша бербейт. Кабыл алынган мыйзамдарга карабастан, бүткүл дүйнөдөгү, айрыкча демократиячыл эмес же демократия бекемделе элек өлкөлөрдөгү аялдар иш жүзүндө зордук-зомбулуктан эркин болуу, менчикке ээлик кылуу, сот адилеттигинин калыс колдоосуна жана билим алуу укуктарына ээ эмес. Ушул жана башка тоскоолдуктар болуп жатса да, аялдар жаңычылдык (новатордук) менен ишкердикти өнүктүрүүдө алдыңкы катарга чыга алышты.



> **АУН САН СУ ЧЖИ** – Мьянманын (мурунку Бирманын) саясий ишмери. Энеси элчи болуп иштеп жүргөндө Индияда билим алып, кийин Улуу Британиядагы Оксфорд университетин бүтүргөн. Бирмага кайтып келгенде Не Вин орноткон режимге кабылат да, бул өлкөдөгү адам укуктарынын бузулушун чечкиндүү түрдө айыптап чыгат. 1988-жылдын сентябрында мамлекеттик төңкөрүш жолу менен жаңы *хунта* (куралдуу күчкө таянган, залим топ) бийликти басып алгандан кийин оппозициялык Демократия үчүн улуттук лиганын (ДУЛ) лидери болду. 1990-жылдагы шайлоодо ДУЛ парламенттеги орундардын 80 %ынан ашуун бөлүгүн жеңгенде, хунта шайлоонун жыйынтыктарын эсепке албай койду. 1991-жылы Аун Сан тынчтык боюнча Нобель сыйлыгынын ээси болот, бирок бийлик башында тургандар анын бул сыйлыкты алуу үчүн чет өлкөгө барышына мүмкүндүк бербеди. Аун Сан бир нече жолу кармалып, камакка алынганда, аны эларалык коомчулуктун талабы боюнча боштондукка чыгарышкан.

## 2.0 Аялдарды саясатка тартуунун мааниси



Бардык өлкөлөрдө аялдар шайлоодо добуш берүү укугун алса да, алардын саясий жетекчилерден болушуна мүмкүндүк түзүү абдан зарыл. Канада менен Нидерландия сыяктуу айрым өлкөлөрдүн аялдары добуш берүү укугуна эчак эле жетишкендигине карабастан, алар шайланма кызматтарга талапкер

катары кийин гана көрсөтүлө баштады. Бул саясий укукка ээ болгондон кийин деле кээ бир өлкөлөрдө аялдар шайланма кызматтарга талапкер катары көрсөтүлө баштаганга чейин канча мезгил өтсө, аларды шайлоочулар шайлаганга чейин дагы ошончо убакыт керек болду.

Төмөндөгү интервьюда кайсы бир (Кыргызстандан башка) өлкөнүн парламентинин мүчө болгон аял саясатка аралашуу эмне үчүн зарыл экендигин чечмелеп, саясатчы аялдар туш келип жүргөн айрым проблемалар тууралуу сөз кылат.

**Журналист:** *Сиз өлкөбүздө аялдардын саясат менен алектениши зарыл экендигин эң сонун айтып бердиңиз. Аялзаты үйбүлөнүн куттуу очогун сакташы керек эмеспи, эми биздин ушул улуттук салтыбызга туура келбесе деле буга кеңири жол ачуу керек деген оюңузду даанараак түшүндүрсөңүз?*

**Парламент мүчөсү:** Мен адегенде илгертен келаткан салттар адатта абдан динамикалуу, башкача айтканда, дүйнө жүзүндөгү жаңылануууга жараша өркүндөп-өзгөрүп, ыңгайлашып турат дегим келет. Ырас, өлкөбүз чоң, бай. Бирок ошондой болсо да бизди курчап турган дүйнөдөгү өзгөрүүлөрдү токтотуп коё албайбыз. Бул бардык эле салттарыбыздан баш тартабыз дегенди билдирбейт. Көп экономикадагы жана жалпы эле турмуштагы өзгөрүүлөргө жараша биздин каада-салттар да жаңыланып турганында. Илгери ушундай болгон деп эле адамдардын укуктарын чектей берсек, алар ошол салттын өзүн сыйлабай калат.

Сиздин "куттуу очок" дегениңиз жакшы сөз. Үйбүлөнүн муктаждыктарын жакшыраак туюп-сезерин эске алсак, аялзаты турак-жай, саламаттыкты сактоо жана билим берүү сыяктуу тармактардагы проблемаларды мамлекеттик деңгээлде чечкенге катышуусу зарыл экендигин көрөбүз.

**Журналист:** *Демек, Сиз аялдар дал ушундай министрликтерди башкарууга тийиш деп эсептейт турбайсызбы?*

**Парламент мүчөсү:** Жок, такыр андай эмес. Аялдар эркектердей эле ар кандай министрликти жетектеп кете алат.

**Журналист:** *Бирок, мисалы, улуттук коргонуу сыяктуу маселелерде аял киши эмнени билмек эле?*

**Парламент мүчөсү:** Россияда коргоо министринин орун басары аял болгон. Кайсы бир жактарынан алганда аял киши коргоо министринин кызматына эркекке караганда ылайыктуу келет, анткени ал адатта согуштун үйбүлөгө тийгизчү кесепетин жакшыраак билет да, согушту болтурбоо үчүн бардык аракеттерин жасайт. Аскердик тажрыйбасы жетишпейт десеңиз, биздин айыл-чарба министрибиз агроном же зоотехник болгон эмес. Менимче, сиз жогорку деңгээлдеги саясатчылардын ролу тууралуу жаңылыш пикирде көрүнөсүз. Алар башкарып, жетекчилик кылышат. Эгер адистердин кеңеши зарыл болуп калса, жетекчи өз аппаратындагы кызматкерлер менен акылдашат.

Тилекке каршы, аял саясатчылардын айрымдары экономика сыяктуу тармактарда иштегенге жөндөмдүү болсо да, көп учурларда аларды "социалдык" тармактарга "түртүп салууга" аракеттенишет. Мен адамдарды кызматка жынысына эмес, шык-жөндөмүнө жана даярдыгына карап алуу керек деп эсептейм. Биз, аялзаты, өз өлкөбүздү бир чоң үйбүлөдөй элестетебиз, андыктан президенттик кызматка аял гана эң ылайыктуу десек болчудай. Бирок бул, албетте, тамаша.

Мен өзүм парламентке шайлансам да, мамлекеттик органдарда, экономикада дайындалуучу кызматтарга талапкерлерди тандоодо деле аялдарга эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүк берилишин өтө каалар элем.

**Журналист:** *Биздин өлкөнү качандыр бир кезде аял президент башкарып калышы мүмкүн деп ойлойсузбу?*

**Парламент мүчөсү:** Эмнеге болбосун? Беназир Бхутто Пакистандай мусулман өлкөсүн башкарды. Жаңы Зеландиянын премьер-министри – аял, көптөгөн министрликтерди да аялдар жетектейт. Биздеги салттар аялдарга мындай мүмкүнчүлүк бербейт деген сөздү көп угуп жүрөбүз. Бирок мен буга макул эмесмин.

Адамдар көз карашы дал келип калганды эмес, эң жөндөмдүү, бүтүндөй элдин таламдарын коргой ала турган кишини шайлоо керектигин түшүнүүгө тийиш.

**Журналист:** *Аялдар саясий турмушка катышканда кандайдыр бир кыйынчылыктарга туш келет деп эсептейсизби?*

**Парламент мүчөсү:** Ооба. Мен көбүнчө олуттуу маселелерге эмес, жыныстык айырмачылыкка байланышкан кыйынчылыктар чыгат деп эсептеймин. Анткени көп өлкөлөрдүн маданий салтында аял үйдө отурууга тийиш деп, ал өз пикирин айтканда жактырышпайт. Бирок көптүн баары ушунда гана деп ойлобойм, анткени сын таккандар өздөрү компьютерди колдонуп, кока-кола ичип, мурунку салтта болбогон көп эле нерселерди жасап жүрүшпөйбү.

Мында аялдарды жогорку кызматка койбоо керек деген эски түшүнүк дагы тоскоол болот. Башкача айтканда, жогорку даражадагы кызматтарда иштөө үчүн бирдей мүмкүнчүлүк берилген күндө дагы, аялдар бул кызматтарга тура албайт. Себеби бул маселени чечкендер тандай келгенде аялды эмес эркекти жумушка алат. Тилекке каршы, алар буга дайыма көптөгөн шылтоолорду табышат.

**Журналист:** *Кандай дейсиз, Сиз эркектердин да өкүлү боло аласызбы?*

**Парламент мүчөсү:** Албетте. Мени өзүмдүн округумдагы шайлоочулар шайлагандыгын эске албай жатасыз деп ойлойм. Жок эле дегенде алардын тең жарымы эркектер жана алар турмушта эмнелерге жетише алганымды көргөндүктөн мени колдоп добуш беришкен. Ошондуктан мен эркектердин да, аялдардын да таламдарын коргоого милдеттүүмүн. Бирок азырынча парламентте аялдар азчылыкты түзөт, андыктан бардык депутаттар, айрыкча алардын ичинен аялдар коомчулукта үнү жакшы угулбай жаткандардын позициялары туюнтулушу үчүн аракеттенүүгө тийиш.

## 3.0 Кыргызстандын экономикалык жана саясий турмушундагы аялдардын орду

Кыргызстанда ушул мезгилге чейин болуп өткөн саясий терең өзгөрүүлөрдөн улам коомдук көзөмөл жүргүзүүнүн мурдагы формалары жана каада-салттардын маани-маңызы талаштуу болуп, алардын таасири аябай начарлап кетти. Айрым учурларда эски салт-санаалар жанданып, жаңылары да пайда болду. Бул өзгөрүүлөр көбүнчө үйбүлөнүн экономикалык абалын начарлатып, аялдардын түйшүгүн оорлотту.

Экономикалык өзгөрүүлөр көптөгөн аялдарга өздөрүнүн ишкердик жөндөмүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ушунун натыйжасында көп чакан ишканалардын ээлери жана жетекчилери аялдар болуп калды. Экономикалык маалыматтарга караганда, мындай иш-аракет өлкөгө ички дүң продукциянын 1/3 ине чейинкисин алып келет. Айрым изилдөөчүлөр экономикалык кризис учурундагы шарттарга аялдар тезирээк ыңгайлашарын белгилеп жүрүшөт. Алардын жетекчилик жана менеджерлик билгичтиктери коомдогу иш-аракеттердин кыйла кеңири тармактарын жетектөөдө пайдасы тийиши мүмкүн. Аялдар өлкөнүн жогорку жетекчилигинде жана экономикалык уюмдарда өтө эле сейрек кездешет, бирок алар аз акы төлөнүүчү кызматтагылардын көпчүлүгүн түзөт.

Коомдогу көп адамдар аялдардын саясатка катышуусун жактырбайт. Дал ошол себептен саясий партиялардын көпчүлүгү гендердик маселелерди саясий утуш алып келе турган маселе катары карабайт. Ушул себептен алар муну саясий программаларына киргизишпейт жана шайлоодо талапкер же партиянын активдүү мүчөсү болууну каалаган аялдарды колдошпойт. Андан сырткары, көп учурда аялдардын саясий турмушка аралашуусуна күйөөлөрү же туугандары тарабынан, ошондой эле массалык маалымат каражаттары жана коом тарабынан колдоонун жоктугу кедерги (тоскоол) болот. Шайлоодо талапкерлерди көрсөтүү үчүн квалификациялык талаптар дагы айрым аялдардын саясий күрөшкө катышуусуна жолтоо болушу мүмкүн. Эгер декларацияга киргизүү жана талапкерлик

**Кыргызстандагы аялдар**

Албетте, айрым аялдардын жагдайы таптакыр башкача болушу да ыктымал, бирок ар башка булактардан алынган акыркы статистикалык маалыматтар өлкөдөгү аялдардын абалын, негизинен, туура эле чагылдырат.

*Биринчи жолу никеге тургандардын орточо курагы (катталбаган никелерди эсепке албаганда)*: эркектердики - 25 жаш; аялдардыкы - 21 жаш.

*Орто мектепте окуган же окуп жаткан аялдардын проценти:* 1992-жылы - 79 %; 2000-жылы - 51 %.

*Жогорку Кеңеште аялдар ээлеген орундардын проценти:* 1992 жылы - 8 %; 2000-жылы - 6,7 %; 2005-жылы - 0 %.

Эгерде эркектер менен аялдардын *кадыресе* (адаттагы) турмуш-тиричилигин салыштырсак, анда изилдөөлөр аялдар, негизинен, үй тиричилигине байланып калганын көрсөтөт. Бул кыз-келиндердин жумушка орношуу, маалыматка, тең укуктуулукка жетүү мүмкүнчүлүктөрүн чектейт. Ошол эле учурда эркектердин иш-аракеттери үйдөн сыртта болот жана алар жогорудагылардын бардыгына жетүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрү бар.

Айылдагы жана шаар жериндеги аялдардын абалдары жана экономикалык шарттары олуттуу айырмаланат. Бул аялдар үчүн айылга салыштырмалуу шаар жеринде экономикалык мүмкүнчүлүктөр кыйла кеңири экендиги менен байланышкан. Коомдогу салттуу көз караштар да бул абалга бир топ таасир этет.

Адам укуктарынын жалпы декларациясынын 21-статьясынын 1-бөлүмүндө "ар бир адам өзү жашаган мамлекетти башкарууга түздөн-түз же эркин түрдө шайлануучу өкүлдөр аркылуу катышканга укуктуу" деп жарыяланган.


Аялдар талаачылык жумушунда.

*күрөө* (залог) коюу үчүн өздөрүнүн кирешеси жок болсо, же ата-энелери кыздар үчүн зарыл эмес деп эсептегендиктен жогорку билим алышпаса, ушундай болушу мүмкүн. 2001-жылкы айыл өкмөтүнө шайлоодо талапкер катары көрсөтүлгөн 148 аялдын ичинен 35и жогоруда айтылган себептердин бири боюнча каттоодон өтө алышкан эмес.

Атүгүл аялдар шайлоого талапкер катары катталган учурларда да үйбүлөнүн атынан добуш берүү сыяктуу мыйзамсыз адаттын айынан алардын шайлануу мүмкүнчүлүгү чектелип жүрөт. Бул добуш берүү үчүн аялдардын бюллетенин үйбүлөдөгү эркектер шайлоо сандыгына салып коюшарын билдирет. Ошого карабастан аялдар шайлоодо атаандаш эркектерди жеңип чыккан учурлар кезигет.

Балким бул маселени аял талапкерлер үчүн белгилүү *квотаны* (өкүлдүктүн үлүшүн) киргизүү менен чечүүгө болор? Мисалы, Түштүк Африканын парламентиндеги орундардын 30 %ы, ал эми Пакистандын парламентиндеги орундардын 17 %ы аял талапкерлер үчүн бөлүнгөн. Аялдардын бийлик органдарында көбүрөөк орун ээлеп, шайланма кызматтарга талапкер катары көрсөтүлүп жатышынын өзү эле дурус көрүнүш. Бирок аялдар ар кандай шайлануучу кызматка эркектер менен бирдей эле атаандашууга жөндөмдүү болушу керек. Ошондо шайлоочулар аялдарга, алардын иштерине аял катары эмес, теңтайлаш жаран катары баа бермек.

**Аялдар жана Борбордук Азиядагы үрп-адаттар**

Аялдар Кыргызстандын көпчүлүк бөлүгүндө, өзгөчө айыл жеринде, көп учурда алардын укуктарын эркектерге салыштырмалуу абдан тар алкакка чектөөчү коомдук үрп-адаттарга баш ийүүгө аргасыз болушат. Жалпысынан бул чектөөлөрдү төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

Жубай тандоо. *(Никени туугандардын макулдугу боюнча кээде кыздын пикирин угуу менен, ал эми кээде укпастан эле кыйышат; ага жубай тандоого укук берилиши мүмкүн, бирок ошондо деле кызга бир топ кысым жасалат. Жалпы кысым менен кызды күйөөгө эрте чыгууга мажбурлашат, бул учурда ал окубай калышы мүмкүн).*

Коомдо үйбүлөлүү эркектердин башка аялдар менен катышуусуна жол коюлушу. Мындайда экинчи аял өзүнчө бөлөк же эркектин үйүндө жашап, ага бала төрөп бериши мүмкүн. *(Эркектердин бирден ашык аял алышы Борбордук Азиядагы өлкөлөрдө юридикалык жактан мыйзамсыз деп эсептелет).*

Үйбүлөнүн сандык курамы жөнүндө чечим кабыл алууга укукту чектөө. *(Көп учурда күйөөгө чыккан аял канча бала төрөө жөнүндөгү маселеде чечүүчү добушка ээ боло албайт. Атүгүл эненин жана үйбүлөдөгү башка балдардын ден соолугуна коркунуч келген учурда да, уул балдар көп болушу үчүн энеге төрөгөндү улантуу талабы менен кысым көрсөтүлөт).*

Үйбүлөдөгү акча иштерине толук кийлигише албоо. *(Көп учурда, атүгүл үйбүлөдөгү табышкер болсо да, акчаны сарптоого келгенде аялдардын укугу чектелип калат. Аялдардын финансы жагынан көз карандысыз болушу да кыйын, анткени үрп-адат боюнча менчик уулдарга гана мураска берилиши керек. Натыйжада мыйзам аялдарды жактаса да, алардын менчикке болгон укугун коргоо кыйынга турат).*

Жеке турмушка кол тийгистиктин чектелиши же мындай укуктун жок болушу. *(Аялдардын жүрүм-турумуна бардыгы көз салып турушат. Аялдардын эркин болушу айыпталат).*

Аялдар үй тиричилиги менен алектениши керек деген түшүнүк да үстөмдүк кылууда. Үйбүлөсүнүн кысымы менен аялдар көп учурда сырттагы ар кандай мүмкүнчүлүктөрдөн баш тартууга аргасыз болот. Көнүмүш ролунан чыгып, мүмкүнчүлүктөн пайдаланган учурда да, алардын ийгилиги же жеңилиши адатта эркек менен байланыштырылат. Анын үстүнө мындай учурда көбүнчө алардын жоопкерчилиги эркектердин милдеттерине караганда чоң болуп, салттуу милдеттери да жеңилдебей кала берет.

## 4.0 Гендерлик теңдик, экономика жана маданият

Көпчүлүк экономисттер калктын кайсы бир бөлүгү басынтылса, өлкө абдан зор зыянга учурайт деп эсептейт. Анткени эгерде өлкө өзүнүн адам ресурстарын толук өлчөмдө пайдаланбаса, анын экономикасы

конкуренцияга жөндөмсүз болушу көбүрөөк ыктымал. Бүткүл дүйнөдөгү аялдар жетишкен ийгиликтер алар бардык иштерде болбосо да, көпчүлүгүндө эркектер менен бирдей эле иштей ала тургандыгын айгинелеп турат. Демек, өлкөдөгү бардык жумушчу күчтүн жарымынын дараметтүү (потенциалдуу) билгичтиктерин пайдаланбоо абдан эле ысырапкордук болмок. Андан сырткары эгерде калктын бир бөлүгүнүн укуктарына тиешелүү көңүл бурулбаса, бул адамдар өз кадыр-баркын билбей, алардын экономикалык пайда келтирүү мүмкүнчүлүгү чектелип калат. Мындан төмөнкүдөй суроо келип чыгат: "Эски салт-санааларды сактоодо канчалык чыгымдарга жол коюуга болот?"

> **Кыргызстандагы орточо айлык акы**
>
> Аялдар – 1150 сом
> Эркектер – 1770 сом
> *(Ишканалар менен мекемелер боюнча 2002-жылы бирдей убакта жүргүзүлгөн иликтөөдөн алынды)*

> "Бийликтин тең эмес бөлүштүрүлүшү аялдар менен эркектердин ортосунда ресурстарды – убакытты, кирешени, менчикти – бирдей эмес бөлүштүрүүгө алып келет. БУУнун көп ирет эске алынып жүргөн бул статистикасы учурдагы абалды туура эле чагылдырат: "Аялдар бүткүл дүйнөдөгү жумуштардын үчтөн эки бөлүгүн аткарат, бүткүл дүйнөдөгү кирешенин ондон бир бөлүгүн иштеп табат, дүйнөнүн бардык сабатсыз калкынын үчтөн эки бөлүгүн түзөт жана дүйнөдөгү бардык менчиктин ондон бирине жетпеген бөлүгүнө ээлик кылат".
>
> *(Мусиси К. ж.б., ПРООНдун 2000-ж отчетунан)*

Көп адамдар кээ бир салттар экономикалык себептерден улам эмес, адам укуктарын сактоодогу теңдик талабына каршы келгендиги үчүн жараксыз деп табышы мүмкүн. Аялдар эркектер менен бирдей укуктан пайдаланууга тийиш. Демек алар качан бала төрөө керек, биринчи кезекте эмнеге акчаны сарптоо керек, качан жана кимге күйөөгө чыгуу керек деген сыяктуу маселелерди чечүүдө да тең укуктуу болушу зарыл. Айрым аялдардын абалын бул бир аз эле өзгөртөт, бирок эгерде ушул шарттар толук ишке ашырылса, үйбүлөдөгү жана коомдогу бийликти бөлүштүрүүдө олуттуу өзгөрүүлөр болору шексиз.

Ошондуктан ар башкача пикирдеги адамдардын жаңжалдашып калышы мүмкүн. Эгерде силер эркекти кудай артык жараткан, ал аялды башкара жүрүшү керек, бул биздин салт-санаалардан көрүнүп турат десеңер, анда мындай пикир жалпы тең укуктуулук идеясына түздөн-түз карама-каршы келет. Биз бардыгыбыз инсан катары көз караштардын кайсынысын тандоону өзүбүз чечишибиз керек. Адам укуктарынын *концепциясын* (негизги идеясын), анын ичинен аялдардын укуктарын диний жоболор менен негиздөөгө болот. Бирок буларды кандайдыр бир конкреттүү диний салт-санааларга өтө эле аралаштыра бербегенибиз оң. Бул концепция бардык жарандардын саясий теңдиги концепциясына негизделген азыркы учурдагы *либералдуу*[1] демократиялык ойлом үчүн пайдубал болуп саналат.

Айрым адамдар эгерде аялдар эркектер менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдү алса, үйбүлөлүк турмуш бузулушу же таптакыр ыдырашы мүмкүн деп тынчсызданышат. Кээ бир өлкөлөрдө жубайлар аялдын карьерасы (кызматтан кызматка көтөрүлүшү) үчүн балалуу болбоону чечишет, ал эми башка учурларда бул аялдардын күйөөлөрү үйдөгү иштердин көпчүлүгүн өздөрү жасашат да, үйбүлө сакталып калат. Толук тең укуктуулук шартында эркектер үйбүлөлүк чечимдерди кабыл алуу процессин кечеңдетүүгө көнүгүшү үчүн кыйла убакыт талап кылынары талашсыз. Анткени бул чечим эми бир тараптуу кабыл алынбайт, бирок мунун да өз артыкчылыктары бар. Аялдын укуктары корголгон учурда, анын эркек менен болгон мамилесинде чыныгы сүйүү мурдагыдан күчтүүрөөк болот, бул үйбүлөнүн калган мүчөлөрүнө да таасирин тийгизет. Бардык жагдайда бирин-бири урматтоо үйбүлөнүн мүнөзүн өзгөртүүгө тийиш. Үйбүлөлүк ынтымак ушундайча чыңдалат.

> **Ширин Эбади**
>
> Ирандагы 1979-жылкы Ислам революциясына чейин Ширин Эбади бул өлкөдө судья болуп иштеген биринчи аял эле. 1975-1979-жылдары Эбади Тегеран шаардык сотунун президенти болгон. Ислам революциясынан кийин ал кызматынан кетүүгө аргасыз болот да, ошондон бери Тегеран университетинде сабак берет.
>
> Ширин Эбади – көптөгөн укук коргоо уюмдарынын активдүү мүчөсү. Ал айрыкча качкындардын, балдардын жана аялдардын укуктарын коргоого зор салым кошкон. Ирандагы Баланын укуктарын коргоо ассоциациясынын негиздөөчүсү. Өз ынанымдарынан баш тартпагандыгы үчүн бир нече ирет темир торго камалган.
>
> 2003-жылы Ширин Эбади "Иранда демократияны өнүктүрүүгө кошкон салымы жана адам укуктарын, айрыкча балдар менен аялдардын укуктарын коргоп күрөшкөндүгү үчүн" Нобель сыйлыгын алды. Нобель комитетинин мүчөлөрү Эбади өзүнүн укук коргоочулук ишмердигинде шарияттын жоболорук колдонууга аракеттенерин, ислам менен негизги адам укуктарынын жалпылыктарын көрө билерин баса белгилешти.

Кээ бир адамдар Кыргызстандагы аялдардын абалы улуттук салт-санаага жана,

[1]*Либералдуу – саясий, экономикалык эркиндикти жактоочу.*

балким, диний көз караштарга туура келет деп талашат. Алар аялзаты өзгөрүлсө, эзелки каадаларга доо кетет дейт. Башка бирөөлөр, айрыкча аялдар, теңсиздиктен биз жабыр тартып жатканыбыз үчүн мындай үрп-адаттарды сактоо же сактабоону өзүбүз чечүүгө тийишпиз деп чыгышы мүмкүн. Бери болгондо калктын жарымы бул маданиятты эски, адилетсиз жана адамдын кадыр-баркын кемсинтет деп ойлосо, элдин жалпы маданияты үчүн мындан өткөн бүлүнтүүчү эч нерсе жок дешет. Эмнеси болсо да, биз бул маселе боюнча акыркы чындыкты эч ким айта албайт, андыктан муну кеңири коомчулук талкуулашы керек деп эсептейбиз.

**Жүктүн оорун тең бөлүштүрүү**

Окуучу эки баланын энеси, медсестра болуп иштеген 29 жаштагы Айнурадан интервью алып жатат.

Окуучу: Сиз медициналык тейлөө чөйрөсүндө качантан бери иштейсиз?

Айнура: 10 жылдай болуп калды.

Окуучу: Сиздин эки балаңыз бар экен. Жумушуңузда баарынан эмнеге көбүрөөк кызыгасыз: кызматка көтөрүлүүгөбү, айлык акыңыздын чоңойтулушунабы же чет өлкөгө барууганы? Же болбосо сиз үчүн эң башкысы үйбүлөңүзбү?

Айнура: Жок, менин жумушумда мындай мүмкүнчүлүктөр болбойт, болгон күндө деле мен, албетте, үйбүлөнү биринчи орунга коёр элем.

Окуучу: Балаңызды багып кароо үчүн узак мөөнөттүү өргүүдө (отпускада) болуп, жумушуңузга кайтып келгенде кайрадан көнүгүшө албай кыйналгандырсыз?

Айнура: Ооба, алгач жумушта да, үйдө да бир топ кыйналып жүрдүм. Адегенде күйөөм менин кайрадан жумушка чыгышыма каршы болгон эле.

Окуучу: Эмне үчүн каршы болду эле?

Айнура: Ал менин иштей алышыма көзү жеткен эмес. Же баланы жакшы бага албай, же медсестранын жумушун түзүктөп аткара албай, ортодо кыйналып каласың деген. Бирок кийинчерээк мен өзүмдүн бул кадамым туура экендигин далилдей алдым. Алган айлыгым жолума жана электр акысына араң жетсе да, мен өзүм жакшы көргөн жумушумда иштегендигим үчүн абдан зор канагат алам. Өзүмө ишенгенимден жана көңүлүм ачык жүргөнүмдөн улам балама да мээримдүү эне боло алаарыма көзүм жетет.

Окуучу: Сиздин иштеп жүргөнүңүз кыргыздардын салтындагы аял үйдө отуруш керек деген түшүнүккө каршы келбейби?

Айнура: Балдарыма ойдогудай кам көрүп, үй тиричилигине жетишип жатсам, күйөөмө да жакшы көңүл бөлө алсам, иштегенимдин эмнеси жаман? Салтка келсек, Алай ханышасы деп таанылган атактуу Курманжан датканы же Уркуя Салиеваны эстейличи. Мен буларды бекеринен айткан жокмун: экөө тең республикабыздын салтты эң эле бекем кармаган аймагы болгон түштүк тараптан! Ошентип, мен чындыгында улуулардын өрнөгүн улап жаткан чыгаармын?

## 5.0 Өзгөртүүлөрдү кантип киргизүү керек?

Эгер биз аялдардын тең укуктуулукка жетишүүсү экономикалык жана этикалык максаттарга ылайык келет деген идеяга макул болсок, анда бул максатка жетүү үчүн эмне кылуу керектигин карап көрүүгө тийишпиз.

Биринчи баштай турган нерсе – бул мыйзамдар. Чындыгында азыр Кыргызстандын мыйзамдары аялдардын укуктарын коргоону бир топ деңгээлде камсыз кыла баштады.

**Кыргыз Республикасынын Конституциясы эркектерге жана аялдарга бирдей укук берет**

1996-жылы Кыргызстан аялдардын укуктары жөнүндөгү эларалык конвенцияларды ратификациялаган. Бул конвенциялар аялдарды басмырлоого жана аларга күч колдонууга тыюу салат, алардын саясий укуктарын коргойт жана никеге турууга макулдук алуу, нике курагы, никени каттоо жана энеге зарыл болгон атайын коргоо чараларынын стандарттарын аныктайт.

Колдонулуп жаткан мыйзамдар аялдарды коргойт жана аларга көптөгөн жагдайларда тең укук берет, мисалы, мурас укугун жана менчик укугун коргойт, көп аял алуучулукка, аялга карата күч колдонууга жана бүтүндөй үйбүлөнүн атынан добуш берүүгө тыюу салат.

Ошондуктан мыйзамдарга кандайдыр бир өзгөртүү киргизүүдөн мурда, колдонулуп жаткан мыйзамдардын реалдуу аткарылышын камсыз кылуу абдан зарыл. Мыйзамдар кубаттуу курал болгону менен, эгерде коомдогу көз караштар жана ишенимдер шайкеш келбесе, алар абдан күчсүз болуп калышы

мүмкүн. Эреже катары, адамдын укуктарын бузуу аларды билбегендиктен келип чыгат. Демек, билим берүү аркылуу адамдардын мамилелерине жана кылык-жоруктарына таасир тийгизүүгө болот. Бирок коом бир эле түндө өзүнөн өзү жаңыланып калбай тургандыгын унутпагыла. Бул силердин ар бириңер жеке өзүңөрчө күрөшүүңөр керек дегенди билдирбейт: аялдардын тең укуктуулукка умтулуусун колдогон жана түрдүү органдарда аялдардын өкүлдөрү болушун жактаган коомдук уюмдар бар. Кыргызстандын Өкмөтү улуттук гендер саясатын жүзөгө ашыруу үчүн “Аялзат” программасынын алкагында атайын каражат бөлгөн.

Бирок акыр аягында коомдогу көрүнүштөргө карата өз мамилесин жарандар өздөрү кайрадан ойлонуштуруп, өзгөртсө гана көңүлдөгүдөй жаңылыктар ишке ашуусу мүмкүн.

**Сакин Бегматова**

Ал 1921-жылы Аламүдүн районундагы Койташ айылында туулган. 1938-жылы 17 жаштагы бул студент кыз республикалык радиодо иштеген алгачкы аял диктор болгон. Республиканын ошол кездеги эн жогорку сыйлыгы - Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 40-жылдардын башында ал Одессадан Фрунзеге эвакуацияланып келген жип, аркан, ж.б. жасоочу фабриканын директору болуп дайындалган.

1952-жылдан 1961-жылга чейин Сакин Бегматова республиканын финансы министринин орун басары болуп иштейт. Андан соң Кыргыз ССРинин Министрлер советинин төрагасынын орун басары болуп бекитилет. Бул кызматта Бегматова 19 жыл иштеп, республиканын тышкы иштер министринин милдетин да айкалыштырып аткарат. 1969-жылы БУУнун XXIV Генералдык Ассамблеясына советтик делегацияны баштап барган.

Сакин Бегматова чет өлкөлөр менен маданий байланыштарды бекемдөөгө чоң салым кошкон.

Таңкаларлыктай тагдыр күткөн бул аял өзүнүн бүт өмүрүн жана ишмердигин Кыргызстандын экономикасы менен маданиятын өнүктүрүүгө арнады.

## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

**03-тапшырма. Силер кимдерди билесиңер? 15 мүн.**

Үч-төрттөн болуп, Кыргызстандагы белгилүү аялдар жөнүндө таблицада көрсөтүлбөй калган маалыматтарды толуктап жазгыла. Силер өз коомдоштугуңардагы эл сыймыктанган (же кеңири белгилүү) аялдардын аттарын кошсоңор да болот.

| Аты-жөнү | Ал ким? | Кайсы мезгилде? |
|---|---|---|
| *1. Курманжан датка* | | *XIX к.* |
| *2. Бүбүсара Бейшеналиева* | | *1960-жылдар* |
| *3. Светлана Токомбаева* | *акын* | |
| *4. Лидия Ильина* | | *1960-жылдар* |
| *5. Ольга Мануйлова* | *скульптор* | |
| *6.* | | |
| *7.* | | |
| *8.* | | |


*Таттыбүбү Турсунбаева*

**04-тапшырма. Силердин оюңар кандай? 30 мүн.**

Төмөндө эмне үчүн аялдардын саясий процесске катышуусу зарыл деген суроого ар түрдүү жооптор берилди. Шеригиңер менен бул пикирлерди туура же туура эмес деп баалагыла.

| Божомол пикирлер | Туура же туура эмес |
|---|---|
| 1. Аялдар эркектерге караганда кыйла логикалуу ойлонушат, туура тандай билишет. Алардан мыкты жетекчилер чыгат. | |
| 2. Аялдар үйбүлөгө жакыныраак, андыктан алар согуш чыгарууга кызыккан өкмөттү колдобойт. | |
| 3. Аялдар эркектерге караганда акчаны жакшы иштетишет, ошондуктан алар өлкөнүн экономикасын жакшы башкара алышат. | |
| 4. Аялдар интеллект жагынан эркектер менен бирдей, демек саясий туура чечим чыгара алышат. | |
| 5. Аялдар абдан эмоциялуу келишет, а бизге дал ушундай лидерлер керек. | |
| 6. Добуш берүүчүлөр канчалык көп болсо, начар өкмөт шайланышынын ыктымалдыгы ошончолук азаят. Ошентип, аялдар шайлоого катышса, мындай ыктымалдык эки эсе аз болушу мүмкүн. | |
| 7. Аялдын укуктары эркек менен бирдей болууга тийиш. Эркектер добуш берсе, аялдардын да ушундай укугу болушу керек. | |
| 8. Аялдарды саясий процесске катыштырбай койгондо өлкөнүн гүлдөп өнүгүүсү үчүн калктын 50 %дай бөлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрү пайдаланылбай калат. | |
| 9. Аялдар алда канча сулуу, андыктан теле жаңылыктарда аял жетекчилерди көргөн жагымдуу да, кызык да болот. | |
| 10. Аялдар саясий процесске катышканда турмуштун бардык чөйрөлөрүнө таасир этип, өздөрү менен үйбүлөлөрүнүн укуктарын да жакшыраак коргой алышат. | |
| 11. Бизге аялдардын саясатка аралашканы керек, анткени алар башка аялдардын укуктарын коргоодо эркектерге караганда жакшы өкүл боло алышат. | |
| 12. Аялдар үйбүлөнү абдан жакшы билишет, ошон үчүн бизде саламаттыкты сактоо, билим берүү тармактарын аялдар жетектегени оң. Коргонуу, өнөр жай сыяктуу тармактардын министрлери эркектерден болгону оң. | |
| 13. Аялдар элди башкара аларын тарыхтан билебиз. Эркектер азыр аялдарга ушундай мүмкүндүк берсе болот. | |
| 14. Аялдар керели кечке тынбай сүйлөй беришет, саясаттын маңызы деле ушул эмеспи. | |

**05-тапшырма. Кыргызстандагы аялдардын демократиялык укуктары 15 мүн.**

Шеригиңер менен Кыргыз Республикасынын Конституциясын карап чыккыла да, Кыргызстандагы аялдардын саясий укуктарын санап көрсөткүлө.

**06-тапшырма. Эгерде...? 15 мүн.**

Шеригиңер менен аялдар саясий процесстерге аралашпай калганы кандай натыйжаларга алып келиши мүмкүн экендигин көрсөткүлө.

**07-тапшырма. Ал лидерби? 25 мүн.**

Чолпон – төрт баланын энеси. Эң улуусу 12, ал эми кенжеси 2 жашта. Балдардын атасы Искендер башка өлкөгө акча иштеп тапканы кеткен. Чолпон лидер боло алабы? Эгер болсо, ал ушундай жагдайда кандай лидерлик көндүмдү өнүктүрө алат? Бул маселени шеригиңер менен талкуулагыла жана пикириңерди класста талкуулаганга даярдангыла.

**Дүйнөдөгү алгачкы элчи аял**



Александра Михайловна Коллонтай генерал Домонтовичтин үйбүлөсүндө туулган. Ал үйдө эле окуйт, бирок жетилүү аттестатын алуу үчүн экзаменди Петербургдагы эркектер гимназиясында көптөгөн башка гимназисттерге салыштырмалуу жакшы тапшырат. Революциялык кыймылга активдүү катышкан. 1923-жылдан баштап ал СССРдин Норвегиядагы, 1926-жылдан кийин Мексикадагы соода өкүлү болуп иштеген. Дипломатиялык мыкты жөндөмү бар Анна Михайловна 1927-жылдан тартып СССРдин Норвегиядагы, ал эми 1930-1945-жылдары Швециядагы өкүлү, анан элчиси болгон. Ысымы уламышка айланган Александра Коллонтайды советтик Россиянын эң сырдуу аялдарынын бири деп аташат.

15-бап

### 08-тапшырма. Өкүлдүк квоталары 15 мүн.

Нур өлкөсүндөгү бийликтин шайланма органдарында 10 % гана аялдар иштейт. Парламент кабыл алуу үчүн карап жаткан жаңы мыйзамда партиялардан көрсөтүүлүчү талапкерлердин жок дегенде 50 %ы аялдар болууга тийиш деп жазылган. Нур мамлекетинин мектептеринде кыздарга 12 жашка чейин, ал эми балдарга 18 жашка чейин милдеттүү жана акысыз билим берилет.

Айрымдар жаңы мыйзам биздин каалагандай адамды талапкер кылып көрсөтүүгө болгон укугубузду бузат дешет. Башкалары болсо мындай мыйзам кээ бир мамлекеттерде жок, бизге да керек эмес, ансыз деле бийлик органдарынын шайланма кызматтарында аялдардын катышы чоң эле процентти түзүп турбайбы дешет.

1. Бул идея тууралуу силердин оюнар кандай? Шеригинер менен муну жактаган же жаратпаган жүйөлөрдү (далилдери менен) санап чыккыла.
2. Башка кандай жолду сунуш кыла аласынар?

### 09-тапшырма. Кандай ыкма жана билим зарыл? 25 мүн.

Билимине жана тарбиясына жараша аялдар мамлекеттик проблемаларды чечүүгө ар кандай деңгээлде даяр болушат. Атайын диплому жок, мамлекеттик кызматтарга аралашпай жүрсө деле, ар бир аялдын коомдук өнүгүүгө кандайдыр бир салым кошуу үчүн шык-жөндөмү болот.

Үч-төрттөн болуп, төмөнкүлөрдү жасагыла:

1. Мамлекеттик комитет эненерден кеңеш сурады деп элестеткиле. Алар кандай маселелер боюнча пайдалуу маалымат бериши мүмкүн экенин жазгыла (төмөнкү мисалдарды карагыла).
   Мисалы:
   - Айылдагы дарыгын баасы.
   - Кандай жашылчаларды өстүрүү керек.
2. Эмне үчүн бул маселелер жалпы улуттук (бүткүл өлкөлүк) мааниге ээ болушу мүмкүн экендигин жазгыла.
3. Аялдар менен эркектер ар түрдүү караган маселелер болот. Эң жакшы натыйжаларга жетишүү үчүн кайсы маселелерди чечүүгө аялдарды сөзсүз түрдө катыштыруу зарыл?

### 10-тапшырма. Тоскоолдуктар 30 мүн.

Класска силердин жерде лидер болуп эсептелген аялды чакыргыла, же андан интервью алгыла. Жогорку Кеңештин депутатынан баштап кандайдыр бир айылдагы уюмдун жетекчисине чейинки каалагандай кызматта турган же ишкер аялды чакырсанар болот.

Төмөнкү суроолорду бергиле (силер өз суроолорунарды кошсонор да болот):

1. Сиз кандай кызматта иштейсиз?
2. Сиз азыркы кызматыңызга кандайча келгенсиз?
3. Сиздин чечимиңиз башка адамдарга кандай таасир этет?
4. Сиздин оюңузча, жакшы жетекчи болуш үчүн эмне кылуу керек?
5. Сиз кандай маселелер боюнча иш жүргүзөсүз?
6. Эркек лидерлерге салыштырганда аял лидерлер кандай кыйынчылыктарга көп туш келет?
7. Сизге жетекчи катары кандай турмуштук тажрыйба жардам берди?
8. Сиз үйдөгү иштериңизди да, жарандык милдеттериңизди да аткарганга кантип жетишесиз?
9. Ушул иштерди жасоого Сиздин күйөөңүз кандай жардам берет?

Ушул лидер жөнүндө 300 сөздөн турган дилбаян жазгыла.

### 11-тапшырма. Силердин кезек 25 мүн.

Шеригинер менен төмөнкүлөргө көмөктөшүү үчүн эмне жасай ала турганыңарды талкуулагыла:

1) силердин жердеги аял-лидерлерге;
2) силердин жердеги аялдардын демократиялык укуктарын өнүктүрүүгө.





### 12-тапшырма. Билл Сыдыкова 15 мүн.

Компьютердик программаларды иштеп чыгуу менен байыган америкалык миллиардер Билл Гейтс Кыргызстанда төрөлгөн деп элестеткиле. Бул – Кызылсуу айылындагы Чынара Сыдыкова. Билл Гейтс жеткен ийгиликтерге жетиш үчүн Чынарага кандай тоскоолдуктарды жеңүүгө туура келет?

**Кыргыз Республикасындагы менчик ишканалары, дыйкан (фермер) чарбалары бар эркектердин жана аялдардын катышы**

Аялдар - 8108 (17,7%)

Эркектер - 37602 (82,3%)

Менчик ишканалардын ээлери негизинен - эркектер, бул экономикалык ресурстарды пайдалануу жана көзөмөлдөө жагынан гендерлик теңсиздикти чагылдырып турат.

*(Улуттук статистикалык комитеттин 2001-жылдагы маалыматы боюнча)*

Төмөндөгү таблицаны өзүңөрдүн дептерге көчүрүп сызгыла (силерге саптар көбүрөөк керек болушу да мүмкүн). Шеригиңер менен бул тоскоолдуктарды санагыла жана андан кийин аларды маанилүүлүк даражасы боюнча жайгаштыргыла. Таблицада алгачкы эки тоскоолдук аталган. Биринчиси эң маанилүү эмес.

Тизме менен иштеп бүткөндөн кийин Чынаранын ийгиликке жетиши үчүн кандай жардам берсе боло тургандыгы жөнүндө ойлонгула. Айрым пункттар боюнча эч нерсе колдон келбеси түшүнүктүү.

| Маанилүүлүк даражасы | Ийгиликке жетүү жолундагы тоскоолдуктар | Кандай жардам берүү керек? |
|---|---|---|
| | *АКШнын чегинен сыртта төрөлгөн.* | |
| | *Англисче сүйлөй албайт.* | *Англис тилин үйрөтүү керек.* |
| | | |
| | | |
| | | |

### 13-тапшырма. Аялдар лидерлиги 20 мүн.

Дептериңерге таблица чийгиле (төмөндө берилгендин дал өзүндөй). Андан кийин, 4-5тен болуп, силердин жердеги жетекчилик орунду аялдар ээлеген бардык мекемелерди жазгыла. Биринчи мисал үлгү катары берилген.

| Аты | Мекеме | Кызматы |
|---|---|---|
| *1. Рая Кадырова* | *«Эларалык толеранттуулук үчүн» коомдук фонду* | *Президент* |
| *2.* | | |
| *3.* | | |
| *4.* | | |
| *5.* | | |
| *6.* | | |

### 14-тапшырма. Үч маселе 15 мүн.

Үч-төрттөн болуп, төмөндөгү суроолорду талкуулагыла да, жоопторуңарды жактаганга даярдангыла.

1. Эркек адам эски үрп-адаттардан, өзүнүн жаңылыш пикирлеринен баш тартып, аялынын ийгиликтүү иштешине жол коё алабы? Өзүнө караганда чоңураак ийгиликтерге жетишсе, куру намыска жеңдирип басынбай, аялы жана кыздары менен сыймыктана алабы?
2. Улгайган аялдар салтка туура келбейт деп эсептелиши мүмкүн болгон, бирок ыңгайын тапса өздөрү деле жасоодон баш тартпай турган иштерге кыздарынын жана сиңдилеринин барышына жол коё алабы?
3. Ата-энелер уулдарынын үй тиричилигиндеги түйшүктөрдү көбүрөөк аткарышын колдошу мүмкүнбү? Алар кыздарынын чечим кабыл алуудагы талкууга катышканын туура деп табабы?

### 15-тапшырма. Келин болу жакшыбы? 10 мүн.

Үч-төрттөн болуп, Жамийла аттуу кыз туш келген кырдаалдын оң-терс жактарын талкуулагыла. Жообуңарды далилдөөгө даярдангыла.

*"Шаарда туулуп өскөн Жамийла алыскы айылдан келген, үйбүлөсүндөгү эң кичүү, алтынчы уул болгон Эркинге турмушка чыгууну каалайт".*

**Жамал Ташибекова**

Москвадагы жеңил өнөр жай технологиялык институтун бүтүргөн. Эмгек жолун Бишкекте "Октябрдын 40 жылдыгы" тигүүчүлүк фабрикасында цехтин бригадири болуп иштөө менен баштап, кийинчерээк "Киргизия" фирмасынын башкы инженери, директору болот. 1980-жылы ал Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин төрагасынын орун басары, тышкы иштер министри болуп дайындалат жана республикадагы Аялдар советинин төрайымы, Советтик аялдар комитетинин мүчөсү болуп шайланат. Бул жылдар аралыгында ал саламаттыкты сактоо менен билим берүүнү, илимди, маданиятты жана спортту өнүктүрүү үчүн көп иштерди жасаган. Эне менен баланы коргоо ишине, көп балалуу жана жалгыз аялдардын, баатыр энелердин жана пенсионерлердин абалын жакшыртууга абдан зор салым кошкон.

1986-жылдан бери Жамал Ташибекова Чет өлкөлөр менен достук жана кызматташтык коомдорунун Кыргызстандагы союзунун президенти болуп иштеп келе жатат. Элдер достугун жана өлкөлөр ортосундагы кызматташтыкты бекемдөөгө кошкон салымы үчүн Кыргыз Республикасынын атайын жана ыйгарымдуу элчиси даражасына ээ болгон. 1998-жылы Бишкекте Кыргызстандын Аялдар уюмдарынын федерациясы түзүлгөндө, анын төрайымы болуп Ташибекова шайланган.

**Курманжан датка**



Курманжан Датка, Курманжан Маматбай кызы (1811 - 1907-жж) - алайлык кыргыздардын башкаруучусу. «Алай ханышасы» деген ат менен белгилүү. Оштун аймагын жердеген мунгуш уруусунун баргы уругунан чыккан. Кудалап барган биринчи күйөөсүн чанып, атасынын төрүндө үч жыл отурган. 1832-жылы Алайды башкарган Алымбек датканы жактырып, ага турмушка чыккан. Аны менен 29 жыл бирге жашап, анын акылдашы, көмөкчүсү болгон, 5 бала төрөгөн. 1862-жылы күйөөсүн Кокон ханынын сарайындагы козголоңчулар өлтүргөндөн кийин Алайды башкарууну Курманжан өз колуна алат. 1864-жылы Бухара эмири ага Датка деген мансап наамын ыйгарган. Даанышман аял кыргыз урууларынын ички чыр-чатактарын басып турууга өз үлүшүн кошкон. Алардын биримдиги аркылуу Кокон хандыгына көз каранды болбоого умтулган. Мындай аракет орус аскерлери Фергана аймагына кирип келгенде да байкалган. Курманжан датканын балдары Россиянын букаралыгына өтүүдөн баш тартып, Кашкар тарапка көчүп кеткен. Бирок саясий кырдаалды түшүнгөндүктөн, 1876-жылы алайлык кыргыздардын Россияга кошулгандыгын билдирген. Падышачылык бийлик Курманжанга полковник чинин берген. 1881-жылы Россия императору Курманжанга жылына бир берилүүчү 300 рубль пенсия чектеген. 1902-жылы Ак падыша даткага бриллиант менен кооздолгон алтын чынжырлуу алтын саатты белекке берген.

*(Кыргызстан тарыхы (Эн байыркы доордон азыркы мезгилге чейин), Бишкек 2003-ж., Ө.Ж.Осмонов, А.А.Асанканов)*





# XVI бап

# Жарандык коом

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

### 01-тапшырма. Терминдер жана аныктамалар 5 мүн.

Эки-экиден болуп, терминдерге аныктамаларды тандагыла.

| Термин | Аныктама |
|---|---|
| 1. Жалпы жыргалчылык | а) Жарандардын жана уюмдардын салык төлөбөй эле айрым бир муктаждыктарга акча иштетүүсүнө мүмкүнчүлүк берген юридикалык нормалар. |
| 2. Салыктан бошотуу | б) Башка адамдар үчүн өз кызыкчылыктарынан баш тартуу. |
| 3. Таламдаш топ | в) Бир дагы дин өзгөчө статуска ээ болбогон, бардык диндер бирдей каралуучу, динден бөлөк турган мамлекет. |
| 4. Альтруизм | г) Айрым адамдарга эле эмес, бүтүндөй коомго пайдасы бар максаттар тууралуу идея. |
| 5. Дүнүйөчүл мамлекет | д) Жалпы максатты көздөп, коомдук саясатка таасир этүүгө аракеттенген адамдардын уюмдашкан тобу. |

## Окуу үчүн текст

Көп өлкөлөрдөгү адамдар кандайдыр бир маселелерди чечүү зарыл болуп калганда, өкмөттүн жардамын күтүп отура бербестен өздөрү чогуу аракеттенүүгө тийиш экендигин жакшы түшүнүшөт. Демилгени колго алуу менен алар жарандык коомдун турмушуна активдүү катышат. Демократиянын ургаалдуу өнүгүшү жана иштеп кетиши үчүн эң эле зарыл факторлордун бири – бул жарандык коомдун активдүүлүгү.

Бул бапта биз төмөндөгүлөрдү карап чыгабыз:

а) жарандык коомдун аныктамасы;
б) жарандык коом жана коомдук бирикмелер;
в) жарандык коомдун элементтери.

**"Жалпы жыргалчылык" деген эмне?**

Биздин иш-аракеттерибиз баарыбызга, же эч болбосо элдин көпчүлүгүнө пайда келтирсе, "жалпы жыргалчылыкка" кызмат кылып жатабыз десек болот. Мисалы, көчөдө ар бир адам акыр-чикирди туш келди ыргытпай, урнага салып жүрсө, мунун пайдасын баарыбыз көрмөкпүз, анткени айлана-чөйрөдө тазалык, тыкандык болгону элдин бардыгына жагат эмеспи.

"Жалпы жыргалчылык" үчүн эмгектенүү - бул өзүңдү эле эмес, башка адамдардын дагы кызыкчылыктарын ойлой жүрүү. Биздин таламдарыбыз сөзсүз эле башкалардын кызыкчылыктарына карама-каршы келе бербейт. Тескерисинче, демейде жакын арадагы адамдар бактылуу, бай жашаса, биз үчүн дагы жакшы, анткени мындайда бүткүл өлкө гүлдөп өнүгөт.

Кээде элдин камын көрүп жатам деген адамдар чындыгында өздөрү коом үчүн абдан жакшы болот деп ойлогон нерсени башкаларга таңуулап, алардын атынан чечим чыгарууга умтулушат. Алар коомго пайда келтиребиз деп чын ыкластан ойлосо да, иш жүзүндө жаңылышы ыктымал. Чындап келгенде ар бир адам өзүнө жакканын тандайт, өзү каалаган чечимге келет.

### 1.0 Жарандык коомдун аныктамасы

Туулгандан тартып эле силер жарандык коомдун мүчөсү болосуңар. Демек, кичинекей бөбөктөн президентке чейин бардык адамдар жарандар деп таанылат.

Азыркы учурда жарандык коом дегенде көбүнчө үйбүлө менен мамлекеттин ортосунда турган

кабыл алына турган мыйзамдардын мазмунуна атайын таасир этүү үчүн түзүлүүчү лоббилөө топторунан айырмаланып, БӨУ өздөрү чечмекчи болгон проблемаларды коомчулукка тааныштырат жана бул багытта коомдук *акцияларды*[1] өткөрүп турат. Буга спорт клубдарын, согуш ардагерлеринин же пенсионерлердин же жесирлердин ассоциациясы мисал болот. Кээ бир БӨУлар өздөрүнүн мүчөлөрүнө гана жардамдашат, бирок башкаларга көмөк көрсөтө тургандары да бар, мисалы, жетимдерге кайрылышкандар. БӨУ мүчөлөрү дайыма болбосо да көп учурларда ыктыярдуу иштерди жүргүзүшөт. Уюмдун мүчөлөрү менен анын акы алып иштеген кызматкерлерин чаташтырбоо керек. Уюмдардын көп мүчөлөрү болот, бирок чындыгында алар ошол уюмдардын кызматкерлери деп эсептелбейт. Бирок уюмга мүчө адам акы төлөнүүчү жумушту да аткарышы мүмкүн.

**IFES дүйнө жүзүндөгү жарандык коомдун бөлүгү катары**

IFES демократиялык процесстерди өнүктүрүү жаатында ар кайсы мамлекеттердин өкмөттөрү менен иштешип жатса да, муну мамлекеттик же мамлекетке көз каранды ишмердик дегенге болбойт. Эң оболу мында өз өлкөнөрдүн жарандык коомунун мүчөсү болгон силердей адамдарга көңүл бурулат.

IFES – бул эларалык коммерциялык эмес бейөкмөт уюм. Ал ар кайсы мамлекеттерден жана башка булактардан каржылык (финансылык) жардам алып, көп өлкөлөрдө иш жүргүзөт. Түшкөн каражат дээрлик дайыма акысыз таратылуучу жабдуулар менен материалдарды сатып алууга жумшалат. Ошондой эле иштегендердин эмгек акысын төлөөгө да акча ажыратылат, анткени IFESтин адистери толук жумуш күн менен иштейт. Бул ишке ыктыярдуулар (волонтёрлор) да тартылган. Эларалык IFES уюмунун кожоюну жок, бул уюм киреше да албайт.

***2) Коммерциялык уюмдар же компаниялар:*** өз кызыкчылыктарын көздөгөн топтор. Мындай уюмдардын башкы максаты – мүмкүн болушунча көбүрөөк пайда табуу. Ырас, атаандаштарын айтпаганда, бул сөзсүз эле алар бөлөк адамдардын таламдарына каршы иш кылат дегенди билдирбейт. Чындыгында жеке компаниялар өндүрүштү жүргүзөт, товар жеткирет, ошентип адамдарды жумуш менен да камсыздайт. Башка бирикмелер сыяктуу эле булар дагы өз кызыкчылыктарын демейдеги ыкма менен, мисалы, саясий партиялар жана массалык маалымат каражаттары аркылуу туюнта алышат.

Жеке фирмалар менен компаниялар жарандык коомдун бир бөлүгү болуп саналат. Андыктан товар жеткиргенде же тейлөө кызматын көрсөткөндө алар өздөрүнө эле эмес, башка адамдарга да пайда келтирет. Адамдар бул процесстерге түздөн-түз катышып, ал эми компаниялар зарыл нерселерди сырттан башка бирөөлөрдү кийлигиштирбей эле жеткирип турат. Көбүнчө мамлекеттик органдар кийлигишпеген же аралашпаган ишкер бүтүмдөр кыйла натыйжалуу болот. (Эгер товардын же тейлөөнүн сапаты начар болсо, мамлекет демейде керектөөчүлөрдүн таламын коргойт).

Дал ушул себептен улам жарандарынын экономикалык турмушуна мамлекет аз кийлигишкен өлкөлөр адатта гүлдөп өнүгүшөт.

Мамлекет да бизнес ишканаларга ээлик кылат, бул дагы жалпы жыргалчылык үчүн жакшы. Бирок муну биз жарандык коомдун ишинен айырмалай билүүгө тийишпиз.

***3) Лоббилөө топтору:*** өлкөдөгү мыйзамдардын кабыл алынышына өз мүчөлөрүнүн атынан таасир этүү максатында атайын түзүлө турган таламдаш топтор. Лоббилөө топторунун башка таламдаш топтордон олуттуу айырмасы – булар көбүнчө жеке компаниялардын же кесиптик уюмдардын атынан чыгышат да, өз мүчөлөрүнүн таламдарына туура келгендей кылып өлкөнүн мыйзамдарын өзгөртүүгө далалат кылышат. Мындай топтор, айрыкча акчага байланышкан кызыкчылыктарды коргогондо, саясий процесстерге абдан зор таасир тийгизиши мүмкүн. Лоббилөө топтору саясий партиялардын жана алардын шайлоодо көрсөткөн талапкерлеринин фонддоруна акчалай салым кошо алышат. Мисалы, өкмөттүн пенсияны жогорулатуусуна жетишүү үчүн бириккен кары адамдардын лоббилөө тобу болушу мүмкүн.

Көпчүлүк өлкөлөрдүн мыйзамдарында саясий өнөктүктөргө кошула турган бардык акчалай салымдар тууралуу жарыя айтылышы талап кылынат. Бул кайсы бир мыйзамчы кандайдыр бир кызыкчылыктары бар адамдардын тобунан ири суммада акча алганда келип чыга турган проблеманы коомчулукка билдирүү үчүн зарыл чара. Эгер мыйзам чегинде жасалса, саясий партиялардын чоң акча алышы айыпталбайт. Мындай иш-аракеттерди массалык маалымат каражаттары менен эл көрүп-билип турса, экономикалык зор күч-кубаты бар адамдардын тескери таасирине бөгөт коюу үчүн өбөлгө түзүлөт.

**Таламдаш топтордун функциялары**

Нормалдуу коомдо таламдаш топтор, алардын ичинен лоббилөө топтору бар болушу керек. Айрыкча өкмөт өз дарегине сын айтылышына жол койбогон мезгилде бул өтө зарыл. Демократиячыл коомдун өзөк элементи – бул таламдаш топтордун демилгеси менен эл алдына чыгып жүргүзүлө турган ачык сүйлөшүү. Себеби алар:

[1]***Акция*** *– 1) капиталга кошкон үлүшү бар экендигин күбөлөндүргөн баалуу кагаз; 2) коомдук иш-чара.*





- Элдин өкүлдөрү катары мамлекеттик органдарга чыгат, аларга элдин мүдөөсүн (каалоосун), жашоо абалын билдирет, колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайт.
- Коомчулукту тарбиялайт. Таламдаш топтор коомчулуктун колдоосуна муктаж болгондуктан, өздөрү козгогон маселелерди шайлоочулар да, мамлекеттик кызматкерлер да, шайланма органдардын депутаттары да жакшы түшүнсүн үчүн көп аракет жасайт.
- Адамдарды саясий ишмердикке катыштырып үйрөтөт. Кээде адамдар саясий партияларга мүчө болгусу, кайсы бир органга шайлангысы келбейт. Алар таламдаш топтордун ишине катышса, саясий турмушка өз салымдарын кошуп, бул жагынан тажрыйба топтой алат.
- Коомду өнүктүрүү максатында мамлекеттик аппарат жана саясий ишмерлер менен биргелешип иштешет.
- Көбүнчө саясий партиялардын карашы зарыл болгон маселелердин тематикасын сунуш кылат. Саясий ишмерлер жарандардын ой-пикирлерин уга билүүгө тийиш, андыктан таламдаш топтор жарандар менен алардын өкмөттүк органдарга шайлап жаткан өкүлдөрүн сүйлөштүрө алат.
- Мамлекеттик органдардын ишине көз салат. Демократиялык процесстин маанилүү өзгөчөлүгү – мында мамлекеттик органдар коомчулуктун көзөмөлүндө болот. Таламдаш топтор, мисалы, өкмөт мыйзамдарды турмушка ашыруу үчүн эмне кылып, салык төлөөчүлөрдүн акчасын кандай сарптап жатканын көзөмөлдөй алат.

**IFESтин кызматкерлери "Peace Building Group" (Тынчтык орнотуу тобу) коомдук фондунун аткаруу директору Индира Саткыналиевна Раимбердиевадан интервью алган.**

*– Эмне үчүн Сиз чыр-чатактарды жөнгө салуу маселесине кызыгып калдыңыз?*

– Кыргыз-Россия (Славян) университетинин эларалык мамилелер факультетин "саясат таануу" багыты боюнча бүтүргөнмүн. Экинчи курстан тартып эле ар түрдүү конфликттерге, айрыкча улуттар аралык жана диндер аралык чыр-чатактардын себептерине кызыга баштадым. Таанымал психологдордун бири Ж. Бугенталь мындай деген экен: "Конфликт – бул биздин жашоодогу табигый көрүнүш. Муну биз күндөлүк турмушубузда дайыма байкап жүрөбүз. Конфликтке кандай мамиле кылганыбызга жараша биз өзүбүздүн кандай жашап жаткандыгыбызды туюнтабыз". Дипломдук ишим Тажикстандагы конфликтке арналган эле. Ошондон бери менин кесиптик ишмердигим биздин көп улуттуу өлкөбүз кабылып жүргөн конфликттерди жөнгө салуу менен байланышып келет.

*– Бейөкмөт уюмдар тармагында иштешиңизге эмне түрткү болду?*

– Кыргызстандагы ар түрдүү улуттар жана диндер ортосунда ынтымакты сактоо – бул мамлекет менен бейөкмөт уюмдардын биргелешип аткара турган милдети. Бейөкмөт уюмдар тармагында иштегениме беш жылдан ашуун убакыт болду. Эки жылга жакын "Эларалык толеранттуулук үчүн" коомдук фондунун программалык директору катары тажик-кыргыз чегарасына жакын жашаган коомдоштуктар менен иш жүргүздүм. Ал эми "Тынчтык орнотуу тобу" дээрлик үч жыл бою кыргыз-өзбек чегарасында иштеп жатат. Анын негизги милдети – жергиликтүү коомдоштуктарды саясий жактан өнүктүрүү, ошондой эле конфликттердин алдын алуу жана тынч жол менен жөнгө салуу. Мындан тышкары жакынкы мезгилде биздин уюм жаштардын маселелерин да колго алмакчы.

*– Үйбүлөлүү экенсиз. Коомдук ишмердик менен үй тиричилигин айкалыштыруу сиз үчүн оорлук кылбайбы?*

– Ишкер аялдар үчүн кесиптик жана үйбүлөлүк милдеттерди бирдей аткаруу абдан кыйын. Бирок мен өзүмдүн энелик парзымды биринчи орунга коём. Аялдын коомдогу эң маанилүү милдети – балдарына жана жакын адамдарына кам көрүү деп эсептейм. Анткени үйбүлө коомдун негизин түзөт эмеспи. Үйдөн көңүлүң тынч болгондо гана ар түрдүү кесиптик жана чыгармачыл иштерди шыктануу менен жүргүзүүгө болот.

**Таламдаш топтордун түрлөрү, буларга адамдардын мүчө болуп киришинин себептери**

- Өз мүчөлөрүнүн иштөө шарттарын жакшыртуу (мисалы, эмгек коопсуздугун камсыздоо) үчүн түзүлө турган *профсоюздар* (кесиптик кошуундар).
- Ишкерлер уюмдары. Булардын мүчөлөрү өз иштерине таасир этүүчү проблемаларды (мисалы, пайданы көбөйтүү же салыктар менен бюрократиялык тоскоолдуктарды азайтуу маселесин) талкуулаш үчүн чогулуп турат.
- Кесиптик топтор (мисалы, врачтардыкы же мугалимдердики). Буларга мүчө болгондор ошол кесиптегилердин көпчүлүгүн кызыктырган маселелерди, жаңы усул, ыкмаларды жайылтуу, аларды өркүндөтүү жолдорун талкуулаш үчүн чогулуп турат. Мисалы, оорулууларды жакшы карап-багуу же сабакты кантип мыкты окутуу ыкмалары сөз болушу мүмкүн.

- эң оболу туура салык саясатын жүргүзүү менен өнөр жайды жандандыруу
- негизги айыл чарба продукцияларына мамлекеттик заказ коюу аркылуу айылдык эмгекчилерге мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү
- мамлекеттик түзүлүш жаатында – өлкө президентинин жана өкмөт төрагасынын кызматтарын бириктирүү, же болбосо президенттин Жогорку Кеңеш тарабынан шайланышы жана анын аткаруучу-тескөөчү ыйгарымдарынын чектелиши
- сот бийлигин жарандардын укуктары менен таламдарын мыкты коргой ала тургандай кылып түп тамырынан реформалоо.

Партиянын жетекчи органы – саясий кеңеш, партиянын курултайы.

**г) "Менин өлкөм" либералдуу оңчул центристтик партиясы**

Партиянын лидери – Оторбаев Жоомарт Кайыпович. Ош, Жалалабат, Нарын, Ысыккөл жана Талас облустарында аймактык бөлүмдөрү бар.

Партиянын негизги максаттары жана милдеттери:

- Кыргызстандын бардык жарандарын бириктирген, улуттун жашоо максаттарын айкындаган улуттук идеяны кабыл алып, жүзөгө ашыруу
- Адам кызыкчылыктарын, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин толугу менен коргоону көздөгөн, чыныгы элдик бийликти жана татыктуу өкмөттү түзүү, натыйжалуу социалдык-экономикалык системаны орнотуу, ишке жөндөмдүү, демилгечил ортоңку тапты өнүктүрүү аркылуу толук кандуу жарандык коомду калыптандыруу
- Кыргызстанда башталган саясий реформаларды, стуруктуралык өзгөртүүлөрдү улантып, талапка жооп бергендей экономикалык платформаны түзүү
- Базар экономикасын пландуу өнүктүрүү – атайын эсептеп чыгарылган концепция боюнча мамлекеттин 3-5 жылдык экономикалык планын түзүү
- Ыкчам экспорттоого, тышкы дүйнө менен карым-катыш түзүүгө, базарларды ээлөөгө, кирешени кайра инвестициялоого багытталган өнүгүү стратегиясын жүзөгө ашыруу.

Партиянын жетекчи органдары – координациялык кеңеш жана курултай

Кыргызстанда саясий партиялар азырынча жакшы өнүгө элек, анткени мүчөлөрүнүн саны аз, өздөрү сунуш кылган программалары да толук, жетик иштелип чыккан эмес.

## 3.3 Диний топтор жана адеп-ахлак дөөлөттөрүн сактоону үгүттөгөн башка уюмдар

Байыркы доорлордон тартып эле адамдар өздөрү түшүнө албаган, бирок алардын өздөрүнүн жана курчап турган табияттын жашоосун жүргүзүп турган күчтөр болушу мүмкүн экендигин туюп келишкен. Ушул күчтөрдүн табиятына байланышкан ишенимдер узак мезгилдер өткөндөн кийин ар түрдүү диндердин пайда болушуна алып келди. Бул диндерди ар түрдүүчө чечмелөө адамдарды жакшы дагы, жаман дагы иштерге баштаган.



*Православдык чиркөө*

Кыйын мезгилдерде сооротуп, жубатуудан тышкары диндин негизги функцияларынын бири адамдардын өз ара цивилизациялуу мамиледе болушун шарттаган моралдык принциптердин комплексин сунуштоодо турат. Чынында эле мыйзамдар көп учурда илгертен келаткан жана жалпы коом макул боло турган каада-салттарга, диний ишенимдерге негизделет. Адеп-ахлак жана диний ишеним өз кезегинде бизге руханий принциптерибизди аныктоодо жардам берет. Бул айрыкча салт боюнча кандай жүрүм-турум милдеттүү, кандайы алгылыксыз деген маселеге келгенде зор мааниге ээ болот.

Ошентип, диний топтор жана адеп-ахлак дөөлөттөрү менен ишенимдерди үгүттөөчү башка уюмдар жарандык коомдун алкагында жашоочу маданиятты калыптандырууга көмөктөшөт. Андыктан жарандык коомдо кандай маселелер козголорун түшүнүү үчүн андагы диний жана адеп-ахлак дөөлөттөрү менен таанышып көрүү зарыл. Алсак, 2003-жылы Францияда өкмөт кайсы динди тутунганын билдирүүчү кийим кийүүгө, мисалы, жоолук салынып жүрүүгө тыюу салмакчы болгон эле. Ошондо бул мыйзамга мусулмандар да, христиандар да чогуу каршы чыккан. Ырас, өкмөт мыйзамды өзгөртүүсүз калтырды, бирок эгер кийинки шайлоолорго чейин бул маселе шайлоочулардын көпчүлүгү үчүн чечилбесе, өкмөт алмаштырылышы мүмкүн.

> Кээ бир элдердин турмушунда диний жана диний эмес мамилелер даана айырмаланат. Дүнүйөчүл мамлекет – бул бир дагы дин башка диндерге салыштырмалуу өзгөчө статуска ээ болбогон жана баары бирдей бааланган мамлекет. Мындай өлкөлөрдө ар кайсы диндерди туткандар ынтымакта жашай алат.
>
> Дүнүйөчүл мамлекетте ыйык нерселерди ар башкача түшүнүүгө жана башка диний көз караштарды кемсинтпей туруп ар түрдүүчө сыйынууга мүмкүнчүлүк түзүлөт. Мындай диний топтордун өкүлдөрү өз ишенимдерин башкаларга таңуулабаган шартта диний каадаларды өздөрү туура көргөндөй аткара алышат.

Тилекке каршы, диндер цивилизациялуу жашоонун эң маанилүү шарт-ыңгайы болгон адамдар ортосундагы өз ара ишенүүчүлүктү камсыздай албайт. Анткени кудайга ишенген күндө деле биз алдап кетиши мүмкүн деп адам баласына дайым эле ишене албайбыз. Адамдар шектенип, бири-бирине ишенбей калганда өздөрүнчө кооптоно берип, оңой касташат.

Ишенимди бекемдей турган эң маанилүү элементтердин бири – мыйзам үстөмдүгү жана коомдогу проблемаларды талкуулаган диалог жүрүшүнө өбөлгө түзгөн мамлекеттик түзүлүш.

## 4.0 Күчтүү жарандык коомду куруу

Өнүккөн жарандык коомдо төмөндөгүлөр болушу зарыл:

- Мыйзам үстөмдүгү орнотулуп, сакталуусу;
- Жакшы иштеген, туруктуу бейөкмөт уюмдардын болушу;
- Ар түрдүү көз караштарга жана ар кыл адамдарга карата сабырдуу мамиле. Муну коомдогу *плюрализм* деп аташат;
- Эркин жана көз карандысыз ММК болушу;
- Экономикада адамдардын кайсы бир тобунун артыкча укуктарынын болбошу.



*Окуучулардын ишчил комитети өздөрү жашаган жердеги маселелерди талкуулап жатат.*

Ушул шарттар бар болгондо гана адамдар чогуу иштөөгө көбүрөөк кызыгат да, өкмөт бийлиги кыйла теңдештирилет. Демейде бул башкаруунун сапатына таасир тийгизип, бардык жарандарга пайдалуу болот.

Жарандык коомдун бир бөлүгүн басынткан өкмөт элдин чыныгы муктаждыктары тууралуу жакшы маалымат ала албай, коомчулук менен байланышы жок калышы ыктымал.



## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

**02-тапшырма. Өзүбүздү ойлосок, башкаларга да жардам беребиз** **20 мүн.**

Эки-экиден болуп, таблицадагы иш-аракеттердин тизмесин карап чыккыла да, суроолорго жооп бергиле. Биринчи саптагылар үлгү үчүн аткарылган.

| Иш-аракеттер | Алар бул иш-аракеттерди кандай максат менен жасашат? | Мунун көпчүлүк элге пайдасы барбы? Бар болсо эмне экендигин түшүндүргүлө. | Силердин оюңарча, мындай иш-аракетти жасаган адам мунун натыйжасы кандай болорун билеби? | Бул иш-аракеттердин дагы кандай натыйжалары болушу ыктымал? |
|---|---|---|---|---|
| 1. Бир топ жаштар баңгизат сатып жүрүшөт. | *Алар акча алышат* | *Жок* | *Сыягы, билишпейт* | *Алар түрмөгө түшүп, коомдогу кадыр-баркынан кол жууп калышы толук ыктымал* |
| 2. Бир топ кишилер кедей үйбүлөлөр үчүн акча чогултуп жүрүшөт. | | | | |
| 3. Бир топ фермерлер чарба жүргүзүүнүн жаңы усулдары тууралуу көбүрөөк маалымат алып туруу үчүн ассоциация түзүштү. | | *Ооба, анткени алардын фермалары элге керектүү азыктарды көбүрөөк өндүрүшү мүмкүн.* | | *Алар байып, жаңы техника сатып алышы мүмкүн.* |
| 4. Күркөдө (киоскада) гезит-журнал сатылып жатат. | | | | |
| 5. Айылдын бир топ тургундары мектепти актап, сырдап жатышат. | | | | |
| 6. Бир топ кишилер жаштарга комуз үйрөтүп жүрөт. | | | | |
| 7. Бир топ кишилер саясий партия түзүп жатышат. | | | | |
| 8. Атасы кызына китеп окуп берет. | | | | |
| 9. Милиция мыйзамдардын сакталышына көз салат. | | | | |
| 10. Окуучулар мектеп парламентин түзүп жатышат. | | | | |
| 11. Жаш келин көйнөк сатып алды. | | | | |

**03-тапшырма. Жарандык коомдун иштөөсү 25 мүн.**

Эки-экиден болуп, адамдардын төмөндө келтирилген сөздөрүн окуп чыккыла. Алар: ***"Жарандык коомдун өнүгүшүнө кандай салым кошуп жатасыңар?"*** – деген суроого жооп беришкен. Бул иш-аракеттердин кайсыларын чындап эле Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептесеңер, бөлүп көрсөткүлө. Эмне үчүн ошолорду тандаганыңарды түшүндүрүүгө даяр болгула.

***Нургазы:*** *Мен машинамды жууп жүрөм, анткени бул менин эң кымбат буюмум. Мен машинамды жумушка минип барганга, ошондой эле үйбүлөм менен дем алыш күндөрү шаардын сыртына чыгып келүүгө пайдаланам.*

***Асел:*** *Мен дээрлик күн сайын базарда кийим-кече сатам. Мурда сүрөтчү болчумун, бирок азыркы*

*жумушум көбүрөөк жагат. Биз баарыбыз үйбүлөбүз үчүн акча иштеп табышыбыз керек.*

**Канат:** *Мен досторум менен айылда иштеп жүрөм. Биз мектептин чатырын оңдодук. Бул биздин жумушубуз эмес, бирок муну өзүбүз деле бүтүрө алат экенбиз. Өкмөт муну качан оңдойт деп күтүп отургандан эмне пайда?*

**Замира:** *Мен өкмөттүк мекемеде иштеген жакшы деп ойлойм. Бухгалтермин, дайыма салыктын төлөнүп турушуна көз салам. Салыктан түшкөн акчага мектептер курулат, дагы башка көп иштер жасалат.*

**Кубат:** *Биз, кыштактын бир топ тургундары, жалгыз-жарым үйбүлөлөргө кантип жардам берсек болот деп сүйлөшүү үчүн жыйын өткөрдүк. Аларга кийим-кече жана тамак-аш чогултуп, эл көп баскан жолдун боюна күркө орнотууну чечтик. Бул күркөдө өзүбүз алып келген азык-түлүктү сатабыз да, түшкөн акчаны ошол үйбүлөлөргө таратып беребиз.*

**Динара:** *Балдарыма дайыма жакшы окугула, кийин кыйналбай жумуш табасыңар деп жүрөм. Мен аларга дагы өкмөт биз үчүн ата-энедей, ошондуктан анын айткандарын аткарышыбыз керек дейм.*

### 04-тапшырма. Өкмөт жана жаран 25 мүн.

Төмөндө адамдардын өкмөт менен жаран ортосундагы мамилелер кандай болууга тийиш деген ойлору келтирилген. Эки-экиден болуп, булардын кайсылары жарандык коомдун өнүгүшүнө өбөлгө түзөрүн талкуулагыла.

**Чолпон:** *Биздин өлкөдөгү бардык адамдар өкмөт аларга жардам бере тургандыгын, бирок сабырдуу болуу керек экендигин түшүнүшү зарыл. Өкмөт мамлекетибизди бай өлкөгө айланткан кезде бизде баары жакшы болот.*

**Эрнис:** *Өкмөттү биз шайлайбыз, ошондуктан ал биздин сураганыбызды аткарышы керек. Бирок биз өзүбүз дагы жоопкерчиликти сезишибиз абзел. Атүгүл үйбүлөдө деле биз кээде өзүбүздү өзүбүз тейлешибиз керек эмеспи.*

**Махабат:** *Өкмөт – жарандардын күчтүү коргоочусу. Качан эмне кылууну ал өзү жакшы билет. Андыктан бизди ар кандай баскынчылардан, душмандардан коргоого жөндөмдүү өкмөттү шайлашыбыз керек.*

**Айгүл:** *Өкмөт бизге кызмат кылууга тийиш. Биз андан өзүбүзгө эмне зарыл болсо, ошонун баарын алууга тийишпиз, анткени биз бул үчүн салык төлөйбүз. Биз коомго кызмат кылбашыбыз керек. Бул – өкмөттүн милдети. Бирок муну менен бирге өкмөттүн аракетин көзөмөлдөп, аны элге эсеп-чот берүүгө мажбурлоо үчүн биз саясий жактан активдүү болушубуз керек.*

### 05-тапшырма. Эмне үчүн мен? 15 мүн.

Эки-экиден болуп, коомго мамлекет эмес, силер досторуңар менен жардам берген кырдаалдын артыкчылыктары жана кемчиликтери тууралуу ойлонуп көргүлө.

| Артыкчылыктары | Кемчиликтери |
|---|---|
| *Өкмөт* | *Өкмөт* |
| *Мен жана менин досторум* | *Мен жана менин досторум* |

### 06-тапшырма. Мен жашаган жерде 15 мүн.

Эки-экиден болуп, коомдун пайдасына өкмөтсүз эле жасалган бардык иштерди санап чыккыла. Төмөндө эки мисал келтирилди.

| Иш-аракеттер | Алар бул иш-аракеттерди кандай максат менен жасашат? | Мунун көпчүлүк элге пайдасы барбы? Бар болсо эмне экендигин түшүндүргүлө. | Силердин оюңарча, мындай иш-аракетти жасаган адам мунун натыйжасы кандай болорун билеби? | Бул иш-аракеттердин дагы кандай натыйжалары болушу ыктымал? |
|---|---|---|---|---|
| 1. Бир топ жаштар баңгизат сатып жүрүшөт. | *Алар акча алышат* | *Жок* | *Сыягы, билишпейт* | *Алар түрмөгө түшүп, коомдогу кадыр-баркынан кол жууп калышы толук ыктымал* |
| 2. Бир топ кишилер кедей үйбүлөлөр үчүн акча чогултуп жүрүшөт. | | | | |
| 3. Бир топ фермерлер чарба жүргүзүүнүн жаңы усулдары тууралуу көбүрөөк маалымат алып туруу үчүн ассоциация түзүштү. | | *Ооба, анткени алардын фермалары элге керектүү азыктарды көбүрөөк өндүрүшү мүмкүн.* | | *Алар байып, жаңы техника сатып алышы мүмкүн.* |
| 4. Күркөдө (киоскада) гезит-журнал сатылып жатат. | | | | |
| 5. Айылдын бир топ тургундары мектепти актап, сырдап жатышат. | | | | |
| 6. Бир топ кишилер жаштарга комуз үйрөтүп жүрөт. | | | | |
| 7. Бир топ кишилер саясий партия түзүп жатышат. | | | | |
| 8. Атасы кызына китеп окуп берет. | | | | |
| 9. Милиция мыйзамдардын сакталышына көз салат. | | | | |
| 10. Окуучулар мектеп парламентин түзүп жатышат. | | | | |
| 11. Жаш келин көйнөк сатып алды. | | | | |

**03–тапшырма. Жарандык коомдун иштөөсү 25 мүн.**

Эки-экиден болуп, адамдардын төмөндө келтирилген сөздөрүн окуп чыккыла. Алар: ***"Жарандык коомдун өнүгүшүнө кандай салым кошуп жатасыңар?"*** – деген суроого жооп беришкен. Бул иш-аракеттердин кайсыларын чындап эле Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүшүнө олуттуу салым кошот деп эсептесеңер, бөлүп көрсөткүлө. Эмне үчүн ошолорду тандаганыңарды түшүндүрүүгө даяр болгула.



***Нургазы:*** *Мен машинамды жууп жүрөм, анткени бул менин эң кымбат буюмум. Мен машинамды жумушка минип барганга, ошондой эле үйбүлөм менен дем алыш күндөрү шаардын сыртына чыгып келүүгө пайдаланам.*

***Асел:*** *Мен дээрлик күн сайын базарда кийим-кече сатам. Мурда сүрөтчү болчумун, бирок азыркы*

*жумушум көбүрөөк жагат. Биз баарыбыз үйбүлөбүз үчүн акча иштеп табышыбыз керек.*

**Канат:** *Мен досторум менен айылда иштеп жүрөм. Биз мектептин чатырын оңдодук. Бул биздин жумушубуз эмес, бирок муну өзүбүз деле бүтүрө алат экенбиз. Өкмөт муну качан оңдойт деп күтүп отургандан эмне пайда?*

**Замира:** *Мен өкмөттүк мекемеде иштеген жакшы деп ойлойм. Бухгалтермин, дайыма салыктын төлөнүп турушуна көз салам. Салыктан түшкөн акчага мектептер курулат, дагы башка көп иштер жасалат.*

**Кубат:** *Биз, кыштактын бир топ тургундары, жалгыз-жарым үйбүлөлөргө кантип жардам берсек болот деп сүйлөшүү үчүн жыйын өткөрдүк. Аларга кийим-кече жана тамак-аш чогултуп, эл көп баскан жолдун боюна күркө орнотууну чечтик. Бул күркөдө өзүбүз алып келген азык-түлүктү сатабыз да, түшкөн акчаны ошол үйбүлөлөргө таратып беребиз.*

**Динара:** *Балдарыма дайыма жакшы окугула, кийин кыйналбай жумуш табасыңар деп жүрөм. Мен аларга дагы өкмөт биз үчүн ата-энедей, ошондуктан анын айткандарын аткарышыбыз керек дейм.*

### 04-тапшырма. Өкмөт жана жаран 25 мүн.

Төмөндө адамдардын өкмөт менен жаран ортосундагы мамилелер кандай болууга тийиш деген ойлору келтирилген. Эки-экиден болуп, булардын кайсылары жарандык коомдун өнүгүшүнө өбөлгө түзөрүн талкуулагыла.

**Чолпон:** *Биздин өлкөдөгү бардык адамдар өкмөт аларга жардам бере тургандыгын, бирок сабырдуу болуу керек экендигин түшүнүшү зарыл. Өкмөт мамлекетибизди бай өлкөгө айланткан кезде бизде баары жакшы болот.*

**Эрнис:** *Өкмөттү биз шайлайбыз, ошондуктан ал биздин сураганыбызды аткарышы керек. Бирок биз өзүбүз дагы жоопкерчиликти сезишибиз абзел. Атүгүл үйбүлөдө деле биз кээде өзүбүздү өзүбүз тейлешибиз керек эмеспи.*

**Махабат:** *Өкмөт – жарандардын күчтүү коргоочусу. Качан эмне кылууну ал өзү жакшы билет. Андыктан бизди ар кандай баскынчылардан, душмандардан коргоого жөндөмдүү өкмөттү шайлашыбыз керек.*

**Айгүл:** *Өкмөт бизге кызмат кылууга тийиш. Биз андан өзүбүзгө эмне зарыл болсо, ошонун баарын алууга тийишпиз, анткени биз бул үчүн салык төлөйбүз. Биз коомго кызмат кылбашыбыз керек. Бул – өкмөттүн милдети. Бирок муну менен бирге өкмөттүн аракетин көзөмөлдөп, аны элге эсеп-чот берүүгө мажбурлоо үчүн биз саясий жактан активдүү болушубуз керек.*

### 05-тапшырма. Эмне үчүн мен? 15 мүн.

Эки-экиден болуп, коомго мамлекет эмес, силер досторуңар менен жардам берген кырдаалдын артыкчылыктары жана кемчиликтери тууралуу ойлонуп көргүлө.

| Артыкчылыктары | Кемчиликтери |
|---|---|
| *Өкмөт* | *Өкмөт* |
| *Мен жана менин досторум* | *Мен жана менин досторум* |

### 06-тапшырма. Мен жашаган жерде 15 мүн.

Эки-экиден болуп, коомдун пайдасына өкмөтсүз эле жасалган бардык иштерди санап чыккыла. Төмөндө эки мисал келтирилди.

*Биздин айылда*

1. *Ата-энелерибиз ашар уюштуруп, мектептин чатырчасын оңдоп коюшту.*
2. *Ата-энелерибиз тамаркадан (огороддон) алган түшүмдүн бир бөлүгүн сатып, түшкөн акчага тегирменди оңдотушту.*
3. 
4. 

**07-тапшырма. Мен муну жасай алам! 35 мүн.**

Төмөндө силердин жеринерде сөзгө алынып жүргөн проблемалардын тизмеси берилди. Үч-төрттөн болуп, кайсы проблеманы чечүүгө ким жооптуу экендигин тактагыла да, анан:

1. Маселени чечүүгө, негизинен, силер жашаган жердин тургундары жооптуу болсо, анда өзүнөрчө эмне кыларыңарды түшүндүрүп бергиле.
2. Буларга тургундар да, өкмөт да жооптуу болсо, анда милдеттерди кандайча бөлүштүрүүнү чечкиле.

| Проблема | Ким чечүүгө тийиш? | Проблеманы чечүү планы |
|---|---|---|
| 1. Мугалимдердин айлык акысы аз. | *Коомдоштук жана өкмөт* | *Өкмөт мурдагыдай эле суммадагы акчаны бөлө берет, окуучулар, мисалы жашылча өстүрүп, базарда сатып, түшкөн акчаны мугалимдерге бөлүштүрүп берсе болот.* |
| 2. Кылмышкерлер үйлөргө кирип, уурулук кылып жүрүшөт. | *Өкмөт* | |
| 3. Кээ бир окуучулар арак ичип, мас болушат. | | |
| 4. Айылдагы суу насос бузулуп калды. | | |
| 5. Үй жандыктары ылаңга көп чалдыгып жатат. | | |
| 6. Суу ташкыны биздин айылга зыян келтирди. | | |
| 7. Биздин китепканадагы китептер эски. | | |
| 8. Акча жетишпегендиктен бир дагы фермер өзү жалгыз жаңы трактор сатып ала албайт. | | |
| 9. Айрым балдардын бут кийими жок. | | |

**08-тапшырма. Силердин биригүү укугуңар 15 мүн.**

Эки-экиден болуп, Кыргыз Республикасынын Конституциясын карап, андан силердин биригүү укугу-нарды гарантиялай турган статьяларды тапкыла.

**09-тапшырма. Кимиси ким? 25 мүн.**

Эки-экиден болуп, адамдардын ар түрдүү иш-аракеттерин сыпаттаган ойлорду окуп чыккыла. Булар кайсы типтеги уюмга туура келерин аныктагыла.

***Уюмдардын типтери:***

| | | |
|---|---|---|
| *Өкмөт* | *Бизнес-уюм* | *Таламдарды лоббилөө тобу* |
| *Саясий партия* | *Диний топ* | *Бейөкмөт уюм* |

| Ысым | Уюм | Алар эмне кылышат? |
|---|---|---|
| ***Канат*** | | *Биз өкмөттүн бардык идеяларына макул эмеспиз. Андыктан проблемаларды чечүүнүн башкача жолун сунуш кылып, бүткүл элдик шайлоого өзүбүздөн талапкер көрсөтүү үчүн демилгелүү топ уюштурдук. Шайлоодо эң көп добуш алууга аракеттенебиз.* |
| ***Искендер*** | | *Биз топ уюштурдук, эми мындан ары жок дегенде ай сайын чогулуп турабыз. Максатыбыз – биздин салттарды жаштарга үйрөтүү. Ар кандай иш-чараларды, мисалы, шаарыбыздын тарыхын ким мыкты билерин аныктоо үчүн конкурстарды өткөрөбүз.* |
| ***Марат*** | | *Мен жүк ташуучу машина айдайм. Өкмөттүн транспортко болгон мамилесин өзгөртүүгө аракеттенген топко кошулганмын. Биз КММга (күйүүчү-майлоочу материалдарга) салыктын азайтылышын жана жолдордун оңдолушун каалайбыз. Бул топко мүчө болгонубуз үчүн кичинеден акча төлөп турабыз. Акча ушул уюмдун айлыкка иштеген өкүлүнө төлөнөт.* |
| ***Рано*** | | *Мен ырдаганга кызыккандардын тобундамын. Биз өз концерттерибизге элди мүмкүн болушунча көбүрөөк келтирүүгө умтулабыз. Бул үчүн бизге эч нерсе төлөнбөйт. Биз гастролдук сапарга жана афишаларга өз жаныбыздан акча жумшайбыз.* |
| ***Айсулуу*** | | *Мен кирген топ зарыл учурларда жыйын өткөрүп турат. Биз өкмөткө мугалимдердин муктаждыктары менен проблемаларын түшүндүрүүгө аракеттенебиз. Министрликке мугалимдердин кандай проблемалары бар экендиги, аларды чечүүнүн өзүбүз сунуштаган жолдору тууралуу кат жазып турабыз.* |
| ***Азат*** | | *Мен "Волга" маркасындагы эски машинасы бардардын тобундамын. Үч айда бир ирет чогулуп, машиналарыбыздын проблемаларын талкуулайбыз, бири-бирибизден керектүү тетиктерди алабыз. Бул ишибиз үчүн эч кимибиз акы албайбыз.* |
| ***Алмазбек*** | | *Мен биздин бөлүмдүн статистикалык маалыматтарын отчётко киийрип турганга жоопттуумун. Отчётту анан министрликке жиберебиз. Бул маалыматтарды өкмөт өз чечимдерин кабыл алууда пайдаланат. Иштегеним үчүн мен айлык алам.* |
| ***Болотбек*** | | *Биз телевизор ж.б. техникаларды сатабыз. Максатыбыз – пайда табуу. Түшкөн пайданы дүкөндү кеңейтүүгө жана өзүбүздүн жашообузга жумшайбыз. Ишибиз үчүн айлык акы алабыз.* |
| ***Максат*** | | *Жакында биз шаарыбызды суу менен камсыздоону жакшыртууга кызыккан топ уюштурдук. Өкүнүчтүүсү – жабдуулар эскирип кеткен, кыйласы бузулуп калган. Жаңы насосторду сатып алуу үчүн акча чогултуучу комитет түзүүнү чечтик.* |
| ***Зейнеп*** | | *Биз жума сайын жолугушуп, жашоо-тиричилигибиз тууралуу сүйлөшөбүз, Курандын сүрөлөрүн окуп, талкуулайбыз. Демейде саясат жөнүндө сөз кылбайбыз, бирок кээде биз тараптагы тургундарга кантип жардам берүүгө болот деп ойлонобуз.* |

**10-тапшырма. Менчик сектор менен БӨУлардын кандай айырмасы бар? 15 мүн.**

Таблицада келтирилген ойлорду окуп чыккыла да, уюмдун кайсы секторго таандык экендигин аныктагыла: менчикпи, бейөкмөтпү же экөө теңби?

| Ойлор | Менчик | БӨУ | Экөө тең |
|---|---|---|---|
| 1. Башкармалыгы жетекчисин шайлайт. | | | |
| 2. Уюмдун максаты – бардык адамдардын жашоосун жакшыртуу. | | | |
| 3. Уюмдун тапкан пайдасын ага ээлик кылуучулар бөлүп алышат. | | | |
| 4. Уюм айрым бир товарларды сатат. | | | |
| 5. Уюмдун менеджери (иш башкаруучусу) бар. | | | |
| 6. Уюмда жалданма жумушчулар иштешет. | | | |
| 7. Уюм бир же бир нече кожоюнга таандык. | | | |
| 8. Уюм товар өндүрөт. | | | |
| 9. Түшкөн пайданын баары бул уюмга мүчө болбогон адамдарга кызмат көрсөтүү үчүн жумшалат. | | | |

### 11-тапшырма. Салык 25 мүн.

Шеригиңер менен бул маселе тууралуу ойлонуп көргүлө. Жообуңарды класста талкуулаганга даярдангыла.

*Көп өлкөлөрдө менчик сектор мамлекетке пайда салыгын төлөйт, ал эми кызматчылар иштеп тапканынын белгилүү процентин төлөп турушат. Эгер уюм өкмөттүк да, коммерциялык да эмес, бирок адамдарга жардам берүү максатында түзүлгөн болсо, ал салык төлөөгө тийишпи? Анын кызматкерлеричи?*

### 12-тапшырма. Биздин милдеттерибиз 25 мүн.

Шеригиңер менен бул маселени талкуулагыла:

***Эгер бийлик органдары жалпы жыргалчылык үчүн иштеген болуп, бирок адамдардын укуктарын бузуп, жакшы жашоого тоскоолдук кылып жатса, жаран эмне кылышы керек?***

### 13-тапшырма. Биздин коомдоштукта эмне болуп жатат? 45 мүн.

Үч-төрттөн болуп, жергиликтүү катталган же катталбаган БӨУга баргыла же кат жазып жибергиле. Төмөндөгү таблицаны толтуруп, класста бул маалымат менен чыгып сүйлөөгө даярдангыла.

| Суроолор | Жооптор |
|---|---|
| 1. Силердин БӨУ кандай аталат? | |
| 2. Силердин БӨУ качан уюшулган? | |
| 3. БӨУнарды каттоодон өткөргөнсүңөрбү? Өткөргөн болсоңор, эмне үчүн? | |
| 4. Силердин БӨУнун негизги максаты эмне? | |
| 5. Ушул максатка жетиш үчүн силер эмне кылып же эмнени пландап жатасыңар? | |
| 6. Алдыңарга койгон милдеттерди аткаруу үчүн кандай ресурстар зарыл? | |
| 7. Ишиңердин пайдасы кимдерге тиет? | |
| 8. Бул максатты көздөп иштөө менен силер кандай ийгиликтерге жетиштиңер? | |
| 9. Кандай кыйынчылыктар болду? | |
| 10. Эмне үчүн бул максаттарга мамлекеттик органдарга караганда БӨУлардын жардамы менен оңой жетишилет? БӨУлардын кандай артыкчылыктары бар? | |
| 11. Силерде башка кызматкерлер барбы? Бар болсо алар эмне кылышат? | |
| 12. Уюмуңарда канча киши иштейт? | |
| 13. Жетекчиңерди кантип шайлайсыңар? | |
| 14. Жетекчилик курамдагы кызматтар кандайча аталат? | |
| 15. Алар уюмдун калган мүчөлөрүнө кандайча отчёт берет? | |
| 16. Силердин уюмуңарда кандай эрежелер кабыл алынган? | |
| 17. Башка кайсы уюмдар менен кызматташасыңар? | |
| 18. Бул уюмдар менен кандайча кызматташасыңар? | |
| 19. Силердин уюмуңардагы жаштар эмне кыла алышат? | |

# XVII бап

# Кыргыз Республикасындагы бейөкмөт уюмдар (БӨУ)

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

**01-тапшырма. Терминдер жана аныктамалар 5 мүн.**

Эки-экиден болуп, терминдерге аныктамаларды тандагыла.

| Термин | Аныктама |
|---|---|
| 1. Коммерциялык эмес иш | а) Бир эле коомдо адамдардын ар кандай диний бирикмелери иш жүргүзө ала турган абал. |
| 2. Донор | б) Долбоорду жүзөгө ашыруу үчүн акча каражатын издөө. |
| 3. Кайрымдуулук | в) Кайсы бир процесске дайыма көз салып туруу жана, демейде, анын канчалык жакшы жүрүп жаткандыгына баа берүү. |
| 4. Көп этностуу (полиэтникалык) | г) Кайсы бир иш-чарага каржылык (финансылык) жардам берип турган адам же уюм. |
| 5. Көп диндүү (поликонфессиялуу) | д) Киреше алуу максатын көздөбөгөн иш. |
| 6. Мониторинг | е) Муктаж болгондорго (майыптарга, балдарга, улгайгандарга ж.б.) бекер жардам берүү иши. |
| 7. Фандрейзинг | ж) Бардык этностук топторго бирдей урмат-сый менен мамиле жасалган көп улуттуу коом. |

**02-тапшырма БӨУ 10 мүн.**

Эки-экиден болуп, максатын кошо көрсөтүү менен өзүңөр билген бардык БӨУлардын тизмесин түзгүлө.



## Окуу үчүн текст

### 1.0 Киришүү

Бул бапта БӨУга (бейөкмөт уюмдарга) аныктама берилип, алардын ишин жөнгө салуучу мыйзамдар тууралуу сөз болот. Анан катталган үч КЭУнун (коммерциялык эмес уюмдун) жана жамааттык типтеги эки уюмдун иши кеңири баяндалат. Акырында эмне иш аткарары кыскача сыпатталып, адрестери менен кошо көрсөтүлгөн айрым БӨУлардын тизмеси берилет. Кыргызстанда миңдеген бейөкмөт уюм бар, ошон үчүн биз алардын бир бөлүгүн гана көрсөтө алдык. Мында алардын ишинин мүнөзү, ошондой эле формалары тууралуу түшүнүк берилет.

### 2.0 БӨУ деген эмне?

Кайсылары *бейөкмөт* уюм, а кайсылары андай уюм эмес экенин так аныктоо кыйын. Айрыкча бул уюмдардын ишине мыйзамдар аз таасир берип жаткан өлкөлөрдө ушундай болот. Аты эле айтып тургандай, БӨУга өкмөттүк түзүм болбогон, коммерциялык да болбогон ар кандай уюмдар кирет. Мындай аныктама ар кандай комитетке, фермерлер коомдоштугу сыяктуу органдарга, республиканын

түштүгүндөгү маалелелерге, дагы башка ар кандай расмий эмес коомдоштуктарга тиешелүү болушу мүмкүн. Бул уюмдар үзгүлтүксүз иштеши керек десеңер, анда БӨУларга ал тургай үйбүлөнү, спорт клубдарын да киргизсе болот. БӨУ (бейөкмөт уюм) жана КЭУ (коммерциялык эмес уюм) түшүнүктөрү коомдо дээрлик бирдей эле мааниде колдонулуп жүрөт. КЭУ – бул коммерциялык эмес уюмдар, алардын укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталган. Дал ушул термин Кыргызстандын коомдук уюмдар жөнүндөгү мыйзамында колдонулган. Ал эми БӨУ – турмушта көбүрөөк кезигүүчү, жөнөкөйүрөөк, укуктук формалары жагынан да анча так аныкталбаган кыйла кеңири түшүнүк. Бирок бул уюмдардын эки түрү тең коомдук кызыкчылыктарды көздөйт. Ошондуктан коммерциялык эмес уюмдарды да көбүнчө БӨУ деп атап коюшат. Бул бапта биз дагы "БӨУ" дегенде бейөкмөт жана коммерциялык эмес уюмдарды көңүлдө тутабыз.

БӨУ демейде стихиялуу түрдө жана ыктыярдуу негизде келип чыгат. Аларды өз коомдоштугунун кайсы бир муктаждыктарын канааттандыргысы келген адамдар түзөт. БӨУга адамдар өз демилгеси менен гана мүчө болушат. Бирок штат курамындагыларга иши үчүн аздыр-көптүр акчалай акы берилет. Ушундай эле ыктыярдуу түрдө түзүлүп, тиешелүү бир муктаждыктарды канааттандыруу үчүн кызмат кылчу коммерциялык компаниялардан айырмаланып, БӨУ киреше алууга умтулбайт. Ошентсе да, БӨУ өзүнө тагылган милдеттерди аткарыш үчүн финансылык жардам ала алат. Маселен, IFES ушул китепти даярдаш үчүн акчалай *грант*[1] алды. Бирок бул БӨУ мамлекеттик органдардын көзөмөлүндө турат дегенди билдирбейт. Эгерде финансылык жардамдын кайсы бир шарттары БӨУнун өз алдынчалыгын чектей турган болсо, анын мүчөлөрү буга көнбөй, мындай жардамдан баш тартып, каражатты башка жактан издесе болот.

> **Жамааттар БӨУга киреби?**
>
> Жаңы мыйзамга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун формасы катары жамаат (община) коммерциялык эмес уюм болуп саналат. Ал өз мүчөлөрүнүн арызынын, жалпы чогулуш протоколунун жана уставынын негизинде юстиция министрлигинде эмес, айыл, кыштак, шаар кеңешинде каттоодон өтүү менен юридикалык тарап статусуна ээ болот. (Жамааттар жөнүндөгү мыйзамга Кыргыз Республикасынын президенти 2005-жылы 21-февралда кол койгон).

Мыйзамдар жана потенциалдуу донорлор койгон талаптардан улам БӨУлардын көбү өз уюмдарын расмий түрдө каттоодон өткөрүп, ушул аркылуу таанылып, коомдон кадыр-барк табууга умтулат.

Кыргызстандагы укук талаптары БӨУнун негизги мүнөздүү белгилери кайсылар экенин көрсөтүп турат. Бирок мыйзамда БӨУ юридикалык статуска ээ болбой туруп деле иштей берсе болоору көрсөтүлгөн. Андыктан мектеп парламенттери, курултайлар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары (үй, көчө комитеттери) сыяктуу уюмдарды, ошондой эле чанда бир чогулуучу, эч бир финансылык жардам албаган, бирок коомдоштуктун жашоо шарттарын жакшыртуу багытында пайдалуу иш аткарган жарандардын ар кандай чакан бирикмелерин да БӨУ деп атоого болот.

Бул абдан маанилүү жагдай. Себеби мыйзам боюнча мындай уюмдарда силердин аткарган ишиңер же ата-энеңердин иши бейөкмөт уюмдардын иши катары таанылбашы мүмкүн, бирок БӨУ сыяктуу бирикмелердин бардыгы жарандык коомду өнүктүрүүдө абдан маанилүү роль ойнойт. Чын-чынына келгенде өлкөдө мындай уюмдардын саны канча экенин эч ким так айта албайт. БӨУга байланыштуу башка өлкөлөрдүн көбүндө да ушундай эле кырдаал өкүм сүрүп турат. Ошентсе да, өлкөдө катталган БӨУлардын таасири чоңураак, кадыр-баркы да өйдө, алар бир кыйла стабилдүү иш жүргүзөт десек апырткандык болбойт. Анткени юридикалык тарап болуп каттоодон өткөндөн кийин мүмкүнчүлүктөр кыйла кеңейет.

## 2.1 Эмнелер БӨУларга кирбейт?

БӨУга берилген эларалык аныктама анча так эмес болгон себептүү көпчүлүктүн пикири боюнча кайсы уюмдар БӨУ деп эсептелбей турганын карап көрүү зарыл. Булардын тизмесине үй-бүлөлөр, өз мүчөлөрүнө гана пайда келтирүүчү ишканалар, спорт же дагы башка ар кандай клубдар (мисалы, ит багуучулар клубу) кирет.

БӨУларды саясий жактан таасир этип, демейде ири корпорациялардын финансылык таламдарын коргогон (мисалы, салыкты аз төлөөгө же мамлекет тарабынан түздөн-түз финансылык жардам алууга умтулган) кысым көрсөтүү топторунан (*лоббилөө топторунан*) да айырмалоо зарыл. БӨУларды ошондой эле мамлекетте бийлик үчүн күрөшкөн саясий партиялардан да айырмалоо керек. Бирок кээ бир өлкөлөрдө БӨУ саясий кызмат орундарына талапкерди көрсөтө алат.

[1] ***Грант** – кайра төлөтүлбөй турган акчалай жардам.*

**Калыбына келтирилген жол**

Ташбулак жана Ынтымак айылдарын бириктирип турган 5 километрлик жалгыз жол бар. Жалалабат облусунун Сузак районундагы бул эки айылда жалпысынан 7000дей киши жашайт. Тилекке каршы, бул жападан жалгыз жол 15 жылдан бери оңдоп-түзөлбөй, өтө бузулуп кеткендиктен, аны толугу менен оңдоп чыгуу керек эле. Мунун айынан кошуна эки айылдын эли абдан кыйналды.

"Жаштар лидерлиги" коммерциялык эмес уюму (КЭУ) жолду оңдоо боюнча демилге көтөрүп, Жалалабат ЖККБсына (жарандык коомду колдоо борборуна) кайрылды. Бул жерде КЭУ мүчөлөрүнө жолду ремонттоо долбоорун иштеп чыгуу жагынан жардам беришти.

Бул долбоорду Азия Өнүктүрүү Банкы колдоп, 2500 доллар суммасында каражат бөлүп берди. Мындагы "Жаштардын лидерлиги" КЭУсунун салымы 14000 сом акчаны жана наркы 75000дей сомдук курулуш материалдары болду. Жолду оңдоо ишине жергиликтүү коомдоштук да, КЭУ мүчөлөрү да активдүү катышты. Жергиликтүү калктын материалдык жана эмгек салымы 3000 долларды түздү.

Долбоорду жүзөгө ашыруунун натыйжасында Ынтымак жана Ташбулак айылдарынын ортосундагы жол толугу менен оңдолду. Эми көчөлөр таза болуп, айылдыктардын жашоосу кыйла жеңилдеп калды.

## 2.2 Алардын эмне кереги бар?

**Эсиңерде болсун**

Эгер уюм каттоодон өтсө, эреже катары анын аталышында юридикалык жактын уюштуруу-чулук-укуктук формасы көрсөтүлөт. Мисалы, коомдук бирикме, коомдук фонд, саясий партия. Окуу куралынын тиркемесинде берилген мыйзам текстинде булар бири-биринен кандайча айырмаланаары түшүндүрүлгөн.

Кээ бир кишилер бардык коомдук кызматтар өкмөт тарабынан көрсөтүлүшү керек, БӨУнун болушу мамлекеттик органдардын начар иштеп жатканынан гана кабар берет деп эсептешет. Бул бай өлкөлөрдөн – АКШдан, Япониядан жана Европадан учуроочу фактылар менен оңой эле төгүндөлүп калат: дал ушул бай өлкөлөрдө БӨУ абдан активдүү иштейт. Себеби бул өлкөлөрдүн өкмөттөрү ар кайсы жерлердеги калктын турмушун жакшыртуунун жолдорун ошол региондо жашагандар өздөрү жакшы биле турганын моюнга алышат. Бул өлкөлөрдөгү жарандар да өкмөттүн өз милдеттерин абийирдүү жана жоопкерчилик менен аткарышына жетишүү үчүн күчтүү жана ишкер БӨУлар көп болушу зарыл экендигин билишет.

## 2.3 БӨУ ишин кайсы мыйзамдар жөнгө салат? Алар эмне үчүн жана кандайча каттоодон өткөрүлөт?

Кыргызстандагы коммерциялык эмес уюмдар тууралуу 1999-жылы чыгарылган мыйзам (тексти тиркемеде бар) мындай талап коёт: БӨУ үчүн банкта алыш-бериш эсебин ачкыңар же анын эсебинен акча жыйнагыңар келсе, аны каттоодон өткөрүү зарыл. Каттоодон өтүү өз уюмуңардын укуктук статус алышына жана мамлекет тарабынан тийиштүү түрдө таанылышына жол ачат. БӨУну каттатуу татаал, узакка созулган, кээде кымбат иш болушу мүмкүн. Эгерде алдыңарга койгон максатка азыркы айтылган жол-жоболорсуз (процедурасыз) деле жете ала турган болсоңор, уюмуңарды каттатпай койсоңор да болот.

БӨУну Кыргызстанда мыйзам боюнча каттатыш үчүн анын түзүүчүлөрү (кеминде үч киши) ошол БӨУнун максаты, мүчөлүккө өтүү жана чечим кабыл алуу тартиби көрсөтүлүп, ишинин түрлөрү саналган уставын камдашы кажет. Мындан тышкары башка документтер да тиркелет. Алардын тизмеги уюмуңардын формасына жараша болот. Эгерде коомдук бирикме түзгүңөр келсе, демилгечилердин даректери, паспорттук маалыматтары, кызматтары (төрага же президент, бухгалтер, комитет мүчөсү ж.б.) көрсөтүлгөн башкаруу органдарынын тизмесин тиркешиңер зарыл. Ушундан соң бул кишилер БӨУнун жетектөөчү органына мүчө болот, бирок милдеттүү түрдө эмес. Бирок ошол тизмедегилер БӨУнун көзөмөлдүк органына мүчө болушу мүмкүн. БӨУ мүчөлөрүнө жарандыгына, курагына же билимине байланыштуу өзгөчө деле талаптар коюлбайт (жаш курагына байланышкан талаптар КЭУ негиздөөчүлөрүнө коюлат). Бирок мунун баары конкреттүү жагдайга жараша болот.

Иштелип чыккан устав мамлекеттик каттоо үчүн Юстиция министрлигине жана Улуттук статистикалык комитетке берилет. Эгерде уставдагынын бардыгы коюлган талаптарга жооп берсе, уюмуңар юридикалык жак катары катталганы тууралуу күбөлүк алат. Ушундан кийин уюмдун финансылык отчёттору тийиштүү финансы органдары тарабынан мезгил-мезгили менен текшерилип турушу мүмкүн. БӨУңар коммерциялык эмес уюм катары катталганы үчүн ушундай болуп жатат, бул статус ага бир топ жеңилдиктерди берет.

**Элдин ден соолугу үчүн чогуу иштейбиз**

Транспорт, байланыш жана башка социалдык тармактар начар өнүккөндүктөн жана оорулардын алдын алуу боюнча маалымат таратуу мүмкүнчүлүгү чектелгендиктен, Түп районундагы жалпысынан 5894 киши жашаган Карачункур, Кенсуу, Сарытологой, Санташ жана Каркыра айылдарынын тургундары ооруга көп чалдыгып жатат.

"Этнотур Санташ" БӨУсу Караколдун ЖККБсына кайрылып, аны менен биргеликте калктын муктаждыктарын иликтеп чыкты. Ошентип, бул жердеги негизги маселе – жергиликтүү оорукананын начар иштегендиги жана анын имаратынын оор абалга келгендиги аныкталды. БӨУ мүчөлөрүнө ооруканы реконструкциялоо боюнча долбоорду түзүүдө жардам берилди. Долбоорду "Сорос-Кыргызстан" фонду колдоп, 2003-жылдын июнунда "Жамаат саламаттыгы" долбоорунун алкагында 3242,5 доллар өлчөмүндө каржы бөлдү.

Долбоордун ийгиликтүү жүзөгө ашырылышынын жана элдин активдүү катышуусунун натыйжасында оорукананын имараты толугу менен реконструкцияланды: суу жана жылытуу түтүктөрү, канализация бүт бойдон оңдолуп, чатыры, полдору, терезелери жана башкалары жаңыртылды. Эми айылдыктар үчүн медициналык тейлөө жеткиликтүү болуп калды.

## 2.4 Катталган БӨУлар үчүн финансылык жардамды кандайча алса болот?

БӨУ көп финансы булактарын таба алат. Бул мүчөлүк акылар, БӨУ уюштурган иш-чараларга кирүүдө төлөнгөн акы, айрым жарандардын же уюмдардын кайыр-садагалары болушу мүмкүн. Кээде өзүнчө бир долбоорду аткарыш үчүн алар эларалык уюмдардан финансылык жардам ала алышат. Көп эле өлкөдө кайсы бир саясий курсту же БӨУ долбоорлорун жүзөгө ашырыш үчүн өкмөт каржы бөлүп турат, бул келечекте кеңири жайыла турган көнүмүш болушу мүмкүн. Өкмөт мындай тактиканы көп пайдаланат, анткени БӨУ ишти аз чыгым жумшап, өзүнө квалификациялуу көп адистерди тартуу менен кыска эле мөөнөттө аткарып бере алат.



*Жусупов М., Суйундукова С., Абдрасилова А., Бишкек ш.. 2002-ж.*

**Оширахунова Динара, "Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясынын" регионалдык өкүлдөрүнүн координатору**

Динара 1969-жылы Нарында туулган. Кийин ата-энеси менен Балыкчыга көчүп келген. Орус тили жана адабияты педагогикалык институтун аяктап, 4 жыл мектепте иштеген. Анан "Helvetas" эларалык уюмунун Балыкчыда ачылган филиалына барган.1999-жылы Динара "Демократия жана жарандык коом үчүн коалициясы" БӨУсунун регионалдык өкүлү болуп тандалып алынды. Ал семинарларды, тегерек столдорду уюштуруп, көп адамдар менен жолугушуп, жергиликтүү байкоочуларды окутуп-үйрөтүп жүрдү. Динара эң башкысы - адамдарды жалпы ишке мүмкүн болушунча көбүрөөк тартуу керек деп эсептейт, андыктан коом турмушуна активдүү зарыл экендигине элди үгүттөп, кызыктырууга аракеттенет.

## 2.5 БӨУлардын көпчүлүгү кандай иштейт?

БӨУнун көбүндө жетекчилери жана башка кызмат адамдары шайланат. БӨУнун бардык мүчөлөрү бирдей добуш укугуна ээ. Жалпы жыйналыштар жылына бирден кем эмес жолу өткөрүлөт. БӨУнун бардык шайланма кызмат адамдары уставдагы көрсөтүлгөн тартип боюнча мына ушул жыйналышта көпчүлүк добуш менен кайра шайланып турушу мүмкүн. (Башкаруу органдары демейде белгилүү мөөнөткө шайланат да, убагы келгенде же кандайдыр бир күтүүсүз кырдаал түзүлгөндө жаңыдан шайланышы мүмкүн. Кайра шайлоо сөзсүз эле жыл сайын жүргүзүлө бербейт). Күнүмдүк чечимдер башкы жетекчи – төрага же президент тарабынан кабыл алынат. Ошентсе да, бүтүндөй жетектөөчү комитет (же кеңеш) кабыл алынган чечимдерди жана аткарылган иштерди жактыруу, бюджеттин кайсынысын болсо да

бекитүү же пландарга өзгөртүү киргизүү үчүн маалынан кечиктирбей чогулуп турушу керек. Өзүңөр көрүп тургандай, БӨУ парламент модели боюнча иштейт.

**Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргойт**

Өткөөл экономика мезгилинде көпчүлүк товарлар менен тейлөө кызматтарынын сапаты начар болгондугу ден соолукка зыян келтирет. Анткени республикада өндүрүлгөн же сырттан ташылып келинген продукция жетиштүү деңгээлде көзөмөлгө алынбай жатат. Кыргыз Республикасынын 1997-жылы кабыл алынган "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө" мыйзамы практика жүзүндө иштебейт. Керектөөчүлөрдүн күн сайын бузулуп жаткан укуктарына көңүл бурулбай, тийиштүү чаралар көрүлбөй жатат. 2002-жылы Ысыката районунда түзүлгөн "Кант Айкын" коомдук бирикмеси керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо максатында Канттагы ЖККБга кайрылды. 2003-жылы бул борбордун консультациялык жана техникалык көмөгү менен "Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо" долбоору иштелип чыкты. Аны "Сорос-Кыргызстан" фонду колдоп, 1750 доллар өлчөмүндө акча бөлүп берди. Натыйжада электр энергиясын, сугат жана таза сууну, телефон байланышын керектегендердин укуктары корголуп, Кант шаарындагы коммуналдык кызматтардын ишиндеги кемчиликтер иликтенип, канализациялык түтүктөр оңдолду. Уюм иштей баштагандан бери 450гө жакын арыз кабыл алынып, каралган да, товарды алмаштырып же акчасын кайтарып алуу боюнча бардык арыз бергендерге жардам көрсөтүлгөн.

## 3.0 Кээ бир катталган жана катталбаган БӨУлардын мүнөздөмөсү

Бул БӨУлар эң мыкты болгондугу жана көптөн бери иштеп келгендиги үчүн эмес, жалпы эле БӨУларга мисал боло алгандыгы үчүн тандалып алынды. Биринчи үчөө мыйзамдын талабына ылайык юстиция органдарында катталышы керек. Кийинки эки уюмду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында эле каттоодон өткөрүп коюуга болот.

### "Интербилим" эларалык борбору

«Интербилим» 1993-жылы катталган. Борбордун алдына коюлган милдет – "үчүнчү секторду" (жарандык коомду) өркүндөтүп, калктын турмушу оор жана коргоого муктаж катмарына көмөк көрсөтүп жаткан БӨУлардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Борбордун тренерлери тарабынан ар кайсы тармактар боюнча окуу программалары иштелип чыгып, жүзөгө ашырылып жатат:

- БӨУ концепциясы
- фандрейзинг (финансы булактарын издөө)
- коомчулук менен байланыш
- лидерлик
- финансы менеджменти жана мониторинг
- стратегиялык пландоо
- БӨУ менеджменти
- адам укуктарын коргоо жана лоббилөө
- гендер жана өнүктүрүү
- конфликттерди чечүү

Борбор БӨУ өкүлдөрүнө укук маселелери, долбоор түзүү, өнөк (партнёр) издөө, ММК менен байланышты жолго коюу, баа берүү жана мониторинг, коомдук кампанияларды (өнөктүктөрдү) жүргүзүү жана башка темалар боюнча бекер кеңеш берет. Мындан тышкары Борбор БӨУ өкүлдөрүнө компьютер, көчүрмөлөө жана видеокөрсөтүү, электрондук почта, Интернет жагынан кызмат көрсөтөт.

Борбор ар түрдүү иштерди жүргүзүп, көптөгөн коомдук акцияларга активдүү катышат. Мисалы, 1998-жылы ММКларды, БӨУларды, адистерди, жарандык коомдун өкүлдөрүн экологиялык бузууларга каршы уюштуруп, "Кыргызстандагы БӨУлар" деген документалдуу фильм тарткан. 2001-жылы кароосуз калган балдар тууралуу «Уясыз балапандар» аттуу видеофильм тарткан. Ошол эле жылы «Интербилим» Барскоондогу экологиялык кырсыкты баяндаган «Алтын кырсыгы» фильми үчүн Словакияда «Enviro Film» эларалык кинофестивалынын баш байгесин алган.

### Жалалабаттагы "Адилеттүүлүк" облустук укук коргоо уюму

Уюмдун милдети – коомдогу толеранттуулукту (сабырдуулукту) камсыздоо, мыйзам үстөмдүгүнүн бекемделишине көмөктөшүү.

Ишинин башкы багыттары:

- адамдардын негизги укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо;
- жарандарды укуктук аң-сезимге тарбиялоо;
- аймакта мыйзамдуулукту сактоо багытында мониторингди үзгүлтүксүз ишке ашыруу;

- жарандарды укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулуш маселелери боюнча ар дайым кабыл алып туруу;
- коомдук коргоочулар катары соттун тергөө иштерине катышуу;
- массалык маалымат каражаттары аркылуу адам укуктарын жана мыйзам үстөмдүгүн сактоо маселелеринде коомдук пикирди түзүү;
- улут аралык мамилелер жана конфликттердин алдын алуу багытындагы иш чөйрөсүндө этноконфессиялык мониторинг жүргүзүү.

Уюмга 21 юрист жана башка адистер, ар түрдүү кесиптин өкүлдөрү кирген. 1997-жылдан баштап "Адилеттүүлүк" уюму укук коргоочу корреспондент тармагын түзүп, юридикалык бекер кызмат көрсөтүүчү коомдук кабылдамаларды ачты. Бул БӨУ негизинен калктын социалдык жактан корголбогон катмарларына: пенсионерлерге, майыптарга, согуш жана эмгек ардагерлерине, жумушсуздарга, бюджет чөйрөсүнүн кызматчыларына, дыйкандарга, "афгандыктарга", "чернобылдыктарга" жардам көрсөтөт. Маселен, мыйзамдуу укуктарын камсыздоо үчүн майып шахтёрлорго жардам берилди. Уюмдун юристтери жасаган иш-аракеттин натыйжасында шахтёрлор тиешелүү *компенсациясын*[1] алышты. Бул уюм инсандын укуктары менен эркиндиктери бузулган учурларда адилеттүүлүктү калыбына келтирүү багытында иш жүргүзөт, ошондой эле конфликттин алдын алуу жана аны эртелеп жөнгө салуу максатында конкреттүү иштерди жүзөгө ашырат. Ушул иштердин баары мамлекеттик түзүмдөр (структуралар) жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен бирдикте аткарылат.

Калкты укуктук аң-сезимге тарбиялоо – уюмдун ишиндеги негизги багыт.

### "Баястан" бейөкмөт уюму

Бул БӨУ коомдук бирикме катары Нарын облусунда 1997-жылы түзүлгөн. Милдети – балдарга, майып балдарга, ошондой эле майып балалуу аялдарга колдоо көрсөтүү. БӨУнун ишиндеги негизги багыттар булар:

- Майып балдарды жалпы билим берүүчү мектепке тартуу.
- "Балдар балдарга жардам берет" программасын ишке ашыруу.

БӨУнун аракетинин натыйжасында 1997-жылдан бери Чкалов атындагы орто мектепте "Майып балдарды жалпы орто билим берүүчү мектепке тартуу" программасы ишке ашырылып келе жатат. 1999-жылы долбоорго дагы 5 мектеп, 3 бала бакча кошулган.

2001-жылдын январынан тартып "Баястан" тарабынан баланын укуктары боюнча долбоор турмушка ашырыла баштады, анын алкагында төмөндөгүлөр жүргүзүлүүдө:

- баланын укуктары жана психология боюнча 5, 6, 10-класстардагы сабактар;
- психолог менен юристтин кеңеш берүүлөрү;
- мугалимдер, балдар, ата-энелер арасында баланын укуктары боюнча анкета жүргүзүү.

Мындан тышкары "Өспүрүм юрист" ийрими түзүлгөн. Келечекте "Баястан" "Майып балдарды жалпы билим берүүчү мектепке тартуу" сынак долбоору боюнча тажрыйба жайылтууну, майып балдар үчүн реабилитациялык борбор ачууну, ошондой эле программаны каржылоо үчүн көмөкчү чарба уюштурууну пландоодо.

### "Жаңы Турмуш" жамаат тибиндеги уюму

Талас облусунун Жаңы Турмуш кыштагында жамаат тибиндеги уюм (ЖТУ) түзүлгөн; максаты – тургундардын катышуусу менен жергиликтүү проблемаларды чечүү. ЖТУнун мүчөлөрү жамаат жыйынында тургундардын жалпы добуш берүүсү менен шайланат. Уюмга кыштактын өнүгүшү үчүн көп пайдалуу жумуштарды жасаган адамдар шайланган. Аларды тургундардын көпчүлүгү билет, сыйлайт.

Жамаат жыйынында проблемалар талкуулангандан кийин кыштакты өнүктүрүү планы түзүлгөн. Балдар 12 чакырымдай алыстагы кошуна кыштакка барып-келип окугандыктан мектеп куруу маселеси биринчи кезектеги иш катары белгиленген. Балдарга айрыкча кышкысын кыйын болгон. Бул проблеманы жамаат өз күчү менен чечүүгө тийиш эле. 2002-жылы кыштак тургундары мектеп курулушун баштады. Мектеп курулушуна акчанын бир бөлүгүн Каунтерпарт Консорциум эл аралык уюму төлөп жардам көрсөттү, бирок «Жаңы турмуш» ЖТУсу да, анын мүчөлөрү да эларалык донордон өздөрүнө акча албай иштешкен. «Жаңы турмуш» ЖТУ мүчөлөрү эми жолдорду, суу каналдарын оңдоону пландап жатышат. Элдин кирешесин арттырып, бул алыскы кыштактын турмуш шартынын жакшырышына кызмат кылгыдай бизнести өөрчүтүү үчүн шарт түзүү пландалууда.

[1]Компенсация – келтирилген зыяндын ордун толтуруучу акы.

**Улам алга умтулуп**

Жумуш орундарынын жоктугу, жашоо деңгээлинин төмөндүгү, өлкөдөгү социалдык-экономикалык оор абал аймактардагы элдин турмуш-тиричилигине терс таасир тийгизүүдө. Мисалы, Ноокат районундагы 6000 кишилик калкы бар Деңкышлак айылында акча каражаттарынын жоктугунан улам кондитердик цех иштебей жаткан. 2003-жылдын майында түзүлгөн "Калдиргоч" өз ара жардамдашуу тобунун (ӨЖТ) мүчөлөрү Ноокаттагы ЖККБга жардам сурап кайрылып, чакан бизнестин негиздери, бизнес пландоо, ӨЖТ концепциясы, социалдык өнөктөштүк, салык салуу ж.у.с. маселелер боюнча окутуу тренингинен өтүштү, ошондой эле консультациялык жардам алышты. ӨЖТ мүчөлөрүнүн мында алган билимдери менен көндүмдөрү долбоор, бизнес план иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Январда алар киреше алып келүүчү ишмердикти (нан азыктарын жана кондитердик азыктарын даярдоо ишин) өнүктүрүүгө 5 жылдык мөөнөт менен 230 доллар өлчөмүндөгү кредит алышты. Кредитти "Жамааттар кирешеси" МКАсы жылына 24 % менен берди. Карыз акча 2004-жылдын майында толугу менен кайтарылды. Ал эми ӨЖТнын жалпы кирешеси 230 долларды түздү.Бул ийгиликке шыктанган ӨЖТ өз ишмердигин андан ары улантты. 2004-жылдын майында аймактагы мал чарбачылыгын өнүктүрүү боюнча бизнес планын иштеп чыгып, МКАдан 6 айлык мөөнөт менен 800 доллар кредит алды.

**«Кайрат» жамаат тибиндеги уюму**

Жамаат 2001-жылдын 6-апрелинде А. Огомбаев кыштагынын тургундарынын жалпы чогулушунда буга чейин чоң иштерди аткарган жаштардын «Кайрат» демилгечил тобунун негизинде түзүлгөн. Дүкөндүн эски иматын ижарага алган жамаат аны реконструкциялап спорт клубун уюштурган (машыгуу жана күрөш залдарын жасаган). Бул имаратта ошондой эле маданий-массалык иш-чаралар, жаштар үчүн конкурс, дискотека, лекция өткөрүлө баштады.

Жамаатты түзүүнүн максаты – өз кызыкчылыктарын жана жарандык укуктарын коргош үчүн айыл калкын активдештирүү, алардын жергиликтүү жана улуттук деңгээлде руханий, социалдык жана экономикалык чөйрөгө таасир этүүчү чечимдерди кабыл алуу процессине катышуусун камсыз кылуу. Биринчи чогулушта уюмдун ишмердигин эң маанилүү проблемадан – коомдук мончону капиталдык ремонттоодон баштоо керек деп чечилди. Каунтерпарт Консорциумдун жана Европа биримдигинин колдоосу астында кыштак тургундары ашар жолу менен мончону ремонттоп, кайра курушту, анда чачтарач да ачылган.

"Кайрат" көптөгөн ар кандай иш-чараларды өткөрөт. Маселен, жамааттын демилгеси боюнча 2002-жылдын 7-мартында А.Огомбаев кыштагында Талас облусунун Талас районуна караштуу Калба айыл өкмөтүнүн жаштарынын I курултайы өткөрүлдү. Азыркы мезгилде айыл тургундарынын турмушун жакшыртыш үчүн бул уюм Талас облусунда жакшы өсө турган картөшкөнүн үрөнүн сатып алып, А.Огомбаев айыл өкмөтүнүн башчысы бөлүп берген жерге айдашты. Күзүндө "Кайрат" ЖТУсу калктын кем-карч катмарына картөшкөдөн жардам бермекчи.

"Кайрат" жамааты кыштакты өнүктүрүүгө байланыштуу өз алдына төмөндөгүдөй милдеттерди койду:

1) кыштактын орто мектеби үчүн спорт зал куруу;
2) клубду реконструкциялоо жана оңдоо;
3) стадион куруу;
4) жергиликтүү айыл чарба чийки затын кайра иштете турган чакан ишкана ачуу үчүн инвестицияларды тартуу менен жергиликтүү айыл чарба продукциясын оңой сатып өткөргүдөй шарт түзүү.

## 4.0 Кыргызстандагы айрым катталган БӨУлардын тизмеси

2004-жылдын 1-мартындагы маалымат боюнча Кыргызстанда 6598 катталган БӨУ бар. Көз карандысыздыкка жеткенге чейин Кыргызстанда бир да катталган БӨУ болгон эмес. Төмөндө келтирилген схема БӨУнун негизги топторун жана ар кайсы тармактарда иш жүргүзгөн БӨУлардын проценттик карым-катышын көрсөтөт.

2-диаграмма




## БӨУлардын тизмеси

**1. “Диамонд” ассоциациясы**

БӨУ төмөндөгүдөй проблемалар менен иштейт:

- Гендерлик теңчилик, аялдарды саясатка тартуу;
- Аялдарга зордук-зомбулук көрсөтүлүш себептерин иликтөө;
- Аялдардын тукум улоого жарамдуулугун коргоо;
- Адам укуктары жана аялдардын укуктары боюнча билим берүү;
- Жаштар арасында экологиялык билим берүүнү өөрчүтүү.

Дареги: Бишкек ш., Панфилов көч., 200, 39-кв., факс: 996-312-660235
E-mail: diamond@infotel.kg http://www.cango.net/homepages/kg/diamond

**2. “Демократия жана жарандык коом үчүн” БӨУ коалициясы**

БӨУнун негизги милдеттери:

- жарандык коомду куруу;
- мыйзам үстөмдүгүн чыңдоо;
- адам укуктарын коргоо.

Дареги: Бишкек ш., Ибраимов көч., 37, 29-кв., тел.: 68-13-34, 68-09-72, 29-63-92
E-mail: coalitionNGO@infotel.kg

**3. Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоочу “Айкын” ассоциациясы**

БӨУнун негизги милдети – Кыргыз Республикасында жарандардын күч-аракеттерин бириктирүү, багыттоо жана колдоо аркылуу керектөөчүлөрдүн турмуш деңгээлин жогорулатууга багытталган мыйзамдардын аткарылышына көмөктөшүү.
Дареги: Бишкек ш., Чүй проспекти – 114; 433, 305-бөлмөлөр, тел./факс:(312) 660560
“Шашылыш” тел.: (312) 225452
E-mail: root@aikyn.cango.net.kg http://www.cango.net/homepages/kg/aikyn

**4. “Биом” айлана-чөйрөнү коргоо боюнча жаштар кыймылы**

БӨУнун негизги максаты – калкты айлана-чөйрөнүн көйгөйлөрүн чечүүгө тартуу, күч-аракетти бириктирүү, маалымат алууну уюштуруп, экология тармагында агартуучулук ишти жүргүзүү.
Дареги: Бишкек ш., Абдымомунов көч., 328, КУУ, биология факультети, 327-бөлмө, тел.:25-18-78
E-mail: biom@infotel.kg





**5. “Кыргызстан жаш юристтери”**

Негизги иши Кыргызстанда укукчул демократиялык коомдун курулушуна, социалдык, экономикалык, билим берүү жана укуктук максаттарга, ошондой эле Кыргызстандын жаш юристтеринин укуктары менен укуктук кызыкчылыктарын коргоого багытталган.
Дареги: Бишкек ш., Чүй просп., 162, 16-кв., тел.:66-16-76, факс: (312) 22-28-56
E-mail: sbakr@infotel.kg

**6. Айылдык аялдардын «Алга» коомдук уюму**

Уюм айыл жерлериндеги аялдарга тиешелүү социалдык жана экономикалык проблемаларды чечүү багытында иш алпарат. Элеттик аялдарга маалымат, кеп-кеңеш, моралдык жана материалдык жактан колдоо көрсөтөт.
Дареги: Чүй облусу, Жерказар, Айдарбеков көч., 35, тел.: 2-25-01, 21-45-85

**7. Үйбүлөлүк врачтардын ассоциациясы**

Ишинин негизги багыттары:

- негизги медициналык жана санитардык жардам көрсөтүү системасына реформа киргизүү, үйбүлөлүк врачтар институтун түзүү;
- коомдук саламаттык сактоону каржылоонун жаңы ыкмаларын киргизүүгө катышуу;
- врачтарды кайра окутууга катышуу.

Дареги: Бишкек ш., Логвиненко көч., 8, факс: 66-22-94, 66-30-27
E-mail: dragon_glib@hotmail.com

**8. Аялдарга колдоо көрсөтүү борбору (Бишкек)**

БӨУнун негизги максаты – адам укуктарын сактоо, гендерлик теңчиликке жетишүү жана демократиялык кайра түзүүлөргө катышуу аркылуу Кыргызстандагы аялдардын статусун бекемдөө.
Дареги: Тынчтык пр., 47/1, тел.: 54-66-14
E-mail: roza@users.kirnet.kg же kyrgyzwomen@hotmail.com

**9. “Лидер” коомдук ассоциациясы**

Негизги иши инсандын өз чыгармачылык күч-кубатына таянып, индивидуалдуу өсүп-жетилишине шарт түзүүгө, ошондой эле ар кайсы жаштагы кишилердин ортосунда диалогду өөрчүтүүгө жана аларды БӨУ ишине катыштырууга багытталган.
Дареги: Каракол, Абдрахманов көч., 142, тел./факс: 0(3922) 5-41-84, 50-40-07
E-mail: root@lider.cango.net.kg

**10. Журналисттер ассоциациясы**

Ассоциациянын максаты – журналисттердин укуктарын коргоо.
Дареги: Ысыккөл облусу, Каракол ш., “Вести Иссык-Куля” облустук гезити, тел.: 2-48-86

**11. Жеке менчик фермерлердин ассоциациясы**

Негизги иши – фермерлерге финансылык жардам көрсөтүү, кредит алуу
Дареги: Ысыккөл облусу, Түп, 1-Май көч., тел.: 2-16-55.

**12. “Араван” жеке менчик фермерлер ассоциациясы**

БӨУ сүт, эт өндүрүү жана сатуу боюнча иш жүргүзөт.
Дареги: Ош облусу, Араван району, тел.: 2-35-17

**13. “Жолго” кайрымдуулук фонду**

Фонддун миссиясы – улуттук билим берүүгө колдоо көрсөтүү, лицей, гимназия ачуу; айыл жерлеринен чыккан зээндүү жаш студенттерге жана жетим балдарга колдоо көрсөтүү.
Дареги: Ош облусу, Мургап, “Төөлөс” айыл кеңеши, Ноокат району, тел.: 2-15-26, 2-15-22, 2-15-98

**14. “Аксана” бала күнүнөн майыптардын жарандык ассоциациясы**

Уюмдун милдети – коомдук турмуштун бардык тармактарында майыптардын тең укуктуу болушуна жетишүү.

Дареги: Жалалабат облусу, Жалалабат шаары, Эркинтоо көч., 27, факс: 3-22-38

**15. "Бугу Эне" уюму**
Уюм Кыргызстанда Баланын укуктары боюнча конвенцияны сактоо багытында иштейт, социалдык кызмат көрсөтүү системасын түзүү жагынан иш жүргүзөт, юридикалык кеңеш берип, жетимдердин укугун коргойт.
Дареги: Ысыккөл облусу, Балыкчы, Кыргызстандын 40 жылдыгы көч., 148, тел.: 2-52-02

**16. "Кошой-ата" карылар коому**
Уюм кары адамдар жана жаштар менен иштейт. Ар бир кыштакта кыргыз элинин өрнөктүү салт-санаасын иликтеп-үйрөнүү, жарандыкка тарбиялоо, элдердин достугун чыңдоо, Манастын 7 осуятын пропагандалоо, элге каршы көрүнүштөргө жол бербөө боюнча иш жүргүзөт.
Дареги: Талас облусу, Талас ш., Москиченко көч., 261

**17. "Интербилим" эларалык борбору**
Дареги: Бишкек ш., Раззаков көч., 16, 2-кв., тел.: 66-04-25; факс: 66-44-34
E-mail: ccpub@infotel.kg

**18. "Адилеттүүлүк" юридикалык коргоо уюму**
Дареги: Жалалабат ш., Эркин Тоо көч., 27, факс: (3722) 56038
E-mail: root@valery.bishkek.su http://www.cango.net/homepages/kg/spravedlivost

**19. "Баястан"**
БӨУнун ишинин негизги максаты – балдарды жана майып балдарды колдоо, ошондой эле майып балалуу айлдарга колдоо көрсөтүү.
Дареги: Нарын ш., Ленин көч., 46, Чкалов атындагы №2 орто мектептин имаратында,
тел./факс: (3522) 5-06-25
E-mail: bayastan@infotel.kg же bayastan@ktnet.kg

## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

**03-тапшырма. Конституциялык кепилдиктер 10 мүн.**

Шеригиңер менен Кыргыз Республикасынын Конституциясын карап чыккыла. Жарандарга БӨУ (КЭУ) түзүү укугу кандайча гарантияланат – Конституция ошол БӨУлардын иш тартибин көрсөтүп бере алабы? Ушул маселени класста талкуулоого даярдангыла.

**04-тапшырма. Туурабы же туура эмеспи? 15 мүн.**

Шеригиңер менен төмөнкү ырастоолордун туура-туура эмес экендигин аныктагыла.

| Ырастоолор | Туура | Туура эмес |
|---|---|---|
| 1. БӨУ мамлекет тарабынан чечилбеген эң актуалдуу проблемаларды чечүү багытында иш алып барат. | | |
| 2. БӨУ өз максаты үчүн акча иштеп таба ала турган түзүмдөрдү түзө алат | | |
| 3. БӨУ прокуратура органдары тарабынан түзүлүп, мамлекеттик органдар абдан приоритеттүү (чечилиши зарыл) деген маселелер боюнча алар менен кызматташа алат. | | |
| 4. БӨУ социалдык проблемалар боюнча иштегенде мамлекеттик органдарга каршы турат. | | |
| 5. БӨУлар жарандардын өздөрүнүн белсене иштегенинин натыйжасында, алардын көтөргөн демилгесинин, бири-бирине берген жардамынын негизинде түзүлөт. | | |
| 6. БӨУ экономикалык кыйынчылыктарды башынан кечирип жаткан өлкөлөрдө гана болот. | | |

### 05-тапшырма. Эскиби же жаңыбы? 10 мүн.

Шеригиңер менен талкуулап, бул суроого жооп бергиле: БӨУлар бүгүнкү күндө эле түзүлүп жатабы же алар коомдо мурдатан эле бар беле?

### 06-тапшырма. Артыкчылыктар жана кемчиликтер 15 мүн.

Шеригиңер менен коомдук проблемалардын мамлекеттик түзүмдөр жана БӨУ тарабынан чечилишинде кандай артыкчылыктар жана кемчиликтер болорун санап бергиле.

| Артыкчылыктар | Кемчиликтер |
|---|---|
| Мамлекеттик органдар | Мамлекеттик органдар |
| БӨУ | БӨУ |

### 07-тапшырма. БӨУнун иш чөйрөсү 15 мүн.

Шеригиңер менен Кыргыз Республикасындагы БӨУлардын ишмердигин талдап, тийиштүү жыйынтык чыгаргыла да, текстте (4.0-пунктунда) берилген диаграмма боюнча чакан корутунду жазгыла.

### 08-тапшырма. Аларды каттоонун зарылчылыгы барбы? 30 мүн.

Шеригиңер менен төмөндөгү сыпатталган топтор үчүн БӨУ катары катталуу зарыл же зарыл эмес экендигин аныктагыла.

*1. Саламатсызбы! Менин атым – Бакыт, музыкалык клубдун катчысымын. Биз ар айдын биринчи шаршембисинде жолугуп турабыз. Биздин башкы иш-милдетибиз – Фергана өрөөнүнүн музыкалык салтын сактап калуу. Кээде биз концерт коюп чыгабыз, анан албетте, бул иш үчүн грант талап кылынат. Акчаны биз клубга жаңы киргендерге музыкалык аспап сатып берүү үчүн чыгымдайбыз. Акча ошондой эле эски ырларды жазып алыш үчүн да керек.*

*2. Атым – Гүлмира, өз кыштагыбыздагы эле жумасына эки ирет чогулуп, тандыр нан жапкан кыз-келиндерденмин. Нанды биз базарга сатып, жаңы насос сатып алыш үчүн акча жыйнап жатабыз. Тиешелүү акчаны дээрлик жыйнап бүтүп калдык. Мындан кийин өз кыштагыбыз үчүн тегирмен сатып алгыдай акча топтосок деген ниетибиз бар.*

*3. Менин атым – Султан. Сегиз баланын атасымын. Аялым Баткенден, өзүбүз Ошто турабыз. Ай сайын аялымдын ага-инилери менен жолугуп, шаан-шөкөт курабыз: саясат тууралуу, дагы башка ар кандай нерселерди сүйлөшөбүз. Мындай шаан-шөкөттүн ыгым-чыгымына деп атайын акча чогултабыз.*

*4. Менин атым – Лена, 17 жаштамын. Шаардагы жаштар комитетинин төрайымымын. Биз жума сайын чогулуп, концерт коюу, спорт күндөрүн, лидерлик боюнча семинарларды өткөрүү сыяктуу алдыдагы пландарды талкуулайбыз. Бир аз акчаны бизге акимчилик бөлүп берди, а бир азын эларалык уюмдардан алдык. А ЮНЕСКО болсо бизге концерт коюшубуз үчүн акча бөлүп берди. Клуб мүчөлөрүнө комитет тарабынан акча төлөнбөйт.*

*5. Менин атым – Каныкей. Шаарыбыздагы жалгыз бой энелер ассоциациясына мүчөмүн. Ай сайын жолугушуу уюштуруп, меймандарды чакырабыз, ден соолук, өзүбүздүн юридикалык укуктарыбыз тууралуу сүйлөшөбүз. Акча каражатыбыз да, банкта алыш-бериш эсебибиз да жок. Чай-пайга кеткен чыгымыбызды жабыш үчүн ассоциациябыздын мүчөлөрүнөн жардам (акча ж.б.) алып турабыз. Кээде биз мыйзамдарды талкуулап, ассоциациябыздын атынан парламентке кат жазып, кабыл алынган же парламентке киргизиле элек мыйзамдарга өзгөртүү киргизүү тууралуу сунуштарыбызды айтабыз жана тийиштүү түшүндүрмөлөрдү беребиз.*

*6. Менин атым – Таалай, фермерлер жамаатына мүчөмүн. Биз ай сайын чогулуп, фермерчиликтин түйүндүү маселелерин жана аларды чечүүнүн жолдорун талкуулайбыз. Жамаатыбыздын кээ бир мүчөлөрү кооперативде, кээ бири менчик чарбаларда иштешет. Эларалык уюмга долбоорубузду сунуш*

*кылып, гезитке жарыялаш үчүн акча алдык. Бизде бир гана акы төлөнүүчү кызматкер иштейт, ал гезитке материалдарды даярдайт жана бухгалтердик ишти жүргүзөт. Калгандарыбыз төрагабыз менен бирге коомдук негизде иштейбиз. Эрежелерибиздин бирине ылайык комитеттин акы төлөнүүчү кызматкерлери комитетке мүчө боло албайт.*

*7. Саламатсыңарбы! Атым – Эрлан, өз мектебибиздин мектеп кеңешине мүчөмүн. Бизде эч кандай менчик каражат жок. Кеңешке мүчөлөр мектебибизге жана жергебизге тиешелүү маселелерди талкуулаш үчүн эки жумада бир чогулабыз. Учурдагы долбоорубуздун максаты – мектептин артындагы футбол аянтын курууга акимден уруксат алуу. Бул максатты эки түрлүү жол менен ишке ашырсак деп турабыз. Адегенде аянт кайсы максат үчүн керектигин түшүндүрүп кат жазышыбыз керек. Андан кийин биз отун камдап, кышында сатсак дейбиз. Бул акчаны өзүбүздүн футбол командабыз үчүн спорт инвентарын сатып алууга жумшасак деп ойлойбуз.*

**09-тапшырма. Бул кандайча болот? 15 мүн.**

Шеригиңер менен ачык каттоодон өткөн БӨУну түзүү процессинин схемасын чийгиле.

**10-тапшырма. А башка жагдайдачы? 10 мүн.**

Шеригиңер менен катталбаган БӨУну түзүү процессинин схемасын чийгиле.

# XVIII бап

# Коомдук пикир жана массалык маалымат каражаттары мамлекеттеги "төртүнчү бийлик" катары

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

**01-тапшырма. Түшүнүктөргө туура келген аныктамаларды бергиле. 5 мүн.**

Эки-экиден болуп, терминдерге аныктамаларды тандагыла.

| Түшүнүк | Аныктама |
|---|---|
| 1. Коомдук пикир | а) Маалыматты жана пикирлерди таратуунун ар түрдүү техникалык жолдору (мисалы, телекөрсөтүү). |
| 2. Массалык маалымат каражаттары (ММК) | б) Бир тарапка караганда экинчисине көбүрөөк артыкчылык берүүчүлүк. |
| 3. Уктуруу | в) Бирөөнү каралаган айын сөздү элге таратуу; бул үчүн сот жоопкерчилигине тартылып, жазапул (штраф) салынышы мүмкүн. |
| 4. Маалымат каражаты | г) Кишилердин ар кандай топторунун коомдук чындыкка мамилеси. |
| 5. Интернет | д) Билдирүүлөрдү кеңири аудиторияга таратуу. |
| 6. Тенденциялуулук | е) Маалымат таратуунун бир түрү. |
| 7. Жалаа | ж) Бүткүл дүйнөлүк компьютер тармагы. |

**02-тапшырма. Маалымат алуу 5 мүн.**

Эки-экиден болуп, коомдоштугуңар пайдаланып жүргөн ар кандай массалык маалымат каражаттарынын тизмесин түзгүлө. Анан төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

а) Бул массалык маалымат каражаттары мамлекеттикиби же жеке менчикпи?
б) Алар кимге таандык: кыргызстандык менчик ээлеринеби же чет өлкөлүктөргөбү?
в) Эгерде алар Кыргызстандын массалык маалымат каражаттары болсо, анда жергиликтүүбү же республикалыкпы? (Б.а. алар маалыматты канчалык кеңири таратат: районго элеби же кандай?)

## Окуу үчүн текст

Бул бапта төмөндөгүлөр каралат:

1. Коомдук пикирдин калыптанышы жана анын бийлик органдарына таасири
2. Массалык маалымат каражаттары деген эмне?
3. Массалык маалымат каражаттарынын жоопкерчилиги
4. Демократия, коомдук пикир жана массалык маалымат каражаттары

### 1.0 Коомдук пикирдин калыптанышы жана анын бийлик органдарына таасири

Бардык учурда коомдук турмуштун көп кырдуу аспектилерине (жактарына) жарандардын өз көз караштары болот жана алар бири-биринен сөзсүз айырмаланат. Алар өздөрүнүн калыптанган пикирине ылайык, колдо бар маалыматтын негизинде, тиешелүү чечимдерди кабыл алат. Ошондуктан кабыл алынган чечимдердин сапаты маалыматтардын жеткиликтүүлүгүнө, ишенимдүүлүгүнө жана толуктугуна жараша болот.

Маалыматты ар ким ар кандай чечмелесе да, азыркы коомдо адамдардын көпчүлүгүнүн көз караштары окшош калыптанат же, жок эле дегенде, кээ бир маселелер боюнча алар тил табыша алат. Бул

маданий айырмачылыктарга карабастан, көпчүлүгүбүз негизинен жалпы адамзат *дөөлөттөрүн* (чындык жана жалган, жакшылык жана жамандык, сулуулук жана түрү суук ж.у.с.) бирдей барктаганыбызга байланышкан. Мисалы, калкынын көпчүлүгү салыктардын көбөйүшүн тилеген коомду табыш кыйын, ошентсе да, экинчи жагынан, калкынын көпчүлүгү мамлекет эч кандай салыксыз деле жашаса болот деп эсептеген өлкөлөр абдан аз. Бирок кээ бир маселелерге келгенде, адамдардын айрым бир коомдоштугунун көз карашы башка коомдоштуктардыкынан өзгөчөлөнүп турат. Алсак, шаар тургундары саябан бак (парк) өстүрүүгө акчаны көп жумшалышын жакташы, ал эми айыл тургундары мындан такыр башкача пикирде болушу мүмкүн.

Коомдук пикир коомдун бардык мүчөлөрүнүн өз ара аракетинин соңку жыйынтыгы катары калыптанат. Бирок эч убакта эч бир маселе боюнча элдин баарынын пикири толугу менен дал келишпейт, тескерисинче, ар кандай өлкөдө карама-каршы көз караштар менен пикирлер боло берет. Пикирлер менен көз караштар колдо бар маалыматтардын негизинде калыптангандыктан, мында маалымат алуу мүмкүнчүлүгүн жана билим берүү системасын көзөмөлдөө чечүүчү ролду ойнойт. Демократиялык коомдо мындай көзөмөлдөө өзгөчө мааниге ээ, анткени адамдар маалыматтын негизинде гана кимге добуш берерин чече алышат, ал эми шайлоо коомдук пикирди аныктоонун ыкмасы жана анын чагылышы болуп эсептелет.

Эгерде коомдук пикирди кайсы бир саясий топ өз абалын чыңдоо жана байлык жыйноо максатында гана көзөмөлдөсө, анда таптакыр алгылыксыз иш-аракеттер орундуудай көрсөтүлүп калышы ыктымал. Маселен, Советтер Союзунда жаңылыктардын таралышын көзөмөлдөөчүлөр массалык репрессиялар тууралуу маалыматты сталиндик режим белгилүү бир мезгилге чейин, атүгүл Сталин өлгөндөн кийин да жашырып же төгүндөп турган. Мына ушундай мамиледен улам элдин көпчүлүгү Сталинди өзүнүн ошол кездеги атак-даңкына мыйзамдуу жол менен келген улуу адам деп эсептеген. Ушунун натыйжасында диктатура аларга мамлекетти башкаруунун мыкты формасындай көрүнчү.

**Коомдук пикирдин мисалы**

2001-жылы IFES өлкө боюнча социологиялык сурамжылоо уюштурган. Бул жерде төмөндөгү суроого берилген жоопторду чагылдырган таблица келтирилет: "Өзүңөр билгендей, ар кайсы шаарлар менен кыштактардын проблемалары ар түрдүү. Кайсы проблемаларды силер өз жамаатыңарда абдан маанилүү деп эсептейсиңер?"

| | |
|---|---|
| Жумушсуздук | 30% |
| Ичээр суунун жоктугу | 22% |
| Жакырчылык, турмуштун төмөнкү деңгээли | 18% |
| Электр жана газ менен камсыздоо проблемалары | 16% |
| Айыл чарбасынын проблемалары | 9% |
| Социалдык жана турмуш-тиричилик проблемалары | 7% |
| Айыл-кыштактын жалпы булганышы | 7% |
| Жолдордун жаман абалы | 6% |
| Коммуналдык кызматтын начардыгы | 6% |
| Жалпы экономикалык проблемалар | 6% |
| Кылмыштуулук, сойкулук | 5% |
| Сугат суунун жоктугу | 4% |
| Жаштардын проблемалары | 3% |
| Медициналык тейлөөнүн начардыгы | 3% |
| Билим берүү системасы | 3% |
| Дагы башкалар | 11% |
| Билбейм | 9% |

Мындай абалды *тоталитардык* (коомдук турмуштун бардык жактарын катуу көзөмөлгө алган) мамлекеттерде коомдук пикирди тескеп тургандар жакшы түшүнүшөт. Ошондуктан диктаторлук режимге макул болуучу коомдук пикирди "түзүү" максатында идеологиялык кысымдын кубаттуу механизмин колдонушат. Мына ушундай жагдай, маселен, Экинчи дүйнөлүк согушка чейин жана ушул согуштун учурунда нацисттик Германияда өкүм сүргөн, азыр деле дүйнөнүн башка бир катар өлкөлөрүндө да өкүм сүрүп турат. Тоталитардык мамлекеттерде "мээни жууп-тазалоо" (элдин баарына бирдей калыптагы пикирди таңуулоо) процесси үйбүлөдөгү балалык кезде жана мектепте эле башталат. Мамлекет маалыматтын бардык булактарын көзөмөлдөйт. Ушунун натыйжасында "жалпы мамлекеттик коомдук пикир" калыптанат да, өкмөттүн саясатын элдин баары жактырат деген жалган түшүнүк пайда болот.

Бирок мындай системалар акырындап ичинен ирип бузулат, анткени АКШнын мурдагы президенти Абраам Линкольн (1809-1865) айткандай: «Айрым кишилерди дайыма, бардык кишилерди бир аз убакытка алдаса болот, бирок элдин баарын дайыма алдай берүү мүмкүн эмес». (Бул сөз Жон Бартлеттин "Линкольндун цитаталары" деген китебинде берилген).



## 2.0 Массалык маалымат каражаттары деген эмне?

Адамдар ачык маалымат алып жүргөн булактарды көбүнчө массалык маалымат каражаттары (ММК) деп аташат. Массалык маалымат каражаттарына гезиттер, журналдар, телекөрсөтүү, радио жана



Интернет кирет. Булардын ар биринин өзүнчө өзгөчөлүгү бар.

Телекөрсөтүү төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүнөн улам эң кубаттуу каражат болуп эсептелет:

1) ал кыйла арзан турат, аудиторияны кенен камтыйт (бир жолу даярдалгандан кийин аны каалагандай сандагы көрүүчүлөргө көрсөтүү үчүн кошумча чыгымдар талап кылынбайт);
2) сунуш кылынуучу көрсөтүү формалары ар түрдүү келет (жаңылыктар, музыка, спектаклдер, комедиялар, документалдуу программалар жана башкалар);
3) көргөн көзгө жагымдуу (кээ бир адамдар телевизор көрбөй жүрө албай тургандыгын айтышат);
4) көрүүчүдөн атайын билим-тажрыйбаны талап кылбайт (угуп-көрүп отура бересин).

Радио да – телекөрсөтүү сыяктуу эле каражат, бирок угуучуларды өзүнө анча тарта албайт. Анткени менен радионун деле өзүнө таандык артыкчылыгы бар: адамдар аңгеме дүкөн курган берүүлөрдү угууга дайыма ынтызар болуп (кызыгып) турушат, ал эми телекөрсөтүүдөн биреөлөрдүн узакка созулган сөзүн баштан аяк карап отурууга элдин баарынын эле чыдамы жете бербейт. Анын үстүнө радиону үй жумуштарын жасап же жол жүрүп бара жатып деле уга берүүгө болот.

Жеке менчик телерадио каражаттары аркылуу жалпыга зарыл маалыматты берип туруу чечими ар кандай программалардын канчалык таанымал экендигин сурамжылоо аркылуу кабыл алынат. Андыктан эгер социологиялык сурамжылоо кызыксыз программалар көп берилип жүргөндүгүнө байланыштуу телекөрүүчүлөр башка каналды тандап жаткандыгын көрсөтсө, компанияга тиешелүү киреше түшпөй калат. (Кийинчерээк бул жагдай эмнеден болорун талдап чыгабыз). Бул айрыкча телекөрсөтүү үчүн өтө олуттуу проблема, анткени жаңылыктарды берүү көптөгөн телекөрүүчүлөрдү кызыктырып турушу үчүн көрүнүштөр менен коштолуп, абдан кыска формада берилиши керек. Бирок көптөгөн маанилүү (маселен, жаңы мыйзамдын кабыл алынышы сыяктуу) кабарларды айтып жаткан адамдан башка эч ким же эч кандай көрүнүш көрсөтүлбөйт. Көп учурда окуялар 30 секунд ичинде түшүндүрүп берүүгө мүмкүн болбой тургандай татаал болот. Мына ушул жагдай телестанцияларды кызыктуу көрсөтүүлөр коштогон сенсациялуу (уу-дуулуу, таң калтырган) сюжеттерди берүүгө аргасыз кылат да, мындай сюжеттер демейде кишилердин реалдуу турмушуна эч кандай таасир көрсөтө албайт. Ал эми эч кандай сүрөттүү коштомосуз берилүүчү, бирок бардык кишилердин жашоосуна таасир этиши мүмкүн болгон башка окуяларга көңүл бөлүнбөй калат. Ошентип, телекөрсөтүү көп учурда сүрөтсүз, бирок татаал, түшүндүрүү үчүн бир топ убакыт сарптала турган идеяларды берүүдө ылайыксыз массалык маалымат каражаты болуп чыгат. Мунун өзү өкүнүчтүү нерсе, анткени саясий проблемалар көбүнчө ушундай болот.

Гезит-журналдарды окуу үчүн зарыл билим талап кылынат, анын үстүнө бул басма сөз туундулары телекөрсөтүүгө караганда көз менен кабыл алуу жагынан бир топ кызыксызыраак келет. Бирок ушуга карабастан булардын да өзүнчө артыкчылыгы бар. Адамдар айтылган сөзгө караганда, жазылган сөзгө, анын кадыр-баркына, чындыгына көбүрөөк ишенет. Мындан тышкары жазылган текстти кыйла убакыттан кийин кайрадан оңой эле карап чыкса болот, демек, мурда кабыл алынган чечимди, көз карашты дагы да ойлонуштуруп, кайра карап чыкканга мүмкүнчүлүк болот. Ал эми тасмага жазылып эле калбаса, телекөрсөтүү же радио аркылуу берилген маалыматтарды мындай кылуу мүмкүн эмес.

Радио берүүлөрдү даярдоо жана трансляциялоо арзан эле (*трансляциялоо* – уктуруу, көрсөтүү). Бирок телеберүүнүн трансляциясы салыштырмалуу арзан болгондугуна карабастан, аны даярдоонун өзү бир топ кымбатка түшөт. Ошентсе да, ММКнын бул эки түрү тең өз алдынча артыкчылыкка ээ: керектөөчү кыйыр түрдө жана сейрек учурларда гана чыгым тартат. (Рекламаланып жүргөн товарларды тез-тез сатып алып туруу менен силер телеберүүгө да кыйыр түрдө каражат төлөгөн болосуңар). Гезит-журналдарды даярдап чыгаруу иши аны басып чыгаруучулар үчүн бир топ эле кымбатка турат, бул керектөөчүдөн күн сайын финансылык чыгым сарптоону талап кылат.

Силер компьютерде иштегенде пайдаланып жүргөн Интернеттин мүмкүнчүлүктөрү көп. Маалымат булагы катары караганда Интернет гезит сыяктуу эле каражат, ошол эле учурда анда телекөрсөтүүнүн да касиеттери бар. Интернет үн менен коштолуучу кыймылдап турма сүрөттөрдү көрсөтө алат, бирок анын сюжеттери көбүнчө текст аркылуу түшүндүрүлөт. Аларды да гезит сыяктуу эле кайталап караса, өтө узак мезгилге чейин сактап койсо болот. Маалыматтын бул булагында да кемчиликтер бар: мындай маалыматтарды даярдоо жана таратуу арзан тургандыктан жана редакторлор менен авторлорду сот жообуна тартуу көбүнчө мүмкүн эмес болгондуктан, басма сөз кызматкерлери жана редакторлор жаңылыктарды калыстык менен берүүгө анча кызыгышпайт. Ошентсе да Интернеттин беттеринен айрым абдан так жана жакшы берилген маалыматтарды тез таап алууга болот, бул айрыкча демократиялык принциптери анча өөрчүй элек өлкөлөрдүн жарандары үчүн өзгөчө ыңгайлуу. (Жаңылык булактарынын бири да толук объективдүү болбойт, бирок биз көз караштардын тегиз билдирилип турушуна жетише алабыз. Демек, бир эле көз караш таңууланбай, башка карама-каршы пикирлерге да жол берилет).




## 3.0 Массалык маалымат каражаттарынын жоопкерчилиги

Улам-улам коюлуп жүргөн маселелердин бири төмөнкүдөй: ар түрдүү массалык маалымат каражаттары өз кабарлары үчүн кандайдыр бир жоопкерчилик тартабы? Ал тургай абдан демократиялуу деген өлкөлөрдүн саясатчылары да мезгил-мезгили менен ММКнын маалыматтарынын мазмунун көзөмөлдөп турууга чакырат. Эгерде алар өз абройуна кайсы бир билдирүү шек келтирди деп эсептесе, адатта сот аркылуу акчалай компенсация өндүрүп алууга аракет кылышат.

ММКнын жоопкерчилиги дегенде көбүнчө алар тараткан кабарлар менен билдирүүлөрдүн тууралыгын жана чынчылдыгын түшүнөбүз. Бирок ММК чынында эле жоопкерчилик менен иштеп жатабы-жокпу деген маселени аныкташ үчүн көп проблемаларды карап чыгуу талап кылынат.

Жаңылыктарды таратууда маалыматтын тактыгы эле маанилүү эмес экенин билүү зарыл. Бул ММКнын дайыма *компромисстик* (макулдашкан, мунасалуу) чечимдерди кабыл алууга мажбур болору менен байланыштуу. Маселен, абдан маанилүү деп эсептелген маалыматтарды тандап алууда маалыматтардын башка бир бөлүгүн алып салышат. Маалымат каражаттарынын бири да бардык жаңылыктарды толук бере албайт, себеби жаңылыктар абдан көп. Мындан тышкары керектөөчүлөргө, атап айтканда, силердин өзүңөргө алар кызыксыз да болуп калышы мүмкүн. Маселен, Кыргызстандын калкына Тайванда эмес, өз өлкөсүндө тышкы иштер министри ким болгондугун билүү кызык. Бирок Тайванда да, Кыргызстанда да рактын дарысынын табылганы тууралуу маалымат берилсе, кишилер ошого абдан кызыгышар эле. Ошону үчүн ММК дайыма "чындыкты" билдирип турушу толук мүмкүн, бирок ошону айрым учурларды айтпай коюу менен чындыкты бурмалап берет. Маселен, сталиндик репрессиялар тууралуу эч сөз айтылбай, маалымат билдирилбей келсе, мурдагы СССРдин жарандары өз системасы тууралуу ишенимдүү маалыматты кайдан алышмак эле?

ММК кайсы жаңылыктарды айтып, кайсы окуялар тууралуу унчукпай эле коюш керек деген маселени көбүнчө биздин ордубузга өздөрү чечет. Андыктан биз ММКга эбегейсиз жоопкерчилик жүктөйбүз. Бирок керектөөчүлөрдүн сурамын толук канааттандырыш үчүн өлкөлөрдүн көбүндө ар түрдүү массалык маалымат каражаттары бар, анын үстүнө бул – негизинен менчик каражаттар, айрымдары гана мамлекетке таандык. Демек, кыйла маанилүү саясий көз караштардын ар бирин чагылдырыш үчүн, маселен, өз гезиттери болот, алар дайыма бир гана саясий позицияны ээлешет. Бирок идеалдуу жагдайда, эгерде жарык көрүп жаткан гезиттердин баарын карап көрсөк, бири-биринен айырмаланган көз караштардын бардыгы чагылдырылганы байкалат. Маселен, АКШда телекөрсөтүүнүн айрым каналдары Республикачылга караганда, Демократиячыл партияны көп колдой турганын, же болбосо мунун тескерисинче болорун көрө алабыз. Мында массалык маалымат каражаттарынын бардыгы тең эле өз-өзүнчө саясий көз караштарды колдоорун, саясий жактан калыс өңүт ээлеген бир да маалымат каражаты болбой турганын түшүнүп коюу абдан маанилүү. Гезит ээси кайсы бир саясий партиянын жактоочусу болсо, ММКнын жаатчыл болушу көбүрөөк ыктымал. Атактуу "Экономист" журналы өзүн "көз караштардын журналымын" деп жарыялап

жүрөт, чындыгында ал башка басылмаларга салыштырганда маалыматты калыс чагылдырат.

Айрымдар жоопкерчилик жана саясий калыссыздык маселесин ММКны мамлекеттештирүү аркылуу чечсе болот дешет. Бүткүл калкка жеткиликтүү эбегейсиз сандагы маалымат каражаттары иштеп турган шартта маалыматтын мамлекеттик айрым органдарына да орун табылышы мүмкүн, бирок мамлекеттик ММКнын үстөмдүк кылып кетиши коркунучтуу. Бул проблеманы чечүүнүн дагы бир ыктымалдуу жолу – ММКга саясий көз караштардын картинасын, жок дегенде, мамлекеттик органдарга шайланчу талапкерлер тууралуу көз караштарды теңдештирип көрсөтүү талабын коюу. Албетте, буга жетишүү кыйын, жетишкенде деле маселе толук чечилип калбайт. Ошентсе да бул багытта аракеттер жасалып жүрөт. Тилекке каршы, көптөгөн кедей өлкөлөрдө калкка маалыматты жайылтуу наркынын кымбаттыгынан улам айыл жерлеринде маалымат мамлекеттик ММК аркылуу гана таратылат. Бул жагдай өзүнчө олуттуу маселени жаратышы мүмкүн. Анткени адам табияты ушундай – өкмөт өзүн жакшы жагынан көрсөткөн билдирүүлөрдү гана берип, жагымсыздарын көмүскөгө калтырып коёт. Өкмөттүн чыныгы кемчиликтерин тартынбай сынга алып жүргөн ММК үлгүсү катары Улуу Британиянын мамлекеттик каналы болуп саналган Би-Би-Сини айтууга болот.

**Жергиликтүү булактардан (телекөрсөтүүдөн, радиодон, гезиттерден) алынган маалыматтарга ишенесизби?**




**3-диаграмма**

**Кыргызстандагы ММК өкмөттү сындоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу керек деп эсептейсизби?**

*(2003-ж. ЮСАИД жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгы)*




Ошол эле учурда мамлекет жарыяланышы, трансляцияланышы коммерциялык эч кандай пайда келтирбей турган, бирок коомчулук үчүн мааниси зор маалыматтарды жайылтууда чоң роль ойнойт. Мисалы, мыйзамдарга сунуш кылынган өзгөртүүлөр, шайлоонун өткөрүлүшү ж.у.с. Коммерциялык пайда дегенде, биз компаниялардын ММК ээлеринин ушундай маалыматты алып берүүдөн жана жарыялоодон киреше алуу мүмкүнчүлүгүн түшүнөбүз. Жеке менчик массалык маалымат каражаттары өз кирешесинин көбүн башка компаниялардын жарыя жана кулактандырууларын жайгаштырганы үчүн түшкөн төлөмдөрдөн алат. Бул компаниялар өз жарыя жана кулактандырууларын демейде көпчүлүк элди кызыктырган популярдуу берүүлөрдүн учурунда же алардын алдында, болбосо соңунда берилишин артык көрүшөт. Мамлекет коомго жеткиргиси келген айрым маалымат өтө деле кызык эмес (анткени менен маанилүү) болгондуктан, реклама берүүчүлөр өз жарыясын мындай маалымат берилип жаткан убакта жайгаштыргысы келбеши мүмкүн, себеби алар аны кишилер аз көрөт деген ойдо болот. Маселен, эгер өкмөт шайлоо системасын реформалоо маселелери боюнча телекөрсөтүүдөн талкуу өткөргүсү келсе, бул тема телекөрүүчүнү кайсы бир сериалдай өзүнө тарта албайт. Мындай учурда мамлекеттин өзүнүн телестанциясы болушу керек, же ага өз материалын берүү үчүн менчик телекомпанияга акча төгүүгө туура келет.

> **Эгер жалаа жазык кылмышы деп эсептелсе, анда журналисттик иликтөөлөр жүргүзүлбөй калат**
>
> Жогорку Кенештин Мыйзам чыгаруу жыйынынын коомдук уюмдар жана маалымат саясаты боюнча комитетинин төрагасы Кабай Карабеков Жазык кодексинен жалаа жөнүндөгү статьяны алып салууну көздөгөн мыйзам долбооруна түшүндүрмө берди. К. Карабеков республикадагы ММКнын өнүгүшү үчүн абдан зор мааниси бар бул мыйзам долбоорун депутаттар жактырбай коюшу көбүрөөк мүмкүн дейт. Азыр абийирди коргоо боюнча көп жүргүзүлүп жаткан сотторду көрүп туруп, журналисттер коррупция жана чиновниктердин башка ыплас жоруктары жөнүндө чыныгы фактыларды териштирип жазууга батынбайт. Мунун айынан жөнөкөй жарандар объективдүү маалымат ала албай калат.
>
> *(Антон Лымарь,"Комсомольская правда в Кыргызстане" гезити, 2004-ж., 23-январь)*

Өкмөт ММКны мыйзамдар аркылуу көзөмөлгө алуу зарылчылыгы туурасында көп айтып жүрөт. Кээде ММКга кысым көрсөтүлөт, мисалы, *жазык* (орсуча – "уголовный") ишин козгоо жолу менен гезиттерди жаап салышат, кайрадан чыгарыла баштоошуна уруксат беришпейт. Бирок демейде бул үчүн жалаа жөнүндө бир эле мыйзам жетишээрлик болот. Жалаа жөнүндө мыйзам мындай мүмкүнчүлүк берет: эгер кимдир-бирөө кайсы журналист жалган маалымат бергендигин билсе, андан зыянга учурагандыгын далилдеп бере алса, бул журналистке каршы соттук доо козгосо болот. Эгер доогер сотто өзүнүн айткан сөзүн далилдеп бере алса, журналист (демейде маалымат органынын ээси) ага компенсация төлөп бериши керек. Кыргызстанда мындай мыйзамды гезиттен компенсация алуу үчүн көптөгөн мамлекеттик ишмерлер, алардын катарында мурунку Президент Аскар Акаев да пайдаланган. Көптөгөн өлкөлөрдө парламенттин мүчөлөрү парламенттин ичинде соттук куугунтуктан коркпостон ээн-эркин сүйлөөгө укугу бар.

Эмне болгондугу, кандайча, эмне себептен улам болгону тууралуу маалыматтын теңдештирилген жана калыс түрдө берилип жаткандыгын анык билгибиз келсе, ар кыл маалымат каражаттарын карап көрсөк болот. Ошентип, кыйла объективдүү картинаны көрө алабыз: жаңылыктын бир булагынын саясий бир жактуулугу (мисалы, жаап-жашыруучулугу) башка булактын саясий бир жактуулугу (мисалы, апыртуучулугу) менен компенсацияланат. Чындап келсе, турмушта деле биз ушундай кылабыз. Ким менен баш кошсом же эмне сатып алсам деген чечим кабыл алганда, көпчүлүк учурда биз башкалардын пикирин сурайбыз.

Шайлоодо добуш берүүдө эң алгылыктуу чечим кабыл алуу үчүн элге түрдүү саясий көз караштардын баары жеткиликтүү болушу керек. Мындай учурда эл бийлик органдарына мыкты өкүлдөрдү тез тандай алат жана алардын ыйгарымдуу мөөнөтү аяктаганга чейин өз милдеттерин айкын жана так (отчёттуу) аткарышын билип туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

## 4.0 Демократия, коомдук пикир жана массалык маалымат каражаттары

Демократиялык өлкөлөрдө саясатчылар коомдук пикир менен эсептешпей коё албайт, себеби ал саясий чечимдердин иштелип чыгуу жана кабыл алуу процессине катуу таасир тийгизет. Коомдук пикир коомдук аракеттерге алпарат: адамдар саясий партияларга мүчө болуп кирет, өкмөткө каршы добуш берет, коомдук уюмдарга мүчө болуп кирет же ал уюмдарды өздөрү түзөт, демонстрацияга чыгат же иш таштайт. Эгер өкмөт өз жарандарынын пикирине кулак салса жана алардын укуктарын басмырлабаса, коом «чегинен» чыкпайт. Калк алдындагы өзүнүн кадыр-баркы жөнүндө такай кам көрүү зарылчылыгынан улам кээ бир саясатчылар өз атын чыгаруу "өнөрүн" өздөштүрүүгө жана *популизмди* пайдаланууга умтулушат, б. а. өз шайлоочуларына жагуу үчүн учурда жүзөгө ашпай турган нерселерди деле айта беришет.

Коомдук пикирдин саясий ишмерлерге жана саясий структураларга болгон таасири ушунчалык катуу болгондуктан, демократиялык өлкөлөрдө атүгүл өкмөттүн саясий курсун өзгөртүп салат. Мына ушундан улам демократиялык өлкөлөрдө массалык маалымат каражаттары кээ бир учурларда «төртүнчү бийлик» деп аталат.

Демократиялык өлкөлөрдүн эң башкы белгилеринин бири мамлекеттин коомдук пикирге расмий түрдө таасир этүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелүү экендигинде. Демократиялык өлкөлөр өсүп жаткан муунга тарбиянын кандай түрү берилип жактандыгын көзөмөлгө албайт (адамдарды мыйзамсыз аракеттерге түртүүгө, албетте, тыюу салынышы керек). Ошондой эле алар менчик массалык маалымат каражаттарында эмне басылып жана эмне айтылып жатканын көзөмөлдөбөйт. Туура эмес маалымат таратылгандыгы далилденген учурларда гана кийлигишүүгө болот, мындайда сотко кайрылуу зарыл. Демократиялык өлкөлөрдө мамлекеттик басмаларды, телерадио берүүчү же таратма станцияларды көзөмөлгө алуу да

такыр туура эмес деп эсептелет. Демейде мамлекет телерадиоберүүгө *лицензияларды*[1] сатышы мүмкүн, бирок ал аны атаандаштык негизде эң ири сумма төлөгөнгө сатат. Ал эми лицензия сатылгандан кийин аны кайра алуу жана эмне көрсөтүлүп, эмне басылып жатканына көзөмөлдүк кылуу оңой эмес. Эгерде бийлик органдары бул ишке кийлигишүү аракетин жасаса, кийинки шайлоодо алар утулуп калышы мүмкүн, себеби шайлоочулар муну олуттуу провокация (чыр чыгаруучулук) жана укуктардын бузулушу катары карашы мүмкүн.

Бирок демократиялык система коомдук пикирди багыттоону болтурбоого сөзсүз эле кепилдик бербейт. Анткени массалык маалымат каражаттарынын ири тармактарынын ээлери өздөрүнүн саясий кызыкчылыктарын көздөйт. Бирок коомчулук берилген маалыматтын ар тараптуулугуна ишенбей калса, ал башка булакка которулуп кетиши мүмкүн, натыйжада тийиштүү маалымат каражатынын кирешелери азая түшөт. Ырас, бул система кынтыксыз эмес, бирок кардарларды өзүнө тартуу зарылдыгы бийлик органдарынын көңүлүнө карабастан, так жана чынчыл маалыматты таратууга зор түрткү берет.

## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

### 03-тапшырма. Мен жашаган аймактагы коомдук пикир 30 мүн.




Касымбеков А., Ишенов Р., Бекташева А., Бишкек ш., 2002-ж.

1. Шеригиңер менен иштеп, жердештериңер (айылдаштарыңар) жалпысынан бирдей пикирде болгон маселелердин тизмесин түзгүлө (маселен, салыктарды азайтуу керек дешет).
2. Шеригиңер менен иштеп, жердештериңер ар башка пикирде болгон маселелердин тизмесин түзгүлө.
3. Шеригиңер менен иштеп, жаштардын пикирлери жалпысынан бирдей, бирок жашы улуу адамдардын көз караштарынан айырмалуу болгон маселелердин тизмесин түзгүлө.
4. Тизмеңерди башкалар түзгөн тизмелер менен салыштыргыла.

### 04-тапшырма. «Маалымат жетишсиздиги» 10 мүн.

Кандайдыр бир жаратылыш кырсыгынын кесепетинен улам силердин чакан кыштагыңардын тышкы дүйнө менен болгон байланышы такыр үзүлүп калды деп элестеткиле. Дүйнөнүн башка булуң-бурчунда эмне болуп жатканынан эч кабарыңар жок. 3-4 кишиден болуп иштеп, мындай абалдын артыкчылыктары менен кемчиликтерин сүрөттөп жазгыла. Таблицанын биринчи чакмагы үлгү катары толтурулду.

| Артыкчылыктар | Кемчиликтер |
|---|---|
| *Канчалык аз кабардар болсоңор, ошончолук аз кыжаалат болосуңар. Ушуга байланыштуу англиялыктарда мындай макал бар: «Жаңылыктын жоктугу – көңүлүңдүн токтугу».* | |
| | |
| | |

### 05-тапшырма. Маанилүүбү же маанисизби?

Эки-экиден болуп, кийинки бетте берилген темаларга көз жүгүрткүлө. Окуялардын кайсынысы окурмандардын көбүнүн турмушуна чоң таасир тийгизе алат да, кайсылары айрым окурмандарга гана таасирдүү болот?

[1]*Лицензия – кандайдыр бир ишти жүргүзүүгө уруксат берүүчү документ.*

| | Макаланын темасы | Окурмандардын көбүнө таасир тийгизет | Окурмандардын айрымдарына гана таасир тийгизет |
|---|---|---|---|
| 1. | Адам жолборсту жеди. | | |
| 2. | Өкмөт салыктардын дагы көбөйгөнүн жарыялады. | | |
| 3. | Автобус кырсыгынан 20 киши өлдү. | | |
| 4. | Шайлоо дагы үч жылга жылдырылды. | | |
| 5. | Авиакырсык: бир аял аман калды. | | |
| 6. | Шайлоо комиссиясы жакынкы эки жыл ичинде жаңы саясий партиялардын бирин да каттабай турган болду. | | |
| 7. | Кийинки жылы банктардын проценттик өлчөмдөрү өсүшү мүмкүн. | | |
| 8. | БМВ жаңы моделин көрсөтөт. | | |
| 9. | Өрттөн улам магистралдык газ түтүгүнүн 20 чакырымдык бөлүгү жок болду. | | |

**06-тапшырма. Силердин көз карашыңар 20 мүн.**

Шеригиңер менен жакында болуп өткөн кайсы окуя коомго катуу таасир тийгизгенин талкуулагыла. Төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

1. Бул билдирүүдөн силерди эмне кызыктырды?
2. Ал тууралуу маалымат каражаттарынын бардыгы бирдей кабар бердиби же кандай?
3. Силердин оюңарча, бул окуя тууралуу түшүндүрмөлөр коомдук ой-пикирге кандай таасир берүүдө?

**07-тапшырма. Телекөрсөтүүбү же гезитпи? 5 мүн.**

Шеригиңер менен телекөрсөтүү аркылуу кайсы сюжеттер, гезит аркылуу кайсылары баарынан жакшы көрсөтүлүшү мүмкүн экенин талкуулап чечкиле. Өз жообуңарды түшүндүрүп берүүгө даярдангыла.

| Сюжет | ТК же гезит |
|---|---|
| 1. Милиция участкасындагы нааразылык иш-чарасы. | |
| 2. Резервдик банк башкармалыгынын төрагасы кийинки жылдары инфляция деңгээли көтөрүлүшү мүмкүн дейт. | |
| 3. Автобус терекке урунду. | |
| 4. Президент жаңы кагаз фабрикасын ачты. | |
| 5. Нике жана ажырашуу тууралуу жаңы мыйзам киргизилди. | |

**08-тапшырма. Берилгенби же берилбегенби? 30 мүн.**

Үч-төрт кишиден болуп топ-топко бөлүнүп, соңку эки күн ичинде телекөрсөтүү же гезит аркылуу кандай жаңылыктар маалымдалганын эстегиле. Андан кийин ушул эле мезгилдеги республикалык гезиттерди алып, төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

1. Кайсы жаңылык сюжеттери гезитке басылып, бирок теледен берилген жок, берилсе да чала берилди?
2. Силердин оюңарча, эмне үчүн мындай болду?
3. Кайсы жаңылык сюжеттери теледен берилип, бирок гезитке жарыяланбады, жарыяланса да чала жарыяланды?
4. Силердин оюңарча, эмне үчүн мындай болду?

**09-тапшырма. Жоопкерчилик 30 мүн.**

Шеригиңер менен төмөндө берилген гезиттик макаланын жана ага жооп катары жазылган Уландын катын окуп чыккыла. Андан кийин төмөндөгү суроолорго жооп бергиле:

1. «Алдамчы кармалды» макаласында эмне туура эмес жазылган?
2. Муну окуганда Улан өзүн кандай сезди?
3. Каты жарыялангандан кийин Улан эмне болду деп ойлойсуңар?
4. Улан эми эмне кылышы мүмкүн?
5. Макала жарыяланардын алдында Сайракан эмне кылышы керек эле?
6. Сайракан азыр эмне кылышы керек?
7. «Бензин салыгы көбөйтүлсүн» деген гезиттик макала эмнеси менен кызыктуу?

**ГЕЗИТТИК МАТЕРИАЛДАР**

***1. Алдамчы кармалды***

Базарда көз боёмочулук кылуу бүгүнкү күндө чоң көйгөйлүү маселе болуп турат. Мисалы, базарда Улан Сүйүнбаев деген жигит күрүч салган каптын түбүнө дайыма бир нече таш салып коёт имиш. Мен андан бир да жолу күрүч алган эмесмин, бирок мындай учурлар көп кезигээрин билем. Мындай алдамчылыкты тыйбаса болбойт. Алар экономиканы курутуп жатышат.

*Сайракан Асанова, журналист*

**Сайраканга кат**

Даңазамды чыгарганыңыз үчүн ыраазычылыгымды билдирем. Базарга бир келип сатып алуучулардан сураңызчы, алар менин каптарымдан эмнелерди таап чыгып атышат экен!

*Улан Сүйүнбаев*

***2. Бензин салыгы көбөйтүлсүн***

Өкмөт бензинге салыкты жогорулатышы керек. Азыр кымбат баалуу машинелер көбөйдү, алардын ээлери өзү жүргөн жолдорду оңдогудай каражат топтош үчүн бир топ жогорку салыкты төлөгөнгө кудуреттүү. Көп өлкөлөрдө салык күйүүчү май баасынын 30 %га жакынын түзөт. Бул бензин салыктары атайын банк эсебине которулуп, автожол курууга жана оңдоого гана жумшалат.

*Рыспай Отунчиев, журналист*

**10-тапшырма. Силер кандай деп ойлойсуңар? 25 мүн.**

Шеригиңер менен төмөндөгү ырастоолорду карап чыгып, кайсыларына макул, кайсыларына канчалык даражада макул эмес экениңерди талкуулагыла.

| Ырастоолор | Макул же макул эместиктин деңгээли |
|---|---|
| 1. Бардык массалык маалымат каражаттары мамлекеттик болушу керек. | |
| 2. Гезиттер, радио, телекөрсөтүү божомолду, бирөөлөр айтканды, ой-пикирди эмес, калыс маалыматты гана бериши керек. | |
| 3. Телекөрсөтүүдөн жаңылык программалары азыраак, оюн-зоок программалары арбын көрсөтүлүшү зарыл. | |
| 4. Гезитке ар бир киши ар кандай маалыматты бергенге укуктуу. | |
| 5. Телекөрсөтүүдө көрүүчүлөргө жагымдуу элес-туюм калтыргандай көрк-келбеттүү кишилер гана иштеши керек. | |
| 6. Ар бир кишиде гезит, дагы башка маалымат булактарын алгыдай мүмкүнчүлүк болушу керек. | |
| 7. Массалык маалымат каражаттары жаман кабарларды өтө көп бербей, оптимисттик маанайдагы маалыматтарга көбүрөөк көңүл бурушу керек. | |
| 8. Өлкөбүздүн жетекчиси тууралуу ММКдан берилген ар кандай жаман кеп-сөз туура болсо да, мыйзамсыз деп эсептелет. | |
| 9. Маалымат министрлиги кайсы гезитке жарыяланса да, бардык кабарларды текшерип, тастыктап турушу керек. | |
| 10. Журналисттерди эч убакта сот жоопкерчилигине тартпаш керек. | |
| 11. Гезиттерде жана телекөрсөтүүдө реклама берилбеши керек. | |
| 12. Журналисттер сот куугунтуктоосунан коркпой, өз маалымат булактарын коргогонго мүмкүнчүлүк алышы керек. | |

| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
|---|---|---|---|---|
| толугу менен макулмун | макулмун | билбейм | макул эмесмин | таптакыр макул эмесмин |

**11-тапшырма. Сөз эркиндиги 10 мүн.**

Шеригиңер менен төмөндө айтылгандардын маанисин кандай түшүнөрүңөрдү жазгыла (түшүндүрмөнөрдүн көлөмү 100 сөздөн ашпасын).

*«Менимче, сиздин оюңуз такыр туура эмес, мен буга эч убакта макул боло албайм. Бирок мен сиздин пикир айтуу укугуңузду коргойм».*

**12-тапшырма. Журналисттер үчүн эрежелер, алардын окурмандар менен телекөрүүчүлөр алдындагы милдеттери 15 мүн.**

Өзүңөрдү гезит редакторлору менен тележаңылык программаларынын жетекчилеринин кеңешмесинде отурабыз деп элестеткиле. Үч-төрттөн болуп, өз көз караштарыңарга ылайык мына буларды иштеп чыккыла:

1) журналисттер үчүн эрежелер;
2) окурмандар же телекөрүүчүлөр алдындагы силердин милдеттенмеңер.

**13-тапшырма. ММК менен өз ара мамилелер 25 мүн.**

Өзүңөрдү судья деп элестеткиле. Силерден премьер-министр менен телестанция ортосунда жүргөн жалаа тууралуу ишке сын пикир берүүнү сурашкан. Шеригиңер менен өз пикириңерге ылайык мына буларды иштеп чыккыла:

1) жаңылык маалыматтарын өкмөт көзөмөлдөй алгыдай шарттар;
2) өкмөттүн ММКга жана элге маалымат берүү милдеттери.

**14-тапшырма. Мамлекеттик ММК 15 мүн.**

Шеригиңер менен бийликтеги саясий партияга башкаларга салыштырмалуу жеңилдик шарттары түзүлбөшү үчүн мамлекеттик ММКнын укуктарын кантип чектөө керек деген маселе боюнча идеялардын тизмесин окуп чыккыла. Бул идеялар орундуубу же орунсуздугунан улам иштебей калабы – муну өзүңөр үчүн тактап алгыла.

| Сунуш кылынган идеялар | Макулсуңарбы? |
|---|---|
| 1. Мамлекеттик бардык ММК кеңеш аркылуу көзөмөлдөнөт, алардын мүчөлөрүн саясий партиялар шайлайт. | |
| 2. Мамлекеттик гезиттердин редакторлору менен мамлекеттик телеканалдардын директорлору кеңеш аркылуу шайланат. Мындай дайындоо иштерин мамлекеттик органдар четке кага албайт. | |
| 3. Өкмөт тарабынан жарыяланчу ар кандай билдирүүгө оппозиция түшүндүрмө берип турушу керек. | |
| 4. Жаңылыктарды жарыялоо судьянын чечими менен гана токтото турулушу мүмкүн, а эгер жарыялоого тыюу салынса, анын жүйөсү болушу керек. | |
| 5. Маалыматты жарыялоого тыюу салуу так чеги бар мезгил аралыгында (5 жыл) гана иштетилет, андан кийин ал жарыялана бериши мүмкүн. | |
| 6. Мамлекеттик ММК редакторлору менен директорлору макулдашпастан туруп эле, кайсы бир маалыматты жарыялатпай койгону аныкталса, алар жазапул тартышы же түрмөгө камалышы мүмкүн. | |
| 7. Мамлекет жаңылыктар булагына ээлик кыла алат, бирок басма үйүнө, полиграфиялык комбинатка же телерадиоберүү станцияларына ээлик кыла албайт. | |
| 8. Мамлекеттик ММК реклама жайгаштыра албайт. | |

### 15-тапшырма. Булактар жана калыстык 45 мүн.

Шеригинер менен төмөндөгү таблицаны карап чыккыла, андан кийин ушул маалыматтарды талдап, 200 сөздөн турган кыскача отчёт жазгыла.

Маалыматтар IFES тарабынан 2001-жылы жыйналган. Элге төмөндөгүдөй эки суроо менен кайрылышкан:

1. «Мен силерге бул жерде – Кыргызстандагы жаңылык булактарынын тизмесин окуп берейин. Ар бир аталган булак боюнча айтып берүүңөрдү сурайм: силер аларды дайыма пайдаланасыңарбы же чандабы, же такыр пайдаланбайсыңарбы?»
2. «Силер ар бир аталган булак жаңылыктарды объективдүү чагылдырат деп эсептейсиңерби, же объективдүү эмес деп ойлойсуңарбы?»

| ММК | Булактарды пайдалануу (n=1500) | | Булактардын объективдүүлүгү (n ар бир булак боюнча көрсөтүлгөн) | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Дайыма/ кээде | Чанда/ эч качан | N | Абдан/ бир топ эле объективдүү | Анча/такыр объективдүү эмес |
| Кыргызстан ТКсү кыргыз тилинде | 54 | 46 | 1082 | 53 | 39 |
| Кыргызстан ТКсү орус тилинде | 65 | 35 | 1276 | 58 | 36 |
| Россия Федерациясынын ТКсү | 74 | 26 | 1325 | 79 | 13 |
| Өзбекстан ТКсү | 24 | 76 | 484 | 60 | 27 |
| Башка чет өлкө ТКсү | 5 | 95 | 121 | 49 | 22 |
| Кыргызстан радиосу кыргыз тилинде | 34 | 66 | 653 | 62 | 28 |
| Кыргызстан радиосу орус тилинде | 43 | 57 | 851 | 64 | 28 |
| Россия Федерациясынын радиосу | 33 | 67 | 641 | 75 | 15 |
| Өзбекстан радиосу | 16 | 84 | 305 | 27 | 25 |
| Башка чет өлкө радиостанциялары | 7 | 94 | 152 | 26 | 8 |
| Кыргызстандын кыргызча гезиттери | 31 | 69 | 665 | 55 | 36 |
| Кыргызстандын орус тилиндеги гезиттери | 46 | 54 | 921 | 64 | 29 |
| Россия Федерациясынын гезиттери | 22 | 78 | 513 | 74 | 15 |
| Өзбекстан гезиттери | 3 | 97 | 81 | 56 | 30 |
| Башка чет өлкө гезиттери | 2 | 97 | 63 | 43 | 24 |
| Кыргызстандын кыргызча журналдары | 7 | 92 | 187 | 44 | 41 |
| Кыргызстандын орусча журналдары | 11 | 89 | 281 | 55 | 32 |
| Россия Федерациясынын журналдары | 15 | 85 | 351 | 70 | 17 |
| Өзбекстан журналдары | 2 | 98 | 44 | 50 | 34 |
| Башка чет өлкө журналдары | 4 | 96 | 102 | 56 | 19 |



*Кыргызстандагы ар бир жаран өз пикирин ММК аркылуу билдирүүгө укуктуу.*

# XIX бап

# Коррупция

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

**01-тапшырма. Терминдер жана аныктамалар 10 мүн.**

Эки-экиден болуп, бул терминдерге тийиштүү аныктамаларды тандагыла.

| Термин | Аныктама |
|---|---|
| 1. Коррупция | а) Коомдук же мамлекеттик кызмат абалынан пайдаланып, туугандарын колдоо. |
| 2. Пара | б) Жекече пайданы көздөп тийиштүү эрежелерди жана жоболорду бузуу менен кызмат ыйгарымын мыйзамсыз түрдө пайдалануу. |
| 3. Уурулук | в) Маданий өзгөчөлүктөр менен аныкталуучу ой жүгүртүү ыгы. |
| 4. Непотизм (жек-жаатчылык) | г) Урууларга бөлүнүүчүлүк, кайсы бир урууга же этникалык топко артыкча укуктарды берүүчүлүк. |
| 5. Трайбализм | д) Парламент тарабынан дайындалган, мамлекеттик же менчик ири мекемелер менен болуучу соттук териштирүүлөрдө айрым жарандардын таламын юрист сыяктуу эле жактоочу адам. Ал өзү юрист болбосо да, карамагында юристтер иштөөгө тийиш. |
| 6. Бюрократизм | е) Ишенимге кыянат кылып биреөнүн мүлкүн ээлеп алуу. |
| 7. Менталитет | ж) Берген адамдын пайдасын көздөп жасалган кандайдыр бир мыйзамсыз иш-аракеттин акысы. |
| 8. Акыйкатчы (Омбудсмен) | з) 1. *Иерархия* түрүндө (баш ийүүчүлүк даражасына карай) уюштурулган башкаруу системасы. 2. Ар кандай кагаздарды талап кыла берип, ишке тоскоол жасоо. |

**02-тапшырма. Бул тууралуу сүйлөшүп алалы 10 мүн.**

Эки-экиден болуп, төмөндөгү абзацты окуп чыккыла да, төмөндөгү проблеманы талкуулагыла.

> *"Коррупция темасын талкууга алганда абдан кылдат болуу керек, анткени арабыздан жок эле дегенде айрымдарыбыз бирөөлөрдүн өздөрү же алардын жакын адамдарынан бирөө ушундай иштерге аралашып жүргөнүн жакшы билебиз же туюп турабыз. Муну түшүнүү үчүн биз талкууну эч ким мен өзүм сынга алынып жатам деп сезбегендей кылып жүргүзүшүбүз керек".*

Проблема: ***Коррупция темасын талкуулоо үчүн кандай эрежелерди кабыл алуу керек?***

## Окуу үчүн текст

Бул бапта коррупция түшүнүгү чечмеленет да, анын кеңири таралышы эмнеге алып келери көрсөтүлөт. Анан коррупцияны чектөө, анын жайылышына бөгөт коюу жолдору сунушталат.

### 1.0 Коррупция деген эмне?

Коррупция, сыягы, ар кандай эле коомдо боло турган нерсе. Бирок айрым

> **Чиновниктердин тапкан кирешелери тууралуу декларация толтуруушу**
>
> Чиновниктердин кирешелерин декларациялашы жана жарыялашы жөнүндөгү мыйзам долбоору Дүйнөлүк банктын койгон шарттарына ылайык даярдалган. Анда мамлекеттик кызматкерлердин мүлкү кайдан алынгандыгын текшерүү жана иликтөө ыйгарымы берилген органдардын укуктары, ошондой эле купуя маалыматтарды ачыкка чыгаруудагы жоопкерчилиги көрсөтүлгөн. Бул долбоор боюнча мамлекеттик чиновниктер өздөрүнүн эле эмес, жакын туугандарынын да кирешелерин жарыялоого тийиш.

**Кыргызстандын жарандарынын пикири боюнча, коррупция деген эмне?**

*2000-ж. ПРООН жүргүзгөн сурамжылоонун жыйынтыгы (300 киши)*




өлкөлөрдө бул илдет көбүрөөк кездешет. Коррупция – өтө татаал кубулуш, бул жөн гана мамлекеттик аппараттын түзүлүшүндөгү "кемчилик" эмес. Адатта коррупция дегенде коомдук байлыкты же өзүнүн кызмат абалын жеке кызыкчылыктары үчүн *кыянаттык* (кара ниеттик) менен пайдаланууну түшүнүшөт. Коррупция көбүнчө кайсы бир кызматтар аз эле адамдардын колунда болуп, башкалар буларга көз каранды абалда калган учурларда кездешет. Коррупция мыйзамсыз болгондуктан, ал дээрлик дайым тымызын соодалашуу, пара берүү менен коштолот. Атүгүл монополист болбогондор деле коррупцияга жол коюшу мүмкүн – алар мындай кызматтагылардын баары ушинтишет деп "эл катары" пара талап кыла бериши ыктымал.

Коррупция дайыма мыйзамга каршы келет, бирок бардык эле мыйзамсыз иш-аракеттерди коррупция деп атаганга болбойт. Мисалы, үйүңөргө бирөө кирип, буюмдарыңарды уурдаса, бул мыйзамга каршы келет, бирок бул коррупция эмес. Себеби, мындай кылмышты жасоо үчүн ууру коомдо өзү ээлеген кандайдыр бир жоопту кызматтан пайдаланган жок.

Коррупция көбүнчө парага байланыштуу болот, бирок дайым эле эмес. Мисалы, мамлекеттик же менчик уюмдун кызматкери өзү иштеген мекемеден бир нерсе уурдап сатса, мында пара алуу деген жок. Эгерде кызматкер өзүнүн кызматына таянып, кандайдыр бир жардам көрсөткөндүгү үчүн акча талап кылса, анда муну бир эле учурда паракордук десе да, коррупция десе да болот. (Чын ыкластан, кандайдыр бир пайданы көздөбөй белек берүү – пара берүү эмес экендигин билип койгула, анткени пара берүүнүн максаты – мыйзамсыз жол менен пайда өндүрүү. Көпчүлүк өлкөлөрдө буга жол койбоо үчүн кызмат адамдарына белек берүүнүн катуу тартиби киргизилген. Бул эрежелерге ылайык, кызмат адамдары же белек алуудан баш тартышат, же **элдин көзүнчө** гана алышат).

**Коррупциянын эң жаман көрүнүштөрү**

Бул көбүнчө жогорку даражадагы кызмат адамдары жана саясий лидерлер белгилүү бир иштерди аткарууга мамлекеттик заказдарды тендер жарыялабай, калыс конкурс да өткөрбөстөн, өз туугандарына же досторуна бергенде болот. Же алар кылмыш жасаган "өз кишилерин" сот жоопкерчилигинен калкалап калышы мүмкүн. Мындай иш-аракеттер абдан зор зыян келтирет, анткени башка адамдар да муну кадыресе көнүмүштөй көрүп калышы, мыйзамга жана сот системасына карата элдин ишеними начарлашы же өчүшү мүмкүн. Мунун айынан соттун оң чечими судьяларга пара бергенде гана чыгарылат экен деген таптакыр адилетсиз түшүнүк калыптанышы ыктымал.

Айрым бир жорук-жосундар адилетсиз деп бааланса да, аларды мыйзамсыз дагы, коррупциялык дагы дегенге болбойт. Маселен, кайсы бир фирма жалгыз өзү жеткирип турган товардын же жеке өзү гана көрсөтүп турган тейлөөнүн баасын эки эсе жогорулатып салды дейли. Бирок ошол эле учурда ал мындай товарды же тейлөө кызматын сунуштаганга мүмкүнчүлүгү бар башка фирмаларга тоскоолдук кылууга эч кандай аракет жасабаса, анда бул мыйзамга да каршы келбейт, коррупция дагы болуп эсептелбейт.

Кайсы бир лоббилөө тобу (айталы, өндүрүштүк компаниялардын жетекчилери, пенсионерлер же айыл чарба жумушчулары) белгилүү бир мыйзамдын кабыл алынышына өзгөчө кызыкдар болсо жана бул үчүн добуш бергенге парламент депутаттарын ынандырууга аракеттенишсе, мындай иш-аракет коррупциядай көрүнүшү мүмкүн. Бирок мындай иш-аракет мыйзам чегинде, ачык-айкын түрдө (коомчулуктан жашырбай) жасалса, анда бул коррупция эмес. Эгер ушундай мыйзам долбоорун колдоп добуш берсин үчүн депутаттарга пара сунуш кылышса, анда лоббилөө коррупцияга айланат.

Коррупция бирөө пара алган же опузалап (коркутуп) талап кылган, экинчи бирөө пара сунуштаган же

опузага көнүп берген учурларда болушу ыктымал. Бирок айрыкча өтө начар экономикалык абалда жашаган адамдар турмуштун кыстоосунан улам пара алууга же берүүгө аргасыз болушу мүмкүн экендигин да эстен чыгарбоо керек.

**Төмөндөгү көп айтылып жүргөн пикирлерге Сиз канчалык макулсуз же макул эмессиз? (% менен)**

*(ПРООНдун сурамжылоосунан, 2000-ж.)*




Мисалы, мамлекеттин иш-кагаздарын жүргүзгөн кызматкердин баласы ооруп калды дейли. Айлыгы өтө аз болгондуктан дарылоо акысын төлөө үчүн ал башкаларга зарыл маалымкаттарды (справкаларды) тезирээк жазып берип, анча-мынча пара алышы же талап кылышы мүмкүн. Мындайда ким күнөөлүү экендигин жана жасалган кылмыш канчалык олуттуу экендигин айтуу кыйын. Көпчүлүк адамдар ушуга барып жаткан учурда, өзгөчө мындай жорукту кыйла бай же жогорку кызматтагылар көз көрүнөө эле жасап жүрүшсө, коррупциянын мындай түрүнө дегеле көңүл бурулбашы мүмкүн. Кыйынчылыктан чыгуунун башка жолун таба албагандардын (көбүнчө ушундай болот) күнөөсүн коомдогу мындай абал кыйла актап тургансыйт.

## 2.0 Коррупция айлампасына кимдер тартылат?

Коррупциялык иш-аракетке мамлекеттик органдардын кызматкерлери эле эмес, медицина, билим берүү мекемелеринде, ошондой эле менчик компанияларда иштегендер да демилгечи болушу ыктымал.

> "Суралгандардын үчтөн экиси пара берерде көпчүлүк адамдар дили кирдеп, абдан нааразы болот деген ойду айтышты".
>
> *(ПРООНдун 2000-жылы өткөргөн сурамжылоосунан).*

Атүгүл чиркөө же мечиттердеги дин кызматкерлери да коррупцияга "чалдыгышы" мүмкүн. Орто кылымдардагы европа адабиятында күнөөдөн арылгысы келгендерге кээ бир поптор мындай деп жооп бергендиги тууралуу аңгемелер бар: "Менин насыятымды угуп эмне кыласың, андан көрө акысын төлө, мен сага Кудайдын атынан бир айга алдын ала күнөөлөрүңдү кечирип коёюн. Анан отуз күн бою абийириңди тынч жайына коюп, каалашыңча күнөөгө бата бересиң". Бул мисалдан коррупциянын анчалык оор деп эсептелбеген, андыктан көп кездешүүчү түрүн көрөбүз. Мындайда параны уруксат алуу үчүн эмес, кошумча ыңгайлуу шарт үчүн беришет. Көп өлкөлөрдө анча-мынча акы төлөсөң, бюрократиялык жол-жоболорду тездетем деген айрым чиновниктерди кезиктирүүгө болот.

## 3.0 Коррупция эмнеден келип чыгат?

Коррупциялык ишке аралашсамбы-жокпу дегенде ал адам кармалып, жазага тартылбаймбы, бул жаза канчалык катаал болушу ыктымал, башка жолдорго салыштырмалуу мында кандай пайдага жетише алам деп ойлонот.

Көпчүлүк эл кайсы өлкөдө мамлекет күндөлүк турмуштагы түркүн-түмөн иш-аракеттерди катуу көзөмөлгө алса, ошол өлкөдө коррупция дагы абдан кеңири кулач жаят деп эсептейт. Мамлекеттик орган кайсы бир ишти кылганга уруксат берүү (мисалы, соода лицензиясын же автобус айдоо укугун





берүү) ыйгарымына ээ болсо, анда кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланууга, паракорлук кылууга шарт-ыңгай түзүлөт. Бирок баары бир ишмердиктин мындай түрлөрүн көзөмөлдөө укугу мамлекеттин колунда болушу зарыл, антпесе жарандардын коопсуздугу коркунучта калат. (Мисалы, айдоочулук күбөлүгү жок эле машина айдаганга уруксат берип койсо, ушундай болот).

Мындай кырдаалдар айрыкча шайланма саясатчылар менен дайындалуучу чиновниктердин, ошондой эле өкмөт менен сот системасынын ортосунда бийлик так, даана бөлүштүрүлбөгөн учурларда болот. Ошондо коррупцияны ашкерелөө да, бул үчүн жазалоо да кыйынга турат. Авторитардык же тоталитардык режим өкүм сүргөн өлкөлөрдө коррупция терең тамырлагандыгынын бир себеби ушунда – бул илдетти коомдук пикир да, басма сөз да айыптай албайт.

> **Коррупция бардык жерде болушу мүмкүн, бирок аны токтотуу керек!**
>
> 2003-жылы АКШнын Олимпиада комитети Эларалык олимпиада комитетине (ЭОК) жиберген отчётунда бул уюмду түп тамырынан реформалоо керек деп сунуш кылган. Анткени 2002-жылдагы кышкы олимпиадалык оюндарды өткөрүү үчүн Солт-Лейк-Сити шаарынын тандалышына коррупциялык иш-аракет таасир этип, чоң жанжал чыккан болчу.
>
> Отчётто Олимпиаданы өзүндө өткөргүсү келген шаарды Эларалык олимпиада комитетинин мүчөлөрүнүн добуштарын сатып алууга кызыктыруучу "белек тартуулоо адаты" айыпталат.
>
> Отчётто оюн өткөрүүгө чакырган шаарлар Олимпиада комитетинин мүчөлөрүнө эч кандай баалуу белек бербөөгө тийиш деп айтылган. Ошондой эле чечимдердин көпчүлүгүн добуш берүү жолу менен кабыл алуу, көбүрөөк текшерип жүрүү, каржы документтерин жарыялап туруу, жол чыгымдарын борборлоштурулган түрдө төлөө сунуш кылынган. Эларалык олимпиада комитетинин көптөгөн мүчөлөрү кызматтарынан кол жууду. "Шерменде тизмеге" Чилинин, Самоанын, Малинин, Судандын, Конгонун, Эквадордун өкүлдөрү кирди.
>
> Арыз берген комитеттин башчысы Чилидеги Пирк шаарынын мэрине көрсөткөн колдоосу үчүн акы төлөгөн. Муну ЭОКтогу Чилинин өкүлү билчү.
>
> Самоанын өкүлүн анын аялы олимпиадалык оюндардын Солт-Лейк-Ситиде өткөрүлүшү үчүн аракеттенген топтун мүчөсүнөн 30 000 доллар өлчөмүндө ссуда алгандыгы аныкталгандыктан олимпиада комитетинен чыгарууга сунуш кылышты.
>
> Малинин өкүлү өзүнүн уулунун Юта университетинде билим алышы үчүн жардам катары Солт-Лейк-Ситинин уюштуруу комитетинин 97 000 доллардан ашык акчаны төлөшүнө "аң сезимдүү түрдө уруксат кылган".
>
> Судандын өкүлү өзү жана уулу үчүн Солт-Лейк-Ситинин комитетинен 25 000 долларды алгандыгы белгилүү болду. Конго Республикасынын өкүлү Солт-Лейк-Ситинин комитетинен "өзүнүн пайдаланышы үчүн чоң суммадагы акчаны" жана каалашынча саякат жасоо мүмкүнчүлүгүн алууга, ошондой эле акысыз медициналык тейлөөдөн пайдаланууга ачык эле макул болгон. Эквадордун өкүлү 1992-1995-жылга чейин жекече керектөөлөрү үчүн 19 000 доллар өлчөмүндөгү каржылык жардам алган. Мындан тышкары ага Солт-Лейк-Ситиге каттаган жол чыгымдары да төлөнүп берилген.
>
> Ушуга байланыштуу башка өлкөлөрдүн шаарлары буга чейин Олимпиада оюндарын өздөрүндө өткөрүү укугуна кандайча жетишип жүргөн эле деген суроо туулат.

## 4.0 Тарыхтагы коррупция

Коррупциянын деңгээли жаран менен мамлекеттик түзүмдөрдүн (структуралардын) ортосундагы мамиленин мүнөзүнө жараша болот. Башкача айтканда, коррупцияга жарандык коомдон көз каранды эмес, анын көзөмөлүндө турбаган мамлекеттик түзүмдөр чалдыгат, ушундай түзүмдөрдө коррупция пайда болот. Мисалы, орто кылымдарда классикалык же салттуу монархия түзүмүндөгү мамлекеттик системаларда коррупция сөзсүз түрдө болбой коймок эмес, анткени бул мамлекеттик саясатты жүргүзүү формаларынын бири болгон. Көптөгөн кылымдар бою чыгыш азиялык залим бийлик системаларында (шах бийлеген Персияда, Борбордук Азиядагы хандыктар менен эмираттарда, Түштүк-Чыгыш Азиянын айрым өлкөлөрүндө жана Осмон империясында) улук өкүмдар адатта мамлекеттик жергиликтүү администрациялардын башчылык кызматын сатып турган. Бул кызматтар ким көп төлөсө, ошого берилген. Кызмат ордун сатып алган адам буга кеткен чыгымдарды кийин жергиликтүү бийликти жүргүзө баштаганда толугу менен кайтарып ала тургандыгын күн мурунтан эле билчү. Анткени анын пара алууга, жергиликтүү калкты талап-тоноого мүмкүнчүлүгү кенен болор эле. Башкача айтканда, коррупция жогорку бийлик, жергиликтүү акимдер жана карапайым адамдар ортосундагы мамилелерге тамыр жайган эле.

Кылымдар бою өкүм сүрүп келген мындай мамилелер калктын төмөнкү катмарлары жогоркуларына иерархия түрүндө көз каранды болгон системага негизделген. Мындай шартта теңдик жөнүндө сөз болушу

да мүмкүн эмес эле. Ал кезде бул "кадыресе" эле мамиле болгон, анткени адамдар мындан башкача болушу мүмкүн деп ойлошкон да эмес.

Жергиликтүү чиновниктер, акимдер эл көтөрүлгүдөй ач көздүк кылып, мунун айынан хандын, падышанын бийлигине коркунуч туулганда гана алардын ишине улук өкүмдар кийлигишчү.

Мамлекеттик системалардын демократиялашуу багытында улам илгерилеп өнүгүүсүнө жараша монархиялык мамлекеттерде коррупцияны нормалдуу көрүнүш деп баалабай калышты. Буга соода менен өнөр жайдын өнүгүшү, ошондой эле жеке менчиктин бекемдешинен улам королдордун, жогорку жана жергиликтүү бийликтегилердин көзүн карабаган адамдардын жаңы табы келип чыккандыгы себеп болду. (*Тап* – коомдогу саясий-экономикалык абалы боюнча айырмаланган адамдар тобу. Мисалы, жумушчу табы, дыйкандар табы, байлар табы.)

**Ким төлөйт?**

Кафенин ээсине электр энергиясы үчүн төлөөгө абдан чоң суммадагы эсеп келди. Бул аял электр менен жабдуу системасында иштеген адамга кайрылганда, ал эсептегичти мурдагыдан азыраак жаза турган кылып берейин деп пара сурады. Кафенин ээси буга макул болот, эми анын кирешеси көбөйөт, анткени электр жарыгын түнү бою пайдалана берет. Бир нече айдан кийин ошол аймактагы бардык үйлөрдү жана бизнес имараттарын камсыздап турган электр линиясы күйүп кетти. Чоң чыгашага учураган энергетикалык компания бул линияны оңдоо үчүн бир жума убара болду.

Бирок өнөр жай же соода капиталынын өркүндөөсүнө өбөлгө түзүшү же тоскоолдук кылышы мүмкүн болгон көзөмөлдөө-буйрук берүү механизмдери дагы эле монархиялык бийликтин колунда кала берди. Ошондуктан ишин илгерилетүү үчүн эркин, көз карандысыз менчик ээлери саясий бийлик өкүлдөрү менен жакшы мамиледе болууга аракеттенишкен.

Мамлекеттик бийликтин жаңы, парламентчил формасы орноп, мыйзам үстөмдүгү деген жобо киргизилгенден тартып ар түрдүү таптарга кирген адамдардын ортосундагы мамиле өзгөрүлдү да, эми ар бир жаран көз карандысыз жана башкалар менен тең укуктуу деп санала баштады. Эми адамдар белгилүү укуктарга жетишти, бул укуктардын сакталышын алар суранып отурбай эле талап кыла турган болду. Мамлекеттик кызмат адамы мындан ары жарандарга өз укуктарын жүзөгө ашыруу мүмкүндүгүн берүүгө милдеттүү клерктин (кызматкердин) функцияларын аткарып калды. Адамдар өз укуктарын улам жетигирээк аңдап билген сайын коррупцияга карата тескери мамиле күчөй берди да, акырында аны кылмыш деп эсептеп калышты.




*Турдукожоева Д., Жуматаева Л., Гапырова Э., Мураталиева А., Каныбекова Г., Жалалабат обл., 3-орун, 2003-ж.*

**Жол коюлуучу жана айыпталуучу иш-аракеттер (%)**

*Суроо: Силердин оюңарча бул иш-аракеттерге негизинен жол коюлуш керекпи же аларды айыптоо зарылбы? (ПРООН, 2002)*

| Иш-аракеттер | Толугу менен жол койсо болот | Негизинен жол койсо болот | Негизинен айыптоо керек | Бул эң уят иш | Жооп берүүдөн кыйналып турам |
|---|---|---|---|---|---|
| Адаттагы жол-жобону сактабай, бир тууганын, таанышын же тааныштарынын балдарын жумушка, институтка, жакшы ооруканага же мектепке тааныш-билишчилик аркылуу орноштуруу | 26 | 27 | 26 | 16 | 5 |
| Кызматка көтөрүлүү үчүн тааныш-билишчиликти пайдалануу | 22 | 29 | 27 | 17 | 5 |
| Врачтын же мугалимдин дарылануучулардан же окуучулардын ата-энелеринен белек алышы | 22 | 33 | 24 | 16 | 5 |
| Пайдасы тийген "керектүү" адамга ыраазылык билдирүү иретинде, мисалы, гүл, бир кутуча момпосуй же бир бөтөлкө коньяк тартуу кылуу | 28 | 43 | 16 | 7 | 5 |
| Проблемалаңарды чечкенге жардам бере ала турган адам менен чогуу ресторанга киргенде тамак акысын төлөө | 22 | 39 | 22 | 11 | 6 |
| Көйгөйлөрүңөрдүн оңунан чечилиши же чечилишинин тездетилиши үчүн чиновникке пара берүү | 14 | 25 | 33 | 22 | 7 |
| Жеке проблемаңарды эмес, өзүңөрдүн фирмаңардын же уюмуңардын кызыкчылыгын көздөп пара берүү | 15 | 27 | 30 | 18 | 8 |
| Кайсы бир ишти жаап-жашырып коюу же кандайдыр бир жагымсыз териштирүүлөрдү, бюрократиялык жол-жоболорду болтурбаш үчүн акча берүү | 13 | 23 | 31 | 24 | 9 |
| Иш жүргүзүүнүн мыйзамдуу тартибин бузуу аркылуу башка бир тармакта ушундай эле жол менен жардамдашкан бирөөнүн ишине көмөктөшүү | 10 | 26 | 32 | 19 | 13 |
| Салыкты төлөбөй коюу | 8 | 13 | 31 | 40 | 7 |
| Паракордун бетин ачып, укук коргоо органдарына "Шашылыш байланыш" аркылуу айтып берүү | 24 | 27 | 18 | 15 | 15 |

## 5.0 Саясатка жана бийликке таасир этүүчү криминал түзүмдөр

Мамлекеттик башкаруунун эң эле коркунучтуу жана жийиркеничтүү формасы жогорку бийликти "криминал түзүмдөр" деп аталган, б.а. кылмышкер уюмдар жана топтор басып алгандагы түрү болсо керек. Мамлекеттик бийлик – өзүмчүл мүдөөлөргө (максаттарга) жетишүүнүн эң күчтүү каражаты. Мындай шартта кылмышкер топтордун пара алуу, опузалап пайда өндүрүү, мамлекеттик бюджетти манипуляциялоо, уюмдарды жана карапайым жарандарды ж.у.с. коркутуп-үркүтүү мүмкүнчүлүктөрү абдан чоң болот.

Мамлекет үчүн да, анын жарандары үчүн да башка дагы бир чоң коркунуч жогорку бийликти жек-жааттык же уруучулдук негизинде бириккен топтор ээлеп алганда келип чыгат *(трайбализм)*. Мындай топтордун башкарганы да криминал түзүмдөрдүн ээнбаштыгына окшоп кетет. Анткени бул учурда инсандын көз карандысыздыгы эмес, мамлекет кызыкчылыктарына карама-каршы келген таламдар

үстөмдүк кылат. Мына ушул себептен италиялык мафиянын алгачкы бирикмелери өздөрүн үйбүлө деп аташкан.

Бүтүндөй мамлекет системасы бир бүлөдөн чыккан, өз ара көз каранды туугандардан турса, анда алардын тар кызыкчылыктары биринчи орунга чыгат да, мамлекеттик таламдар экинчи катарда калып кетет. Алар ээлеген абалын өздөрүнүн тар кызыкчылыктарын канаттандыруу каражаты катары пайдаланышат. Мындай системада адамдар жарандык принцип боюнча айырмаланбастан, "өз", "жат" болуп бөлүнөт. "Өз" деп таанылгандан кийин гана адам коррупцияга малынган чиновниктердин алдында, бийлик иерхиясындагы ээлеген ордуна жараша, кандайдыр бир укуктарга жетишет. Мындай системада адам кызматка эч качан иш билгилигине жана жөндөмүнө карай коюлбайт.

## 6.0 Коррупциянын кесепеттери

Жарандар жана юридикалык тараптардын жетекчилери жазык жолу менен жазаланууучу иш-аракет жасабаган, опузалап пайда өндүрүүгө аракеттенбеген мамлекеттик кызматкерлерге мыйзамсыз түрдө материал-дык сый, белек тартууласа, алар үчүн мыйзамсыз түрдө жеңилдик түзсө же тейлөө кызматын көрсөтсө, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык административдик жоопкерчиликке тартылат.

*(КР "Коррупцияга каршы күрөш жөнүндөгү" мыйзамынан, 2003-ж.)*

Өнүгүп бара жаткан өлкөлөр жөнүндөгү айрым изилдөөлөрдө коррупция экономикалык жактан оң натыйжаларга алып келет деп айтылат. Ал ишкерлердин бюрократиялык бут тосууларды жеңип өтүшүнө мүмкүндүк түзүп, инвестицияларга, жаңы өзгөртүүлөргө, башкаруу ыгын өркүндөтүүгө жол ачат имиш. Бул пикирлер чындыкка дал келбейт, айрыкча коррупция жумуштагы жана жүрүш-туруштагы норма болуп калган учурлар муну толугу менен төгүнгө чыгарат.

Коррупция күч алганда анын кесепетинен экономика өтө начарлап, калк жакырланып кетиши мүмкүн. Анткени:

- Коррупция өндүрүш чыгымдарын көбөйтүп жиберет, себеби ишкерлер парага кеткен чыгашаны өздөрү өндүргөн товардын же көрсөткөн тейлөө кызматынын наркына кошуусу керек, болбосо эч кандай пайда ала алышпайт. Мунун айынан алардын товарлары коррупцияга анча малынбаган өлкөлөрдө чыгарылуучу товарлар менен теңтайлаша албай калат.
- Коррупциядан алынган киреше көбүнчө инвестицияга эмес, өздүк керектөөгө, сарптоого жумшалат. (Башкача айтканда, мыйзамсыз жол менен табылган киреше жаңы имараттарды же заводдорду курууга эмес, кайра алынышы кыйын болгон багытка, мисалы, өргүүгө (отпускага), ашыкча кийим-кечеге сарпталат).
- Коррупция мыкты ишкерлерге эмес, бийликте күчтүү тааныштары бар адамдарга жол ачат. Андыктан өндүрүштү өркүндөтө ала турган эң талантттуу ишкерлер адилетсиздик өкүм сүрбөгөн башка өлкөлөргө кетүүгө умтулушат. Кетпей калгандар өздөрүнүн билим деңгээлин жогорулатууга аракеттенишпейт, себеби алар ак эмгек, шык-жөндөм аркылуу урмат-сыйга жетише албасын билишет.
- Коррупция тейлөө кызматтарынын баасын асмандатып, сапатын төмөндөтүп ийиши мүмкүн. Мисалы, арыз берилгенден кийин документтерди даярдоого эки жума убакыт жетиштүү экенин чиновник билип турса да, пара бербесең эки ай бою карабайм деп арыз ээсин убара кылат. Башкача айтканда, параны мыкты тейлегени үчүн эмес, милдеттүү эле кызматын аткарганы үчүн берүүгө мажбурлашат.
- Коррупция элдин мамлекетке болгон ишенимин жоготот, андыктан алар салык төлөөнү анча каалашпайт. Демек, казынага каражат түшпөй калат же аз түшөт. Ошентип, салык жетиштүү өлчөмдө чогултулбайт да, мамлекет өз кызматкерлерине айлык акыны төлөй албай калат. Мунун айынан кызматкерлер коррупциялык кире-шеге ого бетер көз каранды болуп калат.

2004-жылдын май айында Кыргыз Республикасынын прокуратурасы кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалангандыгы жана пара алгандыгы үчүн 284 кызмат адамын жазык жоопкерчилигине тартты. Жоопко тартылгандардын катарында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 80ге жакын кызматкери да бар.

*(АКИpress, 2004, 14. 05)*

Коррупция саясатта да коркунучтуу кесепеттерге алып келет. Саясий коррупция демократиячыл эмес өлкөлөрдө көбүрөөк таралган болсо да, ал демократиячыл өлкөдө өзгөчө *опурталдуу* (коркунучтуу, кооптуу) болот. Анткени ал демократиянын өзөгүн түзгөн жарандар теңдиги жана саясий чечимдерди кабыл алуу процессинин ачык-айкындыгы деген

эки негизги принципти бузат. Паракорчулук талап кылынган сумманы төлөй алгандар, төлөөгө даяр тургандар үчүн мамлекет байлыгын талап-тоноого жол ачат. Б.а, мамлекеттик кызматтар сатылат. Мындай абалда коррупцияга аралашпаган жарандар "таанышы" барлар гана баркталат экен деп ойлоп калат.

Коррупция тамыр жайганда жарандар өз укуктарын акча төлөп, зарыгып жатып жарым-жартылай камсыздаганга аргасыз болот. Коррупция канчалык күчөсө, жарандар саясий жактан колдоочуларга ошончолук көбүрөөк муктаж болуп, колдогондун акысын ыктыярдуу түрдө эле төлөй турган болот.

Коомдун катмарларына терендеп кирген коррупция тамыры анын моралдык, адеп-ахлактык таянычтарын бузушу мүмкүн. Буга коррупциячыл режимдин тушунда:

а) кошоматчы;
б) демилгеси үчүн көбүнчө жазага кабылып жүргөн;
в) башкаларга ишенбеген;
г) укуктары бар экенин ойлоп да койбогон адамдардын көбөйүп кетиши себепчи болот. Алар кезегинде өз коомдоштугундагы же үйбүлөсүндөгү башка адамдарга дал ушундай мамиле жасашат.

**Кыраакылык комитетин түзүү – коррупцияга каршы коркунучтуу мамиле**

Коррупция кенири тамыр жайган көрүнүшкө айланганда, коомчулук буга "акыйкатты калыбына келтирүү" топторун түзүү менен жооп кылат. Жарандар топторго биригип, көчөгө чыгат да, тегеректе болуп жаткан кылмыштуулукту өздөрү токтотууга аракеттенишет. Негизинен жакшы ниет менен жасалган мындай кадамдарды жактырса, түшүнсө болот, бирок көбүнчө бул иш-аракеттер мыйзам чегинен чыгып кетет. Башкача айтканда, алар мыйзам боюнча өздөрүнүн акысы жок болгон иштерди жасашы мүмкүн.

Мунун бир мисалы – 2004-жылы Перуда болгон окуя. Ошондо өтө көп сандагы кишилер топтошуп, мэрдин үйүнө кирип барган да, аны коррупция үчүн күнөөлөп, сабап өлтүргөн. Эч кандай соттук териштирүүсүз өлүм жазасына кабылгандыктан, мэрдин актанууга такыр мүмкүнчүлүгү болгон эмес.

Маселе эмнеде экендиги түшүнүктүү: инсандын өкүмчүлдүгү мыйзам үстөмдүгүн жокко чыгарганда, өтө катаал жана адилетсиз ыкмалар менен каражаттар колдонулуп калат.

Деги биз эмне кылсак болот? Албетте, биз жарандар катары эң оболу өкметтен коррупцияга каршы катуу чара колдонууну талап кылышыбыз керек. Эгер өкмөт муну аткарбаса, шайлоодо ага каршы добуш берсек болот. Эгер шайлоо процессине да коррупция аралаша тургандыгы белгилүү болсо, анда жарандар шайлоого өздөрү байкоо жүргүзүшү зарыл.

Мындай коомдо коррупция көбүнчө эпидемиядай эле болот: жугуштуу ооруга окшоп, ал калктын бардык катмарына жайылат. Көп учурларда коррупцияга эч кандай альтернатива болбой калат. Кайсы бир толугу менен мыйзамдуу ишти акылга сыярлык мөөнөттө бүтүрүүнү канчалык кааласаңар да, парасыз эч нерсе кыла албайсыңар. Мунун өзгөчө кооптуулугу – жогорку кызматтагылар коррупциялык иш-аракет жасап эч качан кармалбасын билишет. Анткени буга айыптоочу өзү дагы, азыраак болсо да, күнөөлүү эмеспи. Көп адамдар мындай коом акыры кыйрап, урап калат дешет, себеби коррупция атүгүл ага аралашпагандарга да таасир этиши мүмкүн. Жашоосу оңолбой, өз өлкөсү менен сыймыктангыдай нерселер азая берсе, эртеби-кечпи, булар да коррупциянын айлампасына тартылат.

## 7.0 Коррупцияны кантип азайтууга болот?

Эң эле катаал мыйзамдар кабыл алынса деле коррупция жашай бериши ыктымал. Бирок демократия менен укук механизмдердин өнүгүшү гана мамлекеттик органдардын ишин коомдун көзөмөлүнө салып, коррупцияга чек коюуга мүмкүндүк берет.

Буга эркин массалык маалымат каражаттары жана коррупцияга малынган жарандарды алардын расмий даражасына карабай, өч алат деп коркпой жазалаганга кудуреттүү көз карандысыз сот системасы бар болгон шартта жетишүү мүмкүн. Ошондой эле коррупциялык иш-аракеттерди жасагандар аз пайда таап, көп чыгым тартып калгандай кылып койсо болот. Маселен, ар кайсы өлкөлөрдүн мыйзамдарында коррупцияга каршы бир топ катуу жазалар каралган. Ошону менен катар эле бюрократиялык жол-жоболорду жөнөкөйлөштүрүү, дээрлик бардык адамдарды убара кылып келген уруксат алуу зарылдыгын жоюу аркылуу (айрым гана иштер үчүн калтырып) бул өлкөлөрдө коррупциянын мүмкүнчүлүгүн азайта алышты.

Коррупция менен күрөшүүнүн дагы бир чарасы – мамлекеттик кызматкерлер менен жеке ишкерлердин жүрүш-туруш кодексин кабыл алуу аркылуу "моралдык чыгымдарды" көбөйтүү. (Бул силердин классыңарда кабыл алынган "алтын эрежелерге" окшоп кетет). Мисалы, мамлекеттик аппарат кызматкерлерин даярдоодо алардын иш билгилиги менен адеп-ахлагына, жүрүш-турушуна көңүл бурулуп, мамлекеттик кызматты

аткаргандыгы үчүн сыймыктануу сезими өнүктүрүлөт. Көп өлкөлөрдө ишмердиктин ар кайсы түрлөрүндө (мисалы, банк же саламаттык сактоо системасында) омбудсмендер иштешет. Жеке адамдардын укуктарын ири уюмдар бузган учурларда омбудсмендер акыйкатка жетүүгө көмөктөшөт.

Бул ыкмалар, иш-чаралар коррупцияны жоё албаса да, анын демократия менен улуттук экономикага коркунуч келтиргидей даражада өнүгүп кетишине бөгөт коюу үчүн толук жетиштүү.

Коррупция айлампасына тартуу аракеттери болуп жатса да, жаран катары биз бул көрүнүш тууралуу өз пикирибизди дайым ачык айта алабыз. Анын кесепеттерин билбегендик жана унчукпай жүрө берүүчүлүк – коррупциянын сакталышына өбөлгө түзгөн эки фактор ушулар.

**Коррупцияга каршы күрөштү эмнеден баштоого зарыл? (калктын пикири)**

*(ПРООНдун сурамжылоосунан, 2000-ж.)*




## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

**03-тапшырма. Коррупцияга аныктама берүү 45 мүн.**

Төмөндөгүдөй кырдаалдарды карап чыккыла. Эки-экиден болуп, булар эмне экендигин аныктагыла коррупциябы, же бир эле учурда коррупция жана *паралообу*[1], же жөн эле мыйзамсыз иш-аракетпи, же болбосо дегеле коррупция да, мыйзамга каршы же ката да иш эмеспи? Өз оюнарды түшүндүргөнгө даяр болгула.

| Кырдаалдар | Бул эмне? |
|---|---|
| 1. Жигиттин ата-энеси куда болгонго көндүрүү үчүн кыздын ата-энесине акча беришти. Муну кыз өзү билбейт. | *Паралоо, бирок коррупция эмес* |
| 2. Мамлекеттик органдын кызматкери кызмат абалынан пайдаланып, университетте окуган кызынын экзамендик бааларын жогорулатууга мугалимдерди мажбурлады. | |
| 3. Компания жалдануучу катары конкурска катышты да, утуп чыккан соң аны тандап көрсөткөн конкурстук комиссиянын төрагасынын курорттогу эс алуу акысын төлөп берди. | |
| 4. Белгилүү бир улуттун өкүлдөрүн салыктан бошоткон мыйзам кабыл алынды. | |
| 5. Мамлекеттик чиновник туугандарына кат жазганда акысыз жиберүү үчүн өзү иштеген уюмдун штамптарын пайдаланат. | |
| 6. Мамлекеттик чиновник агасынын кызын бухгалтер кылып жумушка алды. Бош орун тууралуу кенири жарыя жасалган эмес, бирок Рената (чиновниктин карындашы) – мыкты бухгалтер. | |
| 7. Дарыланып бүтүп, ооруканадан чыгып бараткан адам докторго бир куту момпосуй берди. | |
| 8. Окуучуларды болор-болбос акы үчүн айыл көчөлөрүн шыпырып тазалоого мажбурлашты. | |
| 9. Кызматчы өзү иштеген компаниядан товар уурдап чыгып, базарда сатты. | |
| 10. Министрликтеги бөлүм лицензия үчүн жаңы төлөм киргизүү тууралуу жарыялайт. Жарыя гезитке чыгат. | |
| 11. Кеңешке шайланууга талапкер шайлоочуга мен үчүн добуш берсең мамлекеттик мекемеге жумушка орноштурам деди. | |

[1]*Паралоо – пара берүүнүн синоними, бирок айырмасы да бар. Бул кызмат адамдарына эле эмес, мисалы, шайлоочуларга, күбөлөргө мыйзамсыз максатка жетүү үчүн акы төлөөнү билдирет.*

### 04-тапшырма. Силер кантет элеңер? Ошондо ким болмоксуңар? 30 мүн.

Төмөндө бир нече кырдаал берилген. Булардын көбү коррупциялык иш эмес, бирок баарында силер чечим кабыл алуу үчүн өзүңөрдүн моралдык принциптериңер тууралуу ойлоп көрүшүңөр керек болот.

Беш-алтыдан болуп, төмөндөгү кырдаалдарды бөлүштүрүп алгыла. Ар бир окуучу кырдаалды окуп чыгып, өзү турмушта ушундайга туш келип калса эмне кыларын чечсин. Анан окуучулардын бирөө калгандардын ("судьялардын") бет маңдайына отурат, эч кимге көрсөтпөй, бир барак кагазга "чын" же "калп" деп жазат. Бул баракты "судьялар" тегеректеп отурган столдун ортосуна, эч ким окуй албагыдай кылып (мисалы, китептин астына) коёт. Андан соң бул кырдаалда эмне кыларын чындап же ойдон чыгарып (кагазда жазган чечимине ылайык) айтат. Топтун калган мүчөлөрү анын чын же калп айткандыгын аныктоого тийиш (ар бир "судья" өз пикирин айтат). Ошондон кийин кагазды алышат да, окуучу иш жүзүндө эмне кыларын көрүшөт. Анан ал "судьяларга" кошулат да, анын ордуна топтон дагы бирөө барат. Ушинтип кезек менен кырдаалдардын баарын талдап чыгуу керек.

<u>**Кырдаалдар:**</u>

1. Сен көчөдө баратып, ичинде 50 доллары бар айдоочунун күбөлүгүн таап алдың. Бул адамды таанибайсың, бирок күбөлүктө айдоочу коншу шаарда жашай тургандыгы көрсөтүлгөн. Сен эмне кыласың?
2. Сен плейер сатып алдың. Анын гарантиялык мөөнөтү – бир ай. Үч күндөн кийин колуңдан түшүрүп ийдиң. Корпусу эч нерсе болбоду. Бирок иштебей калды. Плейерди сатып алган дүкөнгө алып бардың. Өзүң түшүрүп ийгениңди мойнуна аласыңбы?
3. Катуу суу ташкыны жүргөндүктөн сен турган аймактагы бир катар айылдарда адамдар бүт мүлкүнөн кол жууп калышты. Мамлекеттик органдардын өкүлдөрү жабыр тарткан айылдардын бардык тургундарын адырлардагы, тоолордогу айылдарга көчүрдү. Эларалык уюм силердин айылдын тургундарынын баарына азык-түлүк, акча жана айрым курулуш материалдарын таратып берди. Бир гана сенин үйүң дөңсөө жерде болгондуктан, ташкын суу ага жетпей калган. Гуманитардык уюмдун кызматкери элге берилген жардамды сенин үйбүлөңө да сунуш кылса, эмне кылар элең?
4. Окуу жылы аяктап, мектепте бүтүрүү экзамендери жүрүүдө. Экзамендерден ийгиликтүү өтсөң, башка өлкөгө окууга бара аласың. Экзаменге эки күн калганда окуучулардын бири сага экзамен суроолору менен жоопторунун мыйзамсыз жол менен жасалган көчүрмөсүн сунуш кылып калды. Сен эмне кыласың?
5. Мурат байкең мамлекеттик мекемелердин биринде бөлүм башчы болуп иштейт. Бир жолу ал силердин үйгө келди да, айлыгы көбөйгөндүгүн, эми ишемби күнү сени менен кошо дагы бир байкеңдин уул-кыздарын алып Москвага жөнөрүн айтты. Ошол эле күнү кечинде сенин досуң Адыл өзүнүн Бакыт деген тууганы баңгизатты ашыкча колдонгондуктан катуу ооруп жатканын айтат. Баңгизатты ал кайдан алыптыр деп сурасаң, баланча деген мамлекеттик мекемеде иштеген Мурат аттуу кишиден сатып алыптыр деди. Ал сенин байкең эмеспи, эмне кыласың?
6. Мектепти бүтүп, жумуш издеп жүрөсүң. Кайсы бир мекемеге орношуу үчүн аңгемелешүүгө бардың. Бир жума өткөндөн кийин жумушка алындың дешти. Иштей баштагандын эртеси баягы сени менен сүйлөшкөн киши кезигип калып: "Бул кызматка сени мен орноштурганымды билесиң да?" – деди. Сен: "Ооба, албетте", – деп жооп бердиң. Ошондо ал: "Бул жердеги эреже боюнча сен биринчи айлык акыңды мага беришиң керек", – деди. Эмне кыласың?
7. Машинаң бар, бирок радиосу жок. Дүкөнгө барсаң, ал өтө кымбат экен, андыктан алган жоксуң. Бир нече күндөн кийин кимдир бирөө жапжаңы ошондой радиону он эсе арзан баада сунуш кылып калды. Уурдап сатып жатканын билип эле турасың. Эмне кыласың?



### 05-тапшырма. Берген жаманбы же алганбы? 15 мүн.

Эки-экиден болуп, төмөндөгү кырдаалдарды окуп чыккыла. Анан өзүңөрдү жаңы мыйзам кабыл алып жаткан депутаттар деп элестеткиле. Силер бул маселени карашыңар керек: ***"Биз кимди катуураак жазалоого тийишпиз – паракордубу же пара берүүчүнүбү?"***



1. Бир аялдын бүт документтери үйү менен кошо өрттөнүп кеткен. Ал жаңыдан документ алуу үчүн паспорт столуна барды. Паспорт берүүчү жаңы паспорт даярдоо үчүн үч айдан кем эмес убакыт

кетет дейт. Абдан таң калган аял неге мынча кечиктирилет деп сурайт. Тигил болсо кызматкерлер аз, жумуш аябай көп, үлгүрбөйбүз деп коёт. Анан, эгер паспорт столунун начальнигине айтпай, менин өзүмө бир аз акча төлөсөңүз, паспортуңузду бир жумадан кийин кезексиз эле жазып берем деп кошумчалайт. Аял тигинин сураган акчасын берет.

2. Бир аял өзүнчө чакан бизнес жүргүзгүсү келет. Муну баштоо үчүн бир нече лицензия алуу керек. Аял лицензия берүү башкармалыгына телефон чалып, начальниги менен сүйлөшөт. Жолугушуп, сүйлөшүп жатканда начальник уулу ооруп жүргөнүн айтат. Аял болсо эгер бардык зарыл лицензияларды жазып берсеңиз, уулуңузду дарылаганга кете турган чыгымдарды толугу менен төлөп берет элем дейт.

### 06-тапшырма. Коррупциянын кесепеттери 45 мүн.

Коррупциялык иш-аракеттин бардык кесепеттерин көрсөткөн кандайдыр бир схема чийгиле.

*Бир жигит райадминистрацияга келип, андагы тийиштүү бөлүмгө кайрылып, көчөдө соода жүргүзгөнгө лицензия алуу үчүн эмне кылышым керек деп сурайт. Катчы аял ага 200 сом өлчөмүндө мамлекеттик пошлина төлөө керектигин, бирок лицензия алуу үчүн сегиз ай күтүүгө туура келерин айтат. Сүйлөшө келгенде алар жек-жаат болуп чыгышат. Ошондо катчы мампошлинага кошуп дагы 100 сом берип, лицензияны бир жуманын ичинде эле алса болот, бирок тууганым экенсиң, кошумча төлөбөй эле кой дейт.*

Анда ошондой эле мунун үйбүлөңөр, өзүңөр, турган жериңердеги башка адамдар, Кыргызстандын бардык жарандары үчүн кандай зыяны болорун да көрсөткүлө.

### 07-тапшырма. Бул кайсы жерлерде болот? Абалды кантип оңдош керек? 25 мүн.

Коррупция, эгер ага каршы ыкчам күрөш жүргүзбөсө, ар кандай кесипте, ар кандай өлкөдө болушу ыктымал. Эки-экиден болуп, келтирилген кызматтардын тизмесин карап чыккыла да, аларга тийиштүү милдеттерди сүрөттөгүлө. Анан ар бир кызматта кандай кыянаттыктар жасалышы мүмкүндүгүн түшүндүргүлө. Коррупцияны болтурбоо үчүн кандай мыйзамдарды кабыл алуу зарыл экендигин тактагыла. (Жооптордун айрымдары таблицага үлгү катары киргизилген). (Мамлекеттик кызматта тургандыгы үчүн эле бирөөнү коррупцияга чалдыккан деп күнөөлөй берүүгө болбой тургандыгын унутпагыла).

| Кызмат | Милдеттери | Коррупция болушу ыктымал учурлар | Кантип коррупциянын алдын алууга болот? |
|---|---|---|---|
| 1. Судья | *Мыйзам бузулган-бузулбаганын аныктоо* | | |
| 2. Врач | *Медициналык кызмат көрсөтүү* | | |
| 3. Фермер | | *Сугат сууну кезексиз алуу үчүн пара берүү* | |
| 4. Мугалим | | | |
| 5. Наабайкананын ээси | | | |
| 6. Кеңештин депутаты | | | |
| 7. БӨУ уюштуруучусу | | | |
| 8. Университеттин кеңсе катчысы | | | |
| 9. Милиция кызматкери | | | |

### 08-тапшырма. Кимди айыптоо керек? 15 мүн.

Шеригиңер менен бул маселени талкуулагыла:

***“Коррупциянын жайылышына мамлекеттик аппарат күнөөлүүбү же буга бүтүндөй коом жоопкерби?”***



Эми болсо жоопкерчиликти өзүңөр туура көргөндөй бөлүштүргүлө.

| Адамдар же уюмдар | Баарынан көбүрөөк жоопкер | Жарым-жартылай жоопкер | Жоопкер эмес |
|---|---|---|---|
| 1. Биздин өкмөттүн жетекчилери | | | |
| 2. Бай адамдар | | | |
| 3. Саясатчылар | | | |
| 4. Бизнесмендер | | | |
| 5. Коррупциядан жабыр тарткандар | | | |
| 6. Ата-энелерибиз | | | |
| 7. Менин досторум | | | |
| 8. Мен | | | |

### 09-тапшырма. Бул биздин каныбызга сиңгенби? 25 мүн.

Төрттөн болуп бөлүнүп, төмөндө айтылган ар түрдүү пикирлерди талкуулагыла да, алардын кайсылары өзүңөрдүн көз карашыңарга жакын экендигин тактагыла.

***Игорь:*** *Коррупция – биздин турмушубуздун бир бөлүгү. Аны эч нерсе кыла албай тургандыгыбызды моюнга алышыбыз керек. Байлар дайыма коррупциячыл болушат, кедейлер алардан үлгү алууга умтулушат. Эмнеси болсо да паралоо жана пара берүү – керектүү иштерди ылдам бүтүрүүнүн жолу, бизнесмендер өз иштерин ушундайча илгерилетишет.*

***Майя:*** *Коррупция – биздин борборазиялык менталитетибиздеги көрүнүш. Айрым бир күрөш жүргүзгөн адамдар бар, бирок коррупцияны жоготобуз деп бекер эле убара болуп жүрүшөт. Реалист болуп ой жүгүртөлүчү: биз коррупциялык процесстерге катышпай жашай албайбыз. Балким, колунда бар адамдар бизге да бир аз жардамдаша алгыдай даражада байып кетишер. Мен дагы адамдардан анча-мынча акча алып турууга болот деп эсептейм, анткени элдин баары эле ушинтип жатпайбы.*

***Аман:*** *Муну мен өзүн өзү ишендирип алуу деп гана эсептейм. Буга бизди дал ошол коррупцияга белчесинен баткан чиновниктер, айрыкча жогорку кызматтагылар ынандыргысы келет. Эгер биз дагы бул болбой койбой турган нерсе деп эсептесек, анда баарыбыз коррупцияга батып калабыз. Мен коррупция ар кандай коомдо болот, бирок кээ бир жерлерде буга кайдигер карабастан, эреже катары, ага каршы чара көрүшөт деп ойлойм.*

***Эркина:*** *Бул жерде кеп биздин менталитетибизде эмес. Кайсы өлкөдө канчалык таралгандыгына, кандай деңгээлге жеткендигине карабай, коррупция баары бир жаман илдет. Коррупциячылардын бардыгын тегиз жазалоо керек. Коррупцияга малынган чиновниктер менен жеке компания кызматкерлери бирдей күнөөлүү. Алар улуттук экономиканы бүлдүрүшөт, андыктан террористтер сыяктуу эле зыяндуу. Карапайым адамдар булардын азгырыгына туруштук бере билүүгө, башкалардын туура эмес иш-аракеттерине дайыма шек саноо менен кароого тийиш. Менимче, өз улуту менен сыймыктанган бир дагы жаран буга мындан башкача мамиле жасабашы керек.*

### 10-тапшырма. Эмне өзгөрөт? 25 мүн.

Төрттөн болуп бөлүнүп, бул маалыматты окуп чыккыла:

*2002-жылы АКСЕЛС уюму Кыргызстанда “Билим берүүдөгү баалоо жана окутуу усулдары борбору” (ББОУБ) аттуу көз карандысыз тест кызматын уюштурду. Бул уюм өлкөнүн Билим берүү министрлигинин тапшыруусу боюнча республиканын ЖОЖдоруна кирүүчүлөрдү жалпы республикалык тестөөдөн өткөрөт. Мындай тестөөнүн максаты - окуусун андан ары улантууга эң жөндөмдүү абитуриенттерди тандап, алардын жогорку окуу жайларында акы төлөбөй окушуна мүмкүндүк берүү.*

ББОУБдун иши кандай натыйжаларга жеткирээрин жана бул уюмдун ишмердиги акыйкат, калыс жүргүзүлүшү үчүн эмнелерди эске алуу керек экендигин талкуулагыла.

### Коррупцияны кабылдоо индекси (ККИ), 2005, Трансперенси Интернешнл

Эларалык Transparency International уюму коррупциялануу деңгээли боюнча 2005-жылы дүйнөнүн 158 өлкөсүн камтыган ар жылдык рейтингди жарыялады. Рейтинг "коррупцияны кабылдоо индекси" (ККИ) деп аталуучу көрсөткүчтүн негизинде түзүлөт. ККИ ишкерлер жана аналитиктер арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжасына ылайык он упайлуу шкала менен аныкталат. ККИнин эң жогорку көрсөткүчү өлкөнүн коррупцияга эң аз чалдыккандыгын билдирет.

| Орун | Өлкө | ККИ упайы |
|---|---|---|
| 1 | Исландия | 9.7 |
| 2 | Финляндия | 9.6 |
| | Жаңы Зеландия | 9.6 |
| 4 | Дания | 9.5 |
| 5 | Сингапур | 9.4 |
| 6 | Швеция | 9.2 |
| 7 | Швейцария | 9.1 |
| 8 | Норвегия | 8.9 |
| 9 | Австралия | 8.8 |
| 10 | Австрия | 8.7 |
| 11 | Нидерландия | 8.6 |
| | Улуу Британия | 8.6 |
| 13 | Люксембург | 8.5 |
| 14 | Канада | 8.4 |
| 15 | Гонконг | 8.3 |
| 16 | Германия | 8.2 |
| 17 | АКШ | 7.6 |
| 18 | Франция | 7.5 |
| 19 | Бельгия | 7.4 |
| | Ирландия | 7.4 |
| 21 | Чили | 7.3 |
| | Япония | 7.3 |
| 23 | Испания | 7.0 |
| 24 | Барбадос | 6.9 |
| 25 | Мальта | 6.6 |
| 26 | Португалия | 6.5 |
| 27 | Эстония | 6.4 |
| 28 | Израиль | 6.3 |
| | Оман | 6.3 |
| 30 | Бириккен Араб Эмирликтери | 6.2 |
| 31 | Словения | 6.1 |
| 32 | Ботсвана | 5.9 |
| | Катар | 5.9 |
| | Тайвань | 5.9 |
| | Уругвай | 5.9 |
| 36 | Бахрейн | 5.8 |
| 37 | Кипр | 5.7 |
| | Иордания | 5.7 |
| 39 | Малайзия | 5.1 |
| 40 | Венгрия | 5.0 |
| | Италия | 5.0 |
| | Түштүк Корея | 5.0 |
| 43 | Тунис | 4.9 |
| 44 | Литва | 4.8 |
| 45 | Кувейт | 4.7 |
| 46 | Түштүк Африка | 4.5 |
| 47 | Чехия | 4.3 |
| | Греция | 4.3 |
| | Намибия | 4.3 |
| | Словакия | 4.3 |
| 51 | Коста-Рика | 4.2 |
| | Сальвадор | 4.2 |
| | Латвия | 4.2 |
| | Маврикий | 4.2 |
| 55 | Болгария | 4.0 |
| | Колумбия | 4.0 |
| | Фижи | 4.0 |
| | Сейшел аралдары | 4.0 |
| 59 | Куба | 3.8 |
| | Таиланд | 3,8 |
| | Тринидад жана Тобаго | 3,8 |
| 62 | Белиз | 3.7 |
| | Бразилия | 3,7 |
| 64 | Ямайка | 3.6 |
| 65 | Гана | 3.5 |
| | Мексика | 3.5 |
| | Панама | 3.5 |
| | Перу | 3.5 |
| | Түркия | 3.5 |
| 70 | Буркина-Фасо | 3.4 |
| | Хорватия | 3.4 |
| | Египет | 3.4 |
| | Лесото | 3.4 |
| | Польша | 3.4 |
| | Сауд Аравиясы | 3.4 |
| | Сирия | 3.4 |
| 77 | Лаос | 3.3 |
| 78 | Кытай | 3.2 |
| | Марокко | 3.2 |
| | Сенегал | 3.2 |
| | Шри-Ланка | 3.2 |
| | Суринам | 3.2 |
| 83 | Ливан | 3.1 |
| | Руанда | 3.1 |
| 85 | Доминикан Республикасы | 3.0 |
| | Монголия | 3.0 |
| | Румыния | 3.0 |
| 88 | Армения | 2.9 |

| Орун | Өлкө | ККИ упайы |
|---|---|---|
| | Бенин | 2.9 |
| | Босния жана Герцеговина | 2.9 |
| | Габон | 2.9 |
| | Индия | 2.9 |
| | Иран | 2.9 |
| | Мали | 2.9 |
| | Молдова | 2.9 |
| | Танзания | 2.9 |
| 97 | Алжир | 2.8 |
| | Аргентина | 2.8 |
| | Мадагаскар | 2.8 |
| | Малави | 2.8 |
| | Мозамбик | 2.8 |
| | Сербия жана Черногория | 2.8 |
| 103 | Гамбия | 2.7 |
| | Македония | 2.7 |
| | Свазиленд | 2.7 |
| | Йемен | 2.7 |
| 107 | Белорусия | 2.6 |
| | Эритрея | 2.6 |
| | Гондурас | 2.6 |
| | Казакстан | 2.6 |
| | Никарагуа | 2.6 |
| | Палестина | 2.6 |
| | Украина | 2.6 |
| | Вьетнам | 2.6 |
| | Замбия | 2.6 |
| | Зимбабве | 2.6 |
| 117 | Афганистан | 2.5 |
| | Боливия | 2.5 |
| | Эквадор | 2.5 |
| | Гватемала | 2.5 |
| | Гайана | 2.5 |
| | Ливия | 2.5 |
| | Непал | 2.5 |
| | Филиппин | 2.5 |

| Орун | Өлкө | ККИ упайы |
|---|---|---|
| | Уганда | 2.5 |
| 126 | Албания | 2.4 |
| | Нигер | 2.4 |
| | Россия | 2.4 |
| | Сьерра-Леоне | 2.4 |
| 130 | Бурунди | 2.3 |
| | Камбоджа | 2.3 |
| | Конго Республикасы | 2.3 |
| | Грузия | 2.3 |
| | Кыргызстан | 2.3 |
| | Папуа Жаңы Гвинея | 2.3 |
| | Венесуэла | 2.3 |
| 137 | Азербайжан | 2.2 |
| | Камерун | 2.2 |
| | Эфиопия | 2.2 |
| | Индонезия | 2.2 |
| | Ирак | 2.2 |
| | Либерия | 2.2 |
| | Өзбекстан | 2.2 |
| 144 | Конго Демократиялык Республикасы | 2.1 |
| | Кения | 2.1 |
| | Пакистан | 2.1 |
| | Парагвай | 2.1 |
| | Сомали | 2.1 |
| | Судан | 2.1 |
| | Тажикстан | 2.1 |
| 151 | Ангола | 2.0 |
| 152 | Кот-д'Ивуар | 1.9 |
| | Экватордук Гвинея | 1.9 |
| | Нигерия | 1.9 |
| 155 | Гаити | 1.8 |
| | Мьянма | 1.8 |
| | Түркмөнстан | 1.8 |
| 158 | Бангладеш | 1.7 |
| | Чад | 1.7 |

**Интерпол**

Эларалык жазык полиция уюму (Интерпол) 1923-жылы ар түрдүү өлкөлөрдүн полицияларынын бири-бирине жардам бере алышы үчүн түзүлгөн эле. Интерполдун штаб-квартирасы Франциянын Леон шаарында жайгашкан.

Интерпол төмөндөгүдөй негизги милдеттерди аткарат:

- ✔ кылмышкерлерди издеп табуу
- ✔ дарексиз жоголгон адамдарды издеп табуу
- ✔ уурдалган баалуу мүлктү издеп табуу
- ✔ кылмышка (баңги бизнесине, опузалап пайда өндүрүүгө, контрабандага, рэкетке, жасалма акча чыгарууга, мыйзамсыз иштерге) байланышкан кирешелерди мыйзамдаштырууга бөгөт коюу.

1997-жылы Интерполдун Кыргызстандагы Улуттук борбордук бюросу (УББ) түзүлгөн.

Чет өлкөлөрдүн укук коргоо уюмдары менен Интерполдун кызматташуусу УББ аркылуу гана жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын, Ички иштер министрлигинин, Улуттук коопсуздук кызматынын ар түрдүү кылмыштарды ачуу жана тергөө боюнча суроо-талаптары менен тапшырмалары ушундайча аткарылат.

*(Бул маалымат глобалдашуу жөнүндөгү кийинки бапка да тиешелүү).*

башкачабы – бул азырынча талаш маселе бойдон калууда.

Мындан да катуу талашты туудурган дагы бир маселе бар: биз маданий көрүнүштөрдүн кайсыларынын жоюлуп кетишине жол койсок болот? Жергиликтүү маданияттагы баалуу нерселерди сактап калуу үчүн кандай чараларды көрүү зарыл? Демократия жолунда өнүгүп, жакшы башкарылуучу экономиканы куруп жаткан өлкөлөр өз маданиятынын өзгөчүлүгүн сактап, өнүктүрүп кете ала тургандыгы түшүнүктүү. Ошол эле учурда мындай мамлекет башка өлкөлөр менен карым-катыш түзө алат. Бирок өзүнчө турган маданияттын алкагында деле чукул өзгөрүүлөр жүрүшү мүмкүн, айрым адамдар буга деле каршылык кыла берет. Мындай өзгөрүүлөр көбүнчө муундар алмашканда болот. Мисалы, Советтер Союзу кулагандан кийинки муундун өкүлдөрү эсептелген силер туш келип жаткан укмуштай өзгөрүүлөрдү көп өлкөлөрдүн калкы эч качан баштан өткөргөн эмес.

Сырткы жана ички таасирлердин күчү менен ушундай зор жаңылануу жүрүп жаткан мезгилде коомдун тандоо эркиндигин сактоо, ошол эле учурда ар бир инсандын ыктыярын сыйлоо абдан кыйын, атүгүл кээде мүмкүн да эмес.

## 2.0 Дин жана глобалдашуу

Бул маселелердин чиелене байланышкандыгы дин жана диний каадалардагы өзгөрүүлөрдөн да байкалат. Анткени бул көбүнчө бир маданият менен дагы башка бир маданияттын кагылышуусу аркылуу болот. Көп адамдар маданият менен динди ажырагыс биримдикте кабылдашат, ошондуктан диндин эле эмес, диний үрп-адаттардын өзгөрүлүшүн да алар маданияттан четтөө деп түшүнүшөт. Бирок башкалар дин тутунуу жана тандоо эркиндиги – ар кимдин өз иши деп эсептейт. Бул маселе ар түрдүү коомдордо дагы узак мезгилге чейин талаш бойдон кала берери анык.

## 3.0 Глобалдашуу жана миграция

**Бүгүнкү кулчулук**

Москванын ички иштер башкармалыгынын кызматкерлери жакында кыргызстандык төрт келинди мыйзамсыз камактан куткарды. Аларды азык-түлүк дүкөндөрүнүн биринин кампасынан табышкан. Аялдарды абдан булганыч жумуштарды аткарууга – товарларды түшүрүүгө жана имаратты жууп тазалоого мажбурлап жүрүшкөн. Соңку мезгилде аларга акча да төлөбөй, дүкөндөн чыгарбай калышкан экен. Алардын жаткан-турган жери да кампа болгон. Кыргызстандык бул аялдарды маал-маалы менен уруп-сабап турушкан. Иш жүзүндө күңгө айланып калган аялдар эки жылдан ашуун убакыт бою камакта болгон.

*(Бишкек, 15-июль. "Кабар" агенттиги)*

Глобалдашуунун натыйжасында транспорт каражаттары өркүндөтүлүп, адамдар бир өлкөдөн башка өлкөгө улам барган сайын оңой көчүүгө мүмкүнчүлүк алат. Адамдардын орун которуп жүрүшүнүн көптөгөн себептери бар. Алар көбүнчө чоңураак эмгек акы алуу жана/же жакшыраак жашоо үчүн башка жактарга барат. Мунун натыйжасында Улуу Британия сыяктуу өлкөлөрдүн калкынын кыйла зор бөлүгүн бөтөн жерликтер түзүп калат. Келгиндердин маданий таасири ушунчалык күчтүү болгондуктан, бүгүнкү британ маданиятын аларсыз элестетүү мүмкүн эмес. Мисалы, адегенде Индияда пайда болгон чай ичүү каадасы же тамакка "кари" кошуу салты азыр британиялыктарга мүнөздүү болуп калды.

Борбордук Азияда да ушуга окшош жагдай түзүлдү. Мисалы, көптөгөн адамдар Кыргызстандан Россияга жана Казакстанга кетип жатат.

Миграциялык агым көбүнчө "күтүп алуучу" өлкөлөргө пайдалуу болот, анткени келгиндер өлкө маданиятынын көп түрдүүлүгүн арттырат, жумушчу күчтүн жетишсиздигин толуктайт, ошондой эле кээде ал өлкөлөрдүн капиталын байытат. Бирок жаңы мигранттар кайсы бир деңгээлде кыйынчылыктарды да жаратат. Мисалы, алардын туткан дини, сүйлөгөн тили жергиликтүү калктын маданиятынан, тилинен абдан айырмаланып, атүгүл карама-каршы келип калышы ыктымал. Алар бөтөн мамлекеттеги башкаруу, тартип ж.б. системаларын билбегендиктен көп убарачылыктарга туш болушат. Келгиндер менен жергиликтүү адамдар бири-бири жөнүндө жаңылыш пикирде жүргөндүгү да жагдайды оорлотот. Айрыкча жумуш орундарын тартып алып жатат деп мигранттарды жек көргөндөр болот. (Бирок бүтүндөй экономикалык масштабда алар жумуш орундарын ээлегенге караганда көбүрөөк жаратаары анык).

Адамдардын оңой көчүп жүрүшүнүн бир жаман жагы киши сатууга байланышкан. Мисалы, бүгүнкү күндө Борбордук Азиядан жакшы жумушка орноштурам деп алдап же уурдап барып, эркектерди кулчулукка, кыздарды сойкулукка сатып жибергендер көбөйдү.

## 4.0 Дүйнөлүк масштабда айлана чөйрөнү коргоо

Бизди курчап турган дүйнө табигый чөйрөдөн жана адам баласы жараткан нерселерден турат. Эч ким булганыч, балит жерде жашоону каалабайт, сасык түтүнгө толгон аба менен дем алгысы, ууланган сууну ичкиси келбейт. Бирок миллиондогон адамдар аргасыздан ушундай абалда күн өткөрүп келет.

Адамзаттын иш-аракеттери жана табигый кубулуштар Чернобыль авариясындай же Тынч океандын түндүгүндө болгон цунамидей эбегейсиз зор зыян алып келиши мүмкүн. Кээде булардын терс таасири көчөдө шыпырылбай калып чириген таштанды сыяктуу анча чоң эмес болушу да ыктымал. Бирок ушундай майда-барат маселелер да топтолуп, акыры айлана чөйрөгө, адам жашоосуна олуттуу коркунуч туудурушу мүмкүн.

Соңку отуз жылдын ичинде гана дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрү айлана чөйрө маселелерине олуттуу көңүл бура баштады. Адам баласынын туура эмес иш-аракеттеринин натыйжасында пайда болгон булгануулары жана бузуп-жарууларды табият дайым эле кечире бербей тургандыгын эми түшүнгөндөр көбөйүүдө. Биз айлана чөйрөнү аёосуз бузуп пайдалана берсе боло турган бекер байлык катары эмес, сакталышы үчүн өзүбүз кам көрүп, жашап жүргөн үйүбүздөй билишибиз керек.

Жаратылыш байлыктарын өтө ач көздүк менен пайдалануу, баары жокту булгап уулантуучу же желим баштыктар сыяктуу бат чириндиге айланбай турган нерселерди таштай берип адамдар өздөрү жашаган айлана чөйрөнү бузат. Мисалы, токойлор бүт бойдон кыйылып, ордуна жаңыдан дарактар, бадалдар өстүрүлбөй жаткандыктан, кыртыш жаан-чачынга жуулуп кетип, акыр аягында жер көчкүлөр көбөйүүдө. Ал эми Индиянын Бхопала шаарындагы аккумулятор жасоочу заводдо уу газ чыгып кеткенде, миңдеген адамдар жана айбанаттар кырылып калган эле.

Айлана чөйрө тынымсыз өзгөрүлүп турат. Буга биздин жакшы-жаман бардык иштерибиз да кыйла зор таасир тийгизет. Жаратылыш дайыма коргоого муктаж. Андыктан биз ар бирибиз жана бүтүндөй коомубуз, өлкөбүз менен айлана чөйрөгө кандай таасир тийгизип жаткандыгыбызды ойлошубуз керек. Табиятка орду толгус зыян келтирүүнү токтотпосок, өзүбүз азабын тартып, келечек муундардын да убалына калаарыбыз анык. Ач көздүктөн, ээнбаштыктан жаралуучу алаамат кырсыктардан мамлекеттик чегаралар же ээлеген жерибизди курчай салынган бийик коргондор менен сактана албайбыз. Экологиялык маселелердин

### Глобалдык жылуулануу

Көп окумуштуулар отун жагуудан (мисалы, көмүрдү жана бензинди ашыкча иштетүүдөн), атмосферада көмүр кычкыл газынын көбөйүп кетишинен улам дүйнөдө климат жылууланып бараткандыгын далилдеп жүрүшөт. Мунун айынан мөңгүлөр эрип, деңиздердин деңгээли жогорулап жатат дешет алар. 2005-жылдын 15-мартында "Кабар" агенттиги билдиргендей, америкалык геолог Лонни Томпсон жакынкы мезгилде Килиманжаро тоосунун эле эмес, Гималай, Альп, Анд жана Тяншань тоо кыркаларынын да көк мелжиген чокулары аппак тондорунан айрылып калат деп эскертиптир.

Глобалдык жылуулануунун кесепетинен Ала-Тоо менен Тяншандын мөңгүлөрү жаңыдан байкалган ылдамдыкта мындан ары да эрий берсе, Казакстан жана Кыргызстан абдан чоң зыянга учурайт.

Мындай тыянактарды жокко чыгаргандар да көп. Бирок улам татаалдашып бараткан бул глобалдуу маселеге көңүл бурбай коюу жарабайт. Алсак, Борбордук Азияда жашагандардын жаккан оту Тынч океандын бөксө түздүгүндөгү үйлөрдүн суу астында калышына себепчи болушу ыктымал. Мындай кырсыкка Женевада машинасын айдап бараткан миллионер да таасир тийгизиши мүмкүн.

### Борбордук Азиядагы айлана чөйрөнү коргоо маселелери

Кыргызстандын Майлысуу шаарындагы жакшы көмүлбөй калган уулуу заттар айлана чөйрөгө узак убакыт бою, олуттуу зыян тийгизе тургандыгы белгилүү. Республика көз карандысыздыкка жетишкенге чейин мында уран кени иштетилип, 2 млн. тоннага жакын зыяндуу калдыктар бул шаардын чегинде 23 аңга жана 13 чуңкурга эптеп эле көмүп коюлган экен. Адистер берген баага ылайык, көп кайталануучу жер көчкүлөр, жер титирөөлөр Майлысуудагы уран калдыктарын дайрага сүрүп түшүрүп, бүтүндөй Борбордук Азияны радиоактивдүү заттар каптап кетиши мүмкүн. Бул абдан татаал маселе, анткени уу калдыктарды зыянсыздандырууга өкмөттүн күчү жетпей жатат.Борбордук Азиянын табигый чөйрөсүн жакырланткан мындан да зор алаамат – бул Арал деңизинин соолуп баратышы. Совет доорунда пахтаны улам көбүрөөк өндүрөбүз деп, кылымдар бою ээн жаткан чөлдөргө Амударыя менен Сырдарыяны бурганда, деңизге илгеркидей суу жетпей калды. Ырас, сууну ошол аймактын бат көбөйгөн калкы пайдаланды. Бирок деңиздин тартылып кетиши орду толгус жоготууларга себепчи болду. Табигый теңдештикти калыбына келтирүү чөлдөрдү сугат аянттарына айлантуудан да кыйын. Адамдарга суу керек, пахта өндүрүүнү дыйкандар өздөрү азайтат деп үмүттөнүүгө да болбойт...

мындай өзгөчөлүгү (чегарасыздыгы) алардын чечилишин кыйындатат, анткени тийиштүү чараларды көрүү үчүн бир нече мамлекет макулдашып, чогуу иш жүргүзүшү керек болот. Демек ар ким өзүнүн жеке жоопкерчилигин сезе билүүгө тийиш.

**Адамдар бириге алат - Семипалатинск жана Невада**

Табиятты коргоо үчүн жалпы улуттук деңгээлде эч нерсе кылуу мүмкүн эмес деп ойлошунар да ыктымал. Чындыгында бул адамзаттын колунан келе турган иш. 1989-жылы казак акыны Олжас Сулейменов Семипалатинскидеги ядролук сыноолорду токтотууну көздөгөн улуттук кыймылга жол баштады. Анткени бүгүнкү күнгө чейин ушул сыноолордун натыйжасында радиоактивдик заттар адамдардын ден соолугуна зыян тийгизип келет. О. Сулейменов баштаган кыймылды миллиондогон кишилер колдоп, өкмөттү ядролук сыноолорду токтотууга жана бул аймактагы айлана чөйрөнү тазартууга көндүрдү. Бул кыймылга АКШнын Невада штатынын тургундары да катышты, анткени космодром жайгашкан ал аймакта дагы ушундай оор маселе бар эле.

## 5.0 Зордук менен жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр

Бул бөлүмдө биз саясий реформаларды жүргүзүү үчүн мыйзамсыз ыкмаларды (демократиялык ченемдерди жокко чыгарууну) колдонууга байланышкан маселелерди караштырабыз. Мунун эң көп кезигүүчү түрү – **экстремизм**, б.а. "саясий максаттарга жетүү үчүн коомдун социалдык жана саясий ченемдерине каршы келген каалагандай ыкмаларды колдонуу". Экстремизмге көптөгөн усулдар кирет, алардын айрымдары мыйзамдуу жана агрессиясыз жасалышы мүмкүн, бирок элди террорго үндөгөн ыкмалары да көп.

## 5.1 Терроризм. Бул эмне?

"Террор" сөзүн англисчеден которгондо "катуу коркуу, үрөйү учуу" дегенди билдирет. Чындыгында эле мындай иш-аракет адамды абдан басынткан коркунуч менен коштолот. Сөздүктөрдүн биринде терроризмге мындай аныктама берилген: "Коомчулукту же өкмөттү көбүнчө өздөрүнүн саясий, идеологиялык максаттарына туура келген талаптарын аткарууга мажбурлоо үчүн жеке адамдын же уюшулган топтун мыйзамсыз күч колдонушу, опузалап коркутуусу".

Тилекке каршы, көптөгөн "расмий" аныктамалар берилип жүргөнүнө карабай (алардын ичинде жогорудагы да бар), бул түшүнүктү кыскача так чечмелеп берүү мүмкүн эмес. Анткени терроризмдин бир дагы аныктамага туура келбеген түрлөрү болот. (Бириккен Улуттар Уюму да бул сөзгө аныктама берген эмес). Ошондуктан кимди террорист, кандай иш-аракетти терроризм деп атоого келгенде ар кимдин пикири көбүнчө ар башкача болуп чыгат. Төмөндөгүдөй түшүнүктөрдү колдонгондо бул ого бетер татаалдашат:

1. Кибертерроризм (башка адамдардын же уюмдардын компьютерлерин бузуу же маалыматтарын жок кылуу жолу менен экономикага зыян келтирүү максатында компьютерди колдонуу).
2. Наркотерроризм (бангизаттарды, мисалы, героинди өндүрүүдөн же сатуудан түшкөн кирешенин террористтик иштерге жумшалышы).

**СИЛЕРДИН СУРООЛОР**

**Терроризм жаңы көрүнүшпү?**

Жок. Б.з 1-кылымында Палестинада сикарийлер деп аталган уюм болгон. Анын мүчөлөрү Римдин үстөмдүгүнө каршы күрөш жүргүзүп, римдиктерди жана аларга көмөктөштү деп күнөөлөнгөн палестиндерди өлтүрүп жок кылып турган. Жетинчи кылымда Индияда "Муунтуучулар" сектасына киргендер адамдарды муунтуп өлтүрүү менен курмандыкка чалып жүрүшкөн. Он биринчи кылымда Жакынкы Чыгыштагы мусулмандардын исмаилиттер агымынан бөлүнүп чыккан шийит сектасы террордук аракеттерди жасагандыгы үчүн "Ассасиндер" деп аталып калган.

"Терроризм" сөзү алгач ирет 1793-1794-жылдары Францияда террор өкүм сүрүп турган мезгилде колдонулган. Адегенде "чыккынчыларды" текши жок кылууга умтулган террористтердин лидерлери өздөрүнүн мындай жоругун эркиндикти коргоонун эң мыкты жолу деп макташкан. Бирок революция жеңилип калгандан кийин террористтер өздөрү өлүм жазасына тартылып, бул сөз бат эле мамлекеттик зордук-зомбулукту атоо үчүн колдонула баштады.

Он тогузунчу кылымда биздин мезгилдеги терроризмдин формаларын Россияда падышага каршы чыккан "Народная воля" ("Эл эрки") сыяктуу уюмдар колдонушкан. Австриянын эрцгерцогу Франс Фердинанддын өлтүрүлүшү атүгүл Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышына түрткү болгон. Терроризмдин бизге кыйла тааныш, көбүнчө видеокамерага тартылып алынуучу түрү биринчи жолу Палестинаны боштондукка чыгарууну көздөгөн Элдик фронт 1968-жылы жүргүнчүлөр түшкөн самолётту барымтага алганда пайда болду.

3. Экотерроризм (табиятка жана айлана чөйрөгө карата өкмөттүн же кайсы бир уюмдун саясатын өзгөртүү үчүн адамдардын террор жасашы).
4. Мамлекет каржылаган терроризм (башка өлкөлөрдүн жарандарына же уюмдарына каршы террористтик иштерди жасатуу үчүн өкмөттүн айрым адамдарга же топторго финансы бөлүшү).

Терроризмдин булардан башка да түрлөрү бар.

## 5.2 Терроризмге байланышкан негизги түшүнүктөр

- Бардык жарандар катышкан демократиялык шайлоолор – бул бийликке кайсы топ же айрым адамдар келиши керек деген маселе боюнча конфликтти күч колдонбой чечүү жолу. Ал эми терроризм ошол эле талашты зордук менен чечүүнү көздөйт да, адамдар буга мажбурлоо жолу менен катыштырылат. Терроризм женсе, залим бийлик орношу көбүрөөк ыктымал.
- Сырттан каржыланып, оңой таралгандыктан, терроризм глобалдуу маселе болуп саналат.
- Терроризм адатта карапайым адамдарга коркунуч алып келип, көбүнчө аларды жашоо укугунан ажыратат.
- Террористтер өздөрүнө тоскоол болгон адеп-ахлак ченемдерине каршы чыгышып, муну ар түрдүү шылтоолор, "бийик максаттар" же "ыйман" деген сөздөр менен актоого аракеттенишет.
- Террористтер көбүнчө элдин көңүлүн буруу үчүн террордук кадамдарды жасашат, андыктан өз иш-аракеттерин алдын ала пландап коюшат.
- Саясий максаттарды көздөгөн террористтер өздөрү каалаган өзгөртүүлөрдү азыр же келечекте жасоого иштеп жаткан саясий түзүмдөр мүмкүндүк бербейт деп эсептешет.
- Өлкөнүн мыйзамдарына жана эларалык укук ченемдерине, конвенцияларга туура келбегендиктен, террористтик иш-аракеттер дайыма мыйзамсыз деп эсептелет.
- Террористтер элдин колдоосуна ээ болбосо деле көбүнчө эл бизди колдойт же макул болгон деп жарыялашат.
- Террористтер орнотууну сунуш кылган саясий система көпчүлүк учурларда бийликти монополдоштуруп алууга жана көпчүлүктү башкаруудан четтетүүгө умтулган экстремисттик саясат болот.
- Эгер террористтер саясий бийликти басып алса, анда алардын каршылаштары да ушундай эле жол менен бийликти тартып алууга болот экен деп ойлоп калат… Ошентип, зордукчул иш-аракеттер улана берет.
- Террористтер өздөрүн өтө сейрек учурларда гана террорист деп атайт, тескерисинче "эркиндик үчүн күрөшүүчүлөрбүз", "кудайга кызмат кылуучуларбыз" ж.б. деп эсептешет. (1993-жылы АКШнын Техас шаарында Дэвид Кореш өзү кошулган сектанын бардык мүчөлөрү отурган имаратты өрттөп жибергенде, Кудайдын буйругун аткардым деп ойлогон).
- Мыйзамга каршы келсе да, күч колдонбогон иш-аракеттер терроризм болбойт. Мисалы, эгер бир топ жарандар күч колдонбой, тынч жүрүшкө чыкса, атүгүл өкмөт муну мыйзамсыз деп жарыяласа деле, бул терроризмге кирбейт. Анткени каршы пикирлерин туюнтуу менен, демонстранттар адамдын негизги укуктарына коркунуч келтирбейт. Тескерисинче, саясий максатта жасалуучу зордуктун бардык эле түрлөрү терроризм деп эсептелбейт. Терроризмдин аныктамасы саясатка ушунчалык аралашып кеткендиктен, бул тууралуу дайым талаш-тартыштар болот.
- Саясий жаңжалдардын алдын алууга сүйлөшүүлөр жана арачылык да жардам берет. Көптөгөн топторду зордук-зомбулук жолунан баш тартууга жана сүйлөшүүлөр аркылуу демократиялык процесске катышууга көндүрүү мүмкүн. Мисалы, Түндүк Ирландиядагы "Шин Фейн" партиясы опурталдуу кадамдан ушундайча баш тарткан эле.

## 6.0 Глобалдуу маселелер жана мен

Глобалдуу маселелер абдан көп. Бизге өз айылыбыздын же өлкөбүздүн эле маселелери тиешелүү болот десек катуу жаңылышабыз. Глобалдуу маселелерден чегараларды тосуу же тышкы дүйнө менен катышпай коюу аркылуу кутула албайбыз. Биз көп нерселерди билип, аң сезимдүү жарандар катары мындай маселелерди чечүү жолдорун табууда жана алгылыктуу ыкмаларды иштеп чыгууда өкмөткө көмөк көрсөтүшүбүз керек.

### 05-тапшырма. Дүйнөлүк базар жана мен 15 мүн.

Шеригиңер менен глобалдашуунун силердин өлкөдөгү чакан бизнес ишканага тийгизген оң жана терс таасирлерин санап көрсөткүлө.

| Оң таасирлери | Терс таасирлери |
|---|---|
| | |

### 06-тапшырма. Сатылуучу эмгек 20 мүн.

Төмөндө айрым окуучулардын бир суроонун тегерегинде ой жүгүртүүлөрү келтирилди. Буларды экиэкиден болуп талкуулап, өзүңөр эң туура деп эсептеген көз карашты тандагыла. Эгер эч кайсынысы дал келбесе, анда өз пикириңерди жазгыла. Оюңарды түшүндүрүп берүүгө даяр болгула.

***"Жумуш издеп же башка себептерден улам чет өлкөгө кетип жаткан адамдар Атажуртун сүйөбү?"***

*Акмат:* *Менимче, өкмөт адамдардын башка өлкөгө кетишине уруксат бербөөгө тийиш. Өзүбүздүн мамлекеттин эсебинен билим берилсе, анан алардын пайдасын бөлөктөр көрө береби? Мекенин таштап кеткендерди патриот дегенге болобу? Алар бала-чакасын багуудан качкан арсыздарга окшош.*

*Рената:* *Мен макул эмесмин – биз өкмөттүн балдары эмеспиз да. Эгер адамдар кетип жатышса, буга өз жарандары үчүн кам көрүүгө милдеттүү болгон өкмөт жооптуу. Анын үстүнө, чет өлкөгө барып жашагандар үйлөрүнө акча жиберип турушат, мекенине кайтканда жаңы кесиптерге ээ болуп келишет.*

*Тимур:* *Ооба, эгер кайтып келишсе, а келбей коюшсачы? Кетип жаткандарга эгер беш жылда кайтып келбесеңер, жарандыктан кол жууйсуңар деп эскертүү керек. Ошондой эле мен чет өлкөдө иштеп жаткандарды өз өлкөсүнө киреше салыгын төлөп турууга милдеттендирүү керек деп эсептейм.*

*Катя:* *Минткенде кошмок салык төлөп калышпайбы? Алар зыян тартышат, анткени мыйзам боюнча иштеп тапканынан көбүрөөк салык төлөөгө туура келет. Мен буга каршымын. Биз чет өлкөлөргө барганда башка маданиятты өздөштүрүп, билимибизди өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк алаарыбызды да ойлоого тийишпиз. Менимче, өлкөбүздү чет жактан мыкты адистер келип жашоого кызыккандай кылып өнүктүрүшүбүз керек.*

### 07-тапшырма. Мен жашаган жердеги айлана чөйрөнү коргоо 20 мүн.

Үч-төрттөн болуп, силердин жердеги айлана чөйрөгө байланышкан маселелердин тизмесин түзгүлө. Аларды чечүү үчүн эмне кылууга болоорун жазгыла. Таштандыларды тазалап коюу менен эле маселени чечүү мүмкүн эмес экендигин эсиңерге алгыла. Маселе чечүү – бул кайра кайталанбашы үчүн анын пайда болуу себебин да адилеттүү жана туура жол менен жоюу.

**Жергиликтүү айлана чөйрө... Өтө катуу кетип жаткан жокпузбу? Силердин оюңар кандай?**

Ирландияда өкмөт желим баштыктарын колдонгондугу үчүн атайын салык киргизди. Эми бул өлкөдөгү адамдар мындай баштыктарды колдонбойт, демек айлана чөйрөнү булгабайт.

Сингапурда сагыз чайноого тыюу салынган. Ирландияда болсо сагыз чайнагандардан салык чогултулуп, түшкөн каражат сагызды жок кылуучулардын айлыгына кошулат!

Жаңы Зеландияда коомдук жайларда, алардын ичинен ресторандарда жана коомдук парктарда тамеки чегүү мыйзамсыз иш-аракет деп эсептелет.

### 08-тапшырма. Суу – өмүрдүн булагы 20 мүн.

Шеригиңер менен төмөндөгү суроолорго жооп издегиле:

1. Биздин коомдо суу кандайча пайдаланылат? (Тизме түзгүлө).
2. Биздин үйбүлөдө бир күндө канча литр суу керектелет?
3. Бизге суу кайдан келет?
4. Дарыянын баш жагында кайсы жерлер булгануууда?
5. Жерди кандайча азыктандырганда суу булганат?

6. Сууну булгануудан сактоо үчүн эмнелерди колдонобуз?
7. Сууну булгануудан жана ысырапталуудан коргоо үчүн эмне кылууга болот?

**09-тапшырма. Так аныктамасы жок түшүнүк 15 мүн.**

Шеригиңер менен терроризмге так аныктама берилбегенине байланышкан кыйынчылыктарды талкуулагыла. Ишиңерди туура багыттоо үчүн бул тууралуу берилген маалыматты дагы бир ирет окуп чыксаңар болот.

**10-тапшырма. Бул түшүнүккө эмнелер кирбейт? 2 мүн.**

Эмне үчүн күч колдонбой каршылык билдирүү "терроризм" деп эсептелбей тургандыгын шеригиңер менен түшүндүрүп берүүгө даярдангыла. Бул эки башка көрүнүштү чаташтыруунун эмнеси коркунучтуу?

**11-тапшырма. Күчкө салып реформа жүргүзүү 10 мүн.**

Франциядагы революция учурунда саясий ыкма катары террор көп колдонулган эле. Реформа жүргүзүү үчүн террор колдонулса, кандай маселелер келип чыгаарын талкуулап, тизме түзгүлө.

**12-тапшырма. Эмне үчүн биз? 10 мүн.**

Кээде коомду күч менен өзгөртүүнү көздөгөн уюмдар зордукчул иштерге жаштарды жалдашат. Силердин оюңарча, эмне үчүн ушундай?

**13-тапшырма. Глобалдуу жана жергиликтүү маселелерди талдоо 30 мүн.**

Көп учурларда глобалдуу маселелерге туш келгенде, өзүбүздү алсыз сезип калабыз. Ошентсе да эгер көпчүлүк бириксе, абдан зор иштерди бүтүрө алат. Ар кандай эле ишти баштоодон мурун кылдаалды талдоого алуу керек. Маселени туура түшүнүү үчүн абдан маанилүү бир нече жалпы суроого жооп берүү зарыл.

Топторго бөлүнүп, маселенин чыгышына жараша кайсы суроолорго жооп издешибиз керек экендигин тизмелеп көргүлө. Мисалы:

- Окуяга кимдер катышкан?
- Окуя качан болгон?

**14-тапшырма. Биздин кошуналар 10 мүн.**

Башка өлкөдөн бир үйбүлө көчүп келип, силерге кошуна болуп калды деп элестеткиле.

1. Силер эң оболу эмнелерге көңүл бурат элеңер?
2. Ал адамдарга карата силердин кандай стереотиптериңер болушу мүмкүн?
3. Силердин алар менен мамилеңер кандай шарттарга байланыштуу болмок?
4. Силердин оюңарча, алар менен байланыш түзүү коомдоштук үчүн зарылбы?

**15-тапшырма. ММКнын глобалдашуусу 10 мүн.**

Шеригиңер менен ММКнын глобалдашуусунун жакшы жана жаман жактарын көрсөтүүгө аракеттенгиле.

| Жакшы жактары | Жаман жактары |
|---|---|
| *1. Ар кайсы өлкөлөрдө чыгарылган жаңы ойлоп табууларды билип жүрөсүң.* | *1. Чын-төгүнүн текшерүү мүмкүн болбогон карандай калп ушактар таратылышы мүмкүн (мисалы, Интернет аркылуу).* |
| *2.* | *2.* |
| *3.* | *3.* |

**16-тапшырма. Бул канчалык туура? 10 мүн.**

Бул бапта террор жолу менен курулган коомдо жарандардын жашоосу коркунучка кабылат деп айтылган. Эмне үчүн? Силер буга макулсуңарбы? Өз пикириңерди далилдеп, чакан (300 сөздөн ашпаган) дилбаян жазгыла.

# XXI бап

# Активдүү жаран болуу

## Текстти окуганга чейинки көнүгүүлөр

**01-тапшырма. Ким чечиши керек? 15 мүн.**

Шеригиңер менен төмөндө берилген суроолордун тизмесин карап көргүлө. Силердин оюңарча кайсы адам же адамдардын тобу бул маселелердин ар бири боюнча эң жакшы чечим кабыл алышы мүмкүн экенин тандагыла. Силер бир эле конкреттүү адамды же адамдардын тобун канча жолу каалаcаңар ошончо ирет тандай аласыңар.

| Суроолор | Эң мыкты чечимди ким кабыл алат? |
|---|---|
| 1. Мен түшкү тамакка эмне тандашым керек? | а) Мен |
| 2. Биздин жаңы үйдүн чоңдугу кандай болушу керек? | б) Менин досторум жана мен |
| 3. Биздин бакка эмне отургузуу керек? | в) Менин досторум, мен жана менин ата-энем |
| 4. Мен мектепти качан бүтүп, иштей башташым керек? | г) Менин досторум, мен, менин үйбүлөм жана айылдын (шаардын) башка тургундары |
| 5. Нандын баасы канча болушу керек? | д) Менин ата-энем, бирок мен эмес |
| 6. Түшүмдү качан жыйноо керек? | е) Менин бүт үйбүлөм |
| 7. Саат канчада туруу керек? | ж) Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 8. Биз кандай китептерди окушубуз керек? | з) Бүткүл айыл кеңеши |
| 9. Дүкөндө эмне сатылышы керек? | и) Айылдагы (шаардагы) эркектер гана |
| 10. Биздин айылды (шаарды) кандайча көрктөндүрүү керек? | к) Кеңештин депутаттары |
| 11. Жаңы жол кайдан өтөрүн ким чечиши керек? | л) Айрым ишкерлер |
| 12. Жыйналыштар менен майрамдарды өткөрүү үчүн жаңы клубду ким курушу керек? | м) Акимият |

## Окуу үчүн текст

Биз бул бапта жарандык иш-аракеттин үч жагын карайбыз:

1. Эмне үчүн жарандык иш-аракеттерге катышуу керек?
2. Жарандык активдүүлүктү кандайча көрсөтө алабыз?
3. Катышуунун түрлөрү.

### 1.0 Эмне үчүн катышуу керек?

Иш-аракет жашоонун маңызын түзөт. Иш-аракеттин жасалышына бир нерсеге жетүү же бизде жок болгон нерсеге умтулуу зарылдыгы түрткү берет. Максатка жетүү үчүн адам пассивдүү эмес, активдүү болушу керек.

Пассивдүүлүк кимдир бирөөгө (же бир нерсеге) баш ийүүнү жана жетеленүүнү билдирет. Бул жагынан алганда, албетте, пассивдүүлүктөн активдүүлүк жакшы. Кырдаалга көз каранды болгондон көрө аны өзүң жөнгө салып жүргөнүң оң эмеспи.

> Жеке өзүңдүн башыңа түшкөн кайгыны жеңип өтүү керек болгондо САБЫРДУУЛУК КЫЛЫП, УНЧУКПОО – адамдык улуу сапат, анткени сен үчүн башкалар да азап тартпоого тийиш. Бирок жакын адамың шорго батып, эл кыйналып жатканда унчукпай карап туруу – коркоктук менен чыккынчылыктын дал өзү.
> *(Кадыр Өмүркулов. "Кылымдын кутман таңы")*

**Активдүү радио: Демилгени колго алуу – 1**



*Бүгүн биз Оштогу "Алтын максат" аттуу Бириккен жаштар союзунун президенти Алишер Мамажанов менен аңгемелешип жатабыз.*

– *Алишер, сиздер кандай иш менен алектенип жатасыздар?*

– Биз Фергана өрөөнүндө студенттердин укуктарын коргойбуз. Ошто жана Анжиянда иликтөө жүргүзүп, бир катар коомдук иштерди уюштурдук. Анткени университеттердин, институттардын, академиялардын жана башка түрдөгү жогорку окуу жайларынын коммерциялык бөлүмдөрүнө кирген студенттер өздөрүнүн жана билим берүү мекемелеринин укуктары менен милдеттерин аныктаган контрактка кол коюшу керек. Биз кызмат көрсөтүү боюнча контрактын үлгүсүн иштеп чыктык. Атайын плакаттарды даярдап, бир нече коомдук кампанияларды (өнөктүктөрдү) өткөрдүк. Булардын биринчисинде студенттерди ушундай плакаттарды даярдоого катыштырдык, ал эми кийинкилеринде контрактын үлгүсү жөнүндө студенттерге маалымат тараттык. Биз түзгөн үлгүнү Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги кабыл алды, эми бардык жогорку окуу жайлары аны колдонууга тийиш.

– *Сиздер эмне үчүн бул акцияны өткөрүү зарыл деп чечтиңиздер?*

– Биздин уюмдун максаты – студенттердин ар түрдүү, мисалы, жарандык билим алууга, укуктарын коргоого, өзгөчө киши соодалоого байланышкан маселелерин чечүүгө көмөктөшүү. Ошондуктан биз Фергана өрөөнүндөгү, айрыкча Ош, Анжиян, Фергана шаарларындагы студенттердин укуктары боюнча иликтөөлөрдү жүргүздүк. Окутуу акысын төлөө жөнүндөгү келишимдин шарттарын аткарууда студенттердин укуктары олуттуу түрдө бузулуп жаткандыгын аныктадык. Жогорку окуу жайларынын студенттери укуктар менен милдеттер даана көрсөтүлбөгөн контрактка кол койсо, алардын укуктарын бузуу оңой болот. Мындан тышкары кээ бир студенттер окууга 17 жашында өтөт, демек, 18 жашка толгондор гана контрактка кол коюу укугуна ээ болгондуктан, 17 жаштагылар кол койгон контрактар жарабай калат. Ушундан пайдаланып, студенттин макулдугун сурабай эле мындай контрактардын 70 пайызын өзгөртүп коюуга болот. Окутуу акысы жылдан жылга өсүүдө, бирок бул жагдай контрактта эске алынбай жүрөт. Анын үстүнө студенттерден контрактта белгиленгенден башка да акча чогултуп, алардын айрымдарын окуудан мыйзамсыз түрдө чыгарып салган учурлар кездешет.

– *Сиздердин акцияга кимдер катышты?*

– Союздун мүчөлөрү иликтөө жана мониторинг жүргүзүп, коомдук кампанияларды өткөрүп, плакаттарды жасалгалашты. Башка студенттер да, Союздун волонтёрлору да катышты.

– *Башка адамдар буга кандай карады?*

– Адегенде жогорку окуу жайлардын администрациялары бул акцияга катуу каршы тургандыктан, студенттер окуудан чыгып калуудан коркуп жүрүштү. Биринчи жолу өткөрүлгөн иш-чарага 700 гана студент катышты, бирок кийин алардын катары 2500 кишиге жетти. Акырында администрациялардын мамилеси өзгөрүлүп, тез эле окуу жайлардын 80-90 %ы биздин демилгени колдоого алды.

– *Сиздердин ишиңиздерде кандай ресурстар керек болду?*

– Бизге Евразия Фонду колдоо көрсөттү (биздин Союз долбоордун планын иштеп чыгып, ушул фондго жиберген эле). Адам ресурстары – студенттер менен волонтёрлор да катыштырылды.

– *Келечекте кандай пландарыңыздар бар?*

– Келечекте биз төмөндөгүдөй иштерди аткарууну пландап жатабыз. Биринчиден, айылдык жаштардын өкүлдөрүн уюштуруп, коомдук иштерге активдүү катыштырмакчыбыз. Биз бул айыл жериндеги олуттуу маселе деп ойлойбуз, анткени элет жаштары маанилүү маселелерди чечүүгө жакшы катышпай жүрөт. Былтыр Душанбеде өткөн Жаштар конгрессине барып катышып келгенден бери мен ушул идеяны ойлонуп жүрөм. Эми айылдык жаштардын кыймылын уюштургум келет. Биз жаш шайлоочулардын укуктарын коргоо жаатында да иш жүргүзүп, Кыргыз Республикасындагы шайлоонун жол-жоболору жөнүндө маалымат таратууну көздөп жатабыз. Жаштарды окутуп-үйрөткөндө биз абдан көп жаштар киши соодасынын курмандыгы болуп жаткандыгын айтып беребиз жана ушундай кырдаалга туш келбөө үчүн эмне кылуу керек экендигин түшүндүрөбүз.

## Активдүү радио: демилгени колго алуу - 2



Биз Ош облусунун Өзгөн районунун Куршаб айылындагы Танатар атындагы №14 орто мектептин 11-класс окуучусу Жамийла Нуркулованы аңгемелешүүгө чакырдык. Ал окуучулардын "Либерти" ("Эркиндик") аттуу ишчил комитетинин (ОИК) президенти болуп саналат.

*- Жамийла, сиз кандай иштерди өткөрдүңүз?*

- Мен эки долбоордун түзүлүшүнө демилгечи болдум. Алардын биринин максаты - аз камсыздалган үйбүлөлөрдүн балдарына жардам берүү. Бирок мен кошуна айылга көчүп келгендердин окуучу балдарына жардам катары уюштурган экинчи ишибиз менен айрыкча сыймыктанам. Былтыр алар жер көчкүдөн жабыр тарткан эле. Биздин "Либерти" ОИКибиз бул иш-чараны бизге жакын турган үч мектептин администрациясынын, айыл өкмөтүнүн жана биздин мектептин ата-энелер комитетинин колдоосу менен уюштурду. Ошентип, акча каражаттарын чогулттук да, ал окуучулар үчүн кийим-кече, азык-түлүк жана жаңы жылдык белектерди сатып алдык.

*- Эмне үчүн бул иш-чараны уюштуруу зарыл деп таптыңыздар?*

- Бир жолу мен иним экөөбүз жер көчкүдөн кийин келип отурукташып калган жаңы айылды аралап өткөн элек. Күйөөлөрү жер көчкүдө курман болгон жесир аялдар кыйналып үй куруп жаткандыгын көрдүм. Бир топ балдар атасынан же энесинен ажыраптыр, алардын арасында томолой жетим калгандары да бар экен. Кийинчерээк ошол балдар окуган мектепке барып, алардын айткандарын укканда, абдан боорум ооруду. Көпчүлүгүнүн мектепке кийип баргыдай жакшыраак кийими да жок эле. Кыш чилдеси күчөп турса да, кээ бир балдар абдан жука кийиниптир. Ошондо мен балдарга кийим сатып алууну жана бул айылдын жашоочулары үчүн концерт коюп, ушул иш-чараны уюштурууну чечтим.

*- Сиздердин бул иш-чарага кимдер катышты?*

- Куршаб айыл өкмөтү, үч мектеп, жергиликтүү милиция, биздин мектеп парламенти жана, албетте, биздин ОИК катышты.

*- Башка адамдар буга кандай карашты?*

- Адегенде айыл өкмөтүнүн кызматкерлери бизди айыл өкмөтүнүн башчысынын алдына киргизбей койду. Алар айыл өкмөтү жер көчкүдөн жабыр тартып келгендер үчүн бардык зарыл иштерди жасап жатат, бул жагынан башка эч кимдин, болгондо да окуучулардын, жардамына муктаж эмес дешти. Биз айыл өкмөтүнө үч-төрт жолу барып, акыры айыл өкмөтүнүн башчысына жолугуп, сүйлөшө алдык. Ал биздин идеябызды абдан жактырып, өзү жардам көрсөтүүгө убада берди. Мындай ишти өткөрүүнү айыл өкмөтү да ойлонуштуруп жүргөндүгүн, бирок муну жүзөгө ашыруу үчүн адам жетишпей жаткандыгын айтты. Ошол сүйлөшүүдөн кийин биз башка кызматкерлер менен чогуу иштеше баштадык. Мектепте болсо мугалимдердин бири балдарды алаксыткандан көрө сабагыңарды окугула да, экзаменге даярдангыла деп урушту. Ал ОИК мектептин чегиндеги гана иштерди камтыган долбоорлор менен иштөөгө тийиш деп эсептейт экен. Бирок биздин мектептин директору абдан жакшы киши. Идеябызды айтып бергенде ал бизге зор колдоо көрсөттү. Ошондон кийин мугалимдер бизди жемелебей калды. Башка мектептердин администрациялары бизге жардам берүүнү каалаган жок. Алар силерсиз деле өзүбүздүн баш оорубуз жетишет деди. Бирок орус мектебинин директору өзүнүн мектебинен кийим чогултуп, бизге чоң жардам берди. Ал эми муктаж болгон балдар окуган мектептин администрациясы бизге материалдык-техникалык жактан көмөктөштү. Иш-чара ийгиликтүү аяктагандан кийин элдин баары буга ыраазы болгондугун айтты - чындыгында эле биздин бул акциябыз балдарга чоң пайда тийгизди. Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысын концертке чакырдык эле, келбеди. Ошентсе да ал кийинчерээк бул иш-чарага катыша албагандыгы үчүн кечирим сурап бизге кат жиберди.

*- Ишиңиздерде кандай ресурстар керек болду?*

- Биз баарынан да жергиликтүү чиновниктер менен мектеп администрациясынын колдоосуна абдан муктаж болдук. Биз мындай колдоого жетиштик. Кийин алар балдарга белек алуу үчүн акча да ажыратып беришти. Биз, ОИКтин мүчөлөрү, кеңсе буюмдарын сатып алуу, бешинчи класстын окуучулары концерт өткөргөн залды жасалгалоо үчүн акча чогулттук. Менимче, концерттин программасын түзүүдө аларга класс жетекчилери жардам берген болсо керек.

– *Келечекте дагы кандай пландарыңыз бар?*

– Мен 11-классты бүтүрүп жатам. Быйыл университетке кирмекчимин. Жакында ОИКтин президенттигине бизден кийинки класстардын арасында шайлоо өткөрдүк. Бирок ОИКти уюштуруп, анда иштеп калгандыгым үчүн биздин балдарга жардамдашпай, айрым маселелер боюнча кеңеш бербей жүрүү мен үчүн кыйын болот. ОИКтин ишине берилген мүчөлөрү мындан ары да андан кол үзбөй, жардам берүүнү улланта берет деп ойлойм. Бишкектеги же Оштогу ЖОЖдордун бирине өтсөм сонун болмок, ошондо өзүбүздүн ОИКке каржылык жардам уюштурууга менин мүмкүнчүлүктөрүм көбүрөөк болот.

– *Кайсы адистик боюнча билим алууну чечтиңизби?*

– Мен Кыргыз-Славян университетинин эларалык мамилелер бөлүмүнө тапшырайын деп жатам. Келечекте социалдык укуктарды коргоо тармагында иштөөнү каалар элем.

Адам ар дайым активдүүлүк (өзүнүн тандоосу жана каалоосу боюнча иш-аракет жасоо) менен пассивдүүлүктүн (аракетсиздиктин) бирин тандай алат. Пассивдүү адамдар өз тагдырына ээлик кыла алышпайт, аларды кимдир бирөөлөр башкарат.

Албетте, кээде биз үчүн башка бирөөлөр чечим кабыл алышын туура көрөбүз. Ден соолугубузду чыңдоо үчүн кайсы адаттардан кутулуу керектиги жөнүндө доктордун кеңеш бергенине биз дегеле каршы болбойбуз. Бирок көбүнчө биз чечим кабыл алууга өзүбүз катышууну каалайбыз. Ырас, биз башка адистердин пикирин сурайбыз жана маалыматтын кошумча булактарын издейбиз. Бирок ишке тиешеси бар адам өзү катышса, көбүнчө алда канча жакшы чечим кабыл алынат.

Бул демократиялуу саясий системада өзгөчө мааниге ээ, анткени акыр аягында эмне кылууну жаран өзү чечиши керек. Демократия мамлекеттин жарандары абдан активдүү болгон шартта гана күчүнө кирет, а бул активдүүлүк добуш берүү менен эле чектелбөөгө тийиш. Коомдун өнүгүшүнө ар бир адам салым кошо алат. Акча көп болсо, бардык маселелер оңоной чечилет деп ойлошуңар мүмкүн, бирок чындыгында бул үчүн силер өз убактыңарды аябай, шык-жөндөмүңөрдү өнүктүрүшүңөр жана туура колдоно билишиңер да талап кылынат.

Демейде адамдар коомдук иштерге жакшы катышпай жүргөндүгүн ар кандайча түшүндүрүшөт.

*"Менин өзгөчө талантым жок".*

Көп айтылып жүргөн бул сөз чындыкка кээде гана туура келет. Башкалар менен чогуу убакыт өткөрүү же балдарга жардам берүү үчүн адамдарды жакшы көрүү жана боорукердик гана керек. Коомдук иштерге бат эле көнүгүшүп алууга болот.

*"Менин убактым жок".*

Башка бардык адамдар сыяктуу эле, биздин карамагыбызда суткадагы 24 саат бар. Силер, эмне, ушул убакыттын баарын өзүңөргө жана өз коомдоштугуңарга пайда келтиргенден да маанилүү иштерге жумшап жүрөсүңөрбү?

*"Мен тартынчаакмын, элге оңой аралашып кете албайм".*

Чындыгында баарыбыз эле уялчаакпыз. Уялчаактык – бул адамдын табигый мүнөзү. Ал эми активисттер менен алардан жардам алып жүргөндөрдүн чөйрөсүндө ачык-айрымдык, ынактык жана түшүнүшүү бар. Мындагы өз ара жардамдашуу силердин тартынчаактыгыңарды жеңип өтүшүңөргө өбөлгө түзөт.

*"Менин каражатым жетишпейт".*

Ырас, көпчүлүк адамдар сыяктуу эле силердин да ашыкча акчаңар жок, бирок руханий байлыгыңар, жаштык жигериңер (кайратыңар, энергияңар) жана бийик максатыңар бар.

*"Өзүбүздүн муктаждыктарыбыз деле жетиштүү".*

Б. а. көбүрөөк акча таап турбасак, ата-энебизге, бир туугандарыбызга жардам бере албайбыз. Албетте, биз биринчи иретте өз үйүбүздү кароого милдеттүүбүз. Чындыгында эле өзүбүздүн эң жакшы көргөн адамдарыбызга дайыма көңүл бөлүп, аларды материалдык жактан колдоп турушубуз керек. Бирок үйбүлөбүздүн жашоо деңгээли көбүнчө биздин коомдоштуктун абалына жараша болот. Эгер коомдоштук бирдиктүү болуп, жакшы иштесе, ал адатта бир адамдын же үйбүлөнүн колунан келбеген иштерди бүтүрүп, адамдардын турмуш деңгээлин жакшырта алат. Буга силер аймактык өз алдынча башкаруу комитетинин иштерине көбүрөөк катышуу же жалпы улуттук саясий уюмдун активдүү мүчөсү болуу менен жетише аласыңар.

*"Мен эмнеден баштарымды билбейм".*

Силердин жашоо-турмушунар үчүн эмне маанилүү экендигин жана аны кандайча жакшырта аларыңарды талдап көргүлө. Адам ар түрдүү коомдук иштерге дилгирленип катышуудан зор канагат, кубаныч табат, ошондо анын иштери да жакшы жүрөт. Өз коллективиңерге жана коомдоштугуңарга кайдигер карабашыңар керек. Коомдоштугуңардын коомдук турмушуна активдүү катышкан адамдар менен сүйлөшүп көргүлө да, кийинки бөлүмдү окугула.

## 2.0 Биз коомдо кантип активдүү боло алабыз?

Акчалай кайыр-садага берүү – кайрымдуулуктун пассивдүү формасы. Ал боорукер адамдан эч кандай күч-аракетти деле талап кылбаса да, кайыр-садага жогору бааланат, анткени башкалар үчүн жакшы иш жасоого мүмкүндүк берет. Донор бергенинин ордуна башка бирдеме алышы мүмкүн. Мисалы, эгерде кимдир бирөө китепкана курууга жардам берсе, анда фамилиясы китепкананын алдында жазылып турганын көрүү ага жагымдуу болушу мүмкүн.

Кайрымдуулуктун активдүү түрү да бар, бул иш-аракетке түздөн-түз катышуу дегенди билдирет. Мисалы, жаштар коомдук активисттер катары келей адамдарга көмөк көрсөтүшөт, өздөрүнүн бир нерселерин беришет. Алардын бере турган акчалары жок болушу да мүмкүн, бирок убакты-лары жана жаштык жигерлери бар. Ошондой болсо да коомдук активдүүлүктүн мындай түрүн адам өз ыктыяры менен тандашы керек. Башкалардын кыстоосу менен жасалган ишти ыктыярдуу түрдө аткарылды дегенге болбойт. Чындыгында коомдогу ыктыярдуу демилге жардам алган адамга да, активисттин өзүнө да пайда келтирет, анткени ушундайча таанышканда түзүлгөн жеке мамилелер демейде зор мааниге ээ болот.

**Ишти ушундан башта: айлана чөйрөбүз кандай абалда?**

Биз чече турган эң маанилүү маселелердин бири – айлана чөйрөнү коргоо. Биз коруктарды эле эмес, өзүбүз жашаган жерлерди да коргошубуз зарыл. Бул үчүн демейде төмөндөгү эң эле жөнөкөй эрежелерди сактоо керек:

1. Акыр-чикирди туш келген жерге таштабоо;
2. Ташталган акыр-чикирди тазалоо;
3. Башкаларга үлгү көрсөтүү;
4. Желим бөтөлкөлөрдү жана башка акыр-чикирди жок кылуу.



*Биздин кереметтүү Соңкөлүбүз ушулбу? Ажайып коордуктан таасир алып, анан өзүң кандай из калтырып жатасың?*

Көп учурларда адамдардын коомдо активдүү болушуна алардын кандайдыр бир максатка умтулуусу, өздөрүнүн башкаларга керектүү экендигин сезиши түрткү берет. Адатта кандайдыр бир коомдук иштерге катышып жүргөн пенсионерлердин денсоолугу чың болот да, жеке өзүнүн түйшүгүнөн башын өйдө көтөрө албагандарга караганда узак жашайт.

Өз бизнесин жүргүзүү аркылуу да коом-доштукка пайда келтирүүгө болот. Бизнестин шарапаты менен жаңы кызматтар ачылып, продукциялар чыгарыла башташы мүмкүн. Жаңы товарлардын өндүрүлүшү баалардын арзандашына жана жаңы жумуш орундарынын түзүлүшүнө алып келиши ыктымал.

Кээ бирөөлөр элдин көпчүлүгү көбүрөөк акча табууну гана ойлойт, ал эми кайрымдуулук иштерин жасагандар өтө аз деп эсептешет, бирок бул чындыкка туура келбейт.

## 3.0 Катышуунун түрлөрү

### 3.1 Саясий катышуу

Демократиялык мамлекеттеги эң маанилүү жарандык милдет – бул саясий иш-чараларга, жок дегенде добуш берүүгө катышуу. Көптөгөн өлкөлөрдө добуш берүү укугу үчүн узак жылдар бою күрөшүүгө туура келген. Бүгүнкү күндө көпчүлүк мамлекеттерде улутуна жана диний ишенимдерине карабастан бардык жарандар (адатта 18 жаштан тартып) добуш берүүгө укуктуу.

**Мен каалайм, бул менин колумдан келет...**

Активдүү болуу – бул өзүң жасагың келген нерсени айтып, аны аткарууга киришүү. Активдүү болуу башкалар жасай турган иш жөнүндө айтуу эмес.

Добуш берүү менен саясий иш-аракеттердин башка түрлөрүнүн ортосунда дайым эле түздөн-түз байланыш боло бербейт. Саясий иш-аракеттерге катышуунун добуш берүүдөн башка төмөнкүдөй көптөгөн башка ыкмалары бар:

- саясий *өнөктүктөргө* (кампанияларга) катышуу;
- өз коомдоштугунун иштерине катышуу;
- белгилүү бир топтун же уюмдун, ошондой эле саясий партиянын иштерине катышуу.

**Сөз колдонбой эмнелерди айтабыз?**

Эгер лидер болом десеңер, муну эсиңерге түйүп алгыла: баамчыл адамдар биз өзүбүз айтып бербесек деле жүрүм-турумубуздан көп нерселерди билип алышы мүмкүн. Бул ишаараттардын айрымдары, мисалы, жылмаюу, оңой эле байкалат. Бирок көзгө анча чалдыкпаган, атүгүл кишинин өзү көңүл бурбай, аңдабай жүргөн кыймылдар да болот. Баарлашуунун мындай оозеки эмес формасын "дене-бой тили" деп аташат. Борбордук Азияда адамдар бири-бири менен жолукканда көбүнчө бир аз ийилип, колдорун бооруна (аялдар – көкүрөгүнө) басат. Көбүнчө бул ишаарат урматтоо жана саламдашуу маанисинде түшүнүлөт.



Биз башка адамдардын беделине (статусуна) карай ар түрдүү кыймыл-аракеттерди жасайбыз. Фотосүрөттү карап көргүлө. Эки чоң киши балага өздөрүнүн кыйла жогору абалда турарын кандайча туюнтуп жатат?

1. Чоңдор өйдөрөөктө отурат.
2. Алардын ортосун стол бөлүп турат. (Бул алардын байлык абалы ар кандай экендигин билдириши мүмкүн).
3. Алар кол алышып же жанаша турбайт.
4. Чоңдор расмий кийимчен.
5. Чоңдор баланын алдына эмес, бала чоңдордун алдына келип отурат.

Статусту туюнтуунун башкача да жолдору бар:

1. Бийлиги бар адамдын көзүнө тике карабоо.
2. Экинчи тарап төмөндөн өйдө караганга аргасыз болгондой кылып отургучтарды жайгаштыруу.
3. Күч-кудуретти билдириши мүмкүн болгон башка нерселер (мисалы, телефон) бар экендиги.
4. Үн күчөткүчтү (мегафонду) колдонуу.

Канчалык күчтүү, кубаттуу экендигиңди туюнтуунун көп ыкмалары бар. Борбордук Азияда тамакты ар башкача берүү (мисалы, устукан тартуу), кол алышып көрүшүү, бири-биринин тилинде сүйлөө, жумуш бөлүштүрүү аркылуу да кишинин беделин айырмалашат.

Ошентип, эгер кишилердин урмат-сыйына, ишенимине арзыгыңар келсе, анда "дене-бой тилин" билишиңер керек. Мунун эң туура жолу – эч өйдөсүнбөй, башкаларды сыйлаганыңарды, сергек ойлоно билериңерди туюнтуу.

## 3.2 Саясий өнөктүктөр

Бул саясий талапкерге же саясий партияга жардам берүү үчүн ыктыярдуу түрдө бекер иштөө дегенди билдирет. Саясий партияга анын мүчөсү болбой туруп деле көмөк көрсөтүүгө болот. Алсак, мисалы, төмөнкүлөрдү жасоого болот:

- өзүнүн кошуналарына баракчаларды жана башка маалымат материалдарын таратуу;
- жыйналыш өткөрүү үчүн өзүнүн квартирасын же үйүн берүү;
- ар кандай жерлердеги жыйналыштарга жана массалык митингдерге катышуу;
- кайрылууга кол коюу;
- саясий партияга өтүү;
- шайланма саясий кызматка талапкер болуу.

Шайлоолордо кандайдыр бир саясий партиядан, өзгөчө ал авторитардык режимге оппозиция болгон учурда, талапкер болууга даяр туруу үчүн адам эрки күчтүү жана мүнөзү чечкиндүү болушу керек. Мындай сапат анын кампаниясын колдогондор үчүн, азыраак өлчөмдө болсо да, зарыл. Бирок аны жактаган адамдар сөзгө бек болууга жана өз талапкеринин идеяларын түшүнүүгө тийиш.

**Активдүү радио: демилгени колго алуу - 3**

Силердин көңүлүнөрдү Ысыккөл облусунун Түп районундагы Ойтал айылында түзүлгөн "Толкун" жамааттык уюмунун төрагасы Мукамбетов Каныбек менен болгон маекке бурабыз.

- *Каныбек, сиздер кандай иш менен алектенип жатасыздар?*
- Биз айылыбыздын коомдук турмушуна катышуу зарыл экендигин түшүнүп, эң оболу баарыбыздын көңүлүбүздү өйүп жүргөн маселелерди чечүү максатында жамааттык уюм түздүк. Айыл өкмөтүнүн башчысы жана ПРООНдун волонтёрлору менен бирдикте клубду кайра оңдоп, маалымат борборун түзүү үчүн долбоор жаздык. Маданий-маалымат борбору ачылгандан бери биз айылыбыздын жаштары үчүн маданий-массалык иш-чараларды уюштуруп келе жатабыз. Дискотекалардан тышкары, көп учурларда жалпыга бирдей тиешелүү да, жекече да маселелерибизди талкуулап, аңгемелешүү кечелерин өткөрөбүз. Мындан тышкары биз жергиликтүү фонддон экономикалык долбоор утуп алдык, ага ылайык азыр жылкыларды пландуу түрдө багып семиртип жатабыз. Бир нече жылкы сатып, алынган кирешени кеңири иш жүргүзүүгө жумшадык. Жыл аягында карызыбызды төлөп, жамаат мүчөлөрүнүн турмуш-тиричилигин жакшыртуу максатында баштаган ишибизди улантышыбыз зарыл. Ишибиздин натыйжалуу болгонун көргөн кошуна айылдын жаштары кеңеш сурап бизге кайрыла баштады. Алар да жамааттык уюм түзмөкчү. Келечекте жаштар жамааттарынын бирдиктүү ассоциациясын уюштуруп, айылдарыбызды өнүктүрүү боюнча чогуу иштесек болот.
- *Эмне үчүн бул иш-чараны уюштуруу зарыл деп таптыңыздар?*
- Биз жакта кыйынчылыктар көп: баңгичилик жоюлбай, аракечтикке өспүрүмдөр да азгырылып жатат, адеп-ахлактын эң эле жөнөкөй талаптарын сактай албайбыз, эстетикалык табитибиз өнүкпөгөн, көркөм адабиятты аз окуганыбызга байланыштуу жан дүйнөбүз кедей, тилибиз чоркок. Айыл жаштары бул жагдайды өзгөртүп, бакубат коомдо жашоо керек деп добуш берди. Эгер биз өзүбүздү өзгөртсөк, кийинки муун бул ишти улантып, биз баштагандан да чоң иштерди жасашы мүмкүн.
- *Сиздердин бул иш-чарага кимдер катышты?*
- "Биз дүйнөнү өзгөртөбүз, дүйнө бизди өзгөртөт" деп аталган долбоорубузду жүзөгө ашырууга көп адамдар: карылар, орто курактагылар, жаштар, ошондой эле башка жамааттык уюмдар, айыл өкмөтү жана жергиликтүү кеңеш - кыскасы, бул ишке кызыккандардын баары катышууда. Албетте, бул оңой жумуш эмес, себеби адам өзүн, көнгөн адатын өзгөртүүгө дайым эле чечкиндүү кирише албайт. Алдыга илгерилөө үчүн биз адамдарды кандайдыр бир пайдалуу нерсеге кызыктырышыбыз керек.
- *Башка адамдар буга кандай карашты?*
- Биз козгогон сөздү чоңдор көбүнчө балдарынан угуп жүрүштү. Алар адегенде чогулуп алып ичет, чегет деп биздин массалык иш-чараларды өткөрүшүбүзгө каршы болушкан эле, бирок кийин минтип чоочулабай калышты. Айылыбызда иштеген кээ бир педагогдор бизди кызыктырган темалар боюнча лекция, аңгемелешүү өткөрүүнү сунуш кылышты.
- *Ишиңиздерде кандай ресурстар керек болду?*
- Клубубузду кайра оңдоого грантты биз ПРООНдун жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасынан алдык. Мындан тышкары бизге айыл өкмөтү жана райондук мамлекеттик администрация да колдоо көрсөттү. Жамаатыбыздын мүчөлөрү болсо кышкы суукка карабай иштеди, ар кимисинин тажрыйбасы, шык-жөндөмү колдонулду. Жетишпей калган материалдарды үйүнөн алып келгендер да болду. Жакын ортодогу үйлөрдөн чоң энелер тамак бышырып келип, бизге алкыш айтып жүрүштү. Чындыгында ресурстарыбыз толук жетиштүү эмес. Тематикалык дискуссия өткөрүү үчүн акча керек. Дискотека үчүн аппараттарды, жаңы көркөм адабияттарды сатып алуу зарыл. Бүтүндөй өлкөнүн, дүйнө жүзүнүн жаштары менен байланыш түзсөк сонун болмок.
- *Келечекте дагы кандай пландарыңыздар бар?*
- Келечекте айылыбыздын ар бир тургуну Интернет-клубдун жардамы менен каалагандай маалыматты ала алышы үчүн маданий-маалымат борборубузду өркүндөтүүнү, семинар өткөрүү үчүн атайын *тренинг* (англ. тилинен - "окутуу, машыктыруу") классты жабдууну пландап жатабыз. Тынчтык корпусуна кайрылып, бизге англис тилин үйрөтүүчү үчүн волонтёр жиберүүнү өтүндүк. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасындагы кызматташтыкты үлгүлүү деңгээлде жүргүзүү үчүн биз айыл өкмөтү менен дагы да жакындан иштешүүбүз керек деп ойлойбуз.

## 3.3 Жергиликтүү коомдоштуктагы иш-аракеттер

Көпчүлүк адамдар үчүн бүткүл өлкөнүн масштабындагы саясий ишмердик менен күндөлүк жашоо-тиричилигинин ортосунда таптакыр байланыш жоктой сезилиши мүмкүн. Алар өздөрүнүн күндөлүк

турмушунда оңдолбогон жолдорду, өз убагында ташып кетпегендиктен чачылып жаткан таштандыларды жана актап-сырдалбаган үйлөрдү көрүшөт. Кыйынчылыктардын көпчүлүгү жергиликтүү шартка байланышкан, аларды көбүнчө жергиликтүү деңгээлде эле чечүүгө болот. Ошондуктан көп өлкөлөрдө жарандар өз районунун же жергиликтүү коомдоштуктун чегиндеги иштерди чогуу бүтүрүүгө абдан активдүү катышат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар кандай формалары жарандардын катышуусу үчүн ар түрдүү мүмкүнчүлүктөрдү берет. Кээде шайлануучу же дайындалуучу жергиликтүү кызмат адамы эл менен мамиле түзүүгө өзгөчө кызыгат. Эл да жергиликтүү бийлик өкүлдөрүн сөзгө тартуу үчүн көптөгөн ыкмаларды колдонсо болот. Мисалы:

- кызмат адамдарына кат жазуу;
- жергиликтүү проблемаларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдорун талкуулоо үчүн демилгечил топ түзүү;
- ушул топ менен кызмат адамдарына жана жергиликтүү бийликтин шайланма органынын өкүлдөрүнө жолугушууга баруу;
- жергиликтүү маселени парламенттин депутаттары менен жолугушуп талкуулоо үчүн борборго баруу;
- арыз берүү же өзүнүн позициясын массалык маалымат каражаттарында баяндоо жолу менен тийиштүү проблемага расмий адамдардын көңүлүн буруу ж.у.с.

### 3.4 Белгилүү бир топтун же уюмдун курамындагы иш-аракеттер

Кээде проблема жергиликтүү коомдоштукка эмес, жеке адамга тиешелүү болот. Бул андан башка эч кимде мындай кыйынчылыктар жок дегенди билдирбейт. Силер башка айылдан же шаардан ушундай эле маселеге туш болгон адамды табышыңар мүмкүн. Биргелешип иштесеңер, силер көптөгөн адамдарга тиешелүү мындай проблемаларга мамлекеттик органдардын же менчик компаниялардын өкүлдөрүн көңүл бургузуп, аларды чечүү үчүн чара көрүш керек экендигин түшүндүрө аласыңар.

Албетте, бул сөзсүз эле даттануу же саясатка тиешелүү маселе болушу зарыл эмес. Силер өз районуңардагы экологияны жакшыртуу боюнча демилге көтөрсөңөр же ар кандай иштерге адамдарды уюштурсаңар да болот. Жаштар көбүнчө төмөнкүдөй иш-чараларды уюштурат:

- жаштардын тоого, токойго же башка жерлерге барышы;
- коопсуздук эрежелерин жана алгачкы жардам көрсөтүү ыкмаларын үйрөнүү;
- үрп-адаттарды жана маданий салттарды үйрөнүү;
- экологиялык топторду түзүү;
- спорттук иш-чаралар;
- жалпы короону көрктөндүрүү;
- коомдоштук мүчөлөрүнүн ден соолугуна кам көрүү ж.у.с.

Ушундай иштердин баары көп нерсеге үйрөтөт да, конкреттүү маселелерди чечүү үчүн бириккен адамдарга зор канааттануу алып келет.

## 4.0 Канткенде активдүү жаран болобуз?

Эгер жарандык ишмердигиңердин чоң пайда алып келишин кааласаңар, анда төмөнкү эрежелерди көңүлдө туткула:

1. Көздөгөн максат-милдеттериңерди ирети менен так аныктап алгыла. Өз ара байланышпаган эки ишти чогуу бүтүрөбүз деп бөөдө убара тартып калбагыла.
2. Арызыңарды жазуу түрүндө бергиле да, ага жоопту жазуу түрүндө талап кылгыла; жолугушуулар менен жыйналыштарга токтом түзүп жүргүлө.
3. Өзүңөр сунуш кылган бардык иштер боюнча башка адамдардын сунуштарын кабыл алууга даяр болгула.
4. Сүйлөшүүдөн жана талкуу жүргүзүүдөн эч качан баш тартпагыла.
5. Мүмкүн болушунча ар дайым өз ара макулдашып чечим кабыл алууга аракеттенгиле, ошондо бардык катышуучулардын кадыр-баркы сакталат.
6. Силердин пикириңерге макул болбогондорго ар дайым сый мамиле жасагыла, бирок алардан да ушундай мамилени талап кылгыла: инсанды эмес, маселени талкуулагыла.
7. Эгерде бардык иштер али макулдашыла элек болсо, силердин топту же уюмду башкалардын тааныштырышына жол бербегиле.

8. Өз ишиңерди баяндоо же көз карашыңарды жарыялоо үчүн массалык маалымат каражаттарын пайдалангыла.
9. Эч качан күч колдонууга чакырбагыла.
10. Жетишилген макулдашууларды кармангыла жана аткарылышы мүмкүн болбогон иштерди убада кылбагыла.
11. Өзүңөр бүтүрүүгө даяр болбогон иштердин аткарылышын башкалардан талап кылбагыла.
12. Силердин проблемага тиешелүү мыйзамдарды билгиле.
13. Демократиялык коомдун жараны катары силер бардык иш-аракетиңерди мыйзамдуу жүргүзүүгө аракеттенгиле.
14. Финансылык ресурстарды пайдаланышыңар керек болсо, алардын эсебин тыкан жүргүзгүлө.
15. Тек гана кайрымдуулук жардам сурабастан, зарыл болгон каражаттарды кандайдыр бир кызмат көрсөтүү жолу менен (мисалы, машина жууп же башка иш жасап) иштеп табышыңар керек.

Ошентип, силер өзүңөрдүн жергиликтүү коомдоштугуңар үчүн эмне жасоону каалайсыңар?

## Текстти окугандан кийинки көнүгүүлөр

**02-тапшырма. Эмне үчүн? 25 мүн.**

Шеригиңер менен эмне үчүн коомдо активдүү болуу керектигин түшүндүрүп, көлөмү жүз сөздөн ашпаган чакан дилбаян жазгыла, же ушул идеяны туюнткан плакатты (же телекөрсөтүү жарыясын) даярдагыла.

**03-тапшырма. Активдүүбү же жокпу? 30 мүн.**

Жарандык коомдун иштерине жарандар анча активдүү катышпайт деп эсептегендер көп. Үч-төрттөн бөлүнүп, төмөнкүлөрдү талкуулагыла да, жообуңарды даярдагыла:

1. Силердин өлкөңөрдүн жарандары жетиштүү деңгээлде активдүүбү?
2. Силер өзүңөр жетиштүү деңгээлде активдүүсүңөрбү?
3. Силердин аракетиңер оңунан чыгып жатабы (натыйжа береби)?
4. Силердин аракетиңерди кантип натыйжалуураак кылууга болот?
5. Силердин коомдоштугуңардын мүчөлөрү жарандык коомдун иштерине кыйла активдүү катышуусу үчүн эмне кылуу керек?
6. Бизди жарандык активдүүлүккө мажбурлоо керекпи?
7. Мунун кандай кемчиликтери болушу мүмкүн?
8. Жарандык коомдун иштерине адамдар кыйла кеңири катышса, мунун кандай оң жана терс жактары болот?

Өз жообуңарды класстагылар менен талкуулоого даяр болгула.

**04-тапшырма. Биздин коомдоштукта 20 мүн.**

Шеригиңер менен иштеп, коомдоштугуңардын турмушуна мамлекеттик органдардын кызматкерлери катары эмес, жаран катары активдүү катышкан адамдарды атагыла. Аларды жолугушууга чакырып же макулдашкандан кийин өзүңөр барып, төмөнкүлөрдү сурап билгиле:

1. Алар кимдер? (Аты-жөнү ж. у.с.)
2. Алар коомдоштуктун кызыкчылыгы үчүн эмне иш жасашат?
3. Алар калган учурда эмне кылышат? (Алардын, мисалы, эне/врач катары туруктуу милдеттери барбы?).
4. Алар эмне үчүн коомдук иш-аракеттерге катышуу керек деп эсептешет?
5. Алардын пикири боюнча, бул иштер коомдоштукка кандай пайда алып келет?
6. Коомдук иш-аракеттерди жүргүзүү аларга жагабы? Эмне үчүн?
7. Алар бул иштерди жүргүзүү менен дагы эмнелерди үйрөнүп алышкан?
8. Коомдук иш-аракеттердин натыйжасында алар кандай чыгымдарды тартышат? (бош убактысын сарптоо ж.у.с.)
9. Алар мындан ары да бул сыяктуу иштер менен алектенгиси келеби?

### 05-тапшырма. Өзүм жөнүндө эмне айта алам? 10 мүн.

Шеригиңер менен бардык билген нерселериңерди жана ресурстарыңарды санагыла. Эгер силер өзүңөрдө эчтеке жок деп ойлосоңор, идея алыш үчүн төмөндө келтирилген тизмени карагыла.

| | |
|---|---|
| *Мал бага алам.* | *Ишемби күндөрү кечкисин бош убактым болот.* |
| *Машинка баса алам.* | *Математиканы жакшы билем.* |
| *Почтаны жеткире алам.* | *Менин эшегим бар.* |
| *Ырдай алам.* | *Тамашакөймүн.* |

### 06-тапшырма. Мен эмне кылышым керек? 30 мүн.

Коомдоштугуңар туш келиши мүмкүн болгон проблемалардын тизмесин карагыла. Алардын ичинен чечилишине силер катышып калышыңар мүмкүн болгондорду белгилегиле да, бул учурда силер өзүңөр эмне жасай аларыңарды көрсөткүлө.

| Проблема | Мен бир нерсе жасай аламбы? | Мен эмне жасай алам? |
|---|---|---|
| 1. Көчөлөр булганыч. | ✓ | *Жолдошторум менен жумасына бир ирет чогулуп, көчөнү тартипке келтире алам. Көчө булгаган адамдарды уяткаруу үчүн гезитке кат жазсам болот .* |
| 2. Менин мектебимде окуган айрым кичинекей балдардын бут кийимдери жок. | | |
| 3. Биздин айрым класстардан тамчы тамат. | | |
| 4. Кээ бир үйбүлөлөрдө тамак-аш жетишпейт. | | |
| 5. Айрым жаштар зеригип жатканын айтып, проблема чыгарышат. | | |
| 6. Айылдагы айрым адамдардын үйлөрү суу ташкында бузулган. | | |
| 7. Айрым окуучулар драмага жана комедияга кызыгышат. Бирок электр тез-тез өчүрүлүп тургандыктан, биз телевизордон көңүл ачуучу берүүлөрдү көрө албайбыз. | | |
| 8. Биздин мугалим ишке орношуу үчүн шаарга кетүүгө камынып жатат, анткени ал жакта айлык жакшы. Бирок мугалимдин кеткиси келбейт, ал бизге да жагат. | | |
| 9. Жолдор жаман абалда, бирок ушул жылы жолду ремонттоо үчүн жумушчулардын эмгек акысын төлөөгө акимиятта жетиштүү акча жок. | | |
| 10. Жабыр тарткандарга алгачкы жардам көрсөтүү жөнүндө адамдардын жетиштүү билими жок. | | |

### 07-тапшырма. Башка адамдарды тартуу 15 мүн.

Шаарды аралап агып өткөн сууга ар ким таштанды таштап, булгап жатат деп элестеткиле. Бул жорукту токтотуу үчүн силер маселеге элдин көңүлүн бургуңар келет. Шеригиңер менен ушул проблеманы чечүүгө адамдарды кызыктыруунун жолдорун санагыла.

- бюллетень чыгаруу;
- плакаттарды даярдап, басып чыгаруу;
- көчмө театр труппасын түзүү;
- башка бирикмелер жана мектеп окуучулары менен сүйлөшүү;
- саясатчылар менен жолугушуу;
- көз караштарын аныктоо үчүн жергиликтүү бизнесмендер менен жолугушуу;
- баңгизат таратышы мүмкүн болгон адамдар менен жолугушуу;
- саламаттык сактоонун жергиликтүү жана эларалык уюмдары менен байланыш түзүү;
- иш-аракеттер үчүн кандайча акы төлөйсүнөр?
- жергиликтүү ММКларды таратуу жолдору.

3. Өздөрү кандай иштерди жүргүзөөрүн айтып бериши үчүн класска саламаттыкты сактоо кызматкерин же кампаниянын каалаган активист-уюштуруучусун чакырсаңар болот.

4. Класска жергиликтүү журналистти чакырып, силердин уюмду коомчулукка кандайча жакшылап тааныштыруу керектиги жөнүндө сүйлөшсөңөр болот.

**Баңгизаттарды колдонуунун зыяны жөнүндө**

Төмөндө баңгизаттардын Орто Азияда эң кеңири колдонулуучу түрлөрү жөнүндө маалымат берилет. Алкоголь ичимдиктери менен тамекини кошпогондо, булардын баары Кыргызстанда мыйзамсыз деп эсептелет.

1. **Тамекинин** курамындагы никотин артериялык басымды жогорулатып, кан басымын тездетет. Көп адамдар тамеки чеккенде көңүлүн тынчыйт дейт, чындыгында бул - никотинге көнүп алгандын өзүн-өзү алдоосу гана. Тамеки чегүү көп өлкөлөрдөгү өпкөнүн айыкпас рак оорусуна алып келүүчү наркологиялык илдеттин негизги себеби деп эсептелет.

2. **Алкоголь** пиво, вино жана арак сыяктуу ичимдиктердин курамында болот. Бул депрессант ("басынтуучу", "көңүл чөктүрүүчү") борбордук нерв системасынын, анын ичинен мээнин ишин начарлатуучу "тынчтандыргыч" каражат болуп саналат. Алкоголь көңүлдү бир жерге топтоого, кыймыл-аракетти туура багыттоого тоскоол болот да, кишинин күтүүсүз кырдаалга жооп кайтаруу жөндөмүн начарлатып коёт. Ырас, аз өлчөмдө пайдаланганда көңүлдү көтөрүп, капалыкты убактылуу унуттурушу мүмкүн. Бирок алкоголду колдонуу көп өлкөлөрдө капилет өлүмгө алып келүүчү негизги себептердин ичинен экинчи орунда турат. Кыргызстанда болсо бейажал өлүмгө аракечтер баарынан көп кабылат.

3. **Марихуана** кара куурайдан алынат. Россияда "анаша" деп аталуучу бул депрессант алкоголго окшошот, бирок адамдын аң сезимине эле эмес, психикасына да таасир этет. Марихуананы узак убакыт бою же көп өлчөмдө колдонгон киши кээде жин оорусуна жана өпкөнүн оор дартына чалдыгат.

4. **Амфетаминди** көбүнчө "стимулятор" деп аташат. Ал борбордук нерв системасынын иштешине түрткү берет. Амфетаминдер маалыматтын мээден денеге жана денеден мээге жиберилип турушун тездетет. Бул заттардын көпчүлүгү менчик лабораторияларда даярдалып, мыйзамсыз түрдө сатылат. Жасалма стимулятор болгондуктан, муну узак убакыт бою колдонуу жүрөк ооруга чалдыктырат же жүрөк оорусун күчөтүп жиберет. Мындан тышкары бул психикалык ооруларга, көбүнчө "амфетаминдик психоз" деген ат менен белгилүү болгон илдетке себепчи болушу ыктымал.

5. **ЛСД** - галлюцинацияны пайда кылуучу зат. "Психика жаратуучу баңгизаттар" деп аталып жүргөн галлюциногендер адамдын дүйнөнү кабылдоосун бурмалайт. ЛСДден тышкары башка галлюциногендер да козукарындардын жана фенсиклидиндин курамында болот (PCP). Муну колдонуу психиканын олуттуу түрдө бузулушуна алып келиши мүмкүн.

6. **Героин** - бул "опиат". Опиаттар апийим кызгалдагынан даярдалат. Героинди колдонуунун опурталдуулугу ага кишинин бат азгырылып кетишине, улам чоңураак өлчөмдө колдонууга аргасыз болушуна байланышкан. Героинге адам өтө көз каранды болуп калат, андыктан бул өтө коркунучтуу баңгизат болуп саналат. Ага көнүп алган адамдар "жыргалдын туу чокусуна" жетүүгө азгырылып, барган сайын көп колдонууга муктаж болот. Мунун акыры азаптуу өлүм менен аякташы ыктымал.

## 11-тапшырма. Залкар ойлор 15 мүн.



Шеригиңер менен төмөндөгү айтылган ойлорду талкуулагыла. Өзүңөргө баарынан көбүрөөк жакканын тандап алгыла. Мындагы идеяларды чыгармачыл түрдө чагылдырган ураан жазгыла. Анан класста түзүлгөн эң мыкты ураанды добуш берүү жолу менен тандагыла.

*Бекер жүргөнчө, бекер иште.* (Кыргыз макалы)

*Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң.* (Кыргыз макалы)

*"Адам өзү өз жолун тандап алса, азап чекпейт ал жолдо жүрсө канча".* (Жусуп Баласагын)

*"Жаман адам белгиси – өз камы үчүн жүгүрөт, жакшы адам белгиси – эл камы үчүн күйүнөт".* (Токтогул)

*"Өз милдеттерин билмексенге салуу жана сезбөө, ошол эле мезгилде бардык укуктарын талап кылуу – бул жеткен айбанчылык".* (Ф. М. Достоевский)

*"Жалпы жыргалчылыкка кызмат кылууну каалоо сөзсүз жан дүйнөнүн талабы, өз бактысынын шарты болууга тийиш".* (А. П. Чехов)

*"Илгерки убакта жаратылыш байлыктары мол өлкө бай деп эсептечү, азыр каердин адамдары абдан ишмер болсо, ошол өлкөнү бай дейбиз".* (Г. Бокль)

*"Кыскасы, адам өзү менен өзү болушу, жасалмачулукка, билимсиздикке каршы өз алдынча дээр күтүшү, бала кезинде ар бир адамда боло турган дүйнөнү активдүү чыгармачылык менен кабылдоо жөндөмүн өнүктүрүшү абзел".* (Ч. Айтматов)



*Чиншайло М., Муслимова А., Литвиненко В., Бишкек ш., 2002-ж.*

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2005-жылдын 21-февралы N 36

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

## Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө

**I бөлүм. Жалпы жоболор**
**II бөлүм. Жамаатты түзүү, мүчөлүк жана анын иштеши**
**III бөлүм. Жамааттардын бирикмелери**
**IV бөлүм. Корутунду жоболор**

Ушул Мыйзам айылдарда, кыштакарда, шаарларда түзүлүүчү жамааттарды жана алардын бирикмелерин түзүүнүн жана иштешинин тартибин, принциптерин аныктайт, ошондой эле алардын мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар менен болгон мамилелерин жөнгө салат жана Кыргыз Республикасындагы социалдык мобилизациялоону ишке ашыруу үчүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерди түзүүгө, жамааттарга жана алардын бирикмелерине өз алдынча башкарууга мамлекеттик кепилдиктерди берүүгө багытталган.

### I бөлүм. Жалпы жоболор

#### 1-статья. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй түшүнүктөр жана терминдер пайдаланылат:

*жамаат* – жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчилигин өз мойнуна алып чечүү үчүн бир көчөнүн, кварталдын же башка аймактык түзүлүштөгү айылдын же шаардын аймагында жашап жаткан жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн ыктыярдуу бирикмесин билдирген жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруунун формасы;

*жамааттардын бирикмелери* – өз ишин координациялоо, жалпы таламдарды коргоо жана билдирүү, биргелешкен долбоорлорду жүзөгө ашыруу жана жалпы милдеттерди жана көйгөйлөрдү чечүү максатында ассоциациялар (бирликтер) формасында жамааттар тарабынан түзүлүүчү ыктыярдуу түзүлүш;

*жамааттын төрагасы* – жамааттын уставына ылайык анын мүчөлөрү тарабынан шайланган адам;

*жамааттын уставы* – жамааттык уюмдардын мүчөлөрү тарабынан иштелип чыккан жана кабыл алынган жана айылдык, кыштактык, шаардык кеңеште каттоодон өткөн, жамааттык уюмдардын иштерин жөнгө салуучу жамааттын негизги укуктук документи;

*жамааттын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушу* – жамаатты башкаруунун жогорку органы;

*жамааттын менчиги* – жамаатка тиешелүү болгон, жамааттын пайдалануусундагы жана тескөөсүндөгү, жамааттын жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн киреше алуусунун жана социалдык-экономикалык жана руханий муктаждыктарын канааттандыруусунун булагы болуп кызмат кылган жамааттын менчиги (акчалай жана натуралай жагынан алгандагы);

*социалдык мобилизациялоо* – өздөрүнүн социалдык-экономикалык жана руханий таламдарын канааттандыруу, бири-бирине өз ара жардамдашуу, жакырчылыктан чыгуу, өзүндө болгон жана дагы башка ресурстарды пайдалануу менен өзүнүн өнүгүшүн илгерилетүү жана алардын жашоо турмушуна түздөн-түз таасирин тийгизүүчү чечимдерди кабыл алуу процессине калкты активдүү катыштыруу максатында өзүнүн ар түрдүү менчик уюмдарына жергиликтүү тургундардын биригүү процесси;

*үй чарбачылыгы* – турак жай бирдигинде чогуу жашап турган, өздөрүнүн каражаттарын толугу менен же жарым-жартылай бириктирип, чарбаны чогуу жүргүзүү аркылуу өздөрүн жашоо тиричиликке зарыл болгон нерселер менен камсыз кылышкан эки же андан ашык адамдан турган топ.

Эскертүү: бул адамдар туугандык мамилелери же никеден келип чыгуучу мамилелер менен байланышы болушу мүмкүн, же туугандык жагынан байланышы болбошу да мүмкүн.

Үй чарбачылыгы турак жай бирдигинде жашаган, өзүн жашоо тиричиликке зарыл болгон бардык нерселер менен камсыз кылган бир адамдан да турушу мүмкүн;

*өнүгүүнүн жергиликтүү фонду* – жамааттар тарабынан түзүлгөн жана жамааттар менен алардын бирикмелеринин, салымдарынын, уюмдардын жана эларалык донорлордун, ыктыярдуу башталыштагы демөөрчүлөрдүн төгүмдөрүнүн эсебинен түзүлгөн коомдук фонд.

#### 2-статья. Жамааттын иштеринин негизги максаттары

Жамааттын иштеринин негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- жергиликтүү маанидеги иштерди биргелешип жана жоопкерчиликти өз мойнуна алып чечүү үчүн жамааттын

мүчөлөрүндө бир коомдоштукка таандык болуу сезимин өнүктүрүү;

- жамааттын жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн социалдык-экономикалык жана руханий муктаждыктарын канааттандыруу;
- жамааттын мүчөлөрүн жамаатты жана жергиликтүү коомдоштуктун ишин башкарууга катышууга тартуу;
- жамааттын мүчөлөрүнө өз ара жардам көрсөтүү;
- социалдык мобилизациялоо боюнча калктын активдүүлүгүн жогорулатуу.

### 3-статья. Жамаатты түзүүнүн жана иштешинин принциптери

Жамааттын иши төмөндөгү принциптерде жүзөгө ашырылат:

- мыйзамдуулук жана социалдык адилеттүүлүк;
- ыктыярдуу мүчөлүк;
- демократия, айкындуулук, ачыктык жана коомдук пикирди эсепке алуу;
- социалдык-коомдук, экологиялык, турак-жай жана жамааттын мүчөлөрүнүн таламдарын козгой турган дагы башка маселелерди чечүүдөгү коллегиалдуулук, эркин талкуулоо;
- экономикалык жана чарбалык өз алдынчалыктын негизиндеги өзүн өзү аныктоо, өзүн өзү жөнгө салуу жана өзүн өзү каржылоо;
- үй чарбачылыгындагы бирдей өкүлчүлүктү камсыз кылуу;
- жамааттын мүчөлөрүнүн таламдарынын жалпылыгы;
- жашаган жери боюнча аймакташтык.

### 4-статья. Жамааттын көз карандысыздыгы

1. Жамаат өз ишин ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, дагы башка ченемдик укуктук актылар жана жамааттын уставы менен белгиленген компетенциясынын чектеринде өз алдынча уюштурат жана жүзөгө ашырат.

2. Жамаат Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттери боюнча жооп бербейт, ага тете эле алар да, тараптар өздөрүнө ушундай милдеттенмелерди ыктыярдуу түрдө кабыл алган учурларды кошпогондо, жамааттардын жана алардын бирикмелеринин милдеттенмелери боюнча жооп бербейт.

### 5-статья. Жамааттын укуктук статусу

1. Жамааттын иштерин укуктук жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, ушул Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын дагы башка ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле жергиликтүү коомдоштуктун жана жамааттын уставдарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

2. Жамаат – коммерциялык эмес уюм.

3. Жамаат өз мүчөлөрүнүн арыздарынын, жалпы чогулушунун протоколунун жана уставынын негизинде аны айылдык, кыштактык, шаардык кеңеште каттаган учурдан тартып юридикалык жактын статусун алат.

4. Жамаат ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген, жамааттын уставына ылайык ага таандык болгон финансы каражаттарына, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүнө ээлик кылат, пайдаланат жана тескейт.

5. Жамаат мүлктү сатып алууга, жамааттын менчигинде болгон мүлктү ижарага берүүгө, пайдаланууга, кайра берүүгө, күрөөгө коюуга, сатып өткөрүүгө, консультациялык жана маалыматтык кызматтарды көрсөтүүгө, жамааттын иштери менен байланышкан окуу семинарларын жана практикалык сабактарды уюштурууга жана өткөрүүгө, ошондой эле өзүнүн максаттарын жана милдеттерин натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон дагы башка ыйгарымдарды жүзөгө ашырууга укуктуу.

## II бөлүм. Жамаатты түзүү, мүчөлүк жана анын иштеши

### 6-статья. Жамааттын уюмдаштыруучулары

1. 10дон кем эмес үй чарбачылыгынын өкүлдөрү жамааттын уюмдаштыруучулары болуп саналышат, алар ыктыярдуу негизде биригишет.

2. Жамааттын уюмдаштыруучулары жалпы чогулушта:

- жамааттын иштерин жөнгө салуучу уставды кабыл алат;
- жамааттын төрагасын шайлайт,

### 7-статья. Жамааттын уставы

1. Устав жамааттын негизги укуктук документи болуп саналат.

2. Жамааттын уставы төмөндөгүлөрдү камтууга тийиш:

- жамааттын толук жана кыскартылган аталышын;
- жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары менен милдеттери жөнүндөгү жобону;
- жамааттын мүчөлүгүнө кабыл алуу жана андан чыгуу (чыгаруу) шарттарын жана тартибин;
- жамаатка кирүүнүн жана мүчөлүк акынын белгиленген эң аз өлчөмүн жана аларды төгүүнүн тартибин жана

өрт коопсуздугун, санитардык жана ветеринардык эрежелердин туура сакталышына көмөктөшүүгө;
- жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн биргелешкен пайдалануусундагы жерди, сууну жана башка жаратылыш байлыктарын, муниципалдык менчиктеги мүлктөрүн сарамжалдуу пайдаланууга.

Өзгөчө милдеттер жана парздар:
- балага кам көрүү, аны туура тарбиялоо, анын үйбүлө куруусуна шарт түзүп берүү – ар бир ата-эненин милдети;
- үйбүлөнү курууда мыйзамга жана ушул Уставга карама-каршы келген кыз ала качмай өңдүү үрп-адаттардан баш тартуу;
- ата-энелерине камкордук көрүү – эмгекке жарамдуу жашы жетилген ар бир баланын милдети;
- жергиликтүү коомдоштуктун ар бир мүчөсүнө гумандуулук жана боорукердик менен мамиле жасоо, жетимдерди жана ата-энесинин багуусунан ажыраган, ошондой эле багар-көрөрү жок кары-картандарды, майыптарды, эмгекке жараксыздарды камкордукка алуу жана багуу – жалпы коомдоштуктун ыйык парзы;
- ар бир улуттун намысын жана каада-салттарын урматтоо, улуттар аралык ынтымакты, тынчтыкты, биримдикти чыңдоо Кулунду муниципалдык аймагында жашаган ар бир улуттун өкүлүнүн милдети.

## VI. КУЛУНДУ МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАГЫНДАГЫ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ, ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА СИСТЕМАСЫ

1. Кулунду муниципалдык аймагынын өз алдынча башкаруусу – бул жергиликтүү коомдоштуктун мыйзамдын жана ушул Уставдын чегинде жана өз жоопкерчилиги астында жана элдин бакубат жашоосу үчүн муниципалдык аймактын жашоо-турмушунун бардык иштерин башкарууга болгон укугу. Бул укук айылдык кеңеш жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы аркылуу, ошондой эле түздөн-түз курултайларды, жашоочулардын жыйындарын, конференцияларын өткөрүү менен жана мыйзам чегинде аныкталган башка формалар аркылуу ишке ашырылат.

2. Кулунду муниципалдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасын
- өкүлчүлүктүү орган – айылдык кеңеш,
- аткаруучу-тескөөчү орган – айыл өкмөтү;
- коомдук өз алдынча башкаруу кеңештери;
- аксакалдар соттору, коомдук тартипти коргоо кошуундары;
- жергиликтүү материалдык-финансылык байлыктарды пайдалануу боюнча көзөмөл тобу;
- аш-тойлорду өткөрүү, муниципалдык аймакта күтүлгөн каада-салттарды жөнгө салуу комиссиясы;
- жамааттык уюмдар жана башка эл тарабынан түзүлгөн органдар
- ошондой эле жарандардын жыйындары жана чогулуштары түзүшөт.

3. Кулунду муниципалдык аймагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу төмөндөгү принциптердин негизинде ишке ашырылат:
- Кыргыз Республикасынын Коституциясынын жана мыйзамдарынын, ушул Уставдын эрежелеринин Кулунду муниципалдык аймагында бекем сакталышы жана так аткарылышы;
- жергиликтүү маселелерди чечүүдө коомдоштуктун өзүн өзү камсыз кылуусу, өзүн өзү каржылоосу, өзүн өзү жөнгө салуусу;
- жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлүгүнө эркин жана өз ыктыяры менен кирүүнү жана чыгууну камсыз кылуу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин коомдоштуктун мүчөлөрү тарабынан көзөмөлгө алынышы жана алардын эл алдындагы жоопкерчилиги;
- айылдык кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын жабык жана тике шайлануусу;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу-тескөөчү органдарынын ыйгарымдары менен милдеттеринин так чектелиши;
- жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн мыйзамдуу укуктары менен кызыкчылыктарынын корголушу;
- социалдык акыйкаттуулуктун сакталышы;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги маалымдуулук, ачыктык, муниципалдык аймактагы коомдук уюмдар жана бирикмелер менен тыгыз байланышта болушу;
- жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн жергиликтүү маанидеги бардык маселелерди талкууда өз сунуштарын киргизүү менен пикир айтуу эркиндиги;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги иштерди өздөрүнө ыйгарылган укуктарынын чегинде, өз алдынча чече алуусу, кабыл алынган чечимдеринин негиздүүлүгү жана мыйзамдуулугу боюнча коомдоштуктун жана мамлекеттин алдындагы жоопкерчилиги.

## VII. КУЛУНДУ МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН МИЛДЕТТЕРИ

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аткарууга тиешелүү болгон негизги маселелер:
- Кулунду муниципалдык аймагынын Уставын (айыл мыйзамын) кабыл алуу жана ага өзгөртүү киргизүү, анын аткарылышын көзөмөлгө алуу;
- муниципалдык инфраструктураны кармоо жана өнүктүрүү;
- айылдын жашоо-турмушун камсыз кылуу тутумунун иштөөсүн жана өнүгүүсүн, калкка социалдык жана

маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу;
- муниципалдык аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын иштеп чыгуу жана аларды аткаруу;
- муниципалдык менчикке ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө;
- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу маселелери;
- саламаттыкты сактоо, маданият, мектепке чейинки, мектептеги жана кесиптик билим берүү системаларын өнүктүрүүгө тиешелүү шарттарды түзүү;
- жеке ишкердүүлүктү колдоо жана өнүктүрүү, кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө көмөк берген шарттарды түзүү;
- турак-жай жана муниципалдык чарбаны өнүгүрүү;
- муниципалдык аймакты көрктөндүрүү;
- муниципалдык жерлерди жана менчикти сарамжалдуу пайдалануу;
- турмуш-тиричилик жана соода жагынан тейлөө;
- жергиликтүү коомдоштуктун калкынын тарыхый жана маданий каада-салттарын сактоо жана өнүктүрүү, ошондой эле аларды өткөрүү тартибин жөнгө салуу;
- дене-тарбиясын, спортту жана туризмди өнүктүрүү;
- коомдук тартипти сактоо;
- мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүлүп берилген башка маселелер.

## VIII. КУЛУНДУ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

1. Кулунду айылдык кеңеши Кулунду муниципалдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун өкүлчүлүктүү органы болуп саналат жана аймакта жашаган жарандар тарабынан жалпыга бирдей, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш менен төрт жылдык мөөнөткө шайланат.

2. Кулунду айылдык кеңеши депутаттардан турат.

2.1. Айылдык кеңештин депутаты болуп Кулунду муниципалдык аймагында акыркы эки жылдан бери жашап келе жаткан 20 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жараны жалпыга бирдей, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш менен төрт жылдык мөөнөткө шайланат.

2.2. Айылдык кеңештин депутатын шайлоо тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталат.

2.3. Айылдык кеңештин депутаттарынын ыйгарымдары кеңештин биринчи сессиясынын ачылыш күнүнөн башталат да, кийинки чакырылган айылдык кеңештин биринчи сессиясынын ачылыш күнүндө аяктайт.

3. Айылдык кеңештин ишинин негизги уюштуруучу-уюктук формасы – бул айылдык кеңештин сессиясы. Айылдык кеңештин сессиясы депутаттардын жалпысынан 2/3 катышканда гана өткөрүлүүгө тийиш. Айылдык кеңештин аныкталган мөөнөттөрдө боло турган сессияларынан башка кезексиз боло турган сессиялар өткөрүлүшү мүмкүн. Сессияны чакыруу жана өткөрүү тартиби айылдык кеңештин Регламенти менен аныкталат.

4. Айылдык кеңеш чече турган маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн, ошондой айылдык кеңештин чечимдерин ишке ашырууга, аны көзөмөлгө алууга катышуу үчүн айылдык кеңеш туруктуу жана убактылуу комиссияларды түзөт.

5. Кулунду айылдык кеңеши:
- аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитет жана алардын аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;
- жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчётту бекитет, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланышынын жүрүшү жөнүндө маалыматтарды угат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана төлөмдөрдү киргизет;
- жергиликтүү коомдоштуктун муниципалдык менчигин тескөөнүн тартибин белгилейт, анын пайдаланышына көзөмөл жүргүзөт;
- кеңештин регламентин кабыл алат;
- мыйзамдарда белгиленген учурларда депутаттардын ыйгарымдарын мөөнөтүнөн мурда токтотот;
- жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн Курултайынын сунушу менен Кулунду муниципалдык аймагынын Уставын бекитет;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын иш-аракетине көзөмөл жүргүзөт;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын орун басарын дайындаганга макулдугун берет;
- депутаттардын жалпы санынан кеминде 2/3 көпчүлүк добушу менен Кулунду жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун башчысына ишеним көрсөтпөгөндүгүн билдирет;
- Кулунду муниципалдык аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына кирген коомдук уюмдардын жана коомдук кеңештердин жоболорун бекитет;
- айылдык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссияларын түзөт, алардын жоболорун жана иш пландарын бекитет;
- муниципалдык менчиктеги жерлерди ижарага берүү тартибин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына

ылайык бекитет;

- муниципалдык аймакта той-аштарды өткөрүү, маркумдарды узатуу жана башка элдик каада-салттар менен байланыштуу болгон иш-чараларды өткөрүүнүн тартибин жөнгө салат;
- мыйзамдарга ылайык башка маселелерди сессияда чечет.

6. Айылдык кеңештин өзүнүн карамагына таандык кылынган маселелер боюнча чечимдери шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Кеңештин чечимдери токтом формасында чыгарылат жана ага кеңештин төрагасы кол коёт.

7. Айылдык кеңеш тарабынан өзүнүн ыйгарымдарынын чектеринде кабыл алынган чечимдери Кулунду муниципалдык аймагында жашаган бардык жарандар, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун аймактык органдары, ошондой эле менчигинин формасына карабастан ишканалар, уюмдар, мекемелер тарабынан мыйзамдарда белгиленген ыйгарымдардын чектеринде милдеттүү түрдө аткарылат.

8. Кулунду айылдык кеңешинин төрагасы ошол эле учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү аткаруучу-тескөөчү органынын жетекчиси болуп эсептелет.

## IX. КУЛУНДУ АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

Кулунду муниципалдык аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу бийлигин жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы жана айыл өкмөтү жүзөгө ашырат.

1. Кулунду муниципалдык аймагындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы калк тарабынан жалпы, тең жана тике добуш берүү аркылуу шайланган шайлануучу кызмат адамы, ошондой эле Кулунду айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эсептелет.

2. Кулунду айыл өкмөтү – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы – Кулунду айылдык кеңешинин чечимдерин, ошондой эле мамлекет тарабынан берилген ыйгарымдарды даярдоону жана аткарууну камсыз кылуу үчүн түзүлгөн Кулунду муниципалдык аймагында аткаруу бийлигин жүзөгө ашыруучу орган.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы болуп Кыргыз Республикасынын 25 жашка толгон жараны жалпыга бирдей, тең жана тике шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш менен төрт жылдык мөөнөткө шайланат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын ыйгарымдарынын мөөнөтү шайлоолордун жыйынтыктарын бекиткен учурдан башталат да, жаңы шайланган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы кызматка келген учурда токтойт.

4. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы ошол эле убакта кеңеш берүү добушу укугу менен Кулунду айылдык кеңешинин төрагасынын милдетин аткарат.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы:

- айыл өкмөтүнүн ишин жетектейт жана анын натыйжасы үчүн жоопкерчилик тартат;
- жергиликтүү бюджеттин долбоорун сунуш кылат, муниципалдык аймактагы иштин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн программасынын аткарылышы жана калкты социалдык жактан коргоо жөнүндө айылдык кеңешке жарым жылда бир жолудан кем эмес отчёт берет;
- өзүнүн ишинин натыйжасы жөнүндө жергиликтүү коомдоштуктун курултайында калкка жылына бир жолудан кем эмес отчёт берет;
- өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарымдардын талаптагыдай аткарылышын уюштуруу үчүн жекече жоопкерчилик тартат;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү салыктарды жана жыйымдарды киргизүү боюнча айылдык кеңешке сунуштарды киргизет;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде башка маселелерди чечет.

6. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы өзүнүн ыйгарымдарынын чектеринде буйруктарды жана токтомдорду чыгарат. Анын чечимдери Кулунду муниципалдык аймагында жашаган бардык жарандар, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун аймактык органдары, ошондой эле менчигинин формасына карабастан ишканалар, уюмдар, мекемелер тарабынан мыйзамдарда белгиленген ыйгарымдардын чектеринде милдеттүү түрдө аткарылат.

7. Кулунду айыл өкмөтүнүн ыйгарымдары жана милдеттери:

- Тышкы экономикалык байланыштарды калыптандыруу боюнча өз ара келишимдерди түзүү;
- жарды үйбүлөлөрдү аныктоо, аларга даректүү жардамдарды уюштуруу;
- элдик каада-салттарды жөнгө салуу. Алар боюнча жоболорду иштеп жана анын аткарылышын көзмөлдөө;
- коомдук уюмдар менен иштөө (он башы, жүз башы, миң башы, аксакалдар соту, карыялар кеңеши, аялдар кеңеши, жаштар уюмдары), айыл комитети жана көчө комитети менен иштөө;
- жамааттык уюмдарды, коомдоштуктарды, өз ара жардамдашуу топторун түзүү жана алардын өнүгүү фондлоруна жардамдашуу;
- жеке ишкердикти өнүктүрүү, кичи жана орто бизнести өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү;
- чет элдик жана мамлекеттик эмес уюмдар менен байланышты күчөтүү;
- даталуу күндөрдү өткөрүүнү уюштуруу;
- техникалык, ветеринардык жана агросервистик кызматтарды уюштуруу, өнүктүрүү;
- дыйкан чарбалар, кооперативдер, жеке менчик чарбалары менен акционердик коомдор, суу ассоциациясы менен иштөө;

- эл керектөөчү өнөр-жай товарларын өнүктүрүүнү айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнү, кайра иштетүүнү жана сатууну уюштуруу;
- жакыр үйбүлөлөрдү колдоо фонддоруи уюштуруу, аларга атайын жеңилдетилген шартта жер участкаларын арендага берүү;
- жаш үйбүлөлөргө колдоо көрсөтүү;
- жардам фонддорун, марафон өткөрүү ашар жолу менен табылган каражаттар аркылуу толуктап туруу;
- коомдоштукта ата-энелердин балдар тарбиясы менен иштөө жоопкерчилигин жогорулатуу;
- жалгыз бой карыяларды, тоголок жетим, жарым жетим, майып балдарды социалдык жактан камсыз кылуу;
- чыгармачыл балдарды колдоо;
- өзгөчө табигый кырдаалдардын алдын алуу, элдик коргонуу иштерин жөнгө салуу;
- калктын арыз даттануулары менен иштөө;
- жамаат аралык, үй-бүлөлүк чыр-чатактарды чечүү;
- аз сандуу улуттарды колдоо, алардын муктаждыктарын чечип берүү.

## X. МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТ

1. Муниципалдык кызмат орду – жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча белгиленген ыйгарымдуу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ушул органынын укуктарын ишке ашырууга жоопту кызмат орду.

2. Муниципалдык кызмат орундарына төмөнкүлөр кирет:

- шайлануучу кызмат орундары – жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчылары жана жергиликтүү бюджетте штаттык бирдиктери каралган башка шайлануучу муниципалдык кызмат орундары;
- административдик кызмат орундары – жүргүзүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча эмгек келишимин (контракт) түзүү жолу менен дайындалган муниципалдык кызмат орундары.

3. Муниципалдык аймактын жарандары жынысына, расасына, улутуна, тилине, ата-тегине, мүлктүк жана кызмат абалына, жашаган жерине, диний ынанымдарына, коомдук бирикмелерге киргендигине карабастан муниципалдык кызматтан бирдей пайдалануу укугуна ээ.

## XI. КУЛУНДУ МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАГЫНЫН ЖАМААТТЫК УЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН БИРИКМЕЛЕРИ

Кулунду муниципалдык аймагындагы жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрү өздөрүнүн рухий, социалдык жана башка муктаждыктарын канаатандыруу максатында талам жалпылыгынын негизинде жеке адамдар тарабынан түзүлгөн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына кире турган ыктыярдуу өз алдынча башкаруу уюмдарын түзө алышат.

1. Жамааттык уюм коммерциялык эмес уюм болуп эсептелет жана өзүнүн кабыл алган Уставын негизинде иш алып барат.

2. Жамааттык уюмдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама каршы келбеген, өздөрүнүн уставдарына ылайык жамааттык уюмдарга таандык финансы каражаттарына, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрүнө ээлик кылышат, пайдаланышат жана тескешет.

3. Жамааттык уюмдар иш-аракеттерин координациялоо, таламдарын көрсөтүү жана коргоо, биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруу жана башка максаттар менен проблемаларды чечүү үчүн ыктыярдуу түрдө бул уюмдардын ассоциацияларына бириге алышат.

4. Жамааттык уюмдардын ассоциациялары коммерциялык эмес уюмдар жана юридикалык жактар болуп саналат.

5. Жамааттык уюмдардын ассоциацияларынын иш аракетинин жана аларды түзүүнүн тартиби, мүчөлүгүнүн жана андан чыгуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алардын кабыл алынган уставдары менен жөнгө салынат.

6. Социалдык-экономикалык милдеттерди чечүү, Кулунду муниципалдык аймагынын коомчулугунун мүчөлөрүнүн жашоо деңгээлин жогорулатуу үчүн биригүүчү жамааттык уюмдар ыктыярдуу негизде коммерциялык эмес уюмду – юридикалык жак болуп саналуучу Кулунду жергиликтүү өнүктүрүү фондун уюштурушат.

7. Жергиликтүү өнүктүрүү фондунун иш-аракетинин тартиби, анын каражаттарын түзүү жана аларды берүү шарттары жергиликтүү өнүктүрүү фондунун уставы менен жөнгө салынат.

## XII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМДОШТУКТУН КУРУЛТАЙЫ

1. Жергиликтүү маанидеги коомдоштуктун мүчөлөрү менен талкуулоону талап кылган орчундуу маселелер боюнча чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү коомдоштуктун өкүлдөрү катышкан курултай өткөрүлөт. Курултайга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык жалпы элдик жыйындарда, чогулуштарда жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн ичинен делегаттар шайланат.

2. Жергиликтүү коомдоштуктун курултайы жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Курултайды өткөрүү демилгесин Кулунду айылдык кеңеши, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы жана демилгечи топ (жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрүнүн 15 проценттен кем эмеси) которо алышат.

3. Курултай жергиликтүү коомдоштуктун бардык орчундуу маселелерин кароого укуктуу:

- муниципалдык аймактын уставын кабыл алуу, ага өзгөртүү жана толуктоо киргизүү;

- жергиликтүү бюджетти түзүү, аткаруу жана ошондой эле жергиликтүү коомдоштуктун бюджеттик эмес каражаттарын пайдалануу;
- муниципалдык аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын долбоору;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын элдик курултайдын чечимдерин жүзөгө ашыруу боюнча отчётун угуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул уставга карама-каршы келбеген жергиликтүү коомдоштуктун жашоо-турмушуна тиешелүү болгон башка маселелерди кароо.

4. Курултайдын чечимдери сунуш берүүчүлүк мүнөзгө ээ жана милдеттүү түрдө Кулунду айылдык кеңешинин сессиясына киргизилет жана айылдык кеңештин депутаттарынын 2/3 добушу менен бекитилет.

5. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга карама-каршы келбеген курултайдын чечимдери Кулунду муниципалдык аймагында милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш.

## XIII. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИ, ПРОГРАММАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРДИ КАБЫЛ АЛУУДА КООМДОШТУКТУН МҮЧӨЛӨРҮНҮН КАТЫШУУСУ

1. Жергиликтүү бюджетти, аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын түзүү, кароо, кабыл алуу жана аткаруу боюнча коомдоштуктун ой-пикирин, сунуштарын аныктоо максатында коомдук угуулар өткөрүлөт.

2. Коомдук угууларды өткөрүү тартибин айылдык кеңеш бекитет.

3. Жергиликтүү бюджетти кароо жана бекитүү айылдык кеңештин ачык сессияларында жана коомдук угууларда айкындык жана элдин катышуусу менен жүргүзүлөт.

## XIV. КУЛУНДУ МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУСУНУН ФИНАНСЫ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун экономикалык негизин Кулунду муниципалдык аймагынын чегинде турган эмгектик жана табигый ресурстар (жер, кең байлыктары, суу, токой, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү), муниципалдык менчик, жергиликтүү коомдоштуктун, менчигинин түрүнө карабастан берилген аймакта жайгашкан ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин башка кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкү түзөт.

2. Кулунду муниципалдык аймагындагы муниципалдык менчикти жер, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк, жергиликтүү коомдоштуктун казынасы, муниципалдык баалуу кагаздар түзөт.

3. Кулунду муниципалдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун финансылык негизин Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жергиликтүү коомдоштукка бекитилип берилген салыктык жана салыктык эмес кирешелер булактары, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелер, ошондой эле кредиттик жана финансылык ресурстар түзөт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын финасылык ресурстары:

- жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын;
- республикалык бюджеттин категориалдык, теңдештирилүүчү жана стимулдаштыруу гранттарынын;
- бюджеттен тышкаркы фонддордун;
- кредиттик ресурстардын, трансферттердин жана гранттардын;
- ыктыярдуу салымдардын жана соопчулук жардамдардын;
- муниципалдык баалуу кагаздардан жана жергиликтүү зайымдардан, муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн кирешелердин;
- жалпы мамлекеттик салыктардан жана башка кирешелерден чегеримдердин;
- административдик жазапулдарды төлөөнүн натыйжасында келип түшкөн сумманын толук көлөмүнөн;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган иш-чаралардан түшкөн, ошондой эле жергиликтүү коомдоштуктун муктаждыктары үчүн түзүлгөн ишканалардын жана уюмдардын ишинен алынган башка кошумча кирешелердин эсебинен түзүлөт.

## XV. КУЛУНДУ МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ МЕНЕН БОЛГОН МАМИЛЕСИ

1. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик бийлик органдары менен болгон мамилеси Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде, мамлекеттик башкаруу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын так чектөө конституциялык принцибинде тургузулат.

2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кулунду жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым малекеттик ыйгарымдар, аларды аткарууга керек болгон материалдык, финансылык жана башка каражаттар менен камсыз кылуу менен өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Өткөрүлүп берилген ыйгарымдар боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тиешелүү мамлекеттик органдарга отчёт берет.

3. Мамлекеттик органдары тарабынан муниципалдык жерлерди жана муниципалдык менчикти пайдалануу жана тескеринче жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан мамлекеттик менчикти пайдалануу менен байланышкан мүлктүк мамилелер келишимдин негизинде чечилет.

4. Кулунду муниципалдык аймагынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусу менен мамлекеттик органдардын ортосундагы талаш-тартыштар макулдашуу процедуралары менен же болбосо сот органдарында чечилүүгө тийиш.





## XVI. КУЛУНДУ МУНИЦИПАЛДЫК АЙМАГЫНДАГЫ ГЕНДЕРЛИК САЯСАТ

1. Кулунду муниципалдык аймагында аялдардын тең укуктуулугун көтөрүү максатында ар кандай жыйындарга, курултайларга өкүл көрсөтүүдө 50 % кем эмес аялдарды катыштырууга жана алардын өз ой-пикирин, сунуштарын курултайларда же болбосо чогулуштарда ачык айкын түрдө киргизүүгө, сунуштардын аткарылышын көзөмөлдөөгө, тийиштүү башкаруу, аткаруучу-тескөөчү органдарынан суроого, тийиштүү бөлүмдөргө кайрылууга толук укук берилет.

2. Жылына кеминде эки жолу "Аял – үйдүн куту", "Аялдарды сыйлоо", "Аял заты – керемет", дагы башка темалар-да конкурстар, диспуттар өткөрүлүп, ага катышуучулар кеңеш тарабынан сыйлануу менен аялдардын коомдоштукта кадыр-баркын көтөрүү, аялдарды ызаттоо боюнча иштер жүргүзүлөт.

## XVII. УЛУТТАР АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ ЖАНА ИЧКИ МИГРАЦИЯ МАСЕЛЕЛЕРИ

1. Кулунду муниципалдык аймагында жашаган жумушка жарамдуу жарандар турмуш-тиричилигин оңдоо максатында башка шаарларга, аймактарга, чет өлкөлөргө, кошуна республикаларга өз ара байланышуу жолу менен убактылуу же болбосо узак мөөнөткө (өз мүмкүнчүлүгүнө карап) иштеп келүүгө укуктуу.

2. Башка аймактарга, чет өлкөлөргө иштегени бара турган жарандар бир ай мурда айыл өкмөтүнө өзүнүн бара турган аймагы, өлкөсү, шаары, ишкана жана кесиби боюнча билдирүүсү зарыл. Эгерде ал жарандар мындай маалыматты айыл өкмөтүнө берип кетүүгө мүмкүнчүлүгү болбой калса, ал адам өзүнүн жакын туугандарына, коңшу жашаган айылдашына өзү жөнүндө маалыматты калтырып кетүүгө милдеттүү.

3. Айыл өкмөтүндө ошол кетип жаткан жаран боюнча толук маалымат сакталышы керек жана зарыл учурда аны менен байланышуу жагдайлары аныкталышы керек.

## XVIII. ЭЛАРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

1. Кулунду муниципалдык аймагынын жергиликтүү коомчулугу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде эларалык жана сырткы экономикалык байланыштарды түзүүгө укуктуу. Бул укук жалпы коомдоштукка пайда келтире турган эларалык келишимдерди, контракттарды жана башка иш-чараларды аткаруу менен ишке ашат.

2. Кулунду муниципалдык аймагынын атынан чет өлкөлөр менен байланышууга жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы укуктуу.

## XIX. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМДОШТУКТУН СЫЙЛЫКТАРЫ ЖАНА НААМДАРЫ

1. Кулунду айылдык кеңеши жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысынын макулдугу менен жергиликтүү коомдоштуктун атайы сыйлыктарын жана наамдарын аныкташы мүмкүн.

2. Жергиликтүү коомдоштуктун эң жогорку сыйлыгы болуп "Кулунду муниципалдык аймагынын ардактуу жараны" эсептелет.

3. Жергиликтүү коомдоштуктун сыйлыктарын жана наамдарын берүү тартибин Кулунду айылдык кеңеши аныктайт.

4. Айылдык кеңеш жергиликтүү коомдоштуктун сыйлыктарына жана наамдарына ээ болгон адамдарга тийиштүү жеңилдиктерди берүү укугуна ээ. Бул жеңилдиктер жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен камсыз болушу керек.

## XX. АЙЫЛ МЫЙЗАМЫН БУЗГАНДЫГЫ ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

1. Жеке адамдарга жана юридикалык жактарга ушул Уставдын талаптарын бузгандыгы үчүн моралдык, материалдык жана административдик чара көрүү колдонулат.

2. Жоопкерчилик чаралары айылдык кеңеш, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы, айыл өкмөтү, аксакалдар соту тарабынан өздөрүнүн ыйгарымдарынын чегинде колдонулат.

3. Кызды мажбурлап ала качуу адатына каршы катуу күрөш жүргүзүп, мындай кылмыш жасагандарды мыйзам чегинде жоопкерчиликке тартуу.

4. Элдик жыйындарга салып уяткарып, коомдоштуктун мүчөсүнөн чыгаруу, укук коргоо органдарына өткөрүп берүү.

5. Элдик каада-салттарды ашыкча чыгым жумшап айыл мыйзамын бузгандар аксакалдар сотунда каралып, жазапул төлөйт.

6. Тарбиясы начар балдардын ата-энесинен жоопкерчилиги суралып элдин алдында уяткарылат, аксакалдар сотунда каралып айып тартат.

## XXI. УСТАВДЫ КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА АГА ӨЗГӨРТҮҮ, ТОЛУКТООЛОРДУ КИРГИЗҮҮ ТАРТИБИ

1. Кулунду муниципалдык аймагынын Уставы элдик курултайда талкууланат жана айтылган ой-пикирлерди жана сунуштарды эсепке алуу менен кабыл алынат жана айылдык кеңеш тарабынан бекитилет, юстиция органдарында каттоодон өтөт жана массалык маалымат каражаттарында жарыяланууга тийиш.

2. Кабыл алынган Уставка өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү элдик курултайдын сунушу менен айылдык кеңеште каралат да, юстиция органдары өз бүтүмүн бергенден кийин кеңеш тарабынан кабыл алынат.

3. Уставдын аткарылышын айылдык кеңеш жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы көзөмөлгө алат.

маалымат берүү зарыл экендигин эсиңизге салабыз. УШК өзүнүн иш-аракети бардык адамдар үчүн ачык жана түшүнүктүү болорун анык билиши зарыл. Тактап айтканда, байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү УШКда болуп жаткан бардык нерселерди көрүп турууга жана билүүгө мүмкүндүк алышы керек.

Эгерде участкада кандайдыр бир маселе пайда болсо, байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү аларды талкуулоого катышып, тигил же бул чечимди УШК мүчөлөрү эмне үчүн кабыл алгандыгын түшүнүүгө эле эмес, комиссияга өз кеңештерин берүүгө да мүмкүнчүлүк алышы керек.

### 2. Эмне үчүн шайлоону даярдап өткөрүүнүн ачык-айкын болушу ушунчалык маанилүү?

Өлкө жарандары добуш берүү эркин жана адилеттүү өткөрүлө тургандыгына шек санабаганда гана шайлоонун жыйынтыктары ишенимдүү болот. Мындай болушу үчүн бүтүндөй шайлоо процесси ачык-айкын жүргүзүлүүгө тийиш. УШК мүчөлөрү өз иштерин так жана калыс өткөрсө да, эгер муну эч ким көрбөсө, ишенбөөчүлүк пайда боло берет!

Ачык-айкындык – эркин жана адилеттүү шайлоо процессинин эң зарыл шарты. Бардык деңгээлдердеги шайлоо комиссиялары өз милдеттерин толугу менен ачык-айкын аткарууга тийиш.

**Этикалык кодекс**

«Мен Кыргыз Республикасынын участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү болгондугума сыймыктанам. Менин шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча аткарган жумушумду менин участкамдагы жана бүтүндөй өлкөбүздөгү шайлоочулар жогору баалай тургандыгын билем. Мен бул жерде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Шайлоо кодексин бекем сактай тургандыгымды тастыктайм.

**Мен:**

- Калыс жана нейтралдуу (бейтарап) мамилени сактаймын.
- Өз милдеттеримди ачык-айкын аткарамын.
- «Бир шайлоочу - бир добуш!» принцибин жүзөгө ашырам.
- Менин участкамдагы добуш берүүгө укуктуу шайлоочулардын бардыгынын шайлоого эркин жана тең катышуусуна мүмкүндүк түзөм.
- Байкоочулардын шайлоо процессинин бардык жагдайларына жана жоболоруна байкоо жүргүзүүсү үчүн шарт түзөм.
- Чоңойтулган формадагы протоколду жана добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндөгү протоколдун өзүн, ошондой эле каалагандай башка формаларды тыкан жана так толтурам.
- Шайлоочуларга жардам бергенде сабырдуу, сылык жана кең пейил болом.
- Ар кандай кыйынчылыктар жөнүндө УШКнын мүчөлөрүнө айтып турам жана, эгер зарыл болсо, чечилбей калган маселелер жөнүндө райондук/шаардык шайлоо комиссиясына билдирип турам – **деп убада берем»**

Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү, массалык маалымат каражаттары шайлоо комиссиялары эмне кылып жаткандыгын көрүп, ар кандай тартип бузууларды белгилөө жана зарыл учурларда расмий билдирүүлөрдү жасоо жагынан коомчулук алдында жоопкерчиликтүү иш аткарышат.

***Эсиңизде болсун! Ачык-айкындык талабы шайлоо күнү эле коюлбайт. Бардык деңгээлдердеги комиссиялардын добуш берүү күнүнө чейинки, добуш берүү күнүндөгү жана андан кийинки бардык иш-аракеттери ачык жасалууга тийиш!***

### 3. Мыйзамды сыйлоо

Эгер ШК мүчөсү мыйзам бузса, мисалы, талапкерлердин биринин пайдасы үчүн аракет жасаса, ал жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн. Жөнөкөйлөтүп айтканда, буюм уурдагандар менен шайлоо жыйынтыктарын "уурдагандардын" эч кандай айырмасы жок.

Шайлоо кодексинин 57-статьясында жарандардын укугун бузуу деп эсептелген тартип бузуулардын түрлөрү аныкталган. Мыйзамда мындай иш-аракеттерди жасагандарды сот системасы аркылуу жоопко тартуу жол-жоболору каралган.

Чыныгы калыстыкты камсыздоо – бул УШК мүчөлөрү да, байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү да өз алдынча кабыл ала турган чечимдин натыйжасы.

Эгерде Сиз жол-жоболор кайсы бир талапкер же шайлоочу үчүн бузулуп жатат деп шектенсеңиз, анда өзүңүз байкаган иш-аракетти айыптоо үчүн УШКнын чогулушун өткөрүшүңүз керек. Бул Сиздин укугуңуз эле эмес, милдетиңиз да болуп саналат. Эгерде Сиз байкоочу болсоңуз, бул тууралуу УШК төрагасына же катчысына билдирип, зарыл болгондо, жазуу түрүндө арыз да беришиңиз керек.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бир дагы расмий же жеке адам, алардын ичинен мамлекеттик ишмер же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкери ШК ишине кийлигишүүгө акысы жок.

***Эсиңизде болсун! Сиз мыйзам бузгандыгыңыз үчүн жазык жоопкерчилигине тартылышыңыз мүмкүн. Кылмышкер болуп калбаңыз!***

## УШК мүчөсү: төмөндөгүдөй кырдаалдарда эмне кылуу керек?

### № 1 кырдаал

Эгерде УШКнын мүчөсү Сиздердин участкада жайгашкан университеттин деканы болсо, ал шайлоочулардын тизмесинде жок студенттердин добуш беришине Сизден уруксат сураса, Сиз эмне кылат элеңиз?

Иш-аракеттер:

- Эгерде студенттер Сиздин участкаңызда жашаган жери боюнча (паспорт столунда) катталган болсо, алар кошумча тизмеге киргизилип, добуш берүүгө катыша алат.
- Эгерде студенттер Сиздин участкаңыздын аймагында катталбаган болсо, алар Сиздин участкаңызда добуш берүүгө киргизилбеши керек.
- Эгерде УШК төрагасы студенттерге уруксат берүү менен жаңылыштык кетиргендигин көрсөңүз, анда кырдаалды талкуулоо жана чечим кабыл алуу үчүн токтоосуз түрдө УШКнын чогулушун өткөрүүнү талап кылыңыз.
- Эгерде комиссия мүчөлөрүнүн көпчүлүгү төраганын туура эмес чечимин колдосо, «өзгөчө пикир» жөнүндө жазуу түрүндө арыз даярдашыңыз керек. УШК арызды карап чыгып, ал боюнча чечим кабыл алууга тийиш. Төрага болсо бул тууралуу райондук/шаардык шайлоо комиссиясына билдирүүгө милдеттүү. Райондук/шаардык комиссиянын чечими кечиктирилбей, добуш берүү күнү эле чыгарылышы керек.
- Сиз ошондой эле «өзгөчө пикир» жөнүндө арыз жазгандыгыңыз тууралуу байкоочуларга айтсаңыз болот.

### № 2 кырдаал

Шайлоо участкасынан тышкары жерде добуш берүү өтүнүчүн жиберген шайлоочу ага баруу үчүн комиссия мүчөлөрү жана байкоочулар жөнөп кеткенден кийин участкага өзү келип калса эмне кыласыз?

Иш-аракеттер:

- Участкадан тышкары жерде добуш берүүнү өткөрүү үчүн жөнөп кеткен комиссия мүчөлөрү кайтып келмейинче шайлоочуга бюллетень берүү мүмкүн эмес. Анткени алар келгенде гана ошол шайлоочу добуш бере элек экендиги белгилүү болушу ыктымал.
- Эгерде шайлоочу добуш бере элек болсо, аны участкада добуш берүүгө киргизүүгө болот.

### № 3 кырдаал

Эгерде шайлоочу УШКнын мүчөлөрүнүн биринин жашы улуу тууганы болсо, ал маркалоодон баш тартса, анда Сиз эмне кыласыз?

Иш-аракеттер:

- Бул жаңы процедура бардык шайлоочулар үчүн милдеттүү экендигин сылык-сыпаа түшүндүрүңүз. Маркалоо ультрафиолет чырагынын жарыгына салганда гана көрүнөрүн кошумчалап айтыңыз.
- Бул процедура шайлоо процессине карата ишенимди бекемдөө үчүн колдонуларын, анткени маркалоо бир эле адамдын бир нече жолу добуш беришине бөгөт болорун түшүндүрүңүз. Ошентип жарандар БАРДЫК шайлоочулар тегиз маркалоо процедурасынан өтө тургандыгын билүүгө тийиш.
- Акырында шайлоочуга маркалоо процедурасы шайлоодогу башка бардык жол-жоболор сыяктуу эле аткарылышы керек экендигин, УШК мүчөсү катары Сиз Эгерде ага маркалоосуз добуш берүүгө уруксат кылсаңыз, мыйзам бузгандыгыңыз үчүн жазаланышыңыз мүмкүн экендигин түшүндүрүңүз. Ошондо дагы шайлоочу маркалоодон баш тартса, анда Сиз аны добуш берүүгө киргизбешиңиз керек.

### № 4 кырдаал

Добуш берүү кабинасына келген шайлоочу чөнтөгүнөн бюллетень алып чыгып, участкадан алган бюллетенди чөнтөгүнө жашыргандыгын көрүп калдыңыз. Андан соң ал өзү ала келген бюллетенди добуш берүү сандыгына салмакчы болду.

Иш-аракеттер:

- Шайлоочуну дароо токтотуп, сандыкка бюллетень салдырбай коюңуз.
- Шайлоочуга ал өзү участкадан алган бюллетенди гана сандыкка салууга укуктуу экендигин түшүндүрүңүз.
- Шайлоочу ала келген бюллетенди тартып алыңыз да, ал участкада берилген бюллетенди толтуруп, сандыкка салууга тийиш экендигин айтыңыз.
- УШК төрагасына айтып, бул окуя жөнүндө акт, жазуу түрүндө түзүлгөндүгүн анык билиңиз. Тартып алынган жараксыз бюллетенди жокко чыгарыңыз.
- Сиз өз милдеттериңизди мыйзамга ылайык аткаргандыгыңызды байкоочулар көрүп тургандыгына көзүңүз жетсин.

### №5 кырдаал

Сиздин жакын досуңуз участкага келип, документтерин үйдө унутуп калгандыгын айтса, эмне кыласыз? Сиз аны абдан жакшы таанийсыз, ал Сиздин участкада добуш берүүгө укуктуу экендигин анык билесиз.

Иш-аракеттер:

- Эгерде Сиздин участкада 500гө жетпеген шайлоочу катталган болсо жана УШКнын дагы бир мүчөсү Сиздин досуңуздун ошол участканын аймагында жашагандыгын тастыктай алса жана шайлоочулардын тизмесинде анын аты-жөнү болсо, анда УШК төрагасынын уруксаты менен ал документсиз эле добуш берсе болот.
- Эгерде Сиздин участка жайгашкан аймакта шайлоочулардын саны 500дөн ашса, анда Сиздин досуңуз документсиз

добуш берүүгө укугу жок. Сиз ага мыйзамдын иш жүзүндө аткарылышы үчүн да, добуш берүү процессинин өзү адилеттүү жана калыс өтүп жаткандыгын катышуучулар көрүп турушу үчүн да жоопту экендигинизди түшүндүрүңүз. Досуңуздун добуш берүүгө укуктуу экендигин өзүңүз анык билсеңиз деле, башка шайлоочулар жана байкоочулар анын документсиз добуш берип жаткандыгын көргөндө бүтүндөй добуш берүү процессинин акыйкат жана таза өткөндүгүнөн шек санап калышы толук ыктымал.

## III. Байкоочулардын, талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана ММКнын ролу

Байкоочулар, талапкерлердин өкүлдөрү жана ММК шайлоо процессинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Алар шайлоодогу эң маанилүү функциялардын бирин – жарандардын ишенимин бекемдөө жана шайлоонун адилеттүү, калыс өтүшүнө ынандыруу милдетин аткарышат. Ушундай болгондо, шайлоонун жыйынтыктары жарандардын ыктыярынын туюндурулушу катары таанылат. Алар чындыгында эле шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде, өлкөнүн "кулагы жана көзү" болот.

***Кимиси ким?***

- Байкоочулар (жергиликтүү, көз каранды эмес байкоочулар, коомчулуктун, БӨУлардын өкүлдөрү) кайсы бир кандидат үчүн иш жүргүзбөйт!
- Көз каранды эмес эларалык байкоочулар – ар түрдүү эларалык уюмдардын өкүлдөрү.
- Талапкерлердин өкүлдөрү – талапкерлердин ыйгарым өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары, конкреттүү талапкердин кызыкчылыгын коргогон байкоочулардын баарында анын статусун күбөлөндүргөн тийиштүү каттар болуш керек.
- ММК өкүлдөрү. Алардын башкы милдети - шайлоо учурунда ачыктыкты камсыз кылуу.

### 1. Участкада болууга ким укуктуу?

Байкоочулар менен ШКнын мүчөлөрү кесиптеш болушат, шайлоонун сапаты алардын кызматташуусунун деңгээлине жараша болот!

Ошондуктан алардын өз ара мамилеси коллегиялдуулукта жана өз ара сый-урматка негизделиши керек. ШКнын мүчөлөрүнүн да, байкоочулардын да максаты бир: алар шайлоону Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына толугу менен шайкеш келгендей мыкты өткөрүүнү көздөшөт.

***Кимдер байкоочу боло албайт?***

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары
- Жергиликтүү кеңештердин депутаттары
- Мамлекеттик чиновниктер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери
- Судьялар
- Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү
- Жашы он сегизге жете электер

### 2. Добуш берүү күнүнө чейинки байкоо

Шайлоо процессине байкоо жүргүзүү добуш берүү күнүнөн алда канча мурун эле башталат. Шайлоо кодексинин 17-статьясынын 2-пунктунда бардык деңгээлдердеги комиссиялардын, БШКнын, ОШКнын, РШКнын, УШКнын бардык жыйындарында бардык БӨУлар менен талапкерлердин өкүлдөрүнүн эркин катышуу укугуна кепилдик берилген.

ШКнын бардык иш-аракеттери жана жыйындары байкоочулар үчүн ачык-айкын өткөрүлүшү керек. Муну камсыздоо – Сиздин мыйзам алдындагы милдетиңиз.

***Эсиңиздерде болсун! Байкоочулар, активдүү болуңуздар. Сиздердин аймакта комиссиялардын жыйындары кайда жана качан болорун так билип алыңыздар. Мүмкүнчүлүк болсо, жыйындардын өткөрүлүшүнүн орду жана убактысы жөнүндө, күн мурунтан кабар берүү үчүн түзүлгөн тизмеге өзүңүздөрдү киргизүүнү талап кылыңыздар.***

Атап айтканда, жергиликтүү көз каранды эмес байкоочулар талапкерлердин шайлоочулар менен жолугушуусуна катышып, мыйзамдуу үгүт жүргүзүү чегинин сакталышына көз салышы керек. Шайлоо кодексинде шайлоо алдында үгүт жүргүзүү эрежелери бекитилген. Сиз мыйзамдын бул бөлүгү бузулбашы үчүн, аны окуп билип алышыңыз керек.

### 3. Добуш берүү күнүндөгү байкоо

УШКнын мүчөлөрү, байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү шайлоонун эң мыкты өткөрүлүшүн камсыздоо үчүн биргелешип иштеши керек. Алар бири бирине душман эмес – тескерисинче, кесиптештер!

Эгерде байкоочулар же талапкерлердин өкүлдөрү тартип бузууларды байкап калса, алар адегенде муну УШКнын төрагасына билдирүүгө тийиш. Төрага эч кандай чара көрбөсө же анын көргөн чарасы талапка жооп бербесе гана, Сиз расмий арыз жазышыңыз керек.



Жергиликтүү байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү мыйзам боюнча шайлоо процессинде пайдаланылган бардык имараттарга, алардын ичинен аскер бөлүктөрүндө, госпиталдарда жана санаторийлерде, профилакторийлерде, убактылуу кармоо изоляторлорунда, тергөө изоляторлорунда ж.у.с. жайгашкан бөлмөлөргө да кирип көрүүгө толук

укуктуу.

Жергиликтүү байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү аларды байкоо үчүн жиберген уюмдун же талапкердин атынан расмий катты ала жүрүүгө тийиш.

**Ал кат төмөндөгүнү камтыш керек:**

- Аты, фамилиясы, атасынын аты (толугу менен)
- Жашаган жеринин дареги
- Байкоочу же талапкердин өкүлү жиберилген участканын номуру

УШКнын төрагасы байкоочунун документтерин паспорту менен кошо текшерүүгө укуктуу. Байкоочу өзүнүн УШКга бара жаткандыгы жөнүндө күн мурунтан КАБАР БЕРБӨӨГӨ ТИЙИШ. Байкоочунун ордуна бир күн ичинде башка байкоочу коюлушу мүмкүн.

Эларалык байкоочулар БШКда аккредитациядан өтүүгө тийиш.

Талапкердин ишенимдүү адамы же ыйгарымдуу өкүлү тийиштүү ШКдан берилген атайын катты көрсөтүшү керек.

**Өз милдеттерин жакшы аткаруу үчүн байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү төмөндөгү талаптарга жооп берүүгө тийиш:**

- Добуш берүүнүн жол-жоболорун билүү
- Добуш берүү күнү бул колдонмону ала жүрүү
- Жазуу үчүн калемсап жана кагаз ала жүрүү
- Бүтүндөй добуш берүү процессин көрүп туруу үчүн ыңгайлуу жерде отуруу, эгерде баарын көрүү мүмкүнчүлүгү болбосо, толук байкоо үчүн орун которуп туруу
- Бир нерсеге шектенип калганда, Шайлоо кодексин кароо. Участкада жалпы колдонуу үчүн жок дегенде бир нускадагы Шайлоо кодекси болушу зарыл.
- Отчеттун формасын өзүңүздүн уюмуңуз же талапкериңиз менен макулдашып түзүңүз.
- Өзүңүз бекитилгенден башка участкага барып байкоо жүргүзмөкчү болсоңуз, тизмеден чыгуу күбөлүгүңүздү алыңыз.
- Добуш берүү күнү абдан узак созулушу мүмкүн. Андыктан ичкенге суу жана тамак ала жүрүңүз.

***Эсиңиздерде болсун! Байкоочулар добуш берүүнүн жашыруундулугун бузбаган шартта добуш берүү имаратынын каалагандай жеринде жайгашууга укуктуу.***

### 4. Байкоочулардын жана талапкерлердин өкүлдөрүнүн укуктары

Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү төмөндөгүлөргө укуктуу:

1. Шайлоочулардын тизмеси менен таанышууга
2. УШКнын жыйындарына катышууга
3. Шайлоо күнү добуш берүү жүргүзүлө турган жайда болууга
4. Шайлоочулардын добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш беришине катышууга
5. Добуш берүүнү уюштурууга жана анын тартибине, ошондой эле шайлоо бюллетендеринин берилишине, шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын санын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө
6. Маркалоо жана ультрафиолет чырагы менен текшерүү процессине көз салууга
7. Сыяны калемсаптын же карандаштын учуна сүртүп жана ультрафиолет чырагынын жарыгына салып карап текшерүүгө
8. Шайлоочулардын добуштарын эсептөөгө, шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүп турууну камсыз кылгандай аралыкта жана шартта байкоо жүргүзүүгө
9. Добуштарды эсептөө процессин видеого жана фотосүрөткө тартып алууга
10. Шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө толтурулган же толтурулбаган ар кандай шайлоо бюллетени менен таанышууга
11. Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протокол жана башка документтердин жазылышына байкоо жүргүзүүгө
12. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына апелляция (даттануу) жасоого, ал жок учурда – анын ордуна иштеген адамга добуш берүүнү уюштуруу маселеси боюнча сунуш жана пикир менен кайрылууга
13. Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясынын протоколу, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө башка шайлоо комиссияларынын протоколу менен таанышууга, алардын көчүрмөлөрүн алууга (же көчүрмөлөп алууга).
14. Участкалык шайлоо комиссиясынын, башка шайлоо комиссияларынын туура эмес иш-аракети же аракетсиздиги тууралуу райондук/шаардык шайлоо комиссиясына, Борбордук шайлоо комиссиясына же сотко мыйзамдуу түрдө арызданууга
15. Шайлоочулардын добуштарын кайталап эсептөөдө тийиштүү комиссияларга катышууга
16. Бюллетендерди жана протоколдорду райондук же шаардык комиссияга жеткирүүдө кошо барууга, протоколдордогу маалыматтардын "Шайлоо" мамлекеттик автоматташтырылган системасына кандай киргизилгендигин байкоого.

Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү төмөнкүлөргө укугу жок:

1. Шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө
2. Шайлоо бюллетенин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга
3. Шайлоочунун шайлоо бюллетенин толтурууга
4. Добуш берүүнүн жашыруундугун бузуучу башка аракеттердин жасоого
5. УШК мүчөлөрүнүн шайлоо бюллетендерин эсептөөсүнө катышууга
6. Шайлоо комиссиясынын ишине тоскоолдук кылуучу иш-аракеттерди жасоого
7. Шайлоочулардын арасында үгүт ишин жүргүзүүгө
8. Тийиштүү шайлоо комиссиясынын чечим кабыл алышына
9. Талапкерлердин үгүттөөчү формасын же үгүттөөнү билдирген башка кийимди кийүүгө.

### 5. ММК

Массалык маалымат каражаттары шайлоонун канчалык акыйкат жана калыс өткөрүлгөндүгү жөнүндө жарандардын пикирин калыптандыруу жагынан маанилүү роль ойнойт.

Массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү ШКнын мүчөлөрү талап кылганда өздөрү иштеген ММК тарабынан берилген кызмат күбөлүктөрүн көрсөтүүгө тийиш. ММК өкүлдөрү шайлоо участкасында добуш берүү күнү эртеден кечке чейинки каалагандай убакытта, бирок УШКнын төрагасы көрсөткөн жерден туруп, видеого жана фотосүрөткө тартууга укуктуу. Алар шайлоочунун бюллетенге белги коюп жаткан учурунан башка, добуш берүүнүн бардык жол-жоболорун ошол жерден туруп тартууга мүмкүнчүлүк алышы керек.

Журналисттер менен сүйлөшкөндө УШК мүчөлөрү байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү талапкерлер жөнүндө түшүндүрмө берүүгө УКУГУ ЖОК.

ММК өкүлдөрүнүн суроо-талабы боюнча ШК добуш берүү жыйынтыктары жөнүндө протоколдун тастыкталган көчүрмөсүн берүүгө тийиш.

### УШК мүчөсү: төмөндөгүдөй кырдаалдарда эмне кылуу керек?

Шайлоочу участкада байкоочунун катышуусуна каршы чыгып, участкадан дароо кетирүүнү талап кылды. Аны кетирбесеңер добуш берүүдөн баш тартам дейт.

Иш-аракеттер:

- Шайлоочуга мыйзам боюнча байкоочулар участкада болуу укугуна ээ экендигин жана байкоочу мыйзамды бузбаса, Сиз аны участкадан чыгарып жиберүүгө акыңыз жок экендигин түшүндүрүңүз.
- Шайлоочуга ал мыйзам тарабынан камсыздалган жашыруун добуш берүү укугуна ээ экендигин, анын кандайча добуш бергендигин эч ким билбей тургандыгына кепил болоруңузду айтыңыз.

## IV. УШКнын түзүлүшү

### 1. Участкалык шайлоо комиссиясы кандайча түзүлөт?

Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө 30 күн калгандан кечиктирилбей райондук/шаардык комиссия тарабынан бекитилет.

- Ар бир УШК 7ден кем эмес мүчөдөн турат.
- Ар бир саясий партия, коомдук бирикме жана шайлоочулардын чогулушу жергиликтүү кеңешке УШКга өздөрү көрсөткөн мүчөлөрдү дайындоону сунуш кылууга укуктуу. Шайлоо кодексинде кимдер «шайлоочулар чогулушунун» курамына кириши мүмкүн экендиги көрсөтүлгөн эмес.
- УШКны түзүү боюнча чектөөнүн эки гана түрү болот: УШКнын мүчөлөрүнүн 1/3ден ашпаган бөлүгү саясий партиялардын өкүлдөрүнөн, 1/3ден ашпаган бөлүгү муниципалдык кызматкерлерден турушу мүмкүн. Жарандык коомдун – БӨУлардын, шайлоочулар чогулуштарынын катышуусуна эч кандай чек коюлбайт. Бул эреже, Шайлоо кодексинде белгиленгендей, алыскы жана чакан айылдарда колдонулбайт.
- УШКга ар бир саясий партиядан, коомдук бирикмеден жана шайлоочулардын чогулушунан бирден ашпаган өкүл шайланышы мүмкүн.
- УШКга мүчөлүккө талапкерлердин тизмелери, тийиштүү жергиликтүү кеңештин атайын ачык сессиясында жактырылат.
- Саясий партиялардын өкүлдөрү үчүн сессиянын атайын жактыруусу талап кылынбайт. Эгерде саясий партиялардын өкүлдөрүнүн саны үчтөн бирден ашып кетсе, партиялардын өкүлдөрү чүчү кулак кармоо жол-жобосуна өтүүгө тийиш. Чүчү кулактын натыйжасында өтпөй калган талапкерлер резервге киргизилет.

### 2. Участкалык шайлоо комиссиясына кимдер мүчө БОЛО АЛБАЙТ?

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, судьялар, талапкерлер, башка шайлоо комиссияларынын ыйгарымдуу өкүлдөрү жана мүчөлөрү, талапкердин жубайы жана жакын туугандары, талапкерге түздөн-түз баш ийген адамдар
- Жакын туугандар бир шайлоо комиссиясына мүчө болбоого тийиш.



### 3. УШК мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

<u>УШКнын мүчөсү:</u>

- УШКнын чогулуштары болоордо күн мурунтан кабарландырылат
- Чогулуштарда чыгып сүйлөөгө, УШКнын компетенциясына кирген суроолор боюнча сунуш айтууга, ошол суроолор боюнча добуш берүүнү өткөрүүнү талап кылууга укуктуу
- УШКнын чогулушунун катышуучуларына күн тартибине ылайык суроолорду берүүгө жана аларга негизи боюнча жооп алууга укуктуу
- УШКнын каалагандай документтери жана материалдары менен таанышууга, ал документтердин жана материалдардын (шайлоочулардын тизмеси менен шайлоо бюллетендерден тышкары) көчүрмөлөрүн алууга, бул көчүрмөлөрдү тастыктоону талап кылууга укуктуу
- УШКнын туура эмес иш-аракеттери жана аракетсиздиги боюнча райондук/шаардык шайлоо комиссиясына же сотко кайрылууга укуктуу.

### КЕҢЕШ БЕРҮҮЧҮ ДОБУШКА УКУКТУУ УШКнын МҮЧӨЛӨРҮНҮН ЫЙГАРЫМДАРЫ

Ар бир катталган талапкер аны каттоодон өткөргөн райондук/шаардык шайлоо комиссиясына, ошондой эле УШКга кеңеш берүүчү добушка укуктуу бирден мүчө дайындоого укугу бар.

Шайлоо комиссиясынын кеңеш берүүчү добушка укуктуу мүчөлөрү шайлоону даярдоо жана өткөрүү маселелери боюнча добуш берүүгө толук укуктуу башка мүчөлөр менен тең укукка ээ. Алар ТӨМӨНДӨГҮДӨЙ укуктардан ажыратылат:

- УШКнын төрагасы жана катчысы болуп шайлануу
- Шайлоо бюллетендерин жана тизмеден чыгуу күбөлүктөрүн берүү жана кол коюу
- Шайлоо бюллетендерин сорттоого, жокко чыгарууга жана добуштарды эсептөөгө катышуу
- Добуш берүүнүн натыйжалары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколду түзүү жана кол коюу
- УШКнын чогулуштарында добуш берүүгө катышуу жана шайлоо комиссиясынын чечимдерине кол коюу

### УШКнын БАРДЫК МҮЧӨЛӨРҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ

<u>УШКнын мүчөсүнүн милдеттери:</u>

- Шайлоо жөнүндөгү кодексте жана БШКнын башка регламенттөөчү документтеринде көрсөтүлгөн бардык жол-жоболорду, ошондой эле Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарын сактоо
- Өз милдеттерин адептүүлүк менен аткаруу
- УШКнын мүчөлөрүн окутуу боюнча тренингдерге жана башка иш-чараларга катышуу
- Шайлоочуларга жакшы мамиле жасап, жагымдуу чөйрөнү түзүү
- Эч качан талапкерлердин кайсы бирин жактап сүйлөбөө
- Бардык шайлоочуларга бирдей жакшы мамиле жасап, урмат-сый көрсөтүү
- Саясий маселелерди шайлоо участкасына ТАЛКУУЛАБОО
- Талапкерлерди айырмалоочу белгилерди тагынбоо, үгүт чакырыгын билдирген униформаны кийбөө, үгүт материалдарын, башка форма алып жүрбөө
- Этикалык кодексти сыйлоо (ушул колдонмонун экинчи бөлүгүн караныз).

### УШКнын милдеттери

УШКнын мүчөлөрүнөн шайлоого чейинки иш-чаралардын басымдуу бөлүгүн жана шайлоо күнүндөгү милдеттерди так аткаруу талап кылынат.

Шайлоо күнү УШК мүчөлөрү шайлоо участкасында узак иштешет (таңкы 7ден баштап добуш берүү күнүндөгү бардык зарыл иш-чаралар аткарылып бүткөнгө чейин)

***Бул күнгө алдын ала даярданыңыз!***

- Керек болушу ыктымал болгон дарыларыңызды ала жүрүңүз
- Тамак-ашыңызды алыңыз, бирок жумуш ордунузда тамактанбаңыз.

***Эсиңизде болсун! Шайлоо күнү комиссия төрагасынан уруксат алып Сиз өзүңүздүн жумуш ордуңуздан кыска убакытка кетсеңиз болот. Бул учурда Сиздин ордуңузда комиссиянын башка мүчөсү иштөөгө тийиш.***

### 4. УШКнын биринчи жыйыны

УШКнын биринчи жыйыны ал бекитилгенден үч күндөн кечиктирилбей өткөрүлөт.

- УШКнын белгиленген курамынын үчтөн эки бөлүгү түзүлсө, ал ишин баштай берсе болот.
- УШКнын чогулушун белгиленген курамынын санынын көпчүлүгү чогулганда өткөрүүгө болот
- УШКнын биринчи чогулушун өткөрүү датасы, убактысы жана орду райондук/шаардык комиссия тарабынан белгиленет. Төрага жана катчы шайланганга чейин чогулушту комиссиянын жашы эң улуу мүчөсү ачат жана алып барат.
- Төрага жана катчы биринчи чогулушта шайланат. Бул шайлоо УШКнын чечими боюнча жашыруун же ачык өткөрүлүшү мүмкүн.
- Комиссия мүчөлөрүнүн күбөлүктөрүн райондук/шаардык шайлоо комиссиясы кол коюп, тапшырат.
- УШК мүчөлөрү шайлоого даярдануу боюнча иш-чараларды аткаруу графигин иштеп чыгып, милдеттерди бөлүштүрүп алышат.

## V. УШКнын добуш берүү күнүнө чейинки милдеттери

### 1. Шайлоочулардын тизмелери

Шайлоочулардын тизмелери добуш берүүгө 19 күн калгандан кечиктирбей, 2005-жылдын 21-июнуна чейин УШКга жеткирилет.

Бул эреженин ооруканаларга, госпиталдарга, санаторийлерге, жетүү кыйын жана алыскы райондордогу жарандардын убактылуу боло турган башка жерлерине, тергөө изоляторлоруна, убактылуу кармоо жайларына, аскер бөлүктөрүнө, Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттердеги өкүлчүлүктөрүнө тиешеси жок. Бул жерлердеги жарандардын тизмелери добуш берүүгө 5 күн калганга чейин жеткирилет.

УШКнын мүчөлөрүнүн милдети – УШКнын аймагында жашаган жарандарга шайлоочулардын тизмелер менен таанышууга укуктуу экендиги, зарыл болгон учурларда тизмеге тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө, паспортундагы катталышынын негизинде шайлоочуларды тизмеге кошууну сунуш кылуу укугуна ээ экендиги жөнүндө маалымат таратуу.

***Эсиңизде болсун! Бул ирет шайлоочулардын тизмелери участкаларда жалпыга тааныштыруу үчүн атайын даярдалган такталарга илинет. Тактаалар бардык шайлоочулар окуп көрүшү үчүн ыңгайлуу жайгаштырылышы керек.***

### 2. Шайлоочулардын фамилияларын толуктоо же тизмеге өзгөртүүлөрдү киргизүү

- Шайлоочу өзүнүн аты тизмеге киргизилбей же туура эмес жазылып калгандыгы жөнүндө УШКга, зарыл болсо жогору турган шайлоо комиссиясына билдирүү укугуна ээ.
- 24 сааттын ичинде (ал эми шайлоо күнү арыз бергенден кийин 2 сааттын ичинде) участкалык же райондук/шаардык шайлоо комиссиясы арызды жана ага тиркелген документтерди караштырууга тийиш.
- Эгерде шайлоочу ошол аймакта катталгандыгын паспорту менен далилдесе, УШКнын мүчөлөрү аны кошумча тизмеге киргизүүгө тийиш.
- Шайлоо комиссиясы же катаны оңдоого, же эмне үчүн арыз берүүчүнүн арызы четке кагылгандыгын жазуу түрүндө түшүндүргөн жоопту берүүгө тийиш.
- Эгерде каталар оңдолсо, бардык өзгөртүүлөр жана кошумчалар шайлоо тизмесинин тийиштүү мамычасына тыкан түрдө жазылып, ага УШКнын төрагасы менен катчысынын колу коюлуп, УШКнын мөөрү менен бекитилиши керек.
- Участкалык, райондук/шаардык шайлоо комиссияларынын чечимдери боюнча жогору турган шайлоо комиссиясына же сотко (участкалык, райондук/шаардык шайлоо комиссияларынын жайгашкан жерлери боюнча) кайрылып даттанууга болот. Мындай даттануулар 3 күндүн ичинде каралууга тийиш, ал эми шайлоо күнү даттануу (апелляция) дароо каралышы керек.

### 3. Шайлоо тизмесинен ысымды чыгарып салуу

Жарандын аты жана фамилиясы, шайлоочулардын мамлекеттик каттоодон өткөрүүгө жооптуу мамлекеттик уюмдан алынган маалыматтын (мисалы, каза болгондугу жөнүндө күбөлүктүн) негизинде ГАНА шайлоочулардын тизмесинен чыгарылышы мүмкүн.

Эгерде жарандын аты жана фамилиясы шайлоочулардын тизмесинен чыгарылса, анда мунун датасын жана себебин көрсөтүү керек.

Тизмеден «чыгарып салууга» УШКнын төрагасы же райондук/шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы кол коюшу керек.

Райондук/шаардык, борбордук шайлоо комиссияларына же сотко апелляция берсе болот. Апелляция 3 күн ичинде, ал эми шайлоо күнү дароо каралышы керек.

### 4. «Тизмеден чыгуу күбөлүгүнүн негизинде добуш берүү»

Шайлоо күнү өзүнүн шайлоо участкасына келе албаган шайлоочу башка участкада добуш берүүгө укуктуу. Бул үчүн ал тизмеден чыгуу күбөлүгүн алууга тийиш.

Шайлоочулар тизмеден чыгуу күбөлүгүн жергиликтүү шайлоо участкасынан шайлоо күнүнө 11 күндөн 1 күн калганга чейин 2005-жылдын 25-июнунан 9-июлуна чейин алса болот. Алар өздөрү бекитилген УШКга округдун аймагындагы кайсы жерде добуш бермекчи экендигин кабарлоого тийиш. Мындайда шайлоочу өз участкасындагы тизмеден чыгарылат.

***Көңүл буруңуз! Эгерде шайлоочу тизмеден чыгуу күбөлүгүн жоготуп койгон болсо, ага башка күбөлүк берилбейт.***

***Эсиңизде болсун! Президенттик шайлоодо бүткүл өлкө бир округ болот. Ошондуктан шайлоочулар тизмеден чыгуу күбөлүгү менен каалагандай участкада добуш берүүгө укуктуу.***



### 5. Шайлоо участкасынан тышкары жерде добуш берүү тууралуу арыздарды каттоо

Шайлоо күнү ооруп калганына же майыптыгына байланыштуу шайлоо участкасына келе албай турган шайлоочулар мыйзам боюнча үйүндө эле добуш берүүгө укуктуу. Мындай шайлоочулар УШК түзүлгөн мезгилден тартып шайлоо күнүнө чейин, бирок шайлоо күнү добуш берүү аяктаганына 6 саат калгандан кечиктирбей арыз жазууга же оозеки

кайрылууга тийиш. (Шайлоо участкасынан тышкары жерде добуш берүүгө тиешелүү УШКнын милдеттери жөнүндө толугураак маалымат алуу үчүн Шайлоо жөнүндөгү кодекстин 42-статьясын караңыз).

- Шайлоо участкасынан тышкары жерде добуш берүү өтүнүчү шайлоочунун атынан жасалышы мүмкүн, бирок ал участкага эмне үчүн келе албай тургандыгынын себебин көрсөтүүгө тийиш.
- Бул жөнүндө УШК түзүлгөндөн кийинки каалаган маалда, бирок, шайлоо күнү добуш берүү күнү аяктаганга 6 саат калгандан кечиктирбей оозеки арыз менен кайрылууга болот. Шайлоочуга бюллетень берүү алдында оозеки түрдө кайрылган болсо, ал добуш берүүгө катышуу арызын имараттын сыртында жазууга тийиш.
- Оозеки өтүнүч менен участкага кайрылгандан кийин өтүнүчтү уккан комиссия мүчөсү өтүнүч түшкөн убакытты атайын реестрге жазып, өз колун коюуга тийиш.

### 6. Участканын имаратында көрнөктүн жана маалымат тактасынын коюлушу

Шайлоо участкасы жайгашкан имараттын сыртына участканын номуру жазылган көрнөк орнотулууга тийиш. Участкага барчу жол жебелер менен көрсөтүлүшү керек (Шайлоо кодекси, 37-статья).

Добуш берүү имаратынын ичинде төмөндөгүлөрдү камтыган маалымат тактасы орнотулушу керек:

- Шайлоону даярдоо жана өткөрүү боюнча негизги иш-чаралардын календары
- УШК мүчөлөрүнүн телефондору жана даректери көрсөтүлгөн тизме
- Жогору турган шайлоо комиссиясынын дареги жана телефондору
- Шайлоо документтеринин, айрыкча туура толтурулган, бирок талапкерлердин аттары көрсөтүлбөгөн бюллетендин үлгүлөрү
- Маалымат тактасында үгүт материалдары болбоого тийиш.

Мындан тышкары УШК офисинде «Маалымат бурчу» илинип, анда шайлоону жөнгө салуучу ар түрдүү документтер, ошондой эле жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган маалымат, жарандардын даттануулары жана арыздары боюнча кабыл алынган чечимдер ж.у.с. болушу керек.

"Маалымат тактасында" жайгашкан билдирүүлөр үгүт мүнөзүндө жана талапкерлерге жан тарткан маанида болбоого тийиш.

Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү эркин колдонушу үчүн Кодекстин бир нускасы участкада болушу керек.

### 7. Шайлоо бюллетендерин алуу, кайра санап чыгуу жана УШКнын мөөрүн коюу

- Бюллетендер УШКнын төрагасына жана катчысына, жогору турган шайлоо комиссиясынын имаратында добуш берүүгө бир-эки күн калганда берилет да, жогору турган шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмес бөлүгүнүн катышуусунда кайра эсептелет. Мында талапкерлердин өкүлдөрү жана жогору турган ШКнын мүчөлөрү катышууга укуктуу.
- Бюллетендерди жогору турган ШКдан алгандан кийин УШКнын төрагасы жана катчысы милиционердин коштоосунда УШКнын имаратына алып келет. Ал жерде бюллетендер кайра эсептелип, УШКнын мөөрү басылат.
- Төрага УШКнын мүчөлөрүнүн жана кеңеш берүүчү добушка укуктуу мүчөлөрүнүн жарымынан кем эмес бөлүгүнүн катышуусунда бюллетендин тийиштүү жерине мөөр коёт.
- Ар бир УШКга берилген шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо тизмесиндеги шайлоочулардын санынан 0,5 %дан ашпоого тийиш.
- Шайлоо бюллетендери жана УШКнын мөөрү салынган сейфи жайгашкан имарат печеттелип, ички иштер органдарынын сактоосуна өткөрүп берилет.

### 8. Мөөнөтүнөн мурда добуш берүү

Шайлоо күнү Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жерлерде боло турган шайлоочулар добуш берүү күнүнө чейин эле райондук/шаардык шайлоо комиссиясында добуш берүүгө укуктуу. Бул шайлоочулар тийиштүү документтерди (командировка жөнүндөгү документти, авиабилетти жана паспорттогу визаны) тийиштүү шайлоо комиссиясына добуш берүү күнүнө 9 күндөн 1 күн калганга чейин көрсөтүүгө тийиш. Конверттерге салынган мөөнөтүнөн мурда добуш бергендердин бюллетендери шайлоо күнүнө 1-2 күн калганга чейин УШКга өткөрүлүп берилет. (Мөөнөтүнөн мурда добуш берүүчүлөргө карата УШКнын милдеттери жөнүндө толугураак маалымат алуу үчүн Шайлоо жөнүндө кодексинин 41-статьясын караңыз).

***Эсиңизде болсун! УШКнын имаратында мөөнөтүнөн мурда добуш берүү жүргүзүлбөйт.***

миддеттер менен иштер үчүн жооп берет.

Башка милдеттер менен кошо анын төмөндөгүдөй милдеттери бар:

- Шайлоо күнү шайлоо участкасынын ишин уюштуруу жана башкаруу.
- Шайлоо алдында жана шайлоо мезгилинде, ошондой эле добуштарды эсептөө учурунда эң мыкты адеп-ахлак ченемдерин сактоо.
- Алынган шайлоо бюллетендери жөнүндө отчёт берүү (Бюллетендерди алуу жол-жобосу 39-статьянын 9-пунктунда кеңири баяндалга).
- Шайлоо участкасын добуш берүүнү өткөрүү орду боюнча үлгү схемасына ылайык уюштуруу. Добуш берүүнүн жашыруундугуна кепилдик кылуу үчүн добуш берүү кабиналарын тийиштүү түрдө жайгаштыруу.
- Жардам сураган же танапиское чыккысы келген комиссия мүчөлөрүнө жардам берүү.
- Зарыл буюмдардын, алардын ичинен жетиштүү санда бастырылган шайлоо бюллетендеринин ж.у.с. бар болушун камсыздоо.
- Комиссия мүчөлөрүн алардын аттары жана УШКга таандык экендиги жазылган таанытмалар менен камсыздоо.
- Төрага байкоочуларды, эларалык байкоочуларды жана ММК өкүлдөрүн эсепке алат.
- Ар кандай олуттуу же өзгөчө маселе пайда болгондо, бул тууралуу райондук/шаардык комиссияга дароо кабар берүү.
- Комиссия мүчөлөрүнүн белгиленген жол-жоболорду сакташына көз салуу.
- Шайлоо участкасында болгон ар кандай тартипсиздикти, шайлоочулар добуш берүүдөн баш тарткан, байкоочулардын катышуусуна каршы болгон учурларды жана башка кырдаалдарды эсепке алуу.
- Участканы саат 20.00дө жаап, добуш берүүнү аяктоо жана добуштарды эсептөө процессине жетекчилик кылуу.
- Толтурулган протоколду райондук/шаардык шайлоо комиссиясына жиберүү. Протоколдун көчүрмөлөрүн бардык каалаган байкоочуларга берүү, эгерде андай мүмкүнчүлүгү жок болсо, кызыккандардын көчүрмө жасап алышына мүмкүндүк берүү жана ал көчүрмөлөрдү тастыктоо.
- Бардык жабдууларды жана буюмдарды, алардын ичинен пайдаланылбай калган сыяларды жана ультрафиолет чырактарын райондук/шаардык комиссияга кайтарып берүү.

***Эсиңизде болсун! Комиссия төрагасы катары Сиз комиссиянын бардык мүчөлөрү өз милдеттерин мыйзамга ылайык аткарышына көз салууга милдеттүүсүз.***

### УШК төрагасы: Төмөндөгүдөй кырдаалда эмне кылуу керек?

Кээ бир талапкерлер шайлоо бюллетендери бастырылып чыгарылгандан кийин шайлануучулардын тизмесинен чыгып кетишти же өздөрү талапкерлигин алып салышты.

- УШК райондук/шаардык комиссиясынын көрсөтмөсү боюнча мындай талапкерлердин фамилиясын ар бир шайлоо бюллетенинен сызып салат.
- Талапкерге тиешелүү ар бир сапты шариктүү калемсап менен гана түз сызып чийүү керек.
- Андан тышкары түз сызык ошол талапкердин атынын тушундагы таза чакмакты да басып өтүүгө тийиш.

### УШК төрагасы: Төмөндөгүдөй кырдаалда эмне кылуу керек?

*Шайлоочу маркалоодон баш тартып, шайлоо бюллетенин бергиле деп талап кылды*

- Маркалоо эч кандай зыянсыз экендигин, бул мыйзам боюнча талап кылынаарын шайлоочуга түшүндүрүп көрүңүз.
- Эгерде шайлоочу дагы эле көнбөй, мурдагыдан бетер агрессивдүү мамиле жасаса, анда шайлоо участкасынан чыгып кетишин сылык түрдө өтүнүңүз.
- Эгерде ал кетпейм десе, төрага участкадагы коопсуздук үчүн жооп бере турган тартип коргоо органдарынын өкүлдөрүн чакырып, бул шайлоочуну участканын аймагынан алып кетүүсүн өтүнүңүз.

***Эсиңизде болсун! Тартип коргоо органдарынын өкүлдөрү участканын аймагына тартипти жөнгө салуу үчүн төраганын чакыруусу боюнча гана келиши мүмкүн, алар участкадагы өз милдеттерин аткаруу убактысында гана болушат.***

### 2. Катчы

Катчы УШКнын бардык жазууларын жана протоколдорун жүргүзүп, төрага тигил же бул себеп боюнча иштей албай калган учурда анын ордуна иштөөгө тийиш.

<u>Катчы төмөндөгүлөрдү жасоого тийиш:</u>

- УШК мүчөлөрүнө чогулуштардын датасы жана убактысы жөнүндө маалымат берүүгө
- УШКнын чогулуштарынын протоколун жүргүзүүгө
- Төрага жок болгондо, же ал өз милдеттерин кайсы бир себептерден улам аткара албаганда, төраганын милдеттерин аткарууга
- Зарыл болуп калган учурда комиссиянын мүчөлөрүнүн биринин ордуна иштөөгө.



### 3. Маркалоонун бар экендигин текшерүү үчүн жооптуу комиссия мүчөсү

<u>Милдеттери:</u>

- Төрагадан ультрафиолет чырагын алып, анын иштешин текшерип көрүү
- Ар бир шайлоочу участкага киргенде, анын эки колунун тең бармактарын ультрафиолет чырагынын жарыгына

салып текшерүү

- Добуш берүү бөлмөсүнүн босогосунда туруп маркалоодон өтө элек шайлоочуларды гана киргизүү.

***Маркалоодон өткөндүгүн текшерүү***

- Колдорду өтө жарык жерде эмес, жарыктан бир аз далдаа жерде текшериңиз.
- Айрыкча тырмак менен аны курчаган теринин бириккен жерине көңүл буруңуз.
- Эгерде шек санап калсаңыз, анык билүү үчүн кайталап текшериңиз.
- Участкада шайлоочулардын топтолуп кетишине жол бербеңиз, тизме үчүн жооптуу комиссия мүчөсү бошогондо гана имаратка кезектеги шайлоочуну киргизиңиз.
- Байкоочулар маркалоочу сыяны жана аны текшерүүчү чырактын сапатын текшерип көрүүгө укуктуу.

**Эмне кылуу керек?**

*Шайлоочу участкага кирем дейт, бирок текшерүүдө анын бармагы маркировкалангандыгы белгилүү болду.*

- Шайлоочуга анын бармагы маркировкалангандыгын, бул анын буга чейин эле добуш бергендигин билдирерин, ошондуктан ал участкага киргизилбей тургандыгын түшүндүрүңүз.
- Бул тууралуу комиссия төрагасына билдириңиз.
- Башка олуттуу себептер боюнча участкага кирүүгө укугум бар деп эсептесе, шайлоочуга жогору турган комиссияга кайрылыңыз деп кеңеш бериңиз. Жогору турган комиссия бул маселе боюнча чечимди ошол эле күнү чыгарууга тийиш.

## 4. Шайлоочулардын тизмелери үчүн жооптуу комиссия мүчөлөрү

Милдеттери:

- УШКнын төрагасынан тизмени алышат
- Мөөнөтүнөн мурда добуш берген шайлоочуларды белгилейт
- Участка ачылган учурдан тартып төмөндөгү жол-жобо боюнча өз милдеттерин аткарат:

1. Шайлоочу менен саламдашыңыз.
2. Шайлоочунун атын жана фамилиясын сураңыз.
3. Анын атын жана фамилиясын байкоочуларга угузуп кайталаңыз.
4. Шайлоочудан анын ким экендигин күбөлөндүргөн документин көрсөтүшүн өтүнүңүз. Бул паспорт же аскер офицеринин өздүк күбөлүгү, катардагы жоокердин же сержанттын аскер билети, ички иштер органдары тарабынан берилген тийиштүү формадагы справка (форма № 9), Кыргыз Республикасынын жараны экендигин тастыктаган 2004-жылдын үлгүсүндөгү күбөлүк, пенсиялык күбөлүк жана айдоочунун күбөлүгү болушу мүмкүн. (Жогоруда саналган күбөлүктөр паспортун уурдатып же жоготуп койгон шайлоочуга ички иштер органдары тарабынан берилет же жаңы паспорттун ордуна пайдаланылат. Мындай күбөлүктө шайлоочунун фотосүрөтү жана анын ким экендиги жөнүндө маалымат болушу керек. Ошондо УШК аны жарактуу документ катары кабыл алууга тийиш).

***Эсиңизде болсун! Мыйзам боюнча Сиздин БАРДЫК шайлоочулардын, атүгүл өзүңүз жакшы тааныгандардын да, документтерин текшеришиңиз талап кылынат. БАРДЫК шайлоочуларга талаптар бирдей коюлуп жаткандыгын байкоочулар жана башка шайлоочулар көрүп турушу абдан маанилүү.***

5. Эгерде шайлоочу тизмеден чыгуу күбөлүгүн колдонсо, ал аны Сизге көрсөтүшү керек, Сиз бул документти алып калууга тийишсиз.

***Эсиңизде болсун! Тизмеден чыгуу күбөлүгү Сизде калышы керек!***

6. Шайлоочунун фамилиясын шайлоочулар тизмесинен табыңыз.
7. Шайлоочу менен биргеликте шайлоочулар тизмесиндеги маалымат туура экендигин текшериңиз.
8. Паспорттун же башка документтин сериясы менен номурун жазыңыз.
9. Бюллетендерди берүүгө жооптуу шайлоочуну маркировкалайт, андан соң шайлоочудан тизмеге кол коюушун өтүнүңүз.
10. Шайлоочу шайлоо бюллетендерин бере турган комиссия мүчөсүнө кайрылып, андан шайлоо бюллетенин алат.
11. Участка жабылгандан кийин, участкага келген шайлоочулардын жалпы санын жазып, бул маалыматты УШКнын төрагасына берет.
12. Шайлоочулардын тизмелерин төрагага кайтарып берет.

**Эмне кылуу керек?**

*Шайлоочу участкага ал ким экендигин күбөлөндүргөн документсиз келди*

- Эгерде шайлоочунун паспорту же ким экендигин күбөлөндүрүүчү документи жок болсо, анын участкада добуш берүү укугу болбойт.
- Бул эрежеге шайлоочуларынын саны 500дөн ашпаган калктуу конуштар (шайлоо участкалары эмес!) баш ийбейт. Мындай участкаларда эгерде комиссиянын экиден кем эмес мүчөсү шайлоочунун ким экендигин жана ал ошол УШКнын аймагында жашай тургандыгын тастыктай алса, шайлоочу УШКнын төрагасынын уруксаты менен добуш берүүгө укуктуу. Мындайда шайлоочулардын тизмесинде тийиштүү белги коюлуп, ал шайлоочунун ким экендигине күбө өткөн УШК мүчөлөрүнүн жана УШК төрагасынын кол коюусу менен тастыкталат.

## 5. Бюллетендерди берүү жана шайлоочуларды маркалоо үчүн жооптуу комиссия мүчөсү

Милдеттери:

- УШКнын төрагасынан маркалоочу сыяны, бюллетендерди алып, бул жөнүндө кол коюу.
- Сыяны кагазга сүртүп жана ультрафиолет чырагынын жарыгында карап көрүп, эгерде ал жараксыз болсо, анын колдонулушуна каршы пикир айтуу.

*Маркалоо*

1. Эгерде шайлоочунун бармагында кир же башка сыя жукпай турган нерсе бар экендигин байкасаңыз, шайлоочудан адегенде тазалоосун өтүнүз.
2. Шайлоочунун СОЛ КОЛУНУН БАШ БАРМАГЫ маркировкаланат. Эгерде шайлоочунун бул бармагы жок болсо, оң колунун баш бармагы маркаланат. Эгерде ал жок болсо, сол колунун кийинки манжалары, кезегине карай, андан соң сол колунун тийиштүү манжалары маркаланат.
3. Эгерде шайлоочунун бир дагы манжасы жок болсо, ал маркалоодон бошотулат. Сыяны бармактын тери менен кошулган жерине сүртүү керек.
4. Сыя курганга чейин 5 мүнөт күтө туруу керек.

Шайлоочуга бюллетенди сандыкка салаарда төрт бүктөө керектигин айтып коюңуз.

***Эсиңизде болсун! Маркалоодон баш тарткан шайлоочунун бюллетень алууга укугу болбойт, ал эми Сиз мындай шайлоочуга бюллетень берүүгө акыңыз жок.***

- Шайлоочулардын тизмесине шайлоочу кол койгондон мурун шайлоочунун сол колунун бармагын маркалоо зарыл.
- Шайлоочу тизмеге кол койгондон кийин гана ал шайлоочуга бюллетень берилет.
- Бардык шайлоо бюллетендеринин берилишин эсепке алыңыз.
- Шайлоочуну маркировкалагандан кийин шайлоочунун тизмеге кол коюусун суранып, андан кийин ага бюллетень берип, бош турган добуш берүү кабинасына жибериңиз.
- **Участка жабылгандан кийин** бардык пайдаланылган, бузулган жана пайдаланылбаган **бюллетендерди эсептеп чыгуу зарыл.**
- **Бардык пайдаланылбаган бюллетендерди** ар биринин оң жак бурчун кыркып алуу жолу менен **жокко чыгаруу керек.**

### Эмне кылуу керек?

*Шайлоочу бюллетенди толтурууда ката кетирди.*

- Сиз шайлоочуга бузулган бюллетендин ордуна жаңысын беришиңиз керек.
- Тийиштүү белги коюшу үчүн шайлоочулардын тизмесине жооптуу комиссия мүчөсүнө айтыңыз.
- Бузулган бюллетенди жокко чыгаруу керек (ылдыйкы оң жак бурчу кыркып алынат). Бул жөнүндө акт түзүлөт.

### Эмне кылуу керек?

*Шайлоочу маркалоодон баш тартты.*

- Шайлоочуга маркалоонун ден соолукка эч кандай зыяны жок экендигин, сыя ультрафиолет чырагынын жарыгына салып караганда гана көрүнөөрүн жана 72 сааттан кийин өчүп калаарын түшүндүрүү керек. Маркалоо мыйзам боюнча талап кылынаарын жана ал калктын шайлоого карата ишенимин жогорулатуу максатында колдонулуп жаткандыгын айтуу керек.
- Акырында, шайлоочуга, эгерде маркалоодон баш тартса, ал добуш берүүгө киргизилбей тургандыгын айтыңыз.
- ЭГЕРДЕ МАРКАЛАНБАГАН БОЛСО, ШАЙЛООЧУГА БЮЛЛЕТЕНЬ БЕРБЕҢИЗ ЖАНА АНЫ ДОБУШ БЕРҮҮГӨ КИРГИЗБЕҢИЗ!

## 6. Жашыруун добуш берүү үчүн кабиналарга шайлоочунун өтүүсүн көзөмөлдөгөн комиссия мүчөсү

Милдеттери:

Добуш берүү сандыгына жакын туруп, ар бир шайлоочу сандыкка бирден гана төрт бүктөлгөн бюллетенди салып жаткандыгына көз салуу.

- Участканын ачылышында шайлоого керектүү жабдууларды текшерип орнотууга жардамдашуу.
- Шайлоочулар бюллетендерди добуш берүү сандыгына салып жаткандыгын көрүп туруу үчүн сандыкка жакын туруу.

***Эсиңизде болсун! Добуш берүүнүн жашыруундугун бузбоо үчүн Сиз сандыктан бир аз алыс турушуңуз керек. Эгерде Сиз сандыкка өтө жакын туруп алсаңыз, анда добуш берүү сандыгы тунук болгондуктан, шайлоочу кимди колдоп добуш бергендигин көрүп алышыңыз мүмкүн.***



### Эмне кылуу керек?

*Шайлоочу бюллетенди бузуп алды.*

Шайлоочуга бюллетень берүүчү комиссия мүчөсүнөн жаңы бюллетень алууга укуктуу экендигин түшүндүрүңүз.

### Эмне кылуу керек?

*Жашы улгайган шайлоочу өзүнүн атынан бюллетень толтуруп берүүнү өтүндү. Ал Сизге өзү колдогон талапкердин атын айтты.*

- Сиз УШКнын мүчөсү катары шайлоочунун ордуна бюллетень толтурууга акыныз жок экендигин, бул мыйзамга каршы келерин шайлоочуга түшүндүрүңүз.
- Ушул учурда участкада турган башка шайлоочудан жардам сураңыз деп кеңеш бериңиз.

### 7. Участкадан тышкары жерде добуш берүүнү жүргүзүү үчүн жооптуулар

Милдеттери:

Ооруп калгандыгына же майыптыгына байланыштуу шайлоо участкасына шайлоо күнү өздөрү келе албай турган шайлоочулардын үйдө добуш берүүсүн камсыздоо.

Участкадан тышкары жерде добуш берүү жол-жобосу

- Участкадан тышкары жерде добуш берүүнү УШКнын экиден кем эмес мүчөсү жана талапкерлердин эки өкүлү, кеңеш берүү добушуна укуктуу комиссия мүчөсү менен биргелешип жүргүзөт.
- Участкадан тышкары жерде добуш берүү үчүн жооптуу комиссия мүчөлөрү зарыл сандагы бюллетендерди, маркалоо үчүн сыяны, ультрафиолет чырагын, мөөр менен бекитилген (3төн ашпаган) көтөрүп жүрмө сандыктарды алышат. Мөөр менен бекитүү участка ачылганга чейин талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулардын жана УШК мүчөлөрүнүн көз алдында жүргүзүлөт.
- Комиссия мүчөлөрү добуш берүү бюллетендерин алгандыгы тууралуу кол коюшат.
- УШК мүчөлөрү участкадан тышкары жерде добуш берүү арыздарынын баарын ала чыгууга тийиш.

***Эсиңизде болсун! Байкоочулар участкадан тышкары жерде добуш берүүдө УШКнын мүчөлөрүн коштоп жүрүүгө жана бардык шайлоо процедураларына добуш берүүнүн жашыруундугун бузбай туруп байкоо жүргүзүүгө укуктуу.***

- Шайлоочуга бюллетень берүүдөн мурун анын документтерин текшерип, бармагы маркировкалана электигин тактап, шайлоочуга кол койдуруу зарыл. Андан соң шайлоочуну байкалбай турган сыя менен тийиштүү процедурага толук ылайык келгендей түрдө маркалоо керек.
- Эгерде шайлоочу добуш берүү жөнүндө оозеки түрдө гана өтүнгөн болсо, анда ал арызды жазуу түрүндө толтурууга тийиш.

***Эсиңизде болсун! Добуш берүүнүн жашыруундугу участкадан тышкары жерде добуш бергенде да сөзсүз түрдө сакталууга тийиш.***

- Пайдаланылбай калган бюллетендерди жана материалдарды участкага добуш берүү бүткөнгө чейин кайтарып бериңиз.

Участкадан тышкары жерде добуш берген шайлоочулардын добушун эсептөө

Комиссия мүчөлөрү участкага кайра келгенден кийин участкадан тышкары жерде добуш берген шайлоочулардын паспортторунун, же алардын ким экендигин күбөлөндүргөн документтеринин серияларын шайлоочулардын тизмесине киргизет да, тизмеге «участкадан тышкары жерде добуш берди» деген белги коюлат.

***Эсиңизде болсун! Эгерде участкадан тышкары жерде добуш берүү үчүн берилген бюллетендерге караганда, көтөрүп жүрмө сандыктагы бюллетендердин жалпы саны көп болуп чыкса, анда бардык бюллетендер жараксыз деп табылат да, комиссия мүчөлөрү бул үчүн жооп берет.***

### Төмөндөгүдөй кырдаалда эмне кылуу керек?

*Чүчү кулак кармоонун натыйжасында Сиз участкадан тышкары жерде добуш берүүнү өткөрүү үчүн жооптуу болуп дайындалгансыз. Бирок арызда көрсөтүлгөн дарек боюнча шайлоочуга барганыңызда, ал Сиздин өзүнүн жубайынын добуш бериши үчүн да бюллетень берүүнү сурады.*

- Анын жубайы үчүн Сизде бюллетень жок экендигин айтыңыз.
- Шайлоочунун жубайына демейдеги добуш берүү жол-жобосу боюнча участкага барып добуш бериңиз деп кеңеш айтыңыз.
- Участкадан тышкары жерде добуш берүү укугуна ээ болуу үчүн добуш берүүгө 6 саат калгандан кечиктирбей арыз берүү зарыл экендигин түшүндүрүңүз.

## VIII. Участканын жабылышы

Участканы жабуу жана добуштарды эсептөө жол-жобосун туура өткөрүү калктын шайлоого карата ишенимин бекемдөө үчүн абдан зор мааниге ээ.

Бардык шайлоо бюллетендерин эсептеп чыгуу шайлоо участкасы жабылгандан кийин жүргүзүлөт. Ар кандай даттанууларды жана добуш берүүнүн жүрүшүндө жол берилген тартип бузууларды талкуулоо үчүн УШК чогулуш өткөрөт.

Добуштарды эсептөө добуш берүү жүргүзүлгөн жайдын өзүндө өткөрүлөт. Эсептөөнүн натыйжалары чоңойтулган формадагы протоколго жана УШКнын расмий протоколуна киргизилет.

Добуш берүүнүн натыйжаларын толугу менен эсептеп чыгып, расмий протоколду толтургандан кийин шайлоонун жыйынтыгы жөнүндөгү протокол башка бардык жарактуу жана жараксыз (жокко чыгарылган) шайлоо бюллетендери

менен кошо райондук/шаардык шайлоо комиссиясына жеткирилет.

***Эсиңизде болсун! Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү добуштарды эсептөөдө жана анын натыйжаларын райондук/шаардык комиссияга өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.***

## Жабуу жол-жоболорунун текшерүү барагы

✓ Аткарылган жол-жобонун тушундагы чакмакка ушундай белги коюңуздар. Төмөндөгү кеңири саналган жол-жоболордун 1-8 кадамдарын караңыздар.

Көңүл буруңуздар! Жол-жоболор көрсөтүлгөн тартипте аткарылышы керек!

1. Добуш берүү бөлмөсүн туура 20:00дө жабыңыздар. *(Төмөндөгү биринчи жана экинчи кадамдарды караңыздар).*
   - Байкоочулар, талапкерлердин жана ММК өкүлдөрүнүн кокусунан камалып калбашы үчүн бир сыйра текшерип көрүңүздөр.
2. БАРДЫК пайдаланылбай калган бюллетендерди санап чыгып, жокко чыгарыңыздар. Аларды ороп, алып кетиңиздер. *(3-кадамды караңыздар)*
   - Эсиңиздерде болсун: Добуштарды эсептөөдөн мурун, бөлмөдө добуш берүү сандыктарындагылардан тышкары бир дагы бюллетень калтырылбоо тийиш.
3. Шайлоочулардын тизмелери боюнча тиешелүү иштерди аткарыңыздар. *(4-кадамды караңыздар)*

ТОКТОҢУЗДАР! СИЗДЕР КИЙИНКИ ИШТЕРГЕ КИРИШҮҮДӨН МУРУН ЖОГОРУДА КӨРСӨТҮЛГӨН КАДАМДАРДЫ ЖАСАП БҮТҮШҮҢҮЗДӨР КЕРЕК!

4. Төрага участкадан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө түшкөн арыздардын санын жарыялайт. Участкадан тышкары жерде добуш берүү сандыктары ачылат. Бюллетендер кайра саналат. *(5-кадамды караңыздар)*
   - Сиздер добуш берүүнүн жашыруундугун бузбастан, демек бүктөлгөн бюллетендерди ачпастан, кайра санап чыгышыңыздар керек. Көтөрүп жүрмө сандыктарда бюллетендер аз болгондуктан, эгерде алардын бүктөмүн жазсаңыздар, добуш берүүнүн жашыруундугу бузулушу мүмкүн. Көтөрүп жүрмө сандыктардагы бюллетендер столдо калат да, алардын үстүнө туруктуу орнотулган сандыктагы бюллетендер төгүлөт.
   - Эгерде кайра санап чыгууда көтөрүп жүрмө сандыктардагы бюллетендер түшкөн арыздарга караганда көптүк кылса, ал сандыктагы бардык бюллетендер жараксыз деп эсептелет. Бул тууралуу акт түзүлүп, бюллетендер жокко чыгарылат жана оролуп, сейфке салынат. Эгерде бюллетендер арыздардан аз болсо, жарактуу деп эсептелет.
5. Туруктуу сандыктардагы бюллетендерди санап чыгыңыздар *(6-кадамды караңыздар).*
6. Көзөмөлдүк салыштырууларды текшериңиздер, жыйынтык чогулушту өткөрүңүздөр жана протоколго кол коюңуздар *(7-8-кадамдарды караңыздар).*
   - УШКнын мүчөлөрү жыйынтык чогулушту протоколго кол коюуга чейин өткөрүүгө тийиш!
   - Протоколго же жыйынтык чогулуштун тыянактарына макул болбогон УШКнын мүчөсү жазуу түрүндө өзгөчө пикир түзсө болот. Өзгөчө пикир протоколго тиркелет.
7. Оролгон бюллетендерди, шайлоочулардын тизмелерин жана башка документтерди райондук/шаардык ШКга жеткирүү.
   - Байкоочу, талапкердин өкүлү же ММК кызматкерлери документтерди жеткирип берип жана өткөрүүдө, өз транспорту менен коштоп барууга укуктуу.

## Участканы жабуудагы сегиз кадам

Бул сегиз кадамды жасоо менен Сиз төмөндөгү жол-жоболордун акыйкаттыгын жана ачык-айкындыгын камсыздайсыз:

### Биринчи кадам. Участканы туура 20.00дө жабуу керек

Участкалык комиссиянын төрагасы добуш берүү жайына келген шайлоочулар гана шайлоо бюллетенин алуу жана добуш берүү сандыкка салуу укугуна ээ экендигин жарыялоого тийиш.

### Экинчи кадам. Ачык-айкындыкты камсыздоо

- Добуштарды эсептөөнү УШК мүчөлөрү гана, болгондо да эл көзүнчө, ачык түрдө жүргүзүүгө тийиш.
- Добуштарды эсептөөнүн натыйжасы жарыя айтылып, эсептөөдөгү ар бир кадам биринин артынан бири добуш берүү жайында илинип коюлуучу чоңойтулган формадагы протоколго жазылып турушу керек.
- Добуштарды эсептөө жана кошмок ведомостту түзүү учурунда талапкерлердин өкүлдөрү, байкоочулар жана ММК өкүлдөрү фотосүрөткө жана видеого тартууга акылуу.
- Добуштарды эсептөө учурунда катышкан байкоочулардын баары УШК мүчөлөрүнүн бардык иш-аракеттерин көрүп турууга тийиш.

### Үчүнчү кадам. Бардык колдонулбай калган бюллетендерди эсептеп чыгып, жокко чыгаруу

- УШКнын мүчөлөрү пайдаланылбай калган расмий шайлоо бюллетендерин эсептеп чыгып, алардын төмөнкү оң жак бурчун кыркып алууга тийиш (мында оң жактагы талапкердин фамилиясынын тушундагы чакмак бүтүн калтырылат).
- УШК сейфинде пайдаланылбаган бойдон сакталган расмий шайлоо бюллетендеринин бүт баары жогорудагыдай

эле жокко чыгарылышы керек.

- Бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендери эсептелип, ороп таңылууга тийиш. Таңгакка УШКнын мөөрү басылып, УШКнын катышкан бардык мүчөлөрү кол коюшу керек.
- Жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин жалпы саны пайдаланылбай калган, шайлоочулар туура эмес толтургандыгы үчүн кайтарылган (бузулган) бюллетендердин жалпы суммасы катары жарыя айтылып, расмий протоколго жана чоңойтулган формадагы протоколго киргизилиши керек.

### Төртүнчү кадам. Шайлоочулардын тизмеси менен иштөө

Добуштарды эсептей баштоодон мурун шайлоочуларды каттоо үчүн жооптуу комиссия мүчөлөрү тизменин ар бир бетине төмөндөгүдөй жалпы маалыматтарды киргизет:

- Добуш берүү аяктаган чакта тизмеде бар шайлоочулардын саны (буга тизмеден чыгуу күбөлүгүн алган, ошондой эле башка себептерден улам алыста жүргөн шайлоочулардын саны кошулбайт).
- Добуш берүү күнү добуш берүү жайында шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны (негизги жана кошумча тизмелердеги шайлоочулардын койгон колдорунун саны боюнча аныкталат).
- Алдын ала добуш берген шайлоочулар алган шайлоо бюллетендеринин саны (шайлоочулардын тизмесинде тийиштүү белгилеринин саны боюнча эсептелип, алдын ала добуш бергендердин тизмесине салыштырып текшерилет).
- Шайлоо күнү участкадан тышкары жерде добуш берген шайлоочулар алган бюллетендердин саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тийиштүү белгилердин саны боюнча эсептелет).
- Участкада шайлоочуларга берилген тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн саны (шайлоочулардын тизмесиндеги тийиштүү белгилердин саны боюнча эсептелет).
- Тизмеден чыгуучу күбөлүгү боюнча добуш бергендердин саны (кошумча тизмеде коюлган колдорунун саны боюнча аныкталып, шайлоочулардан алынган тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн санына салыштырып текшерилет).
- Шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине, кийин аларды чогултуп жыйынтыктап, төрагага өткөрүп бере турган комиссия мүчөсү кол коет.
- Төрага жана катчы тизменин акыркы бетине анын бардык беттери боюнча чыгарылган тыянак катары аныкталуучу жалпы маалыматты киргизет да, аны өз колу жана УШКнын мөөрү менен тастыктайт.
- УШК төрагасы катышуучуларга тизме менен таанышып көрүүнү сунуштайт, ага кийин добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндөгү протоколго жана чоңойтулган формадагы протоколго киргизиле турган жаны маалыматтарды жарыя окуп берет. Андан соң бул тизме сейфке салынат.

### Бешинчи кадам. Көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыктарындагы бюллетендерди эсептөө

- Участкадан тышкары жерде добуш берүүнү жүргүзгөн участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү пломбалар менен басылган мөөрлөрдүн бузулбай сакталгандыгын көрсөтүшөт.
- Ар бир көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыгын ачуудан мурун ошол сандыкты колдонуу менен добуш берген шайлоочулардын саны жарыяланат. Ар бир көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыгындагы шайлоо бюллетендери өзүнчө эсептелинет.
- Көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыктарын кезеги менен ачып, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, эртең менен ошол сандыктарды мөөр басып жаткан учурунда катышкан башка адамдардын колдору коюлган көзөмөлдөө барактары менен кошо шайлоо бюллетендери алынат.
- Алынган бюллетендердин саны угуза айтылып, аны төрага добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү протоколдун 8-сабына жана чоңойтулган формадагы протоколго жазат.
- Эгерде көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыгындагы шайлоо бюллетендеринин саны, бюллетендерди алгандыгы жөнүндө арыздарына белги коюлган шайлоочулардын санынан көп болсо, анда бул сандыктагы бардык бюллетендер жараксыз деп табылат да, жокко чыгарылат.

### Алтынчы кадам. Шайлоо участкасында орнотулган добуш берүү сандыктарындагы бюллетендерди эсептөө

<u>Орнотулган сандыктарды ачуу</u>

- Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы бардык катышуучуларга мөөрдүн (пломбанын) бузулбаганын көрсөтөт. Өзгөчө номурлуу пломбалар бастырылган сандыктардын ачылбаганын билүү үчүн алардын номурлары текшерилет.
- Андан кийин орнотулган добуш берүү сандыгын ачышат. УШКнын мүчөлөрү бюллетендерди жана көзөмөлдөө барагын алып чыгышат.
- Төрага бардык катышуучуларга көзөмөлдөө барагын көрсөтөт.
- Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү көтөрүп жүрмө жана орнотулган добуш берүү сандыктарынан алынган шайлоо бюллетендерин ар бир талапкерди колдогону, бардык талапкерлерге каршы добуш бергени боюнча сорттоп, формасы аныкталбаган шайлоо бюллетендерин жана жараксыз шайлоо бюллетендерин өз өзүнчө бөлөк коёт.
- Шайлоо бюллетендерин сорттогондо, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо бюллетендериндеги шайлоочулар койгон белгилерди жарыя айтып, бардык катышуучуларга бул бюллетендердин эсептелишин көрсөтүп турат.

- Андан соң ар бир талапкерди колдогон жана бардык талапкерлерге каршы добуш берген боюнча шайлоо бюллетендери өзүнчө бөлүнүп эсептеп чыгарылат.
- Сорттолгон шайлоо бюллетендерин бир пачкадан экинчисине бир-бирден алып коюу учурунда катышып тургандардын бардыгы угуп жана бюллетендерге коюлган белгилерди көрүп турушу үчүн алардын эсеби жарыяланып турат.
- Ар башка пачкалардагы шайлоо бюллетендерин бир эле учурда эсептөөгө жол берилбейт.
- Ар бир талапкердин жана бардык талапкерлерге каршы берилген добуштар боюнча шайлоо бюллетендерине коюлган белгилер тууралуу маалымат добуш берүүнүн натыйжасы жөнүндөгү протоколдун 13-14-саптарына, ошондой эле анын чоңойтулган формасына жазылат.

**Кандай бюллетендер жарактуу деп эсептелет?**

Мыйзам боюнча, шайлоочулар өздөрүнүн шайлоо бюллетендерине тийиштүү белги коюшу талап кылынат. (✓) белгиси шайлоочунун кимди тандагандыгын эң так көрсөтүүдө колдонулат. Бирок Кыргыз Республикасынын Шайлоо жөнүндөгү мыйзамында УШК мүчөлөрү шайлоочунун башкача койгон белгисин да эске алышы мүмкүн экендиги каралган.

***Эсиңизде болсун! Шайлоо бюллетенине белги коюунун көптөгөн жолдору бар. Эгерде шайлоочунун эркин билдирүүсү даана болсо, анда мындай шайлоо бюллетени эсепке алынууга тийиш.***

### Кандай шайлоо бюллетени «жараксыз» деп эсептелиши мүмкүн?

Жараксыз бюллетендер өзүнчө эсептелип чыгарылышы керек.

Жараксыз деп төмөндөгүдөй бюллетендер саналат:

- Шайлоочунун эркин билдирүүсүн так аныктоо мүмкүн болбогон бюллетендер.
- БШК коюп, УШК мөөрү менен бекиткен атайын коргоо белгилери жана башка тийиштүү белгилери жок бюллетендер.
- Бирден ашык талапкер белгиленген бюллетендер.

Бюллетенди жараксыз деп табууда шектенүү пайда болсо, участкалык шайлоо комиссиясы муну добуш берүү менен аныктайт. Мында бюллетендин арт жагына ал эмне үчүн жараксыз деп санала тургандыгы жазып көрсөтүлөт. Мындай бюллетендерге төрага менен катчынын колу жана УШКнын мөөрү коюлууга тийиш.

Жараксыз бюллетендердин саны протоколдун 11-сабына жана анын чоңойтулган формасына жазылат.

<u>Байкоочулардын жана талапкерлердин өкүлдөрү үчүн:</u>

Жабуу жана добуштарды эсептөө жол жоболордун баары Сизге көрүнүп тургандай болсун. Ар бир бюллетень талапкерлерге туура сорттолуп коюлуп жаткандыгына көз салыңыз. Бюллетендердин туура эсептелгендигин текшериңиз.

### Жетинчи кадам. Расмий протоколду толтуруу

Добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндөгү расмий протокол УШКнын эң маанилүү документтеринин бири болуп саналат.

Ал шайлоочуларга да, байкоочуларга да УШКнын ишмердигин жана шайлоочулардын укуктары урматталып, корголуп жаткандыгын так чагылдыруучу түшүнүктүү документ болуп эсептелет. Бул жолу протокол бир барак болуп, астында өзү көчүрүүчү беш барактан турат.

- Чоңойтулган формадагы протокол биринчи кезекте толтурулат. Андагы маалыматтар кийин добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү расмий протоколго көчүрүлөт.
- Протокол карандаш менен эмес, шариктүү калемсап менен толтурулат.
- Протоколду оңдоого жол берилбейт. Эгерде толтуруп жатканда ката кетирилсе, анда жаңы протокол толтуруу зарыл.
- Толугу менен толтурулмайынча, протоколго кол коюу мүмкүн эмес.
- Протоколго УШКнын бардык катышкан мүчөлөрү кол коёт. Эгерде комиссия мүчөсү кандайдыр бир себептерден улам катышпай калса, анда мунун себеби ал кол коюучу сапта жазып көрсөтүлүүгө тийиш.

<u>Расмий протоколдун форматы:</u>

Мыйзам боюнча ар бир протоколдо төмөндөгүдөй маалымат камтылышы талап кылынат:

(1) нуска номуру
(2) комиссиянын деңгээли
(3) «Протокол» деген сөз
(4) комиссиянын аталышы жана участканын номуру
(5) протоколдун саптары
(6) протоколго тиркелүүчү даттануулардын (арыздардын) ж.б. документтердин тизмеси, ошондой эле алар боюнча шайлоо комиссиясы чыгарган чечимдер;
(7) шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын ж.б. мүчөлөрүнүн фамилиялары менен аты-жөндөрүнүн баш тамгалары, ошондой эле алардын койгон колдору;
(8) протоколго кол коюу датасы жана убактысы;
(9) шайлоо комиссиясынын мөөрү.

<u>Протоколдун саптарында камтылуучу маалыматтар:</u>

1) тизмеге киргизилген, алардын ичинен кошумча түрдө киргизилген, шайлоочулардын саны;
2) шайлоо комиссиясына алынган шайлоо бюллетендеринин саны (өлкөнүн чегинен тышкарыда болгондугуна байланыштуу өлкөдөгү добуш берүүгө катыша албаган шайлоочулар үчүн);
3) мөөнөтүнөн мурда добуш берген шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны;
4) шайлоо участкасында шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны;
5) участкадан тышкары жерде добуш берген шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны;
6) добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны;
7) жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин саны;
8) көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыктарына салынган шайлоо бюллетендеринин саны;
9) орнотулган добуш берүү сандыктарына салынган шайлоо бюллетендеринин саны;
10) жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны;
11) жарактуу эмес шайлоо бюллетендеринин саны;
12) добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы саны;
13) талапкерлердин фамилиясы, аты жана атасынын аты (алфавит тартибинде) жана алардын ар бири үчүн берилген добуштардын саны;
14) «Бардыгына каршы» добуш берген шайлоочулардын саны;
15) участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан берилген добуш берүү үчүн тизмеден чыгуу күбөлүктөрдүн саны;
15а)шайлоо участкасында шайлоочуларга добуш берүү күнүнө чейин берилген тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн саны;
15б) тизмеден чыгуу күбөлүктөрү боюнча участкада добуш берген шайлоочулардын саны;
15в) шайлоо участкасында пайдаланылбаган (жокко чыгарылган) тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн саны;
16) жоготулган шайлоо бюллетендеринин саны;
17) алынган шайлоо бюллетендеринин санынан ашып кеткен шайлоо бюллетендеринин саны.

Бул статьянын 1-8-пункттарында көрсөтүлгөн сандар добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколго сан жана жазуу түрүндө киргизилет. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протокол сыя менен гана толтурулат. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколду добуштар эсептелип бүтмөйүнчө толтурууга жол берилбейт.

### Сегизинчи кадам. Протоколдун көчүрмөлөрүн тастыктоо жана аны райондук/шаардык комиссияга өткөрүп берүү

- Добуштарды эсептеп чыккандан кийин участкалык комиссия сөзсүз түрдө жыйынтыктоочу чогулуш өткөрөт. Анда добуш берүүдөгү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөөдөгү тартип бузуулар тууралуу келип түшкөн даттануулар (арыздар) каралат да, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алынат.
- Ошондон кийин УШКнын мүчөлөрү жана өздөрүнүн даттануулары (арыздары) боюнча кабыл алынган чечимдерге макул болгон даттануучулар УШКнын жыйынтыктоочу чогулушунун протоколуна кол коёт.
- УШКнын жыйынтыктоочу чогулушунун протоколуна кол коюуда анын мазмунуна макул болбогон комиссия мүчөлөрү жана даттануучулар протоколго карата өзгөчө пикир түзүп тиркөөгө укуктуу. Бул жөнүндө протоколго тийиштүү түрдөгү жазуу киргизилет.
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзүлгөндөн кийин шайлоо бюллетендери атайын баштыктарга салып оролот.
- Оролгон бюллетендер участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен печеттелип, ага участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү, талапкерлердин катышкан ыйгарымдуу өкүлдөрү кол коёт. Анан бул оромдор өзүнчө капка же кутуга топтоп салынат .
- Капта же кутуга участканын номуру, УШК мүчөлөрүнүн колдору коюлган бюллетендердин саны көрсөтүлөт.
- Бюллетендер комиссиянын кеңеш берүү добушуна укуктуу мүчөлөрүнүн, талапкерлердин өкүлдөрүнүн катышуусунда оролот да, бюллетень салынган баштыкка же кутуга алардын кол коюшуна мүмкүндүк берилет.
- Баштыкты, капты же кутуну райондук/шаардык комиссиянын же соттун чечими боюнча гана ачууга болот.
- Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол эки нускада толтурулат, ошондой эле ар бир талапкер үчүн бирден нуска даярдалып, аларга участкалык шайлоо комиссиясынын бардык катышкан мүчөлөрү кол коюп, кол коюунун датасы жана убактысы (сааты жана мүнөтү) көрсөтүлөт. Эгерде шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү кол койсо, протокол жарактуу деп эсептелет.
- Протоколго кол коюуда анын мазмунуна макул болбогон комиссия мүчөлөрү протоколго карата өзгөчө пикир түзүп тиркөөгө укуктуу. Бул жөнүндө протоколго тийиштүү түрдөгү жазуу киргизилет.

Добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндөгү **протоколдун биринчи нускасын** ага кол коюлгандан кийин башка шайлоо документтери, алардын ичинен шайлоочулардын тизмелери, даттануулар (арыздар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн актылар менен кошо участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы же комиссиянын мүчөлөрүнүн бири талапкерлердин добуштарды эсептөөгө катышкан өкүлдөрүнүн коштоосунда токтоосуз түрдө райондук/шаардык шайлоо комиссиясына жеткирет.

**Протоколдун экинчи нускасы**, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү участкалык шайлоо комиссиясынын катчысынын колунда комиссиянын иши аяктаганга чейин сакталат.

**Протоколдордун башка нускалары** талапкерлердин өкүлдөрүнө жана байкоочуларга алардын өтүнүчү боюнча берилет.

**Чоңойтулган формадагы протокол** жалпыга көрүнүп турушу үчүн УШК белгилеген жерге илинет.

### Материалдарды ороо жана жогору турган комиссияга жеткирүү

Бардык материалдар жана документтер, бюллетендер, тизмеден чыгуу күбөлүктөрү өзүнчө баштыктарга салып оролот:

- Ар бир талапкер үчүн добуш берилген бюллетендер
- Жараксыз бюллетендер
- Кайдан чыкканы белгисиз бюллетендер
- Бардык талапкерлерге каршы добуш берилген бюллетендер
- Жокко чыгарылган бюллетендер
- Жокко чыгарылган тизмеден чыгуу күбөлүктөрү
- Участкада добуш берген шайлоочулардын тизмеден чыгуу күбөлүктөрү

Бардык оролгон материалдарга мөөр басылып, УШКнын мүчөлөрүнүн колу коюлат. Каалаган байкоочулар талапкердин өкүлү же кеңеш добуш берүүгө укуктуу комиссия мүчөлөрү оролгон материалдарга кол кое алат.

Ушундайча оролгон материалдар милициянын, байкоочулардын жана комиссиянын кеңеш добуш берүүгө укуктуу мүчөлөрүнүн коштоосунда жогору турган комиссияга райондук же шаардык ШКга жеткирилет.

Райондук/шаардык комиссиянын мүчөлөрү көзөмөл салыштырууларды текшергенден кийин УШКнын протоколундагы маалыматтар "Шайлоо" мамлекеттик автоматташтырылган системасына киргизилет.

***Эсиңизде болсун! УШКнын мүчөлөрү райондук/шаардык ШКда протоколдогу маалыматтар "Шайлоо" мамлекеттик автоматташтырылган системасына киргизилип бүткөнгө чейин кетпей турууга тийиш. Эгерде райондук шаардык/комиссия добуштарды кайра эсептөөнү талап кылса, УШК муну аткарышы керек.***

**Эмне кылуу керек?**

Көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыгындагы бюллетендердин саны участкадан сырткары жерде добуш берүүнү өтүнгөн арыздардын санынан ашыкча болуп чыкты

- Андагы бардык бюллетендер жараксыз деп табылып, төмөнкү оң жак бурчун кыркып алуу жолу менен жокко чыгарылат.
- Атайын акт түзүлүп, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколго тиркелет. Актыда участкадан тышкары жерде добуш берүүнү өткөргөн комиссия мүчөлөрүнүн аты-жөнү жана фамилиялары көрсөтүлөт.
- Жараксыз бюллетендер өзүнчө оролот да, баштыктын сыртына округдун аталышы, участканын номуру, жараксыз бюллетендердин саны, ошондой эле «көтөрүп жүрмө добуш берүү сандыктан алынган жараксыз бюллетендер» деген жазуу жазылып, УШКнын мөөрү коюлат.

**Эмне кылуу керек?**

*Талапкердин өкүлү же байкоочу бюллетендерди кайра эсептеп чыгууну талап кылды*

Бюллетендерди арызданууучунун көз алдында кайра саноо керек. Кайра саноо учурунда ар бир добуш ким үчүн берилгендиги угуза айтылып турат.

**Эмне кылуу керек?**

*Протоколдогу маалыматтар менен добуш берүүнүн натыйжалары дал келбей калды.*

УШК бардык маалыматтарды же протоколдун айрым саптарындагы маалыматтарды талапкерлердин өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын көз алдында кайра саноо жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

**Эмне кылуу керек?**

*Протоколдун 2-сабындагы сан 3, 4, 5, 7-саптардагы сандардын суммасынан көптүк кылат*

- Протоколдун №2 сабындагы сан менен 3, 4, 5, 7-саптардагы сандардын суммасынын ортосундагы айырма №16-сапка киргизилип жана №17-сапка ноль деген цифра жазылууга тийиш
- УШК атайын акт түзүп, расмий протоколго тиркөөгө милдеттүү.

**Эмне кылуу керек?**

*Расмий протоколдун № 3, 4, 5, 7 саптарындагы сандар №2 саптагы сандан көптүк кылат*

- Мындай учурда №3, 4, 5 саптардагы сандар менен №2 саптагы сандын ортосундагы айырма №17 сапка жазылып, №16 сапка «0» коюлушу керек.
- УШК бул тууралуу документ түзүп, расмий протоколго тиркеп коюуга тийиш.

*Жыйынтык маалыматтар дал келсе эмне кылуу керек?*

- Мындай учурда № 16 жана №17 саптарга «0» саны жазылышы керек.

**Эмне кылуу керек?**

Добуштарды кайталап эсептегенде расмий протоколго тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл болуп калды.

- Мындай учурда жаңы, таза расмий протоколду толтуруу керек, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколдун чоңойтулган формасына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.
- Расмий протоколдун мурдагы көчүрмөсүнө «туура эмес» деп жазуу керек.

**Шайлоо күнүнөн кийин**

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын таанышып көрүү үчүн берүү, ошондой эле каржылык отчетту жана шайлоочулардын жаңыртылган тизмелерин райондук/шаардык шайлоо комиссиясына берүү шайлоо күнүнөн кийинки маанилүү милдеттер болуп саналат.

*а) Шайлоонун жыйынтыктары менен натыйжаларын тааныштыруу үчүн берүү.*

Добуш берүүнүн натыйжалары шайлоочулардын, талапкерлердин, алардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, эларалык байкоочулардын жана ММК өкүлдөрүнүн өтүнүчү боюнча аларга көрсөтүлүп турушу керек.

*б) Каржылык отчёт.* Шайлоо бүткөндөн 10 күн өтө электе УШК райондук/шаардык шайлоо комиссиясына шайлоону

даярдап өткөрүү үчүн алынган жана сарпталган акча каражаттарын көрсөтүү менен отчет берүүгө тийиш.

*в) УШКнын ыйгарымдарынын токтолушу жана шайлоочулардын жаңыртылган тизмелерин жеткирүү.* УШК шайлоонун жыйынтыктары расмий түрдө жарыялангандан кийин 10 күн ичинде өз ыйгарымдарын токтотууга тийиш.

Эгерде шайлоонун натыйжалары боюнча талаш маселелер жок болсо, шайлоочулардын тизмелери райондук/шаардык шайлоо комиссиясына өткөрүп берилет, ал жерде өзгөртүүлөр менен толуктоолор шайлоочуларды каттоонун мамлекеттик системасына киргизилет.

Байкоочулар жана талапкерлердин өкүлдөрү:

Колуңузда жыйынтыктар жазылган болушу керек. Протоколдун көчүрмөсүн УШК мүчөлөрүнөн сурап алууга Сиз укуктуусуз. Бул маалымат Сиздин уюмуңуз менен талапкериңизге добуш берүүнүн жыйынтыктары жогору турган шайлоо комиссиясына туура тартипте өткөрүлгөндүгүн анык билүү мүмкүндүгүн берет.

## IX. Даттануулар жана арыздар

Эгерде байкоочулар талапкерлердин өкүлдөрү же шайлоочулар добуш берүү жол жоболоруна байланышкан кандайдыр бир кемчиликтерди байкаса, алар тийиштүү даттанууну, актыны же арызды жазуу түрүндө түзүүгө укуктуу.

Бирок участкадагы мындай кемчиликтерди эң тез жана натыйжалуу чечтетүүнүн жолу бул кемчиликтерге комиссия төрагасынын катчысынын же башка мүчөлөрүнүн көңүлүн буруу болуп саналат.

***Эсиңизде болсун! Байкоочулар, талапкерлердин өкүлдөрү жана УШК мүчөлөрү бир максатка – шайлоону мүмкүн болушунча ачык – айкын демократиялуу жана адилеттүү өткөрүүгө умтулушу зарыл! Сиздер бири-бириңиздерге душман эмессиздер, баарыңыздар кесиптештер катары чогуу иштешиңиздер керек!***

Эгерде УШК төрагасы сиз айткан тартип бузууларга көңүл бурбай койсо, ал кемчиликтер добуш берүү процессине терс таасир тийгизсе, сиз арыз жазууга укуктуусуз. Мүмкүн болгон бардык жерлерде расмий форманы колдонуңуз.

УШКнын мүчөлөрү:

- Өз милдеттериңиздерди так жана туура аткарыңыздар, башкалар суроо бергенде көрсөтүү үчүн Шайлоо кодексин жана УШК мүчөлөрүнүн колдонмосун жакшы окуп чыгып, урунттуу жерлерин көчүрүп жазып алыңыз.
- Участкада кандайдыр бир маселе пайда болсо же кимдир бирөө ошондой маселе чыкты деп эсептесе, чечим кабыл алуудан мурун маселенин бардык жагын даана билүүгө аракеттениңиздер. Байкоочуларга жана талапкерлердин өкүлдөрүнө бул маселе боюнча эмне чара көргөнүңүздү жана эмне үчүн ошондой чечимге келгендигиңизди айтып бериңиз.

УШКнын жыйынтыктоочу чогулушунда добуш берүүнүн натыйжалуулугу жөнүндөгү протоколго кол коюлганга чейин бардык даттанууларды карап чыгуу керек. Даттанууларды кароодон мурун төмөндөгүлөрдү жасаңыздар:

- Ар бир даттануу, акт же арыз менен кунт коюп таанышып чыгыңыздар.
- Арыз берүүчүлөрдүн жана арыздардын баарына бирдей караңыз .
- Бардык даттануулар жана арыздар боюнча УШК мүчөлөрү добуш берүүсү зарыл.
- Эгерде кайсы бир маселе боюнча эмне кылууну билбесеңиздер, анда жогору турган ШКга кайрылыңыздар.

**Арыздарды, даттанууларды жана актыларды берүүдө:**

- Бардык кагаздарды тиркеп, окуянын убактысын, ага катышкандардын аты жөнүн абдан так көрсөтүңүз.
- Мүмкүн болгондо шайлоо кодексине кайрылып, андагы бузулган статьяларды көрсөтүңүз.
- Төмөндөгүлөрдү кошуңуз:
  - o Участканын номуру жана аталышы, УШК төрагасынын аты-жөнү
  - o Маселенин майда-чүйдөсү (деталдары)
  - o Күбөлөрдүн аты-жөнү
  - o Маселеге тиешелүү каалагандай документтердин деталдары
  - o Өзүңүздүн аты-жөнүңүз жана байланышуу үчүн маалыматыңыз. (Эгерде мүмкүн болсо өзүңүз өкүл болгон уюм жөнүндө кеңири маалымат бериңиз)
  - o Колуңузда бар бардык күбөлүктөрдү тиркеңиз.

**Даттануулар төмөндөгүлөргө берилиши мүмкүн:**

- Тартип бузулган участканын комиссиясына
- Жогору турган комиссияга
- Райондук же шаардык сотко

Мисалы, УШКда тартип бузулган болсо, даттануу УШКнын өзүнө райондук/шаардык ШКга же болбосо түз эле сотко жиберлиши мүмкүн. Сотто каралышы керек деп эсептесеңиз, арызыңызды адегенде шайлоо комиссияларына бербесеңиз деле болот.

Эгерде даттанууңузду бир ШКда четке кагышса, жогору турган комиссияга бере аласыз.

Эгерде сот жарандын арызын караштыруу үчүн кабыл алган болсо, соттун чечими чыкмайынча, ошол эле кайрылуу боюнча шайлоо комиссиясы териштирбей күтө турат.

Соттун чечими дароо күчүнө кирет да, милдеттүү түрдө аткарылышы керек. Бул чечим жогору турган соттун чечими боюнча гана өзгөртүлүшү мүмкүн.

Добуш берүү күнүнө чейин сотко берилген даттануулар үч күндүк мөөнөт ичинде каралууга тийиш. Добуш берүү күнү бардык даттануулар дароо каралат.

***Эсиңизде болсун! Даттанууларды, актыларды жана арыздарды берүүгө байланышкан бардык маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Шайлоо кодексинин 53, 54 жана 55-статьяларына кайрылыңыз!***

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛОО**

**2005-жылдын «___»-___________________________**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИН ШАЙЛОО БОЮНЧА ДОБУШ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ ЖӨНҮНДӨ УЧАСТКАЛЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ПРОТОКОЛУ**

**№ __________ ШАЙЛОО УЧАСТКАСЫ**

**(участкалык шайлоо комиссиясынын номуру, дареги) ___________________________**

**___________________________________________________________________________**

**(облустун, райондун, шаардын аталышы)**

**Участкалык шайлоо комиссиясы БЕЛГИЛЕДИ:**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Добуш берүү аяктоо учуруна карата шайлоочулардын негизги тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | | | | | |
| 1а | Шайлоочулардын кошумча тизмесине киргизилген шайлоочулардын саны | | | | | |
| 2 | Участкалык шайлоо комиссиясы алган шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 3 | Мөөнөтүнөн мурда добуш берген шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 4 | Добуш берүү күнү добуш берүүчү жайда шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 5 | Добуш берүү күнү добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берген шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 6 | Шайлоого катышкан шайлоочулардын жалпы саны | | | | | |
| 7 | Жок кылынган шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 8 | Добуш берүүчү көчмө ящиктердеги шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 9 | Добуш берүүчү орнотулган ящиктердеги шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 10 | Жарактуу шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 11 | Жараксыз шайлоо бюллетендеринин саны | | | | | |
| 12 | Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы саны | | | | | |
| 13 | Талапкерлердин фамилиясы, аты, атасынын аты (алфавит тартибинде) | | | | | |
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |
| 7 | | | | | | |
| 8 | | | | | | |
| 9 | | | | | | |
| 10 | | | | | | |
| 11 | | | | | | |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | | |
| 13 | | |
| 14 | «Бардык талапкерлерге каршы» позициясына берилген шайлоочулардын добуштарынын саны | |
| 15 | Участкалык шайлоо комиссиясы алган шайлоодо добуш берүү үчүн тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн саны | |
| 15а | Шайлоодо добуш берүү үчүн участкалык шайлоо комиссиясы шайлоочуларга шайлоо участкасында добуш берүү күнүнө чейин берген тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн саны | |
| 15б | Шайлоо участкасында тизмеден чыгуу күбөлүктөрү боюнча добуш берген шайлоочулардын саны | |
| 15в | Шайлоо участкасындагы пайдаланылбаган (жокко чыгарылган) тизмеден чыгуу күбөлүктөрүнүн саны | |
| 16 | Жоголгон шайлоо бюллетендеринин саны | |
| 17 | Алынган шайлоо бюллетендеринин санынан ашкан шайлоо бюллетендеринин саны | |

Протоколго тиркелүүчү даттануулардын (арыздардын), актылардын ж.б. документтердин тизмеси, алар боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын чечимдери, ошондой эле протоколдун жана ага тиркелүүчү бөлөк документтердин мазмуну макул болбогон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикирлери:

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

____________________________________________________________

### Участкалык шайлоо комиссиясынын курамы

| Фамилиясы, аты, атасынын аты | Ээлеген кызматы | Колтамгасы |
|---|---|---|
| | Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы | |
| | Участкалык  шайлоо комиссиясынын катчысы | |
| | Комиссиянын мүчөлөрү (алфавит тартибинде): | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

Протокол 2005-жылдын "___"_________саат, ___________мүнөттө түзүлдү

ЭСКЕРТҮҮ: Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндү участкалык шайлоо комиссиясынын протоколу эки нускада, ошондой эле депутатыкка талапкерлердин ар бир үчүн бирден нускада толтурулат жана ага кол коюлган датасын, убактысын (сааты, мүнөтү) коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын катышып отурган  бардык мүчөлөрү кол коюшат. Эгер протоколго шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн көпчүлүгү көпчүлүгү кол койсо, протокол жарактуу деп эсептелет. Протоколго кол коюуда анын мазмунуна макул болбогон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү протоколго өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул тууралында протоколдо тийиштүү жазуу жазылат.

Кол коюлгандан кийин добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколдун биринчи нускасы шайлоо документтери менен бирге, шайлоо бюллетендери, даттануулар (арыздар), ал боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн актылар менен бирге участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы менен мүчөсү тарабынан талапкердин эсептөөгө катышкан өкүлдөрүнүн коштоосунда дароо округдук шайлоо комиссиясына жеткирилет.

Протоколдун экинчи нускасы, ошондой эле шайлоо комиссиясынын мөөрү жана даттануулардын арыздардын көчүрмөлөрү, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана актылар комиссиянын иши аяктаганга чейин участкалык шайлоо комиссиясынын катчысында сакталат.

Протоколдордун башка нускалары депутаттыкка талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн бирине берилет.

5

# Жарандык жана мамлекетти башкарууга катышуу

## XXI кылымдын жарандык коомундагы силердин ролуңар

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептери үчүн окуу куралы

Биринчи бөлүк

11-класс

25.11.05-ж. басмага берилди. Форматы 60x84 $^1/_8$.
Офсеттик басма. Нускасы 50000. Заказ № 2379.

"Аль Салам" басмаканасында басылган
720044, Бишкек ш., Симферополь көч., 85. Тел. (+996-312) 54-21-22

**IFES**

IFES – буга чейин **Шайлоо системаларынын эларалык фонду (ШСЭФ)** деген ат менен таанылган коммерциялык эмес уюм. ЮСАИД программасынын долбоору болуп саналган бул уюм Борбордук Азияда демократияны куруу процессине катышуу мүмкүнчүлүгү берилгенине ыраазычылык билдирет. Шайлоо өткөрүү ишинде лидерлик кылган IFES уюму азыркы учурда конфликттерди баштан өткөргөн, өткөөл мезгилде жашап жаткан жана демократия жолунда өнүгүп бараткан өлкөлөрдө демократияны орнотуу маселелеринин түрдүү жактарын камтыган техникалык көмөктөшүү программаларды жүзөгө ашырууда.
Кыргыз Республикасында өз офисин 1997-жылы ачкан IFES калыс жана эркин шайлоо өткөрүү боюнча Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссиясына техникалык жардам берип, негизинен, шайлоо маселелери менен Борбордук шайлоо комиссиясына алектенип келди. 2000-жылдан бери IFES Кыргыз Республикасынын чыныгы жарандарын тарбиялоодо абдан зор роль ойной турган жарандык билим берүү боюнча программаны жүзөгө ашырып келет. Азыркы учурда колдонула баштаган жарандык билим берүү бүткүл коомубуздун өнүгүүсүнө да таасир тийгизмекчи.

http: //www.ifescentralasia.kg

**Кошмо Штаттардын Эларалык Өнүгүү боюнча Агенттиги (ЮСАИД)**

«АКШ өкмөтү Кыргызстанга 1992-жылдан бери Кошмо Штаттардын Эларалык өнүгүү боюнча агенттиги (ЮСАИД) аркылуу жардам көрсөтүп келет. АКШ өкмөтүнүн программаларынын [illegible] башкарууга, коомдун жашоо-тиричилигин жакшыртууга, жарандарды активдүү [illegible] аркылуу Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшүнө көмөктөшүү. ЮСАИДдин Кошмо Штаттардын Кыргызстандагы элчилиги жетектеген Борбордук Азиядагы аймактык миссиясы [illegible] жүргүзөт.
ЮСАИД ишкердикти жана соданы кеңейтүү, финансылык башкарууну жана жергиликтүү [illegible] өнүктүрүү, ачык демократиялуу коомду түзүүгө, медициналык [illegible] билим берүү жана окутуунун сапатын жакшыртуу маселелери [illegible] суу ресурстары менен энергетикалык [illegible] [illegible]

http://[illegible]centralasia/[illegible]

**[illegible] Кызматташтык Уюму (ОБСЕ)**

[illegible]

http://www.osce.org [illegible]

**Япониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги**

Япониянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги бул өлкөнүн түштүгүндө [illegible] IFES жүзөгө ашырып жаткан «Жалпы билим берүүчү орто мектептердин [illegible] жарандык билим берүү боюнча окуу куралдарын жайылтуу» деген долбоорго колдоо көрсөтөт. Эларалык коомчулуктун катарында Япония да Кыргызстанда [illegible] өлкөдө демократиялык принциптердин орнотулушуна жана бекемделишине [illegible] жашоо деңгээлинин жогорулашына зор маани берет. Элчилик бул долбоор Кыргызстандын жаш муунуна зор пайда алып келет жана биздин [illegible] ортосундагы достук мамиле [illegible] чыңдала берет деп үмүттөнөт.

E-mail: [illegible]